Н. АБЫЛАЕВА, З. САРЫЛБЕКОВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ 10





## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
*Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.*

Музыкасынын авторлору:
*Н. Давлесов, К. Молдобасанов.*

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

Н. АБЫЛАЕВА, З. САРЫЛБЕКОВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин
10-классы үчүн окуу китеби

*Оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги бекиткен

«Инсанат»
Бишкек – 2012

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ки я721
А 17

**Рецензиялагандар:**

Филология илимдеринин доктору *Б. Усубалиев,*
Улуттук компьютердик гимназиянын мугалими *Б.Жанчарова,*
№ 40 мектептин мамлекеттик тил боюнча
директорунун орун басары *М. Зарлыкова*

**Абылаева Н., Сарылбекова З.**
А 17 Кыргыз тили: Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектепт. 10-кл. үчүн окуу китеби. - Онд., толук., 3-бас. – Б.: «Инсанат», 2012. – 256 б.

ISBN 978-9967-452-45-9

Китеп окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 10-классынын окуучуларына арналган. Кыргыз тилинин грамматикасы орус тилинин грамматикасы менен салыштырмалуу түшүндүрүлүп, окуучулардын билим деңгээлине ылайык көнүгүүлөр жиктелип берилди.

Окуучулар өздөштүрүүгө тийиш лексикалык минимум кыргызча-орусча сөздүктө камтылды.

10-класстын бүт материалдары жана текст топтомдору Н. Абылаева, сөздүк бөлүгү, айрым грамматикалык эрежелер З. Сарылбекова тарабынан иштелген. Материалдарды иштөөдө филология илимдеринин доктору С. Мусаев илимий жетекчилик вазийпаны аркалаган.

**Шарттуу белгилер:**

Эстегиле. Билип алгыла.

Сөздүк.

Үйгө тапшырма.

Суроолорго жооп бергиле.

Окугула. Мазмунун айтып бергиле. Которгула.

Сахналаштыргыла.

Сүйлөшүү.

А 4306020200–12

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки я721

ISBN 978-9967-452-45-9

© Абылаева Н., Сарылбекова З., 2012
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Инсанат» басма борбору, 2012

**Урматтуу окуучулар!**
**Жаңы окуу жылыңыздар менен!**

# БИЛИМ КҮНҮҢҮЗДӨР МЕНЕН!

## «Манас» сабагы

*Калтырган жети осуят Манас баба,*
*Кийинки урпактарга, мага, сага.*
*Эмгекчил бол, окуучум, талыкпаган,*
*Ээ кылат ар өнөргө билим гана.*



**Манас — кыргыз элинин паспорту**

*Саякбай*

Жер үстүндө кыргыз жашап турганда «Манастын» ыры да, сыры да эч качан бүтпөйт.

«Манас» эпосу кыргыз элинин байыркыдан XX кылымдын башына чейинки коомдук аң-сезимин, дүйнө таанымын чагылдырган улуттук энциклопедия катары кызмат өтөп келе жатат.

Кулаалы таптап куш кылган,
Куранды жыйнап журт кылган.
Теликуш таптап куш кылган,
Тентиген жыйнап журт кылган, — экен Манас атабыз.

БИБЛИОТЕКА
СОШ №3 г.Бишкек
Инв. №..................

**Бүгүнкү муундун «Манастан» алар сабагы төмөнкүлөр:**

1. ***Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.***

Манас бабабыздын бүт аракети бүлүнгөн эли-журтун бириктирип, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйноодо болду. Качан эл ичинен ырк кетип, биримдик бузулганда, канчалаган азап менен куралган Манас ордосу кайра кулады.

«Биз бузулсак, пил да болсок жыгылдык, миң да болсок кырылдык. Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», – деп Бакай Чубакка айткан экен.

2. ***Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.***

Бул – «Манастагы» өзөк идеялардын бири. Манас бабабыздын улуулугу – анын «кейишке салса кечирип, кеткени болсо келтирип», башка калктардын ак ниет инсандарын бир туугандай ардактап, өз элинин колун узарта билген айкөлдүгүндө. Бул жагынан Манас менен Алмамбеттин мамилеси – биз үчүн көөнөргүс нуска. Тагдырдын жазмышы менен жергебизди мекендеген ар элдин өкүлдөрүн өз боорубузга тартып, аларды өлкөбүздүн ак пейил атуулдарына айландырып, канат-бутагыбызды өстүрүп алуу, алыс-жакын коңшулар, бөлөк мамлекеттер менен достук мамиледе болуу – Манастын осуятына ылайык биз үчүн азыр да парз.

Манас – белге таңар бел, медер кылчу эр.
Манас – акылмандын тунугу, ак калпактын улугу.
Сөзү жатык, акылы артык.

3. ***Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.***

Манас бабабызды жана анын кырк чоросун ажалдан кайра тартпаган, өлүмдөн коркуп калтырабай алга сүрөгөн улуу күч ушу болгон. «Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн, малым менен жанымды, олжого кантип берейин, өлбөй тирүү жүргөндө не мураска жетейин, калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин», – деп алар Ата журттун ар-намысы үчүн кара башын канжыгага байлап коюшкан. Ошонусу менен Абыке, Көбөш – алты арам сыяктуу тар мүдөөлүү арсыздардан асман-жердей айырмаланышкан.

Улуттук ар-намысты баарынан бийик туткан ушундай атуулдук ариет ушу тапта биз үчүн абадай зарыл экени өзүнөн өзү түшүнүктүү.

***4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.***

Манас бабабыз өз тегерегине ошо өз заманынын бийик өнөр-билимге канык кадырман адамдарын топтогон. Алардын жардамы менен ар дайым жеңишке жетишкен. Жашоонун маңызын эмгек, эпостун тили менен айтканда, мал багып, дан багып, жан багуу түзөрүн ал жакшы түшүнгөн. Жаш кезинде Манас бабабыз да Ошпурга кошулуп кой баккан. Жоокерчилик заманда өтө сейрек кездешүүчү тынч турмуш учурунда эгин айдап, эмгек кылып, аш тапкан; эр өлтүрүп, жоо чалган эрендиктен баш тарткан, аштыгына алмашып, Аккуладай ат тапкан.

***5. Айкөлдүк, кечиримдүүлүк, гумандуулук.***

Манас согушка киреерде жоокерлерине жаш балдарга, аялдарга, кары кишилерге тийбегиле деп эскертет:

Жамандык кылба, жан кыйба,
Жесир калган баарысы,
Жетим уул, тул катынга.
Айтканын алсаң эсиңе,
Жетилсин сенин урматың.

Көкөтөйдүн ашында Манас Үрбүнү чаап жибергенде Кошой:

«Манас, Манас дегенде,
Барбая калат экенсиң,
Чала үйлөгөн чаначтай,
Дардая калат экенсиң», –

деп аны жекирет. Манастын кайрылып каяша сөз айтпаганы анын кечиримдүүлүгүн, айкөлдүгүн көрсөтөт.

***6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.***

Манас бабабыз мураска калтырган ажайып Ала-Тообуздун, тоо бермети Ысык-Көлүбүздүн көрк-келбетин канткенде кемитпей сактап кете алабыз?

Манасчынын Таластын көрүнүшүн айткандагысы:

Чырпыгы бар чынардай,
Чынарлары мунардай.
Чымчыгына карасаң,
Алтайдагы улардай.

***7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.***



Айкөл Манас атабыз баштаган бабаларыбыздын бүт өмүрлөрү ушул арууу максатка арналды. Алар мындан миң жыл мурун Улуу кыргыз мамлекетин куруп, кыйырына дан толуп, өрүшүнө мал толуп, бейпил жашоо кечирди. Бирок «Манастын» өзүндө айтылган кейиштүү себептердин айынан кыргыз мамлекети акыры кыйрады. Ошондон кийин миң жыл бою кыргыз кайра биригип, бирдиктүү дөөлөт куралбады. Бир канаты Кашкарга, бир канаты Каңгайга карап, калганы Ысарга кире качып, бөлүндү-жарынды болду. Тарых майданынан толук жок болуу коркунучунан кыргыз элин Октябрь революциясы, Совет бийлиги сактап калды. Тарыхтын бул чындыгын тануууга биздин эч акыбыз жок. Кыр-кырда жүргөн кыргыздын башын бир жерге, бир чамгарак алдына бириктирип, көз каранды болсо да, өзүнчө мамлекеттүүлүгүнө негиз салып, алдыңкы маданиятка жол ачкан да Совет бийлигинин шарапаты.

! **Билип алгыла.**

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖООКЕРЧИЛИКТИН ТУУЛАРЫ

### «Манас» эпосундагы туулар, алардын бөлүктөрү жана түстөрү

«Манас» эпосунда мамлекеттик бийликтин негизги символдорунун бири болгон туу өзгөчө көркөм сүрөттөлгөн. Ар бир кол башчынын туусу болгон. Туу кол башчынын бийлигинин белгисин, ошондой эле анын даңкынын жана ар-намысынын символун түзгөн. Туу төрт бөлүктөн турат:

**1.** Байрагы – курмандыкка чалынган жылкынын куйругунан жасалган.

**2.** Желеги – алтындан, жезден же башка металлдан жасалып, туунун учуна ашталуучу учтук, түсү сары.

**3.** Асаба – кездемеден жасалып, төрт түскө боёлгон: көк – теңирдин, асмандын түсү, ак – ыйык түс, көк жашыл – чөптүн түсү (көктөм), кара – аза күтүүнүн белгиси. Сүрөттү караңыз.

**4.** Туу – сабы, жыгачтан жасалган, түсү кызыл.

### 1. Байрак

Негиз:

«Байрактуу найза – пика с бунчуком»[1].

* * *

Бунчук – короткое древко с
привязанным конским хвостом
как символ власти[2].

### 2. Желек

Негиз:

«Желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй.
Жер союлуп былкылдап,
Желеги алтын туу болду»[3].

* * *

«В эпосе наконечник флаг-штока–
желеги алтын туу»[4].

### 3. Асаба – жайылат

Негиз:

«Асабасын бу туунун,
Асман жакка жайылтып ...»[5].

### 4. Туу – сайылат

Негиз:

«Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу»[6].

---

[1] *Юдахин К. К.* Кыргызча-орусча сөздүк. М., 1965. 98-бет.
[2] *Ожегов С. И.* Словарь русского языка. М., 1986. С. 56.
[3] Манас: кыргыз элинин баатырдык эпосу. 2-китеп. М., 1988, 22-бет.
[4] *Юдахин К. К.* Кыргызча-орусча сөздүк. М., 1965. 245-бет.
[5] Манас: кыргыз элинин баатырдык эпосу. 2-китеп. М., 1988. 21-бет.
[6] Ошондо эле, 22-бет.

* * *

«Алтын айчык, кызыл туу,
Асмандата көтөрүп,
Аягын жерге сайбасам,
Асабасын жайбасам,
Атым өчүп калбайбы»[7].

* * *

«Атасынын кызыл туу,
Аягын жерге сайылтып ...»[8].

* * *

«Жаа алдалап чуу чыкты,
Кара башыл туу чыкты»[9].

*Изилдеп чыккан*
*академик Аскар КАКЕЕВ*




[7] Ошондо эле, 17-бет.
[8] Ошондо эле, 21-бет.
[9] «Манас» II китеп. Ф., 1980. 116-бет.

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил гимни




*Сөзү С. Алтымышовдуку*
*Обону Б. Алишеровдуку*

Тил жаралып Көкө-теңир таңынан,
Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган.
Адам деген түп сөзүнөн элимдин,
Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган.

Кайырма: Кыргыз тили – жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – Мекеним,
Менин өлкөм – Кыргызстан.

Мекен тили – Ата Журттун кареги,
Биримдиги, күч кубаты, тиреги.
Мекен тили – куттуу кыргыз элимдин
Көкүрөктө согуп турган жүрөгү.

Кайырма: Кыргыз тили – жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – Мекеним,
Менин өлкөм – Кыргызстан.

Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы,
Мекен – тили бак-таалайдын кутманы.
Мекен тили – кан-жаныбыз, туубуз,
Ата журттун келечеги, ак таңы.

Кайырма: Кыргыз тили – жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – Мекеним,
Менин өлкөм – Кыргызстан.

**Окугула. Түшүнүп, тема койгула.**

* * *

Уламыш боюнча, адегенде дүйнө жүзүндө бир эле тил болгон экен. Ошон үчүн бардык калктар бири-бирин тилмечсиз эле түшүнүп, ынтымактуу жашашыптыр. Бир заманда Чыгышта жашаган ошол калк журт которуп, Батышты карай көчүп келип, Сеннаар деген жерге жайгашыптыр. Анан ошол элдин адамдары «атыбызды тарыхка калтырган бир иш жасайлы» дешип, кыпкызыл кылып бышырылган кыштардан (кирпичтерден) асманга жеткен мунарасы бар шаар кура башташат.

Ошол учурда «эмне кылып жатышат?» деп кудай адамдардын жасап жаткан ишин карап, анан минтип ойлонуптур: «Бардык элдер бир тилде сүйлөгөндө болбойт экен; эми алар мунара жасап, мага чейин чыгып келишет. Түшүп барайын да, аларды бөлүп-жарып, кайра аралаштырып, биринин тилин бири түшүнбөй тургандай кылып коёюн». Ошентти да кудай адегенде баарын бөлүп-жарды, анан аралаштырып, кайра дүйнө жүзүнө чачып жиберди. Чыгыштан келген элдин куруп жаткан шаары жана мунарасы ошол бойдон токтоп калды. Бүгүнкү күнгө чейин ал шаар Вавилон деп аталып турат. Ал «кудайдын дарбазасы» деген сөз. Анткени, дал ушул жерге кудай жер жүзүндөгү тилдердин баарын чогултуп, дал ушул жерде аларды кайра дүйнөгө чачып жиберген.

Мында бир улуу идея бар. Дүйнө жүзү бир тилде сүйлөш керек экен деген ойдун өзү туура эмес сыяктанат? Анткени, ага кудайдын өзү каршы. Демек, дүйнө жүзү бир тилде сүйлөш керек деген идея – ал дүйнөнү бийлегиси келген кайсы бир элдин башчыларынын ою. А чынында тилдин жок болушу – ал улуттардын инсандык жүзүнүн жок болушу деген сөз.

**? Ойлонуп суроолорго жооп бергиле.**

– Эмне үчүн кудай адамдарды аралаштырып чачып жиберди?
– … … … .
– Чын эле дүйнө жүзү бир тилде сүйлөсө эмне болот эле?
– … … … .
– Силер атыңарды тарыхка калтырыш үчүн кандай аракеттерди жасамакчысыңар?
– … … … … .
– «Тил практикалык аң-сезим». К. Маркс айткан экен. Чечмелеп көрөлүчү?
– … … … .

## *IX класста өтүлгөн материалдарды кайталоо*

### § 1. Сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү (Классификация предложений по цели высказывания)

**1.** Ырды окуп, жаттагыла. Мазмунун түшүнүп, айтып бергиле.

БИЛИМ МАЙРАМЫ

Билим бизди жаркыратты күн болуп,
Кубанабыз көп тил билип, ой жоруп.
Түркүн улут арасынан жол салып,
Майрамдайбыз колубузга туу конуп.

Билим бизге бүт дүйнөнү таанытты,
Айра билдик ак-караны, жарыкты.
Улам жаңы ачылышты жараткан,
Элестетем саякатчы кайыкты.

Билими жок бирди жыгат эмеспи,
Билимдүүлөр бийик турат баарынан.
Биздин кылым жыйырма бирди көтөргөн,
Жаңы ачылыш болот бардык жагынан.

*М. Абылкасымова*

**билим майрамы** – праздник знаний
**жаркыратты күн болуп** – осветило, словно солнце
**түркүн улут** – разные нации
**колубузга туу конуп** – в руках знамя
**айра билдик** – узнали
**элестетем саякатчы кайыкты** – представляю корабль путешествий
**кылым, жыйырма бирди көтөргөн** – здесь: век, предшествующий XI веку

**2.** Өз ара маектешүүгө үйрөнгүлө, улагыла. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

– Бүгүн кайсы күн?
– Бүгүн Билим күнү.
– Билим күнүн канчанчы жылдан бери белгилеп келе жатабыз?
– Билим күнүн 1996-жылдан бери белгилеп келе жатабыз, 20-мартта «Билим» программасы кабыл алынган.
– Ал программанын негизги максатын билесиңерби?
– Ооба, кыргыз тилинен окуткан мугалимибиз түшүндүргөн.
– ...?

**3.** Текстти окуп, которгула. Маектешүүнү эки тилде улантууга аракеттенгиле.

## НА ПОЧТЕ

Девушка хочет послать факс.
– Скажите, пожалуйста, где можно отправить факс?
– Рядом, второе окно.
– Здесь отправляют факсы?
– Здесь отправляют только международные факсы.
– Очень хорошо. Я хочу послать международный факс.

**4.** Баш катырманы чечкиле. Сүрөт боюнча алфавитти кууп окусаңар, билим алган жердин аты чыгат.




**5.** Билим алган мектебиңер жөнүндө төмөндөгү темалардын бирин тандап аңгеме түзгүлө: Табышмакты тапкыла.

«Менин сүйүктүү мугалимим», «Менин мектебим», «Билим алган уям», «Өз мектебим».

**6.** Табышмакты тапкыла.

Табиятка жаралса, эң бир таттуу,
Табиятта жоголсо, өтө ачуу. *(Б...а)*

## § 2. Жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөр

## (Повествовательные, вопросительные, восклицательные, побудительные предложения)

**Речте айтылып жаткан сүйлөмдөрдүн модалдык белгилерине, айтылып жаткан речтин мазмунунун чындыкка карата болгон мамилесин билдирүү максатына карай сүйлөмдөр *жай, суроолуу, буйрук* жана *илептүү* болуп төрткө бөлүнөт.**

1. «Билим» программасы 1996-жылы 20-мартта кабыл алынган.

2. «Билим» программасы качан кабыл алынган?

3. Балдар, текст боюнча суроо бергиле.

4. Сиздерди Билим күнүңүздөр менен куттуктайбыз!

**Простые предложения по цели высказывания делятся на *повествовательные, вопросительные, побудительные и восклицательные.***

1. Образовательная программа «Билим» была принята 20 марта 1996 года.

2. Когда была принята образовательная программа «Билим»?

3. Ребята, задайте вопросы по тексту.

4. Поздравляем Вас с Днем знаний!

10 пословиц.

**7.** Макалдарды окуп, мазмунун түшүндүргүлө.

1. Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат.
   Руки одолеют одного, знание – тысячи.
2. Билимдүү болмок – оңой, адам болмок – кыйын.
   Образованным стать легко, человеком стать трудно.
3. Билимдүүгө дүйнө жарык.
   Ученому мир светел.
4. Билим – элге, суу – жерге.
   Знание – народу, воду – земле.

8. Текстти окуп, которгула. Түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## КАСЫМ ТЫНЫСТАН УУЛУ

Кыргыз жазма адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири – чыгаан илимпоз Касым Тыныстан уулу.



Ал 1901-жылы Ысык-Көлдүн Чырпыкты кыштагында туулган. Касым 7 жашка чыкканча эле араб тамгасында жазганды, окуганды үйрөнгөн. 3-класcты орус тилинде бүтүргөн.

Касым да 1916-жылдагы үркөн эл менен Кытайга барып келген.

Касым Тыныстан уулу Ташкендеги Казак, кыргыз эл агартуу институтун бүтүргөн. Алгачкы ырларын казак тилинде жазган. Касым Тыныстан уулу бир топ жооптуу кызматта иштеген. Кыргыз Республикасынын туңгуч эл агартуу комиссары, кыргыз тилинин грамматикасын негиздеген профессор.

Ал Кыргыз маданиятынын, адабиятынын өнүгүшүнө зор таасир эткен.

Касым Тыныстан уулу 1937-жылы репрессияланып, атылып кеткен.

**үркөн эл** – бежавший народ
**атылып кеткен** – был расстрелян
**эл агартуу институту** – институт просвещения

9. Текст боюнча суроо бергиле. Үлгүдөгүдөй иштегиле.

*Үлгү:*

– Касым Тыныстан уулу ким болгон?

– Касым Тыныстан уулу – кыргыз совет жазма адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири, чыгаан илимпоз.

– Ал кайда туулган?

– Ал ...

– ...

– Жети жашында эле араб тамгасында жазып окуган.

– ...

**10.** Ырды көркөм окугула. «Жайлоо» деген темада аңгеме түзгүлө.

## ЖАЙЛОО



Күзгүдөй мөлтүрөгөн тунук булак,
Сай-сайдан үн алышып, түшкөн туйлап.
Ыр ырдап, токсон түрдүү күүгө салса,
Үнүнөн танасыңбы турам тыңшап.

Мындагы айран, кымыз кең эмеспи,
Булактай агып жаткан кен эмеспи.
Дүркүрөп төрт түлүгүң өсүп турса,
Кең жайлоо жанга жыргал жер эмеспи!

*Касым Тыныстан уулу*

**11.** Суроо бергенге үйрөнгүлө.

| Вопросительные слова и выражения | Суроолуу сөздөр жана айтылыштар |
|---|---|
| Кто? | Ким? |
| Кто это? | Бул ким? |
| Кто этот мужчина, (эта) женщина...? | Бу эркек, (аял) ким? |
| Кто именно? | Кимиси? |
| Кто он (она)? | Ал ким? |
| Кто они? | Алар кимдер? |
| Кто там? | Ким экен? |

| | |
|---|---|
| Что? | Эмне? |
| Что с вами? | Сизге эмне болду? |
| Что вы сказали? | Сиз эмне дедиңиз? |
| Что вы делаете? | Сиз эмне кылып жатасыз? |
| Что я должен делать? | Мен эмне кылышым керек? |
| Что вы хотите? | Сиз эмнени каалайсыз? |
| Что вам нужно? | Сизге эмне керек? |
| Что это такое? | Бул деген эмне? |
| Что случилось? | Эмне болуп кетти? |
| Что вы думаете об этом? | Сиз бул жөнүндө кандай ойлойсуз? |
| Что это значит? | Бул эмне өзү? |
| Что означает это слово? | Бул сөз эмнени билдирет? |
| Где? | Кайда? |
| Где мы? | Биз кайдабыз (кайсы жердебиз?) |
| Где это? | Бул кайда? |
| Где вы живёте? | Сиз кайда жашайсыз? |
| Где я могу найти? | Мен кайдан табышым мүмкүн? |
| Когда? | Качан? |
| Когда вы приезжаете? | Сиз качан келесиз? |
| Когда это было? | Сиз качан келесиз? |
| Зачем? | Эмнеге, эмне үчүн? |

**12.** Текстти окуп, тыныш белгилерин койгула. Которгула.

Касым Тыныстанов Ташкен шаарында казак кыргыз тилинде чыгып турган Чолпон жана Жаш кайрат аттуу журналдардын да редколлегиясынын мүчөсү болот. Касым Жаш кайрат журналынын 1924-жылдын январь февраль март апрель айларындагы 1, 2, 3, 4 номурларына Мариям менен көл боюнда аттуу өзүнүн тунгуч аңгемесин жарыялаган.

Касым туңгуч окуу китебин жазат.

? **13.** Суроолорго жооп бергиле. Диалогду толуктагыла.

– Кайсы тилдерде сүйлөй аласыз?
– … .
– Кыргыз тилин үйрөнүп жатасызбы?
– … .
– Орусча-кыргызча сөздүк дегенди кантип которобуз?
– … .

– Сен кыргызча сүйлөй аласыңбы?
– ... .
– Жай, шашпай сүйлөсөм түшүнөсүңбү?
– ... .
– Кичи пейилдикке, дагы бир жолу кайталап айтыңызчы.
– ... .

**14.** Бишкек шаары жөнүндө аңгеме түзгүлө.

## § 3. Сөз айкашындагы жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдору (Связь слов в словосочетании и в предложении)

### Сүйлөмдө сөздөрдүн байланышы (Связь слов в предложении)

! **Эстегиле.**

**Эки же андан ашык өз алдынча мааниге ээ сөздөрдүн өз ара тең же багыныңкы байланышта болушу *сөздөрдүн тизмеги* деп аталат.**

**Соединение двух или более самостоятельных слов, связанных между собой по способу сочинительной или подчинительной связи, *называется словосочетанием*.**

*Мисалы:*

1. Окушат, жана, кыздар, бирге, балдар, мектепте.
2. Балдар жана кыздар мектепте бирге окушат.

а) балдар жана кыздар (тең байланыш)

б) мектепте окушат (багыныңкы байланыш)

*Например:*

1. Учатся, и, девочки, в, вместе, мальчики, школе.
2. Мальчики и девочки учатся в школе вместе.

а) мальчики и девочки (сочинительная связь)

б) учатся в школе (подчинительная связь)

**Кыргыз тилинде багыныңкы байланыштын төрт түрү бар:**

**Ээрчишүү.**
**Башкаруу.**
**Ыкташуу.**
**Таандык байланыш.**

**В кыргызском языке есть четыре типа подчинительной связи:**

**Согласование.**
**Управление.**
**Примыкание.**
**Притяжательная связь.**

БИБЛИОТЕКА СОШ №3 г.Бишкек
Инв. № ..........

**15.** Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн байланыш жолдорун схема боюнча аныктагыла.

Керим Москвадан келди. Эртең шаардан эжем келет.
Мен жолдошумдан кат алдым. Айранды сүттөн уютат.
Самолёт Ташкенден келди. Эмгектен бакыт табасың.

**Сүйлөмдө сөздөрдөн байланышы (Связь слов в предложении).**

1. **Ээрчишүү (Согласование).** Сан, жак, түр боюнча ээрчишет.
К. с. III ж. К. с. III ж.
**М.:** *Биз кетебиз.*

2. **Ыкташуу (Примыкание).** Багыныңкы сөз багындыруучу сөз менен мааниси жагынан байланышат. (Подчинённое слово связывается с подчиняющим по смыслу).
**М.:** *Мыкты окуйт.*

3. **Башкаруу (Управление).** Б., Т., Ж., Ч. жөндөмөлөр боюнча
**М.:** *Мектепке баруу.*

4. **Таандык байланыш (Притяжательная связь).** И. жөндөмө боюнча
**М.:** *Сталдын китеби.*

**16.** Текстти окуп, сөз айкаштарын көчүрүп жазгыла.

## КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫ

Биз Кыргызстанда жашагандыктан, кыргыз тилин билүүгө тийишпиз. Ошондуктан мектепте биз кыргыз тилин окуйбуз жана үйрөнөбүз. Биз сабактан кыргыздардын салты, үрп-адаттары менен таанышабыз. Ошондой эле белгилүү адамдардын, жазуучулардын, баатырлардын өмүр баяндары, чыгармалары менен таанышабыз. Котормолор менен иштейбиз. Көнүгүүлөрдү аткарабыз. Бизге мугалимдер кызыктуу көп нерселерди айтып беришет. Мага кыргыз тил сабагы абдан жагат.

**17.** Окугула. Эмне жөнүндө сөз болгонун айтып бергиле.

## ТЕЛЕФОН МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

I. **Саша:** Алло, Алмаз, бул сенсиңби?

**Алмаз:** Ооба, мен, кыргыз тилинен эмне тапшырма берилди эле?

**Алмаз:** Белгилүү илимпоздор жөнүндө материал таап келүү.

**Саша:** Алмаз, сен кайсы окумуштуу жөнүндө материал таптың?

**Алмаз:** Таба элекмин, жүрү китепканага баралы.

**Саша:** Кайсы китепканага?




**Алмаз:** Улуттук китепканага.

**Саша:** Жакшы болот, мен сени Тыныстанов көчөсү менен Фрунзе көчөсүнүн кесилишинен күтөм.

**Алмаз:** Тыныстанов көчөсүн кантип табам?

**Саша:** Ал көчөдө Билим берүү жана илим министрлиги, сол жагында Ички иштер министрлиги бар эмеспи.

**Алмаз:** Ии, эстедим.

II. **Окуучу:** Саламатсызбы?

**Китепканачы:** Саламатчылык, келиңиздер!

**Окуучу:** Эже, бизге К. Юдахин жана К. Тыныстанов жөнүндө материал керек эле.

**Китепканачы:** Алардын өзүнчө каталогу бар. Жүрүңүздөр, жардамдашайын.

**Окуучу:** Ырахмат, эжеке!

**Саша:** Алмаз, сен Константин Кузьмич жөнүндө эмнелерди жаздың?

**Алмаз:** Оо, К. К. Юдахин көрүнүктүү тилчи, окумуштуу жана кыргыз тилинде жакшы сүйлөй билген адам экен.

**Алмаз:** Ал «Кыргызча-орусча сөздүктүн» автору эмеспи. Эми Касым Тыныстанов болсо орус тилинде да сүйлөй алчу экен. К. К. Юдахин менен бирге иштептир.

**18.** Сөздүктү пайдаланып, которгула. Тексттеги ырды жаттап алгыла.

**III. Саша:** Эжеке, кыргыз элинин жазуусу качан пайда болгон?

**Мугалим:** VI–VIII кылымдарда эле кыргыз элинин жазуусу болгон. Ал жазма биздин кылымга жетпей жоголуп кеткен.

**Саша:** Жок болуп кеткенин кантип билебиз?

**Мугалим:** Ташка жазылган эстеликтерден билебиз. Эпостордо да жазуубуз болгондугу айтылат. Мисалы, бул жөнүндө «Манас» эпосунда мындайча айтылат:

Кече кең Таластын оюнда,
Жылгындуу өзөн боюнда,
Аргын, кыргыз, көп ногой
Конуп жаткан кезинде,
Ошондо жазган кат кана?
Кол алышкан ант кана?
...Эр Шуутунун колуна
Алакандай кат берип,
Тайбуурулду баш кылып,
Алты буудан ат берип, –

деген саптарда айтылат. Кызыксаңар дагы кайрылабыз.

**IV. Окуучу:** Кызык экен, ал мезгилде кайсы алфавит менен жазышкан?

**Мугалим:** Ал жазуу илимде байыркы кыргыз жазуулары же Орхон-Енисей жазуулары деп аталат.

**Окуучу:** Ал жазуулар кайдан, кантип, качан табылган?

**Мугалим:** Мүрзөлөрдүн үстүнө коюлган таштардан, айрым буюмдардан, Енисейдин жогору жагынан табылган.

**Окуучу:** Эже, аны кимдер чечмелеген?

**Мугалим:** Бул Орхон-Енисей жазуулары илимде XVII кылымдын аягында белгилүү болгон. XIX кылымдын аягында орус окумуштуусу, академик В. Радлов чечмелеген.

**аргын** – название племени
**алакандай** – величиной с ладонь

**19.** Окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Сөз айкаштарына көңүл бургула. Кыргыз элинин жазуусу качан пайда болгон?

Тарыхый фактылар боюнча VI–VIII кылымдарда эле кыргыз элинин жазуусу болгон. Ал жазма биздин кылымга жетпей калган. Биз аларды ташка жазылган эстеликтерден гана билебиз. Мындан тышкары, кыргыз элинин оозеки чыгармаларында, эпостордо жазуубуз болгону айтылат. «Манас» эпосунда мындай делет:

Кече кең Таластын оюнда,
Жылгындуу өзөн боюнда,
Аргын, кыргыз, көп ногой
Конуп жаткан кезинде,
Ошондо жазган кат кана?
Кол алышкан ант кана?

...Эр Шуутунун колуна
Алакандай кат берип,
Тайбуурулду баш кылып,
Алты буудан ат берип.

Ошол мезгилде кыргыздар Енисей алфавити менен жазышкан, ал жазуу илимде байыркы кыргыз жазуулары же Орхон-Енисей жазуулары деп аталат. Кыргыз жазуулары мүрзөнүн үстүнө коюлган таштардан, айрым буюмдардан, Енисейдин жогору жагынан, Түндүк-Батыш Монголиядан жана Түштүк Сибирден табылган экен. Орхон-Енисей жазуулары илимде XVII кылымдын аягында белгилүү болгон. Орус окумуштуусу, академик В. Радлов бул жазуулардын маанисин XIX кылымдын аягында чечмелеген.

*З. Бектенов*

**20.** Окугула. Жаттап алгыла.

«Манас» – тарых,
«Манас» – элдин майрамы.
«Манас» – бакыт,
«Манас» – калктын сайраны.

Төгөрөктүн төрт бурчуна
агызам,
Төрт мезгилде
Ташып турган дайраны.

*Т. Кожомбердиев*

**21.** Окугула. Кыргыз тилине которгула.

## В КНИЖНОМ МАГАЗИНЕ

**Окуучу:** Скажите, пожалуйста, у вас есть «Плаха» Чингиза Айтматова?

**Сатуучу:** К сожалению, нет.

**Окуучу:** Как жаль! У моей сестры сегодня день рождения. Я хотела сделать ей небольшой сюрприз.

**Сатуучу:** Возьмите тогда для нее вот эту книгу. Это очень интересный роман.

**Окуучу:** Возможно. Но, к сожалению, я не знаю ни автора, ни его романа.

## § 4. Бир жана эки тутумдуу сүйлөмдөр
## (Односоставные и двусоставные предложения)

**Жөнөкөй сүйлөм эки тутумдуу жана бир тутумдуу болуп бөлүнөт. Баш мүчөлөрдөн экөө тең болсо, *эки тутумдуу*, бирөө эле (же ээ, же баяндооч) болсо, *бир тутумдуу* жөнөкөй сүйлөм деп аталат.**

**Эки тутумдуу да, бир тутумдуу сүйлөм да жалаң жана жайылма түрүндө келе берет.**

**Простые предложения по составу делятся на односоставные и двусоставные. При наличии в предложении подлежащего и сказуемого оно называется *двусоставным*, при наличии только одного главного члена, обычно сказуемого, к которому и относятся остальные члены предложения, – *односоставным*.**

**Односоставные и двусоставные предложения бывают распространёнными и нераспространёнными.**

*Мисалы:*

Күз **(бир тутумдуу).** Дыйкандар эгин жыйнай башташат **(эки тутумдуу).** – Осень **(односоставное).** Крестьяне начали сбор урожая **(двусоставное предложение).**

**22.** Текстти окуп, мазмунун түшүнгүлө. Түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Эки жана бир тутумдуу сүйлөмдөрдү атагыла. Алардын айырмасы эмнеде?

### ТҮШҮМ МАЙРАМЫ «ЧЕЧКОР»

Кыргыз эли күзүндө түшүм майрамын өткөрүшкөн. Аны «Чечкор» деп аташкан (чеч деп айрыны, кор деп кырманда үйүлгөн кызылды айтышкан).

Мол түшүмдүн ээси Баба дыйкан, ал эми ийгиликтики,

жакшылыктыкы Кыдыр ата дешкен. Аларга «Чечкор» майрамында өткөрүлгөн ырым-жырымдарды арнашкан. Ал түнү Баба дыйкан, Кыдыр ата келсе, токчулук кошо келет дешкен.

Кырманга келгендер таза келишкен. Кырманга от, суу жолоткон эмес. Кыдыр ата, Баба дыйкан оттон, суудан качат. Суу булутту, булут жаанды чыкырат дешкен.

Кырманга ит келсе, кубалабаган, жылан сойлоп келсе, ак же сүт чачып кетиришкен. Аларды ошондой кейипте келген Кыдыр ата, Баба дыйкан деп түшүнүшкөн. Кырмандын жанынан өткөндөр «Чечке береке» деп саламдашкан.

Тазаланган данды ортого чогултуп, андан кийин ырым-жырымын аткарууга өтүшкөн. Кызылды түнөтүп, эртеси үйлөрүнө алып кетишкен.

*Б. Алагушов*

**үйүлгөн кызылды** – горка пшеницы
**Баба дыйкан** – имя покровителя плодородия
**Кыдыр ата** – имя покровителя успеха, удачи
**жолоткон эмес** – не допускал
**чечке береке** – хорошего умолота
**ырым-жырым** – ритуал
**кызылды түнөтүп** – оставить пшеницу на ночь

?

1. Кыргыздар түшүм майрамын качан өткөргөн?
2. Анын аты эмне?
3. Кырманга иштегендер кандай келишкен?
4. Эмне үчүн кырманга суу, от жолотушкан эмес?
5. Жылан менен иттин кейпин ким деп эсептешкен?
6. Тазаланган данды качан үйлөрүнө алып кетишкен?
7. Дагы кайсы элдер кандай түшүм майрамын майрамдашат?
8. Башка кандай элдик майрамдарды билесиңер?

## ЭЛДИК МАЙРАМДАР

1. Иса пайгамбардын (Иисус Христостун) туулган күнүн белгилөө майрамы.
2. Нооруз.
3. Пасха.
4. Курман айт.
5. Ботперек (дуңган элинин майрамы).
6. Үлүш – жайлоо майрамы.

7. Чечкор – түшүм майрамы.
8. Масленница – жаз майрамы.
9. Орозо айт.
10. Сабантуй – түшүм майрамы (татар элинин майрамы).

**23.** Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдүн ар бирин өзүнчө ажыратып, көчүрүп жазгыла.

Күн батты. Аба салкын тарта баштады. Эмгек талаасына көз чаптырып көрөлүчү? Берекелүү күз өзүнүн ырыскысын элге берип жатканын көрөсүң. Айылдарда түшүм майрамын өткөрүп жатышат. Эл көп. Улуу-кичүүлөр бар.

**24.** Төмөнкү макалдарды окуп, маанисин түшүнгүлө. Жаттагыла. Макалдардан **эмгек, өмүр, жаш** деген сөздөрдүн антонимдерин жана **урмат** деген сөздүн синонимин тапкыла. Аларды сөздүк дептериңерге жазгыла.

1. Эмгек – таалай, эмгек – турмуш, өмүр. – Труд – счастье, труд – жизнь.
2. Көз коркок, кол баатыр. – Глаза боятся – руки делают.
3. Эмгек аздан өнмөк. – Труд начинается с малого.
4. Жашка – кызмат, карыга – урмат. – Молодому – дело, старому – почет.
5. Эр эмгегин жер жебейт. – Труд молодца не пропадет даром.

**25.** Үлгүгө карап кыргызча сүйлөшкүлө.

Мен кыргыз тилин билемин.
– Сен кыргыз тилин кандай билесиң?
– Жакшы.
Мен кыргызча сүйлөй алам.
– Сен кыргызча кандай сүйлөйсүң?
– Түзүк.
Мен кыргызча окуй алам.
– Сен кыргызча кандай окуйсуң? (Өзүңөр улантkыла.)

Марат англисче сүйлөйт. Айгүл немисче окуйт.
Бакыт французча түшүнөт. Миша кыргыз тилин билет.

*Үлгү:*
Мен окуучумун. Мен кыргыз тилин үйрөнүп жатам.
Мен кыргыз тилин бир аз билип калдым.
Мен кыргызча түзүк окуп жана түшүнүп калдым.

Бирок мен азырынча кыргызча сүйлөй албаймын. (Өзүнөр уланткыла.)

**Мугалим.** Англис тилин. Англисче.

**Окуучу.** Кыргыз тилин. Кыргызча.

## § 5. Көнүгүү

**В русском языке сказуемым может быть только краткое прилагательное** (Небо чисто. Чистое небо. Небо чистое).

**В кыргызском языке кратких прилагательных нет. Если прилагательное стоит перед подлежащим, то оно является определением** (Ачык асман.), **если же после – то является сказуемым** (Асман ачык.).

| **Бир тутумдуу сүйлөм (односоставное)** | **Эки тутумдуу сүйлөм (двусоставное)** |
| --- | --- |
| Түн... (жалаң). | Асман ачык (жалаң). |
| Ночь... (нераспространенное). | Небо чисто (нераспространенное). |
| Таңга жуук кургады (жайылма). | Сансыз жылдыздар жымыңдашат (жайылма). |
| К утру подсохло (распространенное). | Мерцают многочисленные звезды (распространенное). |

! **Эстегиле.**

1. Сүйлөмдүн айтылышы, максатына карай бөлүнүшү (жай, суроолуу, илептүү, буйрук).
2. Бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөр.
3. Жай сүйлөм деген эмне?
4. Суроолуу сүйлөм деген эмне?
5. Буйрук сүйлөм деген эмне?
6. Илептүү сүйлөм деген эмне?
7. Бир тутумдуу сүйлөм деген эмне?
8. Эки тутумдуу сүйлөм деген эмне?
9. Жалаң сүйлөм деген эмне?
10. Жайылма сүйлөм деген эмне?
11. Сөз айкашы деген эмне?
12. Алар сүйлөмдө кандай жолдор менен байланышат?

**26.** Текстти окуп, которгула. Бир тутумдуу сүйлөмдү 1-сапка, эки тутумдуу сүйлөмдү 2-сапка көчүрүп жазгыла. Ээ, баяндоочтун астын сызгыла.

Дождь освежил природу. К утру подсохло. Стало тепло. Табуны двинулись в горы. Светило солнце. Пахло цветами и молодой травой. Резво шли навьюченные верблюды и кони. Сидели в седлах женщины и дети. Следом бежали собаки. Шумно было в горах. И радостно было на душе Танабая.

*Ч. Айтматов*

**освежил** – тазартты
**навьюченный** – жүктөлгөн

**27.** Сүрөттү карагыла. Сүрөттөгү зат атоочторду бир сапка, кыймыл-аракеттерди билдирген сөздөрдү экинчи сапка жазгыла. Андан кийин сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактооч, кызматчы сөздөрдү таап жазгыла. Үлгүдөгү сөз топтомдорун пайдаланып, «Менин айылым», «Айылда» деген темада аңгеме түзгүлө.



*Үлгү:*

1. Айыл, тоо, этек, чоң ата, жеке чарба, буудай, кызылча, жашылчалар, түшүм, мезгил, шаар, бадыран, помидор, дарбыз, коон, бакча, сумка, үй, комбайн ж. б.

2. Бардым, жардам бердим, эккенбиз, башталды, байкалат, көтөрүңкү, барып жыйнап, салды, көрүп, кубандым,

бөлөнгөнсүйт, алат, бышып турат, кирсең, жардам берип, толтуруп келдим ж. б.

3. Менин, биздин, мен, өзүнө, ага ж. б.

4. Быйыл, ар түркүн, эми, чабуу, өз оюн, ортого, айлана, ал эми, ичине, бир аз, да ж. б.

## МЕНИН АЙЫЛЫМ

Биздин айыл тоонун этегинде. Мен айылга чоң атама жардам бергени бардым. Чоң атамдын өзүнө тиешелүү жеке чарбасы бар. Ага быйыл буудай, кызылча, ар түркүн жашылчаларды эккенбиз. Эми түшүмүн жыйнай турган мезгил. Буудай чабуу башталыптыр. Айылга береке киргени байкалат. Чоң атамдын көңүлү көтөрүңкү, жүзүнөн кубаныч байкалат. «Түшүмдү жыйнап бүтүп, чоң шаарга барып, мейман болсом деп турам», – деп өз оюн ортого салды. Мен чарбасын көрүп кубандым. Айлана сары алтынга бөлөнгөнсүйт. Ал эми жашылчалар көздүн жоосун алат. Бадыраң, помидор, дарбыз, коон бышып турат. Бакча ичине кирсең, береке. Атама бир аз жардам берип, сумкамды жер-жемишке толтуруп, үйгө келдим. Үйдөгүлөр да кубанышты.

**28.** Бул текстти пайдаланып, өзүңөрдүн аңгемеңерди түзгүлө. Текстти окуп, которгула.

## КАЛЫСТЫК МЕНЕН БӨЛҮШҮҮ

Энеси уулуна бир чоң үзүм пирогду берип:

– Бул пирог эжең экөөңө, аны калыстык менен бөлүп жегиле, – деди.

– Калыстык менен бөлүшүү деген эмне? – деп сурады бала.

– Калыстык менен бөлүшүү деген, – деп жооп берди энеси, – көбүрөөгүн берип, азын өзүнө калтыруу. Түшүндүңбү?

– Ооба, – деп жооп берип, бала пирогду эжесине берди да, – Ме, сен бөлүштүр, – деди.

**29.** Окугула, табышмактарды тапкыла.

| | |
|---|---|
| Союп жатам, жаны жок,<br>Эти кызыл, каны жок.<br>*(д....з)* | Токсон кабат тону бар,<br>Кичинекей бою бар.<br>*(к.....а)* |

Биз бир топ кыз элек.
Шыпка илиндик,
Жипке тизилдик.
*(к......т)*

Жер алдында төлдөгөн,
Төлүн өзү бөлбөгөн.
*(к......ө)*

## § 6. Атама сүйлөм
## (Назывные предложения)

! **Эстегиле.**

1. Кандай сүйлөмдөр бир тутумдуу сүйлөмдөр деп аталат?
2. Ээ деп эмнени айтабыз? Ээнин милдетин кайсы сөздөр аткарат?

**Затты, окуяны, жаратылыш көрүнүштөрүн атап көрсөткөн бир тутумдуу сүйлөм *атама сүйлөм* деп аталат.**

**В кыргызском языке назывными предложениями называются такие, которые называют предмет, событие, природные явления.**

*Мисалы:*

1. Жай. – Лето.
2. Таза аба. – Чистый воздух.
3. Түн. – Ночь. Тоонун этеги. – Низовье горы.
4. Көк деңиз. – Синее море.

**Атама сүйлөм аркылуу шартты, пейзажды, көрүнүштү, окуянын ордун жана мезгилин ачык-так сүрөттөөгө болот. Ошондуктан ал көркөм адабиятта, макалаларда көп колдонулат.**

**Подлежащее назывного предложения часто бывает выражено именем существительным, реже – местоимением или именем числительным. Подлежащее может называть время, место, состояние природы.**

**Иногда назывное предложение называет людей или предметы.**

**Подлежащее назывного предложения может быть распространено определением.**

*Мисалы:*

Жылуу шамал. – Теплый ветер. Жазгы нымдуу аба.– Весенний влажный воздух. Суук. – Холод.

**Атама сүйлөмдөр өзгөчө интонация аркылуу берилет да, башка сүйлөмдөргө караганда атама сүйлөмдөн кийин тыным (пауза) жасалат, ар бир атама сүйлөмдөн кийин чекит коюлат.**

**Назывные предложения произносятся с особой интонацией. После назывных предложений делается более длительная пауза (остановка), чем после предложений других видов.**

*Мисалы:*

1. Жамила. Байкуш Жамила! – Жамила. Бедная Жамила!

2. Тоонун салкын жели. – Прохладный горный воздух. Согуш, оңбогон согуш. – Война, проклятая война. Тынчтык. – Мир. Эркиндик. – Свобода.

**30.** Окугула. Байкап көргүлөчү, ар бир мезгилде кандай өзгөрүүлөр бар? Атама сүйлөмдөрдү тапкыла.

1. Жаз. Түркүн гүлдөр. Аңкыган атыр жыттуу тоо жели (Душистый горный ветерок).

2. Жай. Ысык. Жайкы каникул, парктар, вокзалдар ызычууга (криком-шумом) толгон (наполнены).

3. Күз. Конур (поздняя) күз. Боз кыроо маалы. (Пора, когда появляется иней).

4. Кыш. Бороон-чапкын (метель, буря).

**31.** Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын окугула. Алар кандай чыгармаларда кездешет.

1. Түн. Күн. Жаз. Жай. Күз. Кыш. Жыл. Кылым. Доор. Түш.

2. Тоонун этеги (Низовье гор). Фермердин кырманы (Ток фермера). Шар аккан суу бою (Берег быстрой реки). Адыр (Плоскогорье, холмы). Айдың талаа (Открытая степь). Көк деңиз (Синее море). Эски турак-жай (Старая стоянка). Атабабам күн өткөргөн жай (Стоянка, где жили мои предки).

3. Жез кумган – медный кувшин, көөкөр – кумысница из кожи, туш кийиз – настенный ковёр ручной работы, өлүм-житим – смерть, ачарчылык – голод, ый – плач, кайгымуң – горе.

4. «Кут билим» гезити, «Жаңы агым», «Кыргыз маданияты», «Кыргыз туусу», «Слово Кыргызстана», «Чалкан», «Вечерний Бишкек», «Купи-Продай», «Работа», «Кыргыз тилинин грамматикасы», Кыргыз улуттук университети, Темиркул Үмөталиев көчөсү ж. б.

5. Жазгы нымдуу аба – весенний влажный воздух, суук – холод, кышкы чилде – крещенские морозы ж. б.

6. Жайыт – пастбище, жайылган мал – рассеянное стадо животных, шкаф – шкаф, төр – почетное место, узата салынган шырдак – постеленная вдоль узорчатая кошма (шырдак).

32. Текстти окугула. «Эмне үчүн?» деген темада сүйлөшүүнү уланткыла.

Кеч күз. Мектептин тегереги жымжырт. Алмаз шашып келе жатып, мектептин деректирине кабылды.

– Сен, кайдан?
– Кечиктим.
– Эмне үчүн?
– Күн суук. Аялдамада турдум. Эл көп.
– Кайсы сабак эле.
– Билбейм.
– Бүгүн сабак жок да.
– Эмне үчүн?
– Бүгүн дем алыш.
– Ырахмат, сизге, – деп үйүн көздөй чуркады.

33. Окугула. Атама сүйлөмдү тапкыла. Анда эмне жөнүндө кабар берилди? Көчүрүп жазып, атама сүйлөмдүн астын сызгыла.

Май айы. Биз тоонун этек жагындабыз. Жекшемби. Кеч. Айша менен Жамила паркка келишти. Кеч күз. Канаттуулар учуп кетишти. Түн. Шамал жана жамгыр.

34. Текстти окуп, өз алдыңарча которгула. Мазмунун айтып бергиле.

Ошол киномеханик күндүзү чымчыктын үнүн тыңшап калды да, сурады:

– Тиги сайрап жаткан кайсы чымчык?
– Ал сарайгыр, – деди Султанмурат.
– Эмне деп сайрап атат?
– «Чү, чү, сарайгыр!» – деп.
– Ал эмне дегени?
– Билбейм. Орусча, кыязы: «Но-о, но-о, желтый жеребец!» – болот.
– Биринчиден айгыр сары болбойт. Бирок мейли дейли. Анда «чү-чүлөп» кайда барат?

– «Сарайгыр минип, кыз оюнга баратам»,– деп ойлойт дешет. Бирок айгыры чарчап, такыр жете албайт экен. Ошол үчүн «Чү, чү, сарайгыр!» деп калган дейт.

*Ч. Айтматов*

**?** Бул үзүндү кайсы чыгармадан алынды? Ал кыз оюнга барабы? Окудуң беле? Чыгармада ким деген балдар жөнүндө сөз болот?

**!** **Билип алгыла.**

## КҮН БЕЛГИЛЕРИ

Уламышта ар күндүн өзүнчө белгиси бар, алар мындай айтылат.

**Ишемби** – иштин башы (жолго көбүнчө ишембиде аттанат, бир чоң уста устачылык ишти да ушул күндө баштаган).

**Жекшемби** – жетүүчү күн. «Жекшембиде жетемин» дейт.

**Дүйшөмбү** – дүйнөнүн бүткөн күнү.

**Шейшемби** – жалгыздын күнү, ата-энеден жалгыз болгон жигит бул күнү жолго чыкпаса болот дешкен.

**Шаршемби** – жеңил күн.

**Бейшемби** – берекенин күнү.

**Жума** – оор күн.

*А.Осмонов*

**жолго аттанат** – отправляется в дорогу
**жетүүчү күн** – день, когда все успеваешь
**береке** – добро, богатство

**!** **Жылдардын аттарын билип алгыла.**

Чычкан, уй, жолборс, коён, улуу, жылан, жылкы, кой, мечин, тоок, ит, доңуз.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чычан** | 1900 | 1912 | 1924 | 1936 | 1948 | 1960 | 1972 | 1984 | 1996 | 2008 | 2020 |
| **Уй** | 1901 | 1913 | 1925 | 1937 | 1949 | 1961 | 1973 | 1985 | 1997 | 2009 | 2021 |
| **Жолборс** | 1902 | 1914 | 1926 | 1938 | 1950 | 1962 | 1974 | 1986 | 1998 | 2010 | 2022 |
| **Коён** | 1903 | 1915 | 1927 | 1939 | 1951 | 1963 | 1975 | 1987 | 1999 | 2011 | 2023 |
| **Улуу** | 1904 | 1916 | 1928 | 1940 | 1952 | 1964 | 1976 | 1988 | 2000 | 2012 | 2024 |
| **Жылан** | 1905 | 1917 | 1929 | 1941 | 1953 | 1965 | 1977 | 1989 | 2001 | 2013 | 2025 |
| **Жылкы** | 1906 | 1918 | 1930 | 1942 | 1954 | 1966 | 1978 | 1990 | 2002 | 2014 | 2026 |
| **Кой** | 1907 | 1919 | 1931 | 1943 | 1955 | 1967 | 1979 | 1991 | 2003 | 2015 | 2027 |
| **Мечин** | 1908 | 1920 | 1932 | 1944 | 1956 | 1968 | 1980 | 1992 | 2004 | 2016 | 2028 |
| **Тоок** | 1909 | 1921 | 1933 | 1945 | 1957 | 1969 | 1981 | 1993 | 2005 | 2017 | 2029 |
| **Ит** | 1910 | 1922 | 1934 | 1946 | 1958 | 1970 | 1982 | 1994 | 2006 | 2018 | 2030 |
| **Доңуз** | 1911 | 1923 | 1935 | 1947 | 1959 | 1971 | 1983 | 1995 | 2007 | 2019 | 2031 |

# АСМАН ЖАРЫК ЧЫГАРУУЧУЛАРЫНЫН ЖАНА АПТА КҮНДӨРҮНҮН БЕЛГИЛЕНИШИ

☉ – Күн (жекшемби)
☾ – Ай (дүйшөмбү)
♂ – Марс (шейшемби)
☿ – Меркурий (шаршемби)
♃ – Юпитер (бейшемби)
♀ – Венера (жума)
♄ – Сатурн (ишемби)

⛢ же ♅ – Уран
♆ же ♆ – Нептун
♇ – Плутон
♁ же ⊕ – Жер
☄ – Комета
* – Жылдыз

# ЗОДИАК ЖАНА АЙЛАРДЫН БЕЛГИЛЕРИ

♒ же  – Суу куйгуч (январь)

♓ же  – Балыктар (февраль)

♈ же  – Кой (март) жазгы күн-түн теңелүү чекити

♉ же  – Букачар (апрель)

♊ же  – Эгиздер (май)

♋ же  – Бөйөн (июнь)

♌ же  – Арстан (июль)

♍ же  – Бийкеч (август)

♎ же  – Тараза (сентябрь күзгү күн-түн теңелүү чекити)

♏ же  – Чаян (октябрь)

♐ же  – Текечер (ноябрь)

♑ же  – Бөйөн (декабрь)

# АЙ ФАЗАЛАРЫНЫН БЕЛГИЛЕРИ

● же ☻ – Жаңырган Ай
○ же ☺ – Толгон Ай
☽ же ☽ – Биринчи чейрек
☾ же ☾ – Акыркы чейрек

## АСПЕКТТЕРДИН БЕЛГИЛЕНИШИ

☌ – кошулуу

☍ – тогошуу

□ – квадратура (90° узундуктарынын айырмасы)

△ – үчтүк аспект (120° узундуктарынын айырмасы)

⚹ – секстилдик аспект (90° узундуктарынын айырмасы)

☊ же ☊ – орбитанын чыгуу түйүнү

☋ же ☋ – орбитанын түшүү түйүнү

## § 7. Көнүгүү. Текст менен иштөө

**35.** Окуп, мазмунун түшүнгүлө.

Жолдошум, сен,
Тышка чык.
Кабинетке камалба,
Мында кел,
Турмуш арала.
Эл да,
Жер да,
Өмүр да,
Миң кубулуш.
Сен көрө элек
Кызык турмуш
Баары мында!

*М. Элебаев*

**36.** Текстти окуп, которгула. Мазмунун айтып бергиле.

Жазуучу Шекер айлына барган сайын айылдаштарынан жаңылыктарды угуп, өзү окуяларга аралашып, эмгек адамдары менен оозмо-ооз сүйлөшүп, кандайдыр толкунданган сезимде келген учурлары көп. Алдындагы жаңы чыгармасынын каарманы Танабай менен да ушундай жагдайда таанышып, жаныбар Гүлсарынын тагдырына күбө болот. Гүлсары сыяктуу ат – автордун бала чагынан ой-сезиминде жашап жаткан образ. «Чыңгыз жыгач ат минип, ойноп жаткан экен. Мени карап калды. Чыңгызды бетинен сүйүп, таңыркап отурган Илгизди колума көтөрдүм. Аңгыча Төрөкул эшиктен баш багып: – Мариям, булар биздин балдарыбыз. Чыңгызыбыз атты өтө жакшы көрөт деди», – деп эскерет Мариям Туганбаевна.

Ал эми айыл кеңешинин катчылык кызматын аткарып жүргөндө колхоздогу жумуштун көбүн ат менен бүтүрүүгө туура келбедиби! «Ат жаныбар эмнени көрбөдү а күндөрдө, адам менен кошо тартты го азапты!» – деп эскерет Айтматов.

«Кылым карытар бир күн» романында бир тууган казак элинин жашоо-турмушу жана тарыхы кенен-кесири чагылдырылган.

**оозмо-ооз сүйлөшүп** – лично побеседовав
**баш багып** – заглянув

**37.** Окуп чыккан чыгармаңарды кыскача баяндап бергиле.

**38.** Орус жана кыргыз тилинде берилген текстти көркөм окугула. Бул чыгарманын автору ким? Бул үзүндү автордун кайсы чыгармасынан?

– Жоломан! Уулум Жоломан, кайдасың? – деп үн сала баштады Найман-Эне.

Же көрүнбөйт, же жооп бербейт.

– Жоломан! Кайдасың? Бул мен, сенин энеңмин! Кайдасың?...

– Жоломан! Уулум! – Уулум эмне болгон деп чочулаган Найман-Эне үн салып баратты. Анан ээрде толгоно берди да...– Ат-па! – деп кыйкырганга араң жарады. Акмаяны бура тартып, бет мандайлашууга үлгүрбөдү, ышкырып келген жебе сол колтугуна сайылды.



Сүрөтчүсү *Э. В. Халмурзаев*

Өлтүрөр жебе ушул эле. Найман-Эне чоктук өркөчтү кучактай ооп жыгылып баратты. Бирок бою жерге тийгенче башындагы ак жоолук шыпырылып түштү да, жерге жетпей куш болуп, абага кайкып учуп чыкты. Жөн учпай адамча үн салып учуп чыкты: «Эсине кел, сен кимсиң? Атың ким? Сенин атаң Дөнөнбай! Дөнөнбай!..»

– Жоломан! Сын мой, Жоломан, где ты? – стала звать Найман-Апа.

Никто не появился и не откликнулся.

– Жоломан! Где ты? Это я, твоя мать!

Где ты?..

– Жоломан! Сын мой! – звала Найман-Апа, боясь, что с ним что-то случилось. Повернулась в седле. – Не стреляй! – успела вскрикнуть она и только было повернула белую верблюдицу Акмаю, чтобы повернуться лицом, но стрела коротко свистнула, вонзаясь в левый бок под руку.

То был смертельный удар. Найман-Апа наклонилась и стала медленно падать, цепляясь за шею верблюдицы. Но прежде упал с головы ее белый платок, который превратился в воздухе в птицу и полетел с криком: «Вспомни, чей ты? Как твое имя? Твой отец Донбай! Донбай!..»

**39.** Жогорудагы үзүндүнүн негизинде сүрөт тарткыла, сахналаштыргыла.

**40.** Макалды окуп, мазмунун түшүнүп, жаттап алгыла.

| | |
|---|---|
| 1. Ата – аска тоо, | Отец – могучая гора, |
| Эне – боорундагы булак, | Мать – звенящий родник, |
| Бала – экөөнө шам чырак. | Ребенок – свеча между ними. |
| 2. Атаң карыса, кул кылба, | Если отец постареет, не делай рабом, |
| Энең карыса, күң кылба. | Если мать постареет, не делай рабыней. |

## § 8. Жактуу сүйлөм
## (Личные предложения)

**Белгилүү жактуу сүйлөм I же II жактагы этиштик баяндоочтон түзүлөт. Мында этишке уланган жак мүчө аркылуу ээнин кайсы сөз болору белгилүү болуп турса да, ал талап кылынбайт.**

**Подлежащее, а точнее, действующее лицо, в определенно-личных предложениях подразумевается через форму сказуемого, заключающуюся в личных аффиксах I и II лица.**

*Мисалы:*

1) (Сен) Сууну сиңген жерге куй, сөздү укканга айт. (Ты) Воду лей туда, где она впитается, слово скажи слушающему.

(Сен) Эмнени эксең – ошону оросуң. (Ты) Что посеешь, то и пожнешь.

| | |
|---|---|
| 2) – Баралыбы? | – Ну что, пойдём? |
| – Мейли, барса баралы. | – Ладно, идти так идти. |
| – Мейли, барса барам. | – Ладно, пойти-то пойду. |

| | |
|---|---|
| 3) (Мен) Окуса окуймун. | Надо учиться – значит, (я) буду. |
| Эки алса, эки алам, сага эмне? | Если (я) получу двойку, то получу, тебе-то что. |
| «Барбайм» дедим, барбайм. | Сказано (я) «не пойду», значит, не пойду. |

**41. Түн, жаз, түш** деген сөздөрдүн антонимин, **жай, кылым** деген сөздөрдүн синонимин таап, сүйлөм түзгүлө.

*Үлгү:*

Түн – күн.

1. Түн. Айлана жымжырт.
2. Күн. Күн жаркырап тийип турду.

**42.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

«Кут билим», «Заман Кыргызстан», «Чалкан», «Кыргыз руху», «Эркин-Тоо», «Вечерний Бишкек», «Кыргыз маданияты», «Кырчын», «Кыргыз маданияты», «Жаңы агым», «Дело №».

**43.** Каалаган гезит-журналдардан чакан макала окуп, мазмунун айтып бергиле.

**44.** Көнүгүүнү көчүрүп жазгыла. Кашаанын ичиндеги жактама ат атоочторду которуп, кашаадан чыгарып жазгыла.

1. (Ты) Сууну сиңген жерге куй, сөздү укканга айт. Кокуй ай, (ты) кандай күнгө туш кылгансың. (Ты) Боюн көр да, оюн көр. (Вы) Барсаңар, бардыгын билесиңер. (Ты) Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло. (Я) Сөзүмдү кайра алайын, Жер энем. (Мы) Барсак угарбыз, шашпагыла.

2. (Биз) Увидимся. (Биз) Сказано «не пойдем», значит, не пойдем. (Сен) Хочешь не хочешь, вынужден строго относиться (сказать). (Силер) Идите, джигиты, навстречу гостям. (Силер) Пойдете – узнаете все. (Сен) Посмотри, какая невеличка.

*Үлгү:*

1. Сен сууну сиңген жерге куй, сөздү укканга айт.
2. Мы увидимся.

**45.** Текстти окуп, мазмунуна түшүнүп, жактуу сүйлөмдөрдү тапкыла. Жактуу сүйлөмдү катыштырып, сүйлөшүүнү уланткыла.

## «НУСКА» ДҮКӨНҮНДӨ

а) **Саша:** Алмаз, бүгүн «Нуска» дүкөнүнө барасыңбы?

**Алмаз:** Ооба, барам.

**Саша:** Кайсы убакытта барасың? Мен дагы барышым керек эле.

**Алмаз:** Сабактан кийин барам.

**Саша:** Кел, анда бирге баралы.

б) **Саша:** Саламатсызбы?

**Сатуучу:** Саламатчылык, балдар.

**Алмаз:** Эже, сиздерде орус мектептери үчүн 10-класстын «Кыргыз тили» окуу китеби барбы?




**Сатуучу:** Жок, бирок кыргыз тилинде башка китептер бар. Текченин экинчи катарын карасаңар болот.

**Саша:** Ии, Алмаз, карачы, Ч. Айтматовдун чыгармалары жыйнак болуп чыгыптыр.

**Алмаз:** 1998-жылы жазуучу 70 жашка чыкпадыбы, ошондуктан анын чыгармалары том болуп басылып чыккан турбайбы.

**Саша:** Эже, досум экөөбүзгө сөздүктөр керек эле. Кандай сөздүктөр бар.

**Сатуучу:** Мына, Юдахиндин 40 миң сөздөн турган «Кыргызча-орусча сөздүгү», Б. Орузбаеванын 13500 сөздөн турган «Орусча-кыргызча сөздүгү», Б. Орузбаева жана В. Закированын «Грамматикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү», С. Мусаевдин «Сүйлөшмөсү» жана дагы «Кыргыз адабияты боюнча терминдердин түшүндүрмө сөздүгү» бар. И, баса, дагы «Кеп маданиятынын маселелери» да бар.

**Саша:** Автору ким?

**Сатуучу:** Автору С. Мусаев. Силер кайсы класста окуйсуңар?

**Алмаз:** Биз 10-класста окуйбуз.

**Сатуучу:** Анда силерге Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» жана «Кыяматын» алышыңар керек экен.

**Саша:** Анда бизге сөздүктөр менен бирге Ч. Айтматовдун эки китебин бериңиз.

**Алмаз:** Канча турат экен?

. . .

**46. а)** «К», «ү» тыбыштарын ирети менен чакмактарга жайгаштырсаңар, эки куштун аты чыгат. Куштардын атын 16 жолу эбин таап окугула.

Заполните по порядку буквы «к», «ү» и отгадайте имена двух птиц. Имена птиц повторяются 16 раз.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | К | | |
| | К | | К | |
| | | К | | |
| | | | | |

**б)** Алфавиттеги тартиби боюнча сандардын ордуна тамга коюп окугула.

В алфавитном порядке поставьте вместо чисел буквы и прочитайте.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 | 24 | 12 | 24 | 12 |
| 24 | | 12 | | 24 |
| 12 | 12 | | 12 | 12 |
| 24 | | 12 | | 24 |
| 12 | 24 | 12 | 24 | 12 |

**47.** Окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Жаттап алгыла.

Кезек-кезек
Тезек терсек,
Керек дешет
Кесек тезек.

Көзү бүтүк,
Үч күчүк үшүп,
Үч күчүк үшүп,
Үнү бүтүп.

Быкы-быкы, быкы таш,
Быкылдаган кызыл таш,
Таар токум чаар таш,
Тайгаланма кара таш.

## § 9. Жаксыз сүйлөм
## (Безличные предложения)

| | |
|---|---|
| **Ээси жок, баяндоочтон гана түзүлгөн сүйлөм *жаксыз сүйлөм* деп аталат.** | **Односоставное предложение, в котором имеется лишь сказуемое и нет и не может быть подлежащего, называется *безличным*.** |

*Мисалы:*

1. Эшикте суук. – На улице холодно.
2. Бул ишти кантип бир күндө бүтүрүүгө болот? – Как можно закончить за один день такое дело?

| | |
|---|---|
| **Жаксыз сүйлөмдүн баяндоочу III жакта жекелик түрдө турат.** | **Глаголы в безличных предложениях стоят в III лице в единственном числе.** |

а) Жаратылыштын абалын билдирүүчү сөздөр (слова, обозначающие состояние природы): караңгылады (темнеет), жыттанат (пахнет), согот (дует), муздайт (холодеет), кеч кирет (вечереет).

б) Адамдын ал-акыбалын билдирүүчү сөздөр (слова, обозначающие состояние человека): уктай албайт (не спится), чыйрыгат (знобит), каалайт (желает), ооруксунат (нездоровится), түш көрөт (снится).

в) Тактоочтук мааниде пайдаланылуучу сөздөр (слова, употребляющиеся как наречия): суук (холодно), ысык

(жарко), уят (стыдно), керек (нужно), керек эмес (не нужно), билиш керек (должен знать).

**48.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Баяндоочтун алдын сызгыла. Суроо бергиле.

1. Караңгылады, жыттанат, согот, муздайт, кеч кирет.
2. Уктай албайт, чыйрыгат, каалайт, ооруксунат, түш көрөт.
3. Суук, ысык, уят, керек, керек эмес, билиш керек.

*Үлгү:*

Тоодо күн <u>караңгылады</u>.

Тоодо күн эмне болду?

**49.** Текстти окуп, жаксыз сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

## АРЧА

Арча Орто Азия тоолорунда өтө көп кездешет. Ал бийик тоолордо өсөт. Арча – өтө жай өсүүчү өсүмдүк. Анын бийиктиги элүү жылда бир жарым, эки метрге гана жетет.

Орто Азия элдеринин, өзгөчө кыргыздардын турмушу байыртадан бери эле арча менен тыгыз байланышкан. Балдар төрөлгөндө аларды арча бешикке жаткырышат. Алар чоңойгондо арчадан жасалган ээрге минишет. Ал эми карыганда арча таяк таянышат.

Арчадан ацетон, уксус кислотасы жана башка уулуу заттар алынат. Арча бизге өтө пайдалуу. Аны биз коргоого тийишпиз.

**арча бешик** – колыбель из арчи
**ээрге минүү** – сесть в седло

? **50.** Суроолорду толуктагыла. Жооп бергиле.

| | |
|---|---|
| 1. – ... кездешет?<br>– ... . | 4. – ... алынат?<br>– ... . |
| 2. – ... өсөт?<br>– ... . | 5. – ... кылышыбыз керек?<br>– ... . |
| 3. – ... колдонушат?<br>– ... . | 6. – ... коёбуз?<br>– ... . |

**51.** Жаксыз сүйлөмдүн баяндоочун пайдаланып, текст боюнча сүйлөшкүлө.

**52.** Берилген сөздөрдү маанисине карай ордуна коюп, сүйлөм түзгүлө. Сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн, кыргыз жана орус тилиндеги сүйлөмдөрдүн орун тартибин байкагыла.

1. Арча, кездешет, тоолорунда, Орто Азия, өтө, көп.
2. Ал, өсөт, бийик, тоолордо.
3. Арча жай, өтө, өсүүчү өсүмдүк.
4. Анын, бийиктиги, элүү, жылда, бир, жарым, жетет, эки метрге гана.
5. Орто Азия, элдеринин, өзгөчө, кыргыздардын турмушу, байланышкан, тыгыз, эле, арча менен, бери, байыртадан.

*Үлгү:*

Арча Орто Азия тоолорунда өтө көп кездешет.

**53.** Ырды окуп, түшүнүп, жаттагыла.

## АРЧА

Алыскы кар чүмкөлгөн түндүк жакта,
Жапжалгыз өсүп турат жапайы арча.
Мончоктой кар оронгон бутактары
Үргүлөп көзү илинет анда-санда.
Түшүндө: көз көрбөгөн ээн жакта,
Ойготкон алтын күндү, күн чыгышта,
Бир курма кең жайылып өсүп турат
Жапжалгыз, ал да убайым, ал да капа.

*А. Осмонов*

**54.** Арчада кайсы жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү көрсөтүлгөн? Көрсөтүлгөн грамматикалык белгилер аркылуу сүйлөм түзгүлө.

*Үлгү:*

Жакшыга айтсаң билет,
жаманга айтсаң күлөт.

Айды этек менен калкалай албайт.



## § 10. Көнүгүү

! Эстегиле.

1. Атама сүйлөм деп эмнени айтабыз?
2. Жактуу сүйлөм деген эмне?
3. Жаксыз сүйлөм деп эмнени айтабыз?
4. Баш мүчөлөр деген эмне? Алар канчага бөлүнөт?

**55.** Текстти окуп, которгула. Мазмунун айтып бергиле.

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ыйык белгилери: Туусу, Герби, Гимни. Кыргыз Республикасынын борбору – Бишкек шаары. Кыргыз Республикасынын акча бирдиги сом болуп саналат. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик бүткүл эл тарабынан шайланган мамлекет башчысы – Кыргыз Республикасынын Президентинде.

Мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарына бөлүштүрүлгөн. Ошол бутактар биргелешип, макулдашып иш аткарышат.

Мамлекеттик органдардын эл алдындагы жоопкерчилиги жана алардын бийлик укуктары элдин талабына ылайыкталган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы – мамлекетти башкаруудагы негизги мыйзам.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Конституциялык палата, Жогорку сот, соттор жана сот адилеттиги системасынын судьялары жүзөгө ашырышат.

**56.** Кыргыз жана орус тилдеринде окуп, билип алгыла.

### ГЕРБ

Кыргыз Республикасынын Герби – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эмблемасы. Авторлору А. Абдыраев, С. Дубанаев. Герб 1994-жылы 14-январда кабыл алынган.

Гербде негизинен ак мөңгүлүү тообуз, көлүбүз чагылдырылган, ары жагында нурун чачып күн турат. Ошондой

эле элибиздин дыйканчылыгын айгинелеген пахта, буудай, ортосунда эркиндиктин символу болгон канатын жайган Акшумкар тартылган.

Гербдин негизги идеясы – Кыргызстанда жашаган элдин биримдигин чыңдоо.

## ГЕРБ

Герб Кыргызской Республики – это государственная эмблема Кыргызской Республики. Авторы его – А. Абдыраев и С. Дубанаев. Он был принят 14 января 1994 года.

На гербе отражены наши белоснежные горы с ледниками и наше озеро, на заднем плане – рассеивающиеся лучи солнца. Во внешнем кругу сверху и снизу написано название нашей страны. Сбоку изображены хлопок и пшеница, являющиеся символами земледелия, а в нижней части внутреннего круга нарисован расправляющий крылья белый Сокол.

Основная идея герба – это укрепление единства живущих в Кыргызстане народов.

## ТУУ

1992-жылдын 3-мартында эгемендүү Кыргыз Республикасы үчүн зор окуя болду. Тарыхта биринчи жолу жаңы мамлекеттин туусу желбиреди, ал улуттук мамлекеттин өзгөчө атрибуту болуп калды. Кыргыз Республикасынын желеги кызыл түстөгү кездемеден жасалат. (Бул – мекен үчүн калк каны калганча күрөшүүгө даяр экендиктин белгиси).

Желектин ортосунда күндүн шооласы тегиз чачырап турат. Анын ортосунда боз үйдүн түндүгү тартылган.

Бул улуттук маданияттын, эгемендүүлүктүн, келечекке умтулуунун белгисин берип турат.

Герб, Туу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиясында жактырылган.

## ЗНАМЯ

3 марта 1992 года в жизни суверенной Кыргызской Республики произошло великое событие. Впервые в ее истории взвилось новое знамя независимой страны, которое стало особым атрибутом национального государства. Знамя сделано из материи красного цвета. (Это означает готовность бороться за Родину до последней капли крови).

В середине знамени рассеивающиеся лучи солнца, в центре которого нарисован тюндюк (верхний деревянный круг остова юрты).

Это – символ национальной культуры, суверенитета и стремления к будущему.

Герб и Знамя одобрены на сессии Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

**57.** Гимнди окугула. Жаттагыла.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГИМНИ

**Сөзү:** *Ж. Садыковдуку жана Ш. Кулуевдики.*
**Обону:** *К. Молдобасановдуку жана Н. Давлесовдуку.*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма:*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма:*

Гимн 1992-жылы 18-декабрда кабыл алынган.

**58.** Герб, Туу, Гимн жөнүндө эмнелерди билдиңер?

**59.** Текстти окугула. Которгула. Кыргыз жеринин байлыгы жөнүндө аңгемелеп бергиле.

**Мугалим:** Балдар, кыргыз жеринде кандай кен байлыктар бар?

**Биринчи окуучу:** Алтын, күмүш, жез, сурьма, көмүр, сымап ж. б.

**Мугалим:** Элибиз жер байлыктарын алтын деп баалашат. Эмесе, жерибиздин алтындары тууралуу сөз кылалы. Балдар, алтындын өңү кандай?

**Экинчи бала:** Алтындын өңү сары. Мисалы, энемдин сөйкө, шакеги алтындан. Алардын түсү сары.

**Үчүнчү бала:** «Алтын сары, ай сары, күз айында жер сары» деген ыр жаттаганбыз. Демек, алтындын өңү сары болот.

**Мугалим:** Туура. Бирок суроонун мааниси башкада.

(*«Алтын пахта, ак пахта» деген ыр угулат.*)

**Төртүнчү окуучу:** И-и, таптым, пахтаны «ак алтын» деп айтышат.

**Мугалим:** Алтындын дагы бир өңү кандай экен?

**Жалпы:** Ал аппак.

**Мугалим:** Муну жаңылбай таптыңар. Ушуга байланыштуу дагы бир суроо. «Ак алтындуу аймакта» деп коюшат. Андай аймак кайда?

**Бешинчи окуучу:** Ош, Жалал-Абад жакта да пахта өсөт.

**Мугалим:** Экөөңөрдүкү тең туура, бирок, жалпысынан Республиканын түштүгүндө десеңер болот. Пахта эмне үчүн Чүйдө, Ысык-Көлдө, Таласта өстүрүлбөйт?

**Төртүнчү окуучу:** Бул жак тоолуу.

**Мугалим:** Туурабы?

**Экинчи окуучу:** Түштүк деле тоолуу. Кеп тоодо эмес, жердин ысыгында.

**Мугалим:** Туура. Пахта – ысыкты сүйгөн өсүмдүк. Ошентип, биз пахтанын мекенин билип алдык. Алтындын дагы бир түрү бар, ал жер алдынан алынат, отко да жагылат. Бул эмне?

**Бешинчи окуучу:** Көмүрдү «кара алтын» дешет.

**Мугалим:** «Кара алтын» кайдан чыгат экен?

**Биринчи окуучу:** Таш-Көмүр шаарында.

**Экинчи окуучу:** Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда, Кара-Кечеде, Таш-Көмүрдө, Жыргаланда...

**жергебиздин** – нашей земли
**алардын түсү** – их цвета
**ак алтындуу аймак** – край «белого золота»

**60.** Окуп, табышмакты тапкыла.

Жалбырагын жабыла
Күз келгенде үзүшөт.
Кургасын деп тезирээк
Керме жипке тизишет.
Ачуу неме ал өзү,
Аты болот эмине?

*(Т....и)*

**61.** Окуп, мазмунун кыргызча айтып бергиле.

## ХОРОШИЙ СОВЕТ

Молодой начинающий писатель прислал Марку Твену свою рукопись. Марк Твен ответил: «Дорогой господин! Исследователи природы рекомендуют писателям есть рыбу, так как это блюдо содержит фосфор для мозга. Я не могу вам сказать в настоящий момент, сколько рыбы вы должны съесть. Но если рукопись, что я возвращаю вам с удовольствием, такая же, как и другие ваши произведения, то я думаю, что пара китов средней величины вам не повредят».

**62.** «К» (кы) табышы менен башталып, (ки) табышы менен бүткөн сөздөрдү ирети менен клеткаларга толтургула. «К» тамгасынын эки түрлүү айтыларын эстегиле. Окуп, ажыратууга аракеттенгиле.

Заполните клетки словами, которые начинаются на звук «к» (кы) и заканчиваются на звук «к» (ки). Вспомните: двоякое произношение буквы «к». Используйте словарь. Правильно произнесите слова с буквой «к».



## § 11. Толук жана кемтик сүйлөм
## (Полные и неполные предложения)

**Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү толук айтылса, *толук сүйлөм* деп аталат.**

**Предложения, в которых налицо оба главных члена, называются *полными*.**

*Мисалы:*

Мен келдим. – Я пришел.

**Сүйлөмдүн баш мүчөсүнүн бири айтылбай калса, *кемтик сүйлөм* дейбиз.**

**Предложения, в которых отсутствует один из членов, называются *неполными*.**

*Мисалы:*

Караңгы түн. – Темная ночь.

– Ким алып келди? – Кто принес?

– Атаң. – Отец.

**Кыргыз жана орус тилдеринде толук жана кемтик сүйлөмдөр эки же андан ашык адамдардын сүйлөшүүсүндө, аңгемелешүүсүндө кездешет.**

**В кыргызском и в русском языках часто встречаются полные и неполные предложения, употребляемые в диалоге (в разговоре).**

*Мисалы:*

– Сен киного барасыңбы (*толук*)?

– Барбайм (*кемтик*).

– Эмнеге?

– Мен бош эмесмин (*толук*).

– Сен качан бошойсуң (*толук*)?

– Эртең бошойм (*кемтик*).

– Сен досуң менен келесиңби (*толук*)?

– Ооба.

– Досуңдун аты ким эле (*толук*)?

– Асан (*кемтик*).

– Ты пойдешь в кино (*полное*)?

– Не пойду (*неполное*).

– Почему?

– Я занят (*полное*).

– Когда ты освободишься (*полное*)?

– Освобожусь завтра (*неполное*).
– Ты придешь с другом (*полное*)?
– Да.
– Как зовут друга (*полное*)?
– Асан (*неполное*).

**63.** Көркөм окугула, толук жана кемтик сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1. – Алмаз, барсыңбы?
– Ооба, бармын.
– Эмесе бүгүн бир иш бар.
– Кандай?
2. – Кыргызча жакшы сүйлөйт экенсиң.
– Анча-мынча гана.
– Кайдан окугансың?
– Шаардагы мектептен.
– Кыргыз мектебиндеби?
– Жок.
3. – Алмаз, саламатсыңбы?
– Саламатчылык.
– Ден соолук кандай?
– Жаман эмес.
– Бүгүн күн жылуу го?
– Жок, аба ырайы бузулуп келатат.
4. – Сизден өтүнөм! (Прошу Вас!)
– Жардам (помощь) берип койсоңуз.
– Сизден жардам суроого болобу?
– Сизге бир өтүнүчүм (просьба) бар...
– Кайталап коюңузчу... .
– Кирүүгө мүмкүнбү?

**64.** Окуп, кыргыз тилине которгула. Сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү катышканын белгилеп, дептериңерге жазгыла.

– Когда ты вернёшься домой?
– Завтра.
– Пойдешь ли ты со мной в кино?
– Пойду.
– Что будем делать после кино?
– Сходим на каток.
– А коньки у тебя есть?
– Есть.

**?** **65.** Суроолорго жооп бергиле. Толук жана кемтик сүйлөмдү ажыраткыла.

– Окууңуз кандай?
– ... .
– Ден соолугуңуз кандай?
– ... .
– Иштериңиз кандай?
– ... .
– Эмне жаңылыгыңыз бар?
– ... .
– Кайда барасыз?
– ... .
– Саат канча болду?

**?** **66.** Суроо бергенди үйрөнөлү.

– ... ?
– Мен Ч. Айтматовдун «Кыямат» аттуу романын сатып алдым.
– ... ?
– Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» деген чыгармасын окугам.
– ... ?
– К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү» бар.
– ... ?
– Касым Тыныстановду билем.
– ... ?
– Майрамкан Абылкасымованын «Билим күнү» деген ырын жаттагам.
– ... ?
– Ата-эне, эл-жер, сүйүү темасында көптөгөн макалдарды жазып алдым.

*Ү л г ү :*
– Алмаз, сенде Ч. Айтматовдун кайсы китеби бар (сатып алдың)?

**!** **Билип алгыла.**

### Суроо-жооп табышмактары

Суунун атасы эмне?
– Суунун атасы – булак.
Жолдун атасы эмне?
– Жол атасы – туяк.
Сөз атасы эмне?
– Сөз атасы – кулак.

Дүйнөдө эмне берекелүү?
– Жер.
Эмне отсуз күйөт?
– Күн.
Кезектешип жарык берген эмне?
– Күн, Ай.

**67.** Ролго бөлүп диалогду окугула. Ар кыл темада диалог түзүүгө көнүккүлө.

## ДИАЛОГ

**Болот:** Бейпил күнүңүз менен, Вадим Петрович! Менин сизди көрбөгөнүмө көп болду. Сизге өзүмдүн досум Алмаз Жунушовду тааныштырууга уруксат этиңиз. Бул укук адистигин үйрөнүп жатат, адвокат же тергөөчү болом дейт.

**Вадим Петрович:** Эң жакшы. Сиз Бишкекте окуйсузбу?

**Алмаз:** Мурда мен мектепте окучумун. Азыр Кыргыз улуттук университетинин студентимин.

**Вадим Петрович:** Жигит, сиз өтө жоопкерчиликтүү кесипти тандап алыпсыз.

**Алмаз:** Бул кесип деле башка кесиптердей эле, алардын ар бири жоопкерчиликтүү.

**Вадим Петрович:** Сиздин ата-энеңиз кубанышкан турбайбы?

**Алмаз:** Албетте.

**Болот:** Алмаз – биздин эң мыкты окуучулардын бири, Вадим Петрович! Бул өтө сезимтал, орусча жакшы сүйлөйт.

**Алмаз:** Мунун карындашы Мээрим орусча тим эле шатыратат.

**Вадим Петрович:** Мээрим? Ал канчада (канча жашта, жашы канчада)?

**Болот:** Он алтыда. Шаардагы № 27 орто мектепте окуйт. Эң жакшы окуйт.

**Вадим Петрович:** Чын элеби (койчу)? Мен аны али кичинекей дедим эле. Убакыт кандай тез өтөт! Сенин ата-энең кандай турушат, Болот?

**Болот:** Ыракмат. Алар жакшы турушат. Атам пенсияда, энем болсо ательеде тикмечи болуп иштейт.

**Вадим Петрович:** Анда эмесе ата-энеңе салам айт!

**Болот, Алмаз:** Кош болуңуз, көрүшкөнчө!

## § 12. Текст менен иштөө

**68.** Текстти окугула, которгула, мазмунун айтып бергиле.

### БИЛИМ – ТҮГӨНБӨС БАЙЛЫК

Бир кишинин эки баласы бар эле. Атасы улуу баласын жакшы көрчү. Энчисин улуу баласына бермек болду.

Энеси эки баласын тең жакшы көрчү. Энчини экөөнө тең бөлүп бермек болду. Атасы эненин тилине көнгөн жок. Аялын уруштту. Ал качып, бир кара чийдин түбүнө барып, ыйлап отурду.

Жолдон өтүп бара жаткан жолоочу энени көрдү.

– Эмне үчүн ыйлайсың? – деп сурады.

Эне жай-маанисин айтты. Жолоочу аңгемеге түшүнгөн соң, бир азга ойлоно калды.

– Сиз бекер ыйлабаңыз! Кичи балаңызды окутуңуз. Билим – түгөнбөс байлык дейт. Атанын дөөлөтү колдун кириндей, бат эле жоголот, – деди ал.

Эне жолоочунун сөзүнө макул болду. Баласын окутту. Бала көп жылы тырышып окуду. Түрдүү өнөр үйрөндү. Өнөр аркасында бай болду. Агасы атанын дөөлөтүн күтө албай жакырланды. Абдан жарды болду. Акыры инисинен жардам сурады. «Энеге баланын алалыгы жок. Билим – түгөнбөс байлык».

*Касым Тыныстан уулу*

**түгөнбөс байлык** – неисчерпаемое богатство

**энчисин** – *здесь:* в наследство

**жакырланды** – обнищал

**жай мааниси** – значение случившегося

**атанын дөөлөтү** – богатство, достояние отца

**колдун кириндей жоголот** – уйдет (исчезнет)

1. Тексттин автору жөнүндө эмне билесиңер?
2. «Билим – түгөнбөс байлык» деген сөздү кандай түшүнөсүң?
3. Ата-эне балдарын бирдей көрдүбү?
4. Энчи кимисине ыйгарылды?
5. Эне эмне үчүн ыйлады?
6. Ага ким жардам берди?
7. Эки баланын кимиси акылдуу экен?

**69.** Диалогду окуп, кемтик жана толук сүйлөмдү тапкыла. Аларды пайдаланып, аңгемелешкиле.

– Мен чет өлкөлүкмүн, шаарды билбейм.

– Качан, кайдан келдиңиз? Кайда барасыз?

– Кечээ эле келдим. Германиядан. Дарыкана издеп жүрөм.

– Бул көчө менен түз барсаңыз болот. Тиги көрүнүп турган терезеден да дары сатат.

– Жок, мага борбордук дарыкана керек.

– Анда тигил көчө менен төмөн барасыз. Вокзалдын жанында.

– Ырахмат.

. . .

**70.** Сөздүктү пайдаланып, текстти которгула, суроолорго жооп бергиле.



Юдахин Константин Кузьмич 1890-жылы 31-майда Орск шаарында туулган. Ленинграддагы Чыгыш институтунда, Ленинград мамлекеттик университетинде, Москвада Чыгыш институтунда иштеген.

1944-жылы Кыргыз жерине келип, өмүрүнүн аягына чейин илимий жана педагогикалык иштерде үзүрлүү иштеген. Түрк тилдери боюнча көп эмгектерди жараткан. Булардын ичинен Юдахиндин кыргыз лексикасы боюнча эмгеги зор. «Кыргызча-орусча сөздүктү» түзгөндүгү үчүн 1965-жылы СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон.

**өмүрүнүн аягына чейин** – до конца жизни
**үзүрлүү** – плодотворно

1. К. К. Юдахин кайда иштеген?
2. Ал кайсы институтта кызмат кылган?
3. Ал кандай эмгектерди жараткан?
4. Мамлекеттик сыйлыкты кайсы эмгеги үчүн, качан алган?

**71.** Макалдарды жаттап алгыла. Аякки үч макалды которгула.

Өнөр алды – кызыл тил. Высшее искусство – красноречие.

Өнөрүң болсо, өргө чап. Если у тебя есть умение, скачи вверх (действуй).

Өнөрлүү өргө чабат. Умелый вверх скачет (преуспевает).

Акыл сокурга көз, өлөсөгө жан, дудукка тил боло алат. Ум слепому заменит глаза, немому – язык.

Акылдуунун иши да – акылдуу. Акылдуу киши аз сүйлөйт.

Акылсыз адам мөмөсүз дарак сыяктуу.

**72.** Кашаанын ичиндеги сөз айкаштарын которуп, сүйлөмдү толуктагыла. Көнүгүүнү көчүрүп жазгыла.

1. К. К. Юдахин 31-майда 1890-жылы Орск (родился в городе).
2. Ленинградда, Москвада (работал в институте).
3. Ал 1944-жылы Кыргызстанга келип (работал плодотворно).
4. Түрк тилдери боюнча (создал много трудов).
5. Ал кыргызча-орусча (составил словарь).
6. 1965-жылы К. К. Юдахин Мамлекеттик сыйлыкка (был удостоен).

**73.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле. Иреттик сан атоочторду уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Почточу кимге кайсы гезит-журналдарды таратып берди, аныктагыла. **(«Кут билим», «Суперинфо», «Вечерний Бишкек», «Кыргыз маданияты», «Кырчын», «Кыргыз тили», «Эркин Тоо»)**

*Үлгү:*

– Студент Алмаз канчанчы кабатта жашайт?
– Алмаз алтынчы кабатта жашайт.
– Почточу Алмазга кайсы журналды алып келип берди?
– Почточу Алмазга «Кырчын» журналын алып келип берди.



## § 13. Көнүгүү, машыгуу

**74.** Ырды окугула, жаттагыла.

### МУГАЛИМ

Классында отуруп,
Кылымына ой берген.
Асыл үрөн ал чачкан,
Адамдыкка бой берген.
Алтыдагы бөбөккө
«Алиппени» тааныткан.

Адамзатты илимге
Алып кирген даанышман.
Жетилсин деп жеткинчек
Акыл күчүн төшөгөн.
Баштап өткөн бүт элди,
Билим деген көчөдөн.

Таалим алып жер жүзү
Мугалимдин колунан.
Келечекке адымдап
Келет тайбай жолунан.

Эрксиз элге тараткан
Эркиндик нур, отунан.
Улуу адам өзү да
Мугалимден окуган.

*Ж. Мамытов*

**75.** Текстти которгула. Түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

Когда-то жил на свете воинственный хан Джаныбек. Был он жесток, неуживчив, всегда искал случая напасть на кого-нибудь.

По соседству с ним жил другой хан, по имени Султанмамат. Задумал Джаныбек уничтожить ханство Султанмамата и осадил его город.

Султанмамат собрал приближенных на совет, как избавиться от беды? Долго спорили приближенные, но так ни о чем и не договорились.

В этот час к хану явился мальчик на годовалом жеребце, одетый в старый чапан.

– Что тебе надо? Ты еще ребенок и не сможешь помочь нам добрым советом, – сказал хан.

Мальчик не смутился и ответил:

– Тот человек, который не знает, куда перекочевать и где поставить юрту, не должен править народом.

Султанмамат рассердился и хотел наказать дерзкого. Но вмешались старейшины:

– Высокочтимый хан, ты ведь знаешь нашу старую пословицу: злоба – враг, а ум – друг. Пощади этого мальчика.

Согласился хан пощадить мальчика.

Тогда мальчик смело заявил:

– Пошлите меня гонцом к хану Джаныбеку, но дайте мне самого высокого верблюда и самого старого козла.

Дали мальчику самого высокого верблюда и самого старого козла и отправили к грозному хану Джаныбеку.

Приехал мальчик к хану Джаныбеку.

– Откуда ты едешь, мальчик?

Мальчик не испугался:

– Я из ханства Султанмамата, – сказал он.

Хан Джаныбек возмутился.

– О негодный мальчишка, неужели в вашем народе не нашлось посланца из числа самых больших людей? – спросил он гневно.

– Повелитель мой, – ответил мальчик, – если вы хотите говорить только с самым большим, то поговорите с этим верблюдом.

Хан мой, если хотите говорить только со старейшим, то вот поговорите с этим бородатым козлом, – он у нас самый старый.

Удивился хан находчивости мальчика.

– Ты смел и умен, – сказал грозный хан. – Я награжу тебя. Проси, чего хочешь.

– Подарите мне столько земли, сколько влезет в шкуру моего верблюда.

Усмехнулся хан такой просьбе и кивнул головой в знак согласия.

Тогда мальчик заколол верблюда, вырезал из шкуры тончайшие полоски, связал их в один длинный, узкий ремень, которым опоясал свой осажденный город.

Так мальчик благодаря своему уму и смелости спас родной город.

*Кыргызская народная сказка*

! **76.** Ойлонгула! Окуган жомогуңарга ат койгула.

? **77.** Жомоктун негизинде изложение жазгыла.

План:

1. Хан эмне деп ачууланды?
2. Бала коркпостон, ханга эмне деди?
3. Хан эмнеге ыраазы болду?
4. Бала ханга кандай өтүнүч менен кайрылды?
5. Хан баланын өтүнүчүн кандай кабыл алды?
6. Бала шаарын кантип сактап калды?

**78.** Сүйлөшүүнү окуп, мазмунун түшүнгүлө. Сүйлөшүүнүн негизинде кырдаал түзүп, аны улантkыла.

**Аскар:** Кечиресиз, мен бул жердик эмесмин, ошондуктан адашып калдым. Мейманканамды издеп жүрөм. Ал ушул жакын жерде эле болушу керек.

**Валя:** Ооба, мында жакын жерде «Хайят» мейманканасы бар. Сиз турган мейманкананын аты эмне?

**Аскар:** Мен унутуп койдум.

**Валя:** А мейманкана кайсы көчөдө жайгашкан?

**Аскар:** Менин эсимде жок, бирок мейманкана театрдын жанында эле.

**Валя:** Ал «Хайят» мейманканасы турбайбы. № 17 же № 4 троллейбус менен баруу керек.

**Аскар:** Чоң ыракмат.

**Валя:** Эч нерсе эмес.

**ал ушул аралыкта (жакын эле жерде) болушу керек (ыктымал)** – она должна быть где-то недалеко

**79.** Текстти окуп, тема койгула. Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла (үлгүнү кара).

Менин досум шаарда сейилдөөнү жакшы көрөт. Жекшембиде (жекшемби сайын) саат он экилерде мага келет, анан экөөбүз шаарга сейилдөөгө жөнөйбүз. Мына биз «Ала-Тоо» аянтындабыз. Тарых музейинин жана «Ала-Тоо» кинотеатрынын жанынан өтөбүз да, «Эл куту комплексинин» жанына барабыз. Театрга кирели деп ойлодук. Курманжан датканын эстелигинин айланасында дайыма эл көп, өзгөчө жекшемби күндөрү. Биз эмен багын аралап сейилдейбиз. Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнүн салтанаты үчүн күрөшкөндөрдүн эстелигине келдик.

*Үлгү:*

Менин досум шаарда сейилдөөнү жакшы көрөт.
менин – *ат атооч*
досум – *зат атооч*
шаарда – *зат атооч*
сейилдөөнү – *кыймыл атооч*
жакшы көрөт – *этиш*

## § 14. Бышыктоо

**Эстегиле.**

1. Синтаксистин объектиси эмне?
2. Кандай сөз айкаштарын билесиңер?
3. Орус тилинде канча сөз айкашы бар?
4. Кыргыз тилинде кандай сөз айкаштары бар?
5. Аларды атап, айырмасын тапкыла.
6. Жөнөкөй сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиңер?
7. Бир тутумдуу сүйлөмдөр канчага бөлүнөт?
8. Белгилүү жактуу сүйлөм деп эмнени айтабыз?
9. Жаксыз сүйлөмдүн канча түрү бар?
10. Атама, кемтик жана толук сүйлөмдөр речтин кайсы түрүндө кездешет?
11. Эки тутумдуу сүйлөмдүн түрлөрүн атагыла.
12. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөргө мисал келтиргиле.

**80. Төмөнкү сөз айкаштарынан сүйлөм түзгүлө, алардын ортосундагы байланышты аныктагыла.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. борбор жаңы өнөр жайлуу | шаар | 4. класстык үй лабораториялык | иш |
| 2. чытырман ийне-жалбырактуу тропикалык | токой | 5. окуучунун жазуучунун студенттин | иши |
| 3. таза муздак минералдуу | суу | 6. ишти | баштоо<br>бүтүрүү<br>текшерүү |

**81. Төмөнкү сөздөрдөн, сөз айкашынан жөнөкөй сүйлөм, анан жайылма сүйлөмдөрдү түзгүлө (мен, үй-бүлө, жаз, кел, мектеп, бар, көр).**

*Үлгү:*

Мен.

Мен барамын.

Мен жумушка автобус менен барамын.

Эртең менен мен жумушка автобус менен барамын.

Эртең эртең менен мен жумушка автобус менен барамын.

Эртең эртең менен Алмаз экөөбүз жумушка автобус менен барабыз.

**82.** Текстти окуп, которгула. Сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла. Айтматовдун дагы кандай чыгармаларын билесиңер?

## Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

Ч. Айтматовдун басып өткөн жолуна көз чаптырып карасак, бул жазуучу кайсы чыгармасына көбүрөөк берилип, айрыкча күч жумшап, кайсы чыгармасына бөтөнчө маани бергенин ажыратуу кыйын. «Бетме-бет» повестинен баштап бүткүл күчү менен иштөөнү өзүнүн эстетикалык позициясына айландырганы, ар бир чыгармага өз жүгүн артууну көздөгөнү сезилет.




Улуу жазуучунун чыгармалары атуулдук, гуманизм, жогорку көркөмдүк, философиялык тереңдик, эң татаал, оор маселелерге кайрылуу, жаратылыш менен адамдын тыгыз диалектикалык байланышта экендиги эстен чыгарылбагандыгы менен айырмаланып турат.

Айтматовдун чыгармалары дүйнө жүзүндөгү 160тан ашык тилдерге которулуп, жалпы тиражы 40 миллион нускадан ашты.

Айтматовдун чыгармалары – «Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Ак кеме», «Делбирим», «Кылым карытар бир күн» ж. б. боюнча коюлган оюндар, кинофильмдер Стамбул, Вашингтон, София, Пекин, Варшава, Будапешт, Прага, Лондон, Токио, Дели шаарларынын сахналарында көрсөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын Президентинин атайын жарлыгы менен 2008-ж. Кыргызстанда Айтматов жылы деп жарыяланган.

Улуу жазуучу 2008-ж. каза болуп, сөөгү Ата-Бейитке коюлду. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендигинин 20-жылдыгына карата Ала-Тоо аянтында Айкөл Манас менен Чыңгыз Айтматовдун айкелдери зор салтанат менен ачылды.

**көбүрөөк берилип** – с особым вдохновением
**күч жумшап** – напряжение всех сил
**өз жүгүн артуу** – своя позиция, ноша
**көздөгөнү сезилет** – чувствуется наблюдательность, проницательность
**философиялык терендик** – философская глубина

*Ү л г ү :*

Чыңгыз Айтматовдун басып өткөн жолуна көз чаптырып карасак, бул жазуучу кайсы чыгармасына көбүрөөк берилип, айрыкча күч жумшап, кайсы чыгармасына бөтөнчө маани бергенин ажыратуу кыйын.

Чыңгыз Айтматов – *зат атооч*
басып өткөн – *этиш*
жолуна – *зат атооч*

**83.** Окугула. Бул үзүндү Ч. Айтматовдун кайсы повестинен? Үзүндүнү ролго бөлүп аткарып, класс сахнасына алып чыккыла.

... Жоо эми балдардын сөзүнөн кыргыз тилин баамдап, бул экөө кырылган кыргыз тукуму экенин тааныды. Балдарды ханга алып барышты. Хан Майрык-чаар Жез кемпирди чакырып:

«Бул экөөнү тайга токоюна алып барып жок кылгын! Экинчи кыргыз деген сөздү кулагым укпасын, түбөлүк аты өчсүн!» – деп буюрду. Майрык-чаар Жез кемпир тоолордон, токойлордон өтүп, Эне-Сайдын жээгине келип, эки баланы сууга түрткөнү жатканда:

– Ашыкпа, акылман эне, күнөөсүз балдарды өлтүрбө! – деген үндү укту. Майрык-чаар Жез кемпир карап таң калды. Жанында Бугу-Эне турат.

– Адамча сүйлөгөн сен кимсиң. Сага эмне керек? – деди Майрык-чаар Жез кемпир.

– Мен Бугу-Эне боломун. Мага ушул эки баланы бер,– деди Бугу-Эне.

– Буларды эмне кыласың? – деди тигил.

– Адамдар эгиз музоомду атып өлтүрүштү. Балдарымдын ордуна бала издеп жүрөм. Бул балдарды багып алам, – деди Бугу-Эне.

– Кантейин, болуптур. Бирок бул жерден тез кет, – деди ойлонуп туруп Майрык-чаар Жез кемпир.

Бугу-Эне кыз менен балага айтты:

– Балдарым, эми мына мен силердин энеңермин. Мен силерди ак кардуу Ала-Тоосу бар, ортосунда Ысык-Көлү бар жерге алып барам.

Акыры Бугу-Эне балдарын Ысык-Көлгө жеткирди. Балдар карап туруп таң калышты. Тегерете курчаган ак карлуу Ала-Тоо, боорунда чер токой, ортодо мөлтүрөгөн көл.

– Мына, ушул жер силерге мекен болот, – деди Мүйүздүү Бугу-Эне. Тукумуңар көбөйсүн. Укса кулакка мукам, сүйлөсө тилге жатык, алыстан ала келген тилиңерди укум-тукумуңар унутпасын, эне тилинде эл-жерин даңазалап ырдап жүрсүн.

## § 15. Кайталоо

### Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү сабагы

1. Текшерүү иши (оозеки, жазуу).
2. Текст (ар түрлүү формада).
3. Көрүү, эркин, контролдук диктанттар.

### Текшерүү иши (оозеки, жазуу)

I

1. Өзүң жөнүндө аңгемелеп жаз.
2. Эмгек жөнүндө бир нече макал жазып, анын бирине аныктама бер.
3. Кандай сөз айкаштарын билесиң? Эки тилде салыштыр.

II

1. Белгилүү окумуштуулардын бири жөнүндө аңгемелеп жаз (Касым Тыныстан уулу, К. К. Юдахин, Хусейин Карасаев ж. б.).
2. Жаттаган ырыңды эсиңе тутуп жаз (М. Абылкасымова, «Билим майрамы»; «Кыргыз Республикасынын Гимни»; Ж. Мамытов, «Мугалим»).
3. Берилген тексттен жактуу жана жаксыз сүйлөмдөрдү аныкта, астын сыз?

III

1. Кыргыз эл жомокторунан билесиңби? Анын бирин аңгемелеп жаз.
2. Жаратылыш жөнүндө үчтөн кем эмес макал жазып, бирине аныктама бер.
3. Тексттен кемтик жана толук сүйлөмдү аныкта.

## IV

1. «Кыргыз жергеси» деген темада аңгеме түз.

2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимнин жатка айтып бер.

3. Берилген сөздөрдүн антонимдерин тап, аларга сүйлөм түз.

## V

1. Өзүң сүйгөн мугалимиң жөнүндө аңгемелеп бер.
2. Бат айтма (жаңылмач) айтып бер.
3. Берилген сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүз.

**84.** Ырды көркөм окуп, мазмунун түшүнүп, эсиңерге тутуп жазгыла.

## МУГАЛИМ

Окутуп көптү үйрөткөн,
Ойлонтуп көркөм сүйлөткөн.
Адептүү бол деп ар убак,
Айтканы кетпейт жүрөктөн.

Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.

Аябай акыл кеңешин,
Айдаткан билим кемесин.
Көчөдө, бакта жүрсөк да,
Көрөбүз сүйкүм элесин.

Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.

Келечек күнгө үндөгөн,
Китеп жок өзү билбеген.
Айланып бүткүл жер жүзүн,
Келгендей түгөл сүйлөгөн.

Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.

*А. Кыдыров*

**85.** Текстти окугула. Мазмунун айтып бергиле. «Кыргыз жергеси» деген темада аңгеме түзгүлө.

## СУУЛАРДЫ КОРГОО

Суу – жаратылыштын баа жеткис белеги. Ансыз жашоо болбойт. Башка жаратылыш байлыктарындай эле суулар да мыйзамдын кароосу астында турат. Калктын көбөйүшүнө жана жашоонун өзгөрүшүнө байланыштуу Республикабыздын көп жерлеринде суу тартыш боло баштады. Ошондуктан суу-ну сарамжалдуулук менен пайдалануу зарыл. Сууну дайыны жок агызып койбоо керек. Көлдөрдү, дарыяларды, арыктагы сууларды булгабоо керек. Сууну коргоо – ар бирибиздин милдетибиз. Жашоонун булагы сууну барктай билели!

**тартыш боло баштады** – стало не хватать
**сарамжалдуулук менен** – бережно

**86.** Берилген сөздөрдүн антонимин тапкыла, антоним сөздөр менен үчтөн кем эмес сүйлөм түзгүлө.

Өмүр, эркек, күн, от, тур, бар, кел, жарык, бийик, узун, таза, чоң, ак, тез, жакшы, келди, эрте, адептүү, акылдуу, тартиптүү, алыс, жаңы, батыш, калың, ачуу, жумшак, жаш.

*Үлгү:*
Өмүр – ажал, эркек – аял.

Өмүргө ажал дос эмес.
Өмүрдүн жолу бош эмес.
Өмүр деген – жарык күн,
Өлүм деген – кара түн.
Өмүр – жандын үмүтү,
Өлүм – жандын күйүтү.

*Б. Алыкулов*

**87.** Табышмактарды окугула, тапкыла.

Жалт-жулт этет,
Жалмап жутат.
*(.т)*

Өзү тегерек,
Жарыгы эң керек.
Күндүзү көрөм,
Түндөсү көрбөйм.
*(..н)*

Кызыл жоолук дирилдейт,
Эскиргени билинбейт.
*(о.)*

Кырда кылыч көрдүм,
Кылычымды түндө көрдүм.
*(.й)*

Отто – олойман,
Сууда – сулайман,
Кырда – кылайман.
*(..к, б...к, .й)*

**88.** Аңгемени окуп, айтып бергиле. Өзүңөр да аңгеме түзүүгө аракеттенгиле.

Менин атым – Назгүл. Мен Бишкек шаарында жашаймын. Биздин үй эки кабат, ал шаардын борборунда жайгашкан. Аны Манас көчөсүндөгү эң чоң жана эң кооз үй деп айтышат. Үйүбүздүн биринчи кабатында кухня, кире бериши жана кыргыз бөлмөсү бар. Бул бөлмөдө шырдак, көлдөлөң салынган. Дубалда туш кийиз тартылып турат. Бөлмөнүн бурчунда телевизор турат. Бул бөлмөдө биз үй-бүлөбүз менен эс алабыз, чогуу кино көрөбүз. Экинчи кабатта беш бөлмө бар.

Конок үйү, ата-энем жата турган бөлмө, балдардын бөлмөсү жана менин бөлмөм. Менин бөлмөм чоң, жарык. Терезеде ак түстөгү парда. Бөлмөдө керебетим, шифонерим, жазуу столум, кийим тигүүчү машинам бар. Мага үйүбүз абдан жагат.

**89.** Кыргыз жана орус тилиндеги сүйлөмдөрдүн сөз иретиндеги айырмачылыгына көңүл бургула.

*Үлгү:*

1) Мен Бишкек шаарында жашаймын.

*Сөзмө сөз*: Я, Бишкек, в городе, живу.

Я живу в городе Бишкек.

2) Биздин үй эки кабаттуу, ал шаардын борборунда жайгашкан.

*Сөзмө сөз*: Наш, дом, двухэтажный, он, города, в центре, расположен.

Наш дом двухэтажный, он расположен в центре города.

**90.** Төмөнкү сөз айкаштарын окугула, түшүнгүлө. Эки тилде салыштыргыла.

Жаңы китеп (ыкташуу байланышы).
Новая книга (согласование).
Биздин мектеп (таандык байланыш).
Наша школа (примыкание).

**91.** Макалдарды тематикага бөлүп. Эмгекке тиешелүүсүн өзүнчө, жаратылышка тиешелүүсүн өзүнчө көчүрүп жазгыла, жаттагыла.

1. Абийирдүү жигитке
   Ажалдуу кийик жолугат.
2. Ай катаалы – айда жаайт,
   Күн катаалы – күндө жаайт.
3. Адал эмгек абийир таптырат,
   Арам эмгек азабын тарттырат.
4. Адал эмгек нурдантат,
   Арам эмгек кырдантат.
5. Адам кааласа таштан суу, такырдан гүл чыгарат.
6. Адам эмгеги менен даңктуу.
7. Акак көркү берметте,
   Азамат көркү эмгекте.

8. Алма быш, оозума түш.
9. Ак ойлоп, адал иште.
10. Айыл башы болгончо, суу башы бол.
11. Аары гүл татканды сүйөт,
Ууру түн катканды сүйөт.
12. Аары да гүлдү тандап конот.
13. Ажаан ит таяктан коркот.
14. Адам да көктөмдө арыктайт.
15. Эмгек аздан өнмөк.
16. Иштеген киши карыбайт, карыса да арыбайт.
17. Ашың калса калсын, ишиң калбасын.
18. Дөөлөтүңө ишенбе, мээнетиңе ишен.

*Үлгү:*

1. *Эмгекке карата:*
Ким иштесе, ал тиштейт.

2. *Жаратылышка карата:*
Ай катаалы – айда жаайт,
Күн катаалы – күндө жаайт.

## Тесттер

### I

**1.** «Билим» программасы кайсы жылы кабыл алынган?
1) 1999-жылы
2) 1993-жылы
3) 1995-жылы
4) 1996-жылы

**2.** Байыркы Кыргыз жазуусун чечмелеген окумуштуу.
1) В. Бартольд
2) А.С. Пушкин
3) К. Тыныстанов
4) В. Радлов

**3.** Кыргыз элинин күз мезгилинде өткөрүлүүчү улуттук майрамы.
1) Нооруз
2) Чечкор
3) Орозо айт
4) Үлүш

**4.** «Кыргызча-орусча сөздүктү» түзгөн илимпоз.
1) Ч. Айтматов
2) А. Токомбаев
3) К. К. Юдахин
4) М. Абылкасымова

**5.** Ацетон менен уксус кайсы өсүмдүктөрдөн алынат?

1) жаңгак
2) карагай
3) арча
4) кайың

**6.** Макал-ылакаптардын адамга кандай пайдасы бар?

1) эч кандай пайдасы жок
2) турмушка үйрөтөт
3) тарбиялайт
4) сөз байлыгын өстүрөт

**7.** «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамы качан кабыл алынган?

1) 1990-жылы
2) 1993-жылы
3) 1998-жылы
4) 1989-жылы

**8.** Билим берген ким?

1) акча
2) ата-эне
3) мугалим
4) ден соолук

**9.** Байлык деген эмне?

1) китеп
2) акча
3) дары
4) билим

**10.** Мамлекеттик Гимнибиздин сөзүн кимдер жазган?

1) А. Жапаров, Ж. Султанов
2) Ж. Садыков, Ш. Кулуев
3) К. Молдобасанов, Н. Давлесов
4) Б. Кайыпов, А. Осмонов

## II

**1.** Ээрчишүү сөз айкашы кайсы?

1) үй бүттү
2) бийик үй
3) өтө алыс
4) мал го

**2.** Сүйлөмдөр түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт?

1) толук, кемтик
2) жалаң, жайылма
3) жөнөкөй, татаал
4) бир тутумдуу жана эки тутумдуу

**3.** Төмөнкү сүйлөм жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрүнө кирет?
*Анын билимине таң каласың.*

1) бир тутумдуу
2) эки тутумдуу
3) кемтик сүйлөм
4) белгилүү жактуу

**4.** Төмөнкү сүйлөм бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн кайсы түрүнө кирет?
*Бул токойго барууга болбойт.*

1) белгилүү жактуу 3) белгисиз жактуу
2) атама 4) жаксыз

**5.** Сүйлөмдө ээнин милдетин кайсы сөз аткарып турат?
*Бул окуучу бала китеп алды.*

1) бул
2) окуучу
3) китеп
4) алды
5) бала

**6.** Сүйлөмдүн ээсин тап.
*Жакшы – элин дайыма алга сүрөйт.*

1) алга 3) жакшы
2) элин 4) сүрөйт

**7.** Сүйлөмдөгү тутумдаш ээни тап.
*Билим алуу ийне менен кудук казгандай.*

1) ийне менен 3) кудук казгандай
2) билим алуу 4) ийне менен казгандай

**8.** Бул жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрү?
*Жайлоонун толуп турган кези.*

1) жалаң сүйлөм 3) жайылма сүйлөм
2) атама сүйлөм 4) жаксыз сүйлөм

**9.** Бир тутумдуу сүйлөмдүн кайсы түрүнө кирет?
*Бул ишти кечиктирүүгө мүмкүн эмес.*

1) белгилүү жактуу 3) белгисиз жактуу
2) атама 4) жаксыз

**10.** Жак мүчөлөрүн тап.

1) -сыз, -ыш-, -ныкы, -лар
2) -нын, -ыбыз, -ыңар, -ым
3) -т, -сыңар, -быз, -сың, -мын, -сыздар
4) -ым, -ыңыз, -ың, -ыбыз

## § 16. Тексттер тобу

**92.** Күлкүлүү окуяларды окуп, маанисин түшүнгүлө.

### ТАЛАНТТАР ТАМАШАСЫ

**Жазуучулар ойлогондой**



– Сиз канча акча тапсам деп кыялданасыз? – деп сурашат бир жолу Түгөлбай Сыдыкбековдон.

– Жазуучулар ойлогондой, – дептир анда Түкөм.

**Жокемдин сабактары**



Жолон Мамытов көкүрөгүн урган бир жаш акынга акыл айтыптыр:

– Калемиң курчуган сайын эски акындарды баалай баштайсың. Мен сендей кезимде: «Мен элемин!» – дечүмүн. Жыйырма төрткө чыкканда: «Мен жана Байдылда», – деп калдым. Отузга келгенде: «Байдылда жана мен», – дей баштадым. Азыр болсо: «Байдылда» дегенден башканы айтпайм.

**93.** Төмөнкү макалдарды окуп, тематикага бөлгүлө, котормосу жокторунун маанисин орусча түшүндүргүлө.

1. Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат. (На ловца и зверь бежит.)
2. Жакшы бала эр болот, жаман бала жер болот. (Добрые дети – дому венец, а плохие дети – дому конец.)
3. Адам болуу аста-аста, акмак болуу бир паста. (Уважение трудно заработать, но легко потерять.)
4. Адам эмгеги менен даңктуу. (Человек славен своим трудом.)
5. Билимсиз адам – кор.
6. Билими күчтүү миңди жыгат.
7. Акыл кени китепте.
8. Эски дос эстен кетпейт.
9. Ырыс алды – ынтымак.
10. Ынтымак болбой иш оңолбойт.

**94.** Табышмакты тапкыла.

Минсең – канат.<br>Чапсаң – шамал,

Аны сыйлабаган<br>Кишилер жаман.

(. .)

**95.** Сүрөттүү ырды көркөм окугула. Жаттап алгыла.

## СҮРӨТТҮҮ ЫР

Эсте болсун ар качан,<br>
1  минүүнү кааласаң:<br>
Жакшы болот эң алды,<br>
2 , 3  камдасаң.<br>
4 , 5  анан да,<br>
6  токумду даярда.<br>
Эң керектүү 7 <br>
Унутпагын, абайла.<br>
8  болсун колунда.<br>
Бирок, аны аздектеп,<br>
Багуу турсун оюнда.

1. жылкы (ат)
2. оздук
3. жүгөн
4. тердик
5. желдик
6. ээр
7. басмайыл
8. камчы



**96.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## ООДАРЫШ ОЮНУ

Кыргыз элинин эң байыркы ат оюндарынын бири – оодарыш. Кыргыздар жылкыны өстүрө да, бага да билген. Атты унаа катары гана пайдаланбастан, оюн-зоок, көңүл ачуу, күч сынашууда да минип пайдаланышкан.

Оодарышка уландар, кыздар кичине кездеринен эле көнүгүшөт. Оодарыш оюну кыргыз элинин салты боюнча ашта, тойдо ойнолгон.

Азыркы кезде салтанаттуу күндөрдө, майрамдарда, тойлордо ойнолуп келе жатат. Оодарышка чыккандардын күчү, аттарынын күчү барабар болуш керек. Оюнду уюштуруучу – калыс болот.

Оодарышка катышкандар бирин бири ат үстүнөн оодарып, жерге түшүрсө, жеңишке ээ болот. Оодарышта жеңгендерге салт боюнча байге берилет.

**97.** Жаңылмачты жаңылбай айтууга көнүккүлө.

Белестеги беш кашка кой,
Бешөө беш башка кой,
Бешаласы кулан кой,
Бешаласы дөнөн кой.

Кырк кыл куйрук,
Кырк кызыл куйрук,
Кырк кыл куйрук ичинде,
Ылгый кызыл кыл куйрук.

**98.** Бул калпты окуп, мазмунун түшүнгүлө.

Бир жолборс менен бир карышкыр кармашып туруптур. Жолборсту карышкыр басып алып, жеп туруптур. Башкасы калп болсо да, ушунум чын.

**калп** – небылица, ложь
**жеп туруптур** – съедал

**99.** Белгилүү адамдардын бири жөнүндө аңгеме түзгүлө.

**100.** Окугула, кыргыз тилине сөз иретин бузбай которгула. Сүйлөмдөрдү үлгүдөгүдөй тууралап түзгүлө. Эки тилдеги сүйлөмдөрдөгү сөз иретинин айырмачылыгына көңүл бургула.

## СПОР О ВЕЖЛИВОСТИ

После полдника у нас был разговор о вежливости.

– Вот, например, если я сижу в автобусе, – закричала Лиза Петрова, – а входит старушка, я ей сразу место уступлю!

– Это каждый дурак знает! – закричал Огенес Суприкян. – А еще надо сказать: «Садитесь, пожалуйста!». Поняла, ворона?

– Ты что, с приветом? – закричал Дима Ковалев. – Надо сказать этой старушке: «Будьте любезны, садитесь, пожалуйста». Понятно? А так она и не захочет садиться на твое дурацкое место!

– Да пока ты будешь говорить свои длинные ослиные речи, старушка, может, вообще вылезет из автобуса!

– Не беспокойся! Старушка не такая попрыгунья...

– Сам скачет, а на других сваливает.

Спорили-спорили. И без конца по разговору «пробегали» то осел, то козел, то ворона, то баран.

*По С. Иванову*

*Үлгү:*

Соң, түштөн кийинки, тамактан, бизде, сылыктык, жөнүндө, сөз, болду.

Түштөн кийинки тамактан соң биз сылыктык жөнүндө сөз кылдык.

После полдника у нас был разговор о вежливости.

! **Билип алгыла.**

## ЭЖИГЕЙ

Эжигей – эзелки күлазыктардан болуп эсептелген тамак, аны кыргыздар койдун жана эчкинин сүтүнөн жасашкан. Жаш козунун жумурун таза жууп, уюган айранга салып, эки-үч күн эжигейдин уюткусун даярдашат. Айран ачып-кычыганда койдун жылуу сүтүн куят да, үч саатча дымыктырат. Сүт килкилдеп коюусуна тартканда, казанда көпкө кайнатылат. Эжигей күйүп кетпесин деп, түбүнө чий же чыбык салып коюлат. Кайнай берип улам коюуланып, сары суусу соолуп, эжигей быштактай саргыч тартып калганда от тартылат.

Кээ бир жерлерде эжигейге камыр да кошуп жиберишсе, айрым жерлерде козунун этин да кошо бышырат.

Ар кайсы жерлерде эжигейди ар башкача аташып, ар кандай түрлөрүн бышырышат. «Ууз эжигей» талаа-түздөгү малчылар бышырышса, түндүктүн тоо таянган элдери «быштак эжигейди», «чөбөгө эжигейди» жасашкан.

Эжигейден курут кургатып алышкан, аны сокуга жанчып, жаргылчакка тартып тулуптарга кышы бою сакташкан. Илгеркилер аны майдалап, сары майга, каймакка көөлөп да жешкен.

## ЭЖИГЕЙ

Эжигей один из древнейших видов кюльазыка и относится к категории сыров. Его готовят из овечьего или козьего молока.

Сыгужину (одна из частей желудка) ягнёнка или козленка чисто промывают и кладут в айран. Все это настаивается в течение двух-трех дней. Затем эта закваска заливается теплым овечьим молоком и около 3-х часов томится. Когда молоко загустеет, его начинают кипятить. Чтобы эжигей не пригорал, на дно казана кладется чий или чистые маленькие прутики. В процессе кипения постепенно появляется всплывающая из сыворотки творожная масса желтоватого цвета. Все это должно кипеть до тех пор, пока вся сыворотка не выкипит. Так получается творожный сыр «эжигей».

В разных местах республики эжигей называют по-своему. Раньше скотоводы на долинных равнинах готовили нежный эжигей «эжигей из молозива». В южных предгорьях готовили в основном творожный эжигей «чөбөгө эжигей».

В древности из эжигея изготовливали курут, потом его перемалывали и хранили как кюльазык длительное время.

## § 17. Өтүлгөндөрдү кайталоо

**101.** Сөздөрдү кыргыз тилине которуп, сөз айкаштарын түзгүлө. Алардын түрлөрү менен жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзгүлө.

I

| | |
|---|---|
| а) главный<br>древний<br>крупный<br>новый<br>промышленный<br>современный<br>старый | город |
| б) густой<br>дремучий<br>лиственный<br>хвойный<br>смешанный<br>непроходимый<br>сосновый<br>тропический | лес |

| в) | |
|---|---|
| пресная | |
| кипяченая | |
| минеральная | |
| мутная | |
| холодная | вода |
| прозрачная | |
| мыльная | |
| дождевая | |
| стоячая | |
| речная | |

## II

| а) | | | б) |
|---|---|---|---|
| научная | | | писателя |
| лабораторная | | | в школе |
| домашняя | | | с книгой |
| срочная | работа | работа | по истории |
| физическая | | | ученика |
| вредная | | | студента |
| ручная | | | |

| в) | |
|---|---|
| начинать | |
| получать | |
| проводить | работу |
| закончить | |
| проверить | |

## III

| а) | |
|---|---|
| долгая | |
| духовная | |
| личная | |
| общественная | жизнь |
| семейная | |
| праздная | |

| б) | |
|---|---|
| уровень | |
| смысл | жизни |
| образ | |

в) зарабатывать на жизнь
жертвовать жизнью
отставать от жизни

какой?

Ү л г ү: Главный город (согласование)

кандай?

Башкы шаар (ыкташуу байланышы)

*Биздин башкы шаарыбыз – Бишкек.*

какая?

а) Научная работа (согласование)

кандай?

Илимий иш (ыкташуу)

*Бул – менин илимий ишим.*

чья?

б) Работа писателя (примыкание)

кимдин?

Жазуучунун иши (таандык байланыш)

*Ал – жазуучунун иши.*

что?

в) Начинать работу (управление)

эмнени?

Ишти баштоо (башкаруу)

*Бүгүн ишти баштоо керек.*

**102.** Окуп, которгула. Мазмунун айтып бергиле. Тексттеги сөз айкаштарын дептериңерге көчүрүп жазгыла.

## АБДЫЛАС МАЛДЫБАЕВ



Композитордун чыгармачылык иши 1922-жылдан башталган. Алгачкы ырлары «Акинай», «Кызыл жоолукчан», «Өмүр», «Забойщиктер» эл арасына кеңири тарап, анын ысымын обончу катары тааныткан.

А. Малдыбаев 300гө жакын чыгарма жараткан. Ал элдик фольклорду кылдат пайдалана билген. Ырлары элдик обонго жакын, угулушу көркөм, интонациялык жактан күчтүү. Анын марш түрүндөгү «Кызыл атчандар», «Студенттер маршы» ырлары элди, эмгекти, Мекенди сүйүүгө үндөгөн.

Ал көптөгөн хорлордун музыкасын, композиторлор В. А. Власов, В. Г. Фере менен бирге «Ажал ордуна» музыкалык драмасын, «Айчүрөк», «Патриоттор», «Манас» операларынын музыкасын жазган. А. Малдыбаев драмада жана операда актёр катары элестүү образдарды жараткан. Мисалы,

«Алтын кыз» музыкалуу драмасында Кузнецовдун, «Ажал ордунда» Бектурдун, «Айчүрөк» операсында Күлчоронун, «Аршин мал алан» комедиясында Аскердин, «Евгений Онегин» операсында Ленскийдин, «Кыз Жибекте» Төлөгөндүн ролун аткарган. Ал – Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын ээси, Октябрь Революциясы, үч Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган. А. Малдыбаевдин ысмы Кыргыз улуттук опера жана балет театрына коюлган. Бир сомдук кагаз акчадан силер А. Малдыбаевдин сүрөтүн көрүп жүрөсүңөр.

**103.** Текстти окуп, которгула. Которууда сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибин байкагыла.

Край мой родной, мой Кыргызстан, как рассказать о тебе?

Ты – это величественный Тенир-Тоо и озеро моё – Иссык-Куль, бурные реки (буркан-шаркан дарыялар) в тесных каменных ущельях (таштуу тар капчыгай) и широкие степные долины (кең талаалуу өрөөндөр)...

Ты – это табуны быстрых скакунов (күлүктөр), огромные отары овец (короо-короо койлор), бескрайние поля хлопчатника (пахта), сахарной свеклы, табака...

Ты – это угольные разрезы (көмүр кендери) Кызыл-Кия и Кара-Кече, огромные заводы, выпускающие новейшие сельскохозяйственные машины, сложные физические приборы, медицинскую аппаратуру.

Ты – это новые города с красивыми многоэтажными домами.

И самое большое твое чудо – люди, добрые хозяева своей земли. Их трудом ты славишься и гордишься (сыймыктанасын)!

*К. Сулейманова*

**104.** Тексттин 1–2-абзацтарын сөзмө сөз которуп, маанисине жараша сүйлөм түзгүлө.

*Үлгү:*

1. Край, мой, родной, Кыргызстан, как рассказать о тебе.
2. Өлкө, менин, боордош, Кыргызстан, кантип, айтып бере алам, сен жөнүндө.
3. Өлкөм менин, боордош Кыргызстаным, сен жөнүндө кантип айтып бере алам?

**105.** Ырды көркөм окугула. Суроолорго жооп бергиле. Обону менен ырдагыла.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

*Сөзү Түмөнбай Байзаковдуку*
*Обону Апаз Жайнаковдуку*

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.

Улуусуң – кыргыз жери нурдан бүткөн,
Сулуусуң – кыргыз жери ырдан бүткөн.
Ысык-Көл – жердин көзү, кырлар – кашы,
Адырлар – көкүрөгү, токой – чачы.

Дайралар – кан тамыры, чоку – таажы,
Седеби, топчулары – ар бир ташы.
Кең түздүү, гүл денелүү кыргыз жери,
Кең жүздүү, берекелүү кыргыз жери.

Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,
Жарык нур жер жамалын өпкөн кезде,
Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде,
Дил жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде
Көркүнө көрк кошулат кыргыз жери,
Сезилет ата-эненин мээримдери.

**?**

1. Кыргыз жери кандай экен? Аны кандай элестеттиң?
2. «Мен дагы жолго чыгам таңды тосо» деп ким айтып жатат?
3. Ырда кандай салыштыруулар колдонулуптур? Аларды тексттен тапкыла.
4. Кайсы мезгилде кыргыз жеринин көркүнө көрк кошулат деп жатат? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?
5. «Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
6. Ушул ырды окуп жатып кандайдыр бир сыймыктануу сезими пайда болдубу?
7. Бул ырды радиодон, теледен уктуңар беле?

**106.** Окугула. Ысык-Көл жөнүндө дагы кандай уламыштарды билесиңер?

## ЫСЫК-КӨЛ

*(Уламыш)*

Илгери-илгери бир айылда ай менен күндүн жарыгынан бүткөндөй бир сулуу кыз жашаптыр. Ага эки бир тууган Күнгөй менен Тескей ашык болушат экен. Алар бири-бирине жол бербейт. Ошондуктан кимибиз күчтүү болсок ошонубуз алалы деп сүйлөшүшөт. Жашыл көк жайыкты тандап күч сынаша баштайт.

Аны кыз угуп калат. Кыз жигиттерди сактап калыш үчүн келет. Кыргыздын салты боюнча жоолугун ортосуна таштайт. Ага жигиттер макул болушпайт.

Ошондо кыз катуу ыйлайт. Анын көзүнөн аккан жаш толкуган көлгө айланган экен. Көз жаштын ысыгы, тузу туздуу Ысык-Көл болуп калыптыр. Ал эми Күнгөй менен Тескей кыздын тынчтыгын сактап, кырка тоого айланып калган дешет.

## § 18. Татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк. Анын түзүлүшү, грамматикалык белгилери

## (Общие сведения о сложном предложении. Его структура, грамматические обозначения)

**Эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси жана интонациясы боюнча бир бүтүн ойду билдирсе, *татаал* сүйлөм деп аталат.**

**Взаимодейственное сочетание двух или более простых предложений, представляющее собой единое целое в смысловом и интонационном отношении, называется *сложным* предложением.**

*Мисалы:*

1. Күн жаады, биз үйгө кеттик. – Пошел дождь, и мы пошли домой.

2. Суук болуп, дарактардын жалбырактары саргая баштады. – Наступили холода, и начали желтеть листья на деревьях.

**Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кээде толук, кээде кемтик сүйлөмдөрдөн боло берет.**

**Простые предложения, входящие в состав сложного, могут быть как полными, так и неполными.**

1. Суук болду, кар түштү, бурганак боло баштады. – Стало холодно, выпал снег, началась пурга.

2. Китепти сүйгүлө, ал силердин келечек турмушуңар үчүн керек. – Любите книгу, она нужна для будущей жизни.

3. Чогулуш болот, ошого чейин уюштуруу ишин жолго кой. – Будет собрание, до этого упорядочите организационные работы.

4. Мата атасы – бөз, макал атасы – сөз. – Начало ткани – бязь, начало пословицы – слово (речь).

**107.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү салыштырып окугула. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн айырмасын байкагыла.

| | |
|---|---|
| Кеч күз<br>Эгин-тегин жыйналып бүттү | Кеч күз, эгин-тегин жыйналып бүттү (1+2) |
| Кар түштү<br>Суук боло баштады<br>Балдар жылуу кийиништи | Кар түштү, суук боло баштады, балдар жылуу кийиништи (1+2+3 тутум) |
| Чай ичкенден кийин кел<br>Шаарга барабыз | Чай ичкенден кийин кел, шаарга барабыз (1+2 тутум) |
| Кеч күз<br>Күн салкын<br>Эгин-тегин эчак жыйналып бүткөн | Кеч күз, күн салкын, эгин-тегин эчак жыйналып бүткөн (1+2+3 тутумдуу) |

**108.** Жөнөкөй сүйлөмдөрдү татаал сүйлөмдөргө айландыргыла.

| | |
|---|---|
| 1. Биздин борбор шаарыбыз – Бишкек. Ал бактуу шаар. | 1. ... . |
| 2. Бул – менин илимий ишим. Ал жарык көрдү. | 2. ... . |
| 3. Ишти баштоо керек. Биз жетишпей калабыз. | 3. ... . |

| | |
|---|---|
| 4. Суук болду. Дарактардын жалбырактары саргая баштады. | 4. ... . |
| 5. Күн жаады. Биз үйгө кеттик. | 5. ... . |
| 6. Кеч күз. Күн салкындады. | 6. ... . |

**109.** Текстти окуп, которуп, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү атагыла. Алардын ортосунда кандай окшоштук жана айырмачылык бар?

## КОФЕ

Кофе – бул кофе дарагынын уругу жана андан даярдалган сергитүүчү, күчтөндүрүүчү ичимдик. Кофенин даны чийки, куурулган жана майдаланып тартылган түрүндө пайдаланылат. Кофе чийки данынан алынат. Кофени куурuганда анда жагымдуу даам жана жыпар жыт пайда болот. Мыкты сорттогу кофелер Йеменде өстүрүлүүчү «мокко», Бразилияда «сантос» жана Колумбияда «маме». Кофенин тутумундагы кофеин адамдын борбордук нерв системасына чыйралтуучу жана күчтөндүрүүчү таасир тийгизет.

Жүрөгү, башы, ашказаны оорулуу жана кан басымы жогору адамдарга кофе ичүүгө болбойт. Кофе – дүйнөлүк сооданын объектиси.

**уругу** – его семена
**сергитүүчү** – тонизирующий
**чыйралтуучу** – бодрящий
**кан басымы** – кровяное давление
**дүйнөлүк соода** – мировая торговля

**110.** Окуп, текстти которгула. Татаал сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

Гүлдөрдө жыпар жыттуу заттар болот, алардын молекулалары абага тарайт.

Муздак аба өтө оор келет, ошондуктан дайыма тактайдын бетинде болот.

Канаттуу жантык жана тик өйдө көтөрүлө албайт, ал спираль боюнча жогорулайт, ошондуктан кудуктун ичине түшкөн канаттуу кайра учуп чыга албайт.

Тердеген ат көп жылуулугун буулануурга сарптайт, бул болсо суук тийип, ыланга чалдыктырышы мүмкүн.

Дем чыгарганда буу муздак нерселерге тийүү менен сууга айланат.

Адам мүдүрүлгөндө буттары кыймылын токтотот, ал эми

денеси кыймылын улантат, ошондуктан адам бети менен жыгылат. Адам тайгаланганда, ал көпчүлүк учурда, чалкасынан жыгылат. Муну инерция закону менен түшүндүрүүгө болот.

Балыктын колго болгон сүрүлүүсү аз, ошондуктан ал колдон жылмышып кетет.

**111.** Ролдорго бөлүп окуп, тилиңерди жатыктыргыла.

Куу карагай башынан
Куулап өткөн ким болду?
Жаш карагай башынан.
Жалмап өткөн ким болду?
Жашты, кууну аралап,
Сурап өткөн ким болду?
Кара тоонун боорунан
Капталдай көчкөн ким болду?
Кара чоку башынан
Ат ойноткон ким болду?

Куу карагай башынан,
Куулап өткөн Алмамбет.
Жаш карагай башынан
Жалмап алган комузчу.
Жашты, кууну аралап,
Сурап өткөн Алмамбет.
Кара тоонун боорунан
Капталдай көчкөн жылкычы.
Кара чоку башынан
Ат ойноткон Алмамбет.

**112.** Сүйлөшүүнү улантkыла.

## ДАРЫКАНАДА

1. – Саламатсызбы?
– Саламатчылык.
– Кечириңиз сизди токтотконума. Жакын жерде дарыкана барбы?
– Ооба. Жолдун оң жагына өтсөңүз эле көрүнүп турат.
– Ырахмат.
– Эч нерсе эмес.

2. – Кечиресиз, бул рецепт боюнча дары даярдап берүүңүздү өтүнөм.
– Макул, башыңыз ооруп жатабы?
– Ооба. Качан даяр болот?
– Түштөн кийин, саат 2лерде келиңиз.
– Жакшы болот?
... .

## § 19. Көнүгүү

**113.** Текстти окугула. Которгула. Мазмунун айтып бергиле. Которууда сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибине көңүл бургула.




Шабдан 1839-жылдын жайында Боом капчыгайынын күн батыш жагындагы Көк-Жар деген жерде туулган. Ал 17 жашка келгенде журт ишине аралашат. Ошондон тартып өмүр бою эл үчүн кызмат кылып келген. 1912-жылы 6-апрелде 74 жашында дүйнөдөн кайткан, сөөгү Чоң-Кеминге коюлган.

Шабдандын өмүр баяны кыргыз элинин тарыхына тыгыз байланыштуу. Мурун кыргыз элинин борборлошкон өзүнүн өкмөтү болбогон.

Саясий-экономикалык жактан алганда түштүк кыргыздар менен түндүк кыргыздардын айырмачылыгы болгон. Эгер түштүк кыргыздар Кокон кандыгы менен тыгыз байланышта болсо, түндүк кыргыздар, башкача айтканда, сарыбагыш эли Кокон кандыгына жалпы баш ийгени менен, негизинде ага каршы турган эле.

Шабдан кыргыз элинин билимсиздигин жоюу үчүн, балдарды окутууну ойлоп, Чоң-Кеминге 10 миң сомдук сонун мектеп-медресе салдырган. Ага Шариф Нажималидин деген мугалимди алып келип, балдарды арабча, орусча окута баштаган. Ал өзүнүн уулдары Самүдүндү Самарканга, Кемелин Алматыга (мурдагы Верный) жиберип, гимназияда окуткан.

*Кыргыз санжырасы, I том*

**журт** – народ
**сөөгү** – останки
**тыгыз** – тесно
**мектеп-медресе салдырган** – построил школу-медресе

?
1. Шабдан баатыр качан, кайда туулган?
2. Ал канча жашында журт ишине аралашат?

3. Шабдан баатыр канча жашында, кайсы жылы дүйнөдөн кайткан?

4. Мурун кыргыз элинин борборлошкон өкмөтү болгонбу?

5. Ал кайсы жерге мектеп-медресе салдырган?

6. Медреседе балдар кайсы тилдерде окушкан?

7. Шабдан баатыр балдарын кайда окуткан?

**114.** Тексттин үчүнчү абзацындагы татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө айландыргыла. Сөзмө сөз которуп, маанисине жараша орусча сүйлөм түзгүлө.

*Үлгү:*

I. 1. Шабдан кыргыз элинин билимсиздигин жоюуга аракеттенген. 2. Балдарды окутууну ойлогон. 3. Чоң-Кеминге 10 миң сомдук сонун мектеп-медресе салдырган.

II. 1. Шабдан, кыргыз, элинин, билимсиздигин, жоюуга, аракеттенген. Шабдан, кыргыз, народа, безграмотность, ликвидировать, старался. Шабдан старался ликвидировать безграмотность кыргызского народа.

2. Балдарды, окутууну, ойлогон. Детей, учить, думал. Думал учить детей.

3. Чоң-Кеминге, 10 миң сомдук, сонун, мектеп-медресе, салдырган. В Чон-Кемине, 10 тысяч, сомов, прекрасный, школа-медресе, построил. Он построил за 10 тысяч сомов прекрасную школу-медресе в Чон-Кемине.

**115.** Көнүгүүнү көчүрүп жазып, татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыраткыла. Сүйлөм мүчөлөрүн таап, талдагыла.

Шабдан баатыр 1839-жылы Көк-Жар деген жерде туулган. Ал он жети жашка чыкканда журт ишине аралашат. Шабдан баатыр жетимиш төрт жашка чыгып, 1912-жылы дүйнөдөн кайтат. Мурда кыргыз элинин борборлошкон өкмөтү болгон эмес. Ал ошол кезде Чоң-Кеминге мектеп-медресе салдырып, балдарды окуткан. Медреседе балдар араб жана орус тилдеринде окушкан. Баатырдын өз балдары Самүдүн Самарканда, Кемел Алматыда окуган.

*Үлгү:*

Ал 17 жашка чыгат. Журт шине аралашат.

**116.** Окугула. Кыргыз элинин чыгаан коомдук-саясий ишмери жөнүндө кеңири маалымат алгыла.

– Шабдан баатыр ким болгон?

– Шабдан баатыр коомдук ишмер болгон.

– Ал кандай адам болгон экен?

– Ал өтө жөнөкөй, кичи пейил, бой көтөрбөгөн адам болгон экен.

– Шабдан орус падышасы тарабынан эмне үчүн сыйлыктарга татыктуу болгон?

– Ал Анжыян-Алай көтөрүлүшүн токтотуп, кыргыз эли менен Орусия элинин ортосундагы достук мамиле түзгөндүгү үчүн.

– Шабдан кайсы жылы «Войсковая милиция улугу» деген наам алат?

– Ал 1883-жылы Орусия элине өкүл катары орус падышасынын (Александр III) тактыга отуруу аземине катышууга барганда «Войсковая милиция улугу» деген наам алат.

**көтөрүлүш** – восстание
**достук мамиле** – дружеское отношение
**улук** – повелитель, правитель
**тактыга отуруу** – коронование, восхождение на престол

**117.** Ырды көркөм окугула. Мазмунуна түшүнгүлө. Каалаган эки куплетин жаттап алгыла.

## АТАЛАР ЖАНА АТА ЖУРТ

Эл үчүнбү, жер үчүнбү керектей,
Эл атынан сунулган бир белектей.
Шабдан атам кыргыз элдин даңкы үчүн,
Тууганга өздөй, душманына бөлөктөй.

Кар чокулуу биздин Ала-Тоо учу
Эл жакалай жай, кыш кырка конуучу.
Теңир-Тоону душман басып албас деп,
Ошол санаа аталарда болуучу.

Түлкү, Ормон, Байтик жана Атаке,
Жантай атам, Шабдан баатыр, Дүр дагы,
Намыс-арым, тирилигим бүгүнкү,
Жеңилбеген күчүм, сырым ырдагы.

Оо, аталар, айланайын, Ата журт,
Аралашып жүрөт ичте ар жандар.

Колдон тайып кетпесе экен биздин кут.
Болбосо экен кызыл кыргын, майдандар.

Кандай болуп канга сиңип кеткени,
Каада өңдүү Ата журттун кептери.
Өзүң үчүн өтүп жаткан көрүнөт,
Өмүрүмдүн эртеңи да, кечтери.

*М. Абылкасымова*

! **Билип алгыла**

Ата – өз атабыз.
Чоң ата – атабыздын атасы.
Баба – чоң атабыздын атасы.
Буба – бабабыздын атасы.
Куба – бубабыздын атасы.
Жото – кубабыздын атасы.
Жете – жотобуздун атасы.

Силер да жети атаңарды билип алгыла!

## § 20. Тең байланыштагы татаал сүйлөм (Сложносочинённое предложение)

**Жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан тең укукта болушса, *тең байланыштагы татаал* сүйлөм деп аталат.**

**Сложное предложение, состоящее из равноправных простых предложений, соединённых сочинительными союзами, называется *сложносочинённым* предложением.**

*Мисалы:*

1. Бирде күн жарык тийип турат, бирде жаан жаайт, бирде катуу шамал жүрөт.

2. Бирде күн жарык тийип турат, бирде жаан жаайт, бирде жөө туман каптайт, бирде катуу шамал жүрөт. – То солнце светит ярко, то дождь идет, то наползает густой туман, то дует сильный ветер.

3. Кар калың түштү, бирок суук болгон жок. – Выпал густой снег, однако холодно не было.

**Татаал сүйлөмдөрдүн бөлүктөрү өз ара байламталар аркылуу жана байламтасыз байланышат.** Байламталар: *жана, бирок, бирок да, же, же болбосо.*

**В сложносочиненном предложении связь между простыми бывает союзной и бессоюзной.** Союзы: *жана, бирок, бирок да, же, же болбосо.*

*Мисалы:*

1. Көп аракет кыл – акыры тилегиңе жетесиң. – Трудись много, и в конце концов достигнешь своей желаемой мечты.

2. Бардыгын көкүрөгүңө түйө бер, көптү билсең, максатыңа жетесиң. Кулак укканды көз көрөт. – Старайся все запомнить и выучить, будешь знать многое, достигнешь своей цели. То, что слышал увидишь своими глазами.

3. Үмүт үзбөй коё туралы, мүмкүн келип калат. – Не будем терять надежды, может, еще придет.

**118.** Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө.

| | |
|---|---|
| күз | бирде, күн, жарык, тиет, бирде, катуу, шамал, болот. |
| кыш | калың, кар, түшөт, бирок, суук, болгон, жок. |
| талаа | трактор, иштебейт, анткени, мотор, бузулуп, калды. |
| кофе | ал, кофе, дарагынын, уругунан, жасалат, да, ден соолукка, пайдалуу, таасирин, тийгизет. |
| академик | П. П. Павлов, 60 жашка, да, чыкса, ал трапеция, менен, тегеректе, көнүгүү, жасап, секирүүчү, экен. |

*Үлгү:*

Күзүндө бирде күн жарык тиет, бирде катуу шамал болот.

**119.** Которуп, татаал сүйлөм түзгүлө. Эки тилдеги тыныш белгилерин байкагыла.

| | |
|---|---|
| 1. Весна. | 1. Ярко, светит, солнце, люди, снимать, теплая, одежда. |
| 2. На уроке. | 2. Учитель, диктовать, упражнение, ученики, расставлять, запятые. |
| 3. После уроков. | 3. Мальчики, копать, земля, девочки, сажать, цветы. |
| 4. Кем работают твои родители? | 4. Отец, работать, бригадир, мать, лечит, больные. |

*Үлгү:*

Жаз. Күн жылыйт да, адамдар жылуу кийимдерин чечишет.

Весна. Ярко светит солнце, и люди снимают тёплую одежду.

**120.** Суроолорго татаал сүйлөмдөр менен жооп бергиле, байламталардын астын сызып, тыныш белгилерин койгула. Жөндөмө мүчөлөрүн аныктагыла.

| | |
|---|---|
| 1. Жолборстор менен бөкөндөр кайда жашайт? | 1. тоодо, талаада |
| 2. Жазында чабалакейлер менен кара чыйырчыктар кайдан учуп келишет? | 2. Африкадан, Индиядан |
| 3. Кумшекер жана жуулган май эмнеден алынат? | 3. кызылчадан, сүттөн |
| 4. Сенин досуң эмнеге кызыгат? | 4. шахмат ойноого, марка жыйноого |
| 5. Балка жана араа менен эмне кылат? | 5. ... ... |
| 6. Ысык-Көлгө кайсы өзөндөр куят? | 6. ... ... |

*Үлгү:*

Ж.ж. Ж.ж.

Жолборс тоодо жашайт, ал эми бөкөн талаада жашайт.

**121.** Төмөнкү текстти окуп, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн канчасы интонация аркылуу, канчасы байламталар аркылуу байланышканын аныктагыла. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

Шабдан он жети жашка чыкканда, журт ишине аралашат. Шабдан кыргыз элинин билимсиздигин жоюуну, балдарды окутууну ойлогон. Ал Чоң-Кеминге барып, он миң сом жумшап, мектеп-медресе салдырган. Ага Шариф Нажималидин деген мугалимди алып келип, балдарды арабча, орусча окуткан.

Ал Анжыян-Алай көтөрүлүшүн токтоткон жана кыргыз эли менен Орусия элинин ортосунда достук мамиле түзгөн. Мектеп шаңга бөлөндү, себеби Шабдан баатырдын 160 жылдык маарекесине арналган кече башталмакчы. Кечеге анын урпактары: акын Майрамкан Абылкасымова жана журналисттер келишти да, кече башталды.

**122.** Текстти окугула. Которгула. Суроолорго жооп бергиле, мазмунун айтып бергиле.

## МАЙРАМКАН АБЫЛКАСЫМОВА

Кыргыз Республикасынын эл акыны, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын ээси Майрамкан Абылкасымова 1936-жылы 7-ноябрда Кемин районундагы Алмалуу айлында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.



Ал айылдык мектепте окуп, жетинчи классты аяктагандан кийин эле Бишкек шаарындагы педагогикалык окуу жайына кирип, аны 1953-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. Ошол эле жылы борборубуздагы Кыз-келиндер педагогикалык институтунун филология факультетине тапшырып, 1958-жылы кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүргөн.

М. Абылкасымова гезит, журналдарда адабий кызматкер болуп иштеген. Анын адабий чыгармачылык шыгы эң эрте ойгонгон. Анын ар кыл курактагы жаштарга, Ата журт ж. б. темаларга арналган бир канча ыр жыйнактары бар. Акындын чыгармалары орус, украин, казак, болгар, моңгол, немис, венгр, поляк, француз тилдерине которулган.

Үчүнчү даражадагы Манас ордени менен сыйланган.

**адабий чыгармачылык шыгы** – литературное призвание
**эң эрте ойгонгон** – проявилось рано

**Суроолорго жооп бергиле.**

1. Майрамкан Абылкасымова ким?
2. Абылкасымова качан, кайда, кимдин үй-бүлөсүндө туулган?
3. Ал кайдан окуган?
4. М. Абылкасымова кайда иштеген?
5. Кандай жыйнактары бар?
6. Чыгармалары кайсы тилдерге которулган?

**123.** Ырды жаттагыла. Ырдын мазмунун түшүнгүлө.

## КАЛАБЫ...?

Аябадык жерди, абаны,
Таза тутпай бак арасын, көчөнү.

Бизден кийин жер ташкындап калабы,
Чөлгө айланып кашка суунун өзөнү.

Билбейм ага, башыңды жерге саласың,
Кайда сенин кайрат, катуу кептериң?
Ушалайсың нечен колдун салаасын,
Арман ырга менин толду дептерим.

*М. Абылкасымова*

## § 21. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм

**124.** Төмөнкү макалдарды окуп, түшүнүп, тыныш белгилерин койгула. Көчүрүп жазгыла. Эстеп калгыла.

1. Эр – бир өлөт эс – миң өлөт

Молодец умирает один раз ум умирает тысячу раз (за свою жизнь человек много раз ошибается)

2. Эр болсоң көк бол айткан сөзгө бек бол

Если ты молодец будь настойчив в слове будь тверд

3. Эр карыйт ой карыбайт

Молодец стареет (но) помыслы не стареют (он всегда готов тряхнуть стариной)

4. Эр азамат өлсө Чубактын кунун куугандай кууйт

Если умрет (погиб от руки врага) молодец ты взыщи за его кровь как за кровь Чубака

5. Мээнетиң катуу болсо тапканың таттуу болор

Если труд твой тяжел то пища твоя будет сладкой

**125.** Ырды окугула, жаттагыла.

Жайлоодо дары кымыз кыргыз даамы,
Ат чапмай, улак тартмай кыргыз шаңы.
Силерди күтүп жатат жол карашып,
Ала-Тоо аймагында элдин баары.

*А. Айталиев*

**126.** Текстти окугула. Которгула. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдү тапкыла.

## УНУТУЛГУС КҮН

1992-жылы баш оона айынын 29у, ишемби күнү Кыргыздардын эл аралык биринчи курултайы болду. Бул күндөрү дүйнөгө жылдыз сыңары чачылып кеткен кыргыздар чогулду. Курултайдын максаты да, милдети да бир – улуттук баш кошууга, биримдикке, ар түрдүү элдердин, мамлекеттердин ортосундагы достукка, өз ара кызматташтыкка көмөктөшүү. Биз жалаң тойлордо же жакшылыктарда эле эмес, жамандык башка түшкөндө да бирге болушубуз керек. Курултай – кыргыздын өткөнү, бүгүнкүсү жана эртеңи. Келечек тагдыры тууралуу көңүлдөн чыккан сыр чечишүү, проблемаларды биргелешип талкуулоо. Ошон үчүн туш-туштан, төгөрөктүн төрт бурчунан чогулушту.

2003-жылы август айынын аягында Кыргыздардын эл аралык экинчи курултайы болуп өттү.

**жылдыз сыңары** – подобно звездам
**чачылып кеткен** – разбросанный
**көмөктөшүү** – помогать
**көңүлдөн чыккан** – (исходящее) от души
**төгөрөктүн төрт бурчунан** – со всех сторон света

?

1. Курултай качан болду?
2. Ага кимдер чогулушту?
3. Курултайдын максаты эмне?
4. Биз кайсыл учурда бирге болушубуз керек?
5. Курултайда кандай проблемаларды талкуулашты?
6. Курултайга кимдер келишти?

**127.** Диалогду суроолор менен толуктагыла. Дептериңерге жазып алгыла.

– ........................................?

– 1992-жылы баш оона айынын 29у, ишемби күнү Кыргыздардын эл аралык биринчи курултайы болду.

– ........................................?

– Бул күнү дүйнөгө жылдыз сыңары чачылып кеткен кыргыздар чогулду.

– ........................................?

– Курултайдын максаты да, милдети да бир – улуттук баш кошууга, биримдикке чакыруу, түрдүү элдердин, мамлекеттердин ортосундагы достукка, өз ара кызматташтыкка көмөктөшүү.

– ........................................... ?

– Биз дайыма бирге болушубуз керек.

– ........................................... ?

– Курултай – кыргыздардын келечегин, проблемаларды биргелешип талкуулоо.

– ........................................... ?

– Кыргыздар төгөрөктүн төрт бурчунан чогулушту.

**128.** Диалогду ролдорго бөлүп окугула.

– Аскар, бүгүн кайсы күн?

– Баш оона айынын жыйырма тогузу.

– Кандай күн?

– Унутулгус күн.

– Эмне үчүн?

– Бүгүн Кыргыздардын биринчи курултайынын салтанаттуу ачылышы.

– Ага кимдер келишти?

– Бүткүл дүйнөгө жылдыз сыңары чачырап кеткен кыргыздар келишти, – деп жооп берди Аскар. Сергей угуп, көп нерсени билгенине кубанды.

**129.** Текстти окуп, сүйлөп бер.

Аскар, Сергей, Мурат, Алмаз, Александр, Вова мектепке келе жатышып, «Ысык-Көл» мейманканасынын жанына келип токтошту.

– Аскар, булар кимдер? – деди Сергей.

– Тиги машинадан түшүп жаткан аксакал – Азиз Айтвар.

– Сен кайдан билесиң?

– Кечинде «Ала-Тоо» программасынан көрсөтпөдүбү. Ал аксакал өзүн тааныштырды.

– Ал кайдан келиптир?

– Австралиядан. Мурда Кытайда жашаптыр.

– Балдары бар бекен?

– Тиги жанындагы небереси – Нурлан. Ал Бишкекте жашайт экен. Үч кыз, эки уулум бар деди.

– Канча жашта экен?

– Сексен төрттөмүн деди го.

– Ал бактылуубу?

– Ананчы, туулуп өскөн жерин көрдү да, – деп сүйлөшүп мектепке жете келишти.

**130.** Ролдорго бөлүп окугула. Сүйлөшүүгө машыккыла. Диалогдон татаал сүйлөмдөрдү тапкыла.

## МЕЙМАНКАНАДА

Телевизордон дүйнөгө жылдыз сынары чачылып кеткен Кыргыздардын курултайы болорун угуп, аларга кезигүүнү эңсеп барып калдык.

«Ысык-Көл» мейманканасынын тегереги шаңдуу, мейман тосуп жатканы билинип турат. Апакай боз үйлөр тигилген, машиналар, мейман тосуп жаткан кыз-жигиттер да шаңдуу. Мейманкананын үчүнчү кабатында жайгашкан Азиз Айтвар менен баарлаштык.

– Саламатсызбы, ата?

– Саламатчылык, келгиле, кыздар.

– Биз Бишкек шаарында турабыз, иштейбиз. Алыстан туугандар келди деп угуп, келип калдык.

– Жакшы болот. Таанышып алалы. Менин атым Азиз Айтвар. Бул – неберем Нурлан. Бишкекте турат.

– Ата, сиздин туулуп өскөн жериңиз кайда?

– Мен Ысык-Көлдө туулгам. 1916-жылкы Үркүндө эл менен кошо Кытай жерине бардык.

– Сиз Кытайдан келдиңизби?

– Жок, мен Австралиядан келдим. Кытайда өстүм, үйлөндүм, анан Австралияга бардым.

– Ата, сиз жериңизден кеткенде канча жашта элеңиз?

– Мен анда чыбык минип, ойноп жүргөн жаш бала элем. Он экидеги кезим.

– Канча бир тууганыңыз бар, канчасы келди?

– Жерибизге 1961-жылы эки иним, уулум келди. Ата-энем Кытайда каза болушту.

– Канча балаңар бар?

– 2 уул, 3 кыз, 25 неберем бар. Нурландын атасы Хамит Бишкекте турат.

– Аксакал, туулуп өскөн жериңизге бардыңызбы?

– Барып келдим, ата-бабаларга куран окудум. Туугандарга учураштым.

– Теңтуштарыңызга кезиктиңизби?

– Ооба, кезиктим, алар да бирин-серин эле калыптыр, – деп терең үшкүрдү...

– Жериңизде өзүңүздү кандай сездиңиз?

– Туугандарга кезиктим, алар менен акыркы жолу жолугуштум.

– Эмне үчүн акыркы деп айтып жатасыз?

– Мен сексен төрткө чыктым, кайрылып келбейм, канча жашайм, ким билет?

– Аксакал, сиз бактылуусузбу?

– Ооба, – деп көзүнөн жаш агып, сакалын аралай, чапанына тамды.

– Ата, сиздин жашооңуздагы эң жакшы, эстен кеткис күн кайсы күн?

– Бүгүнкү күнү, мен өз мекениме келдим, туулуп-өскөн жеримди – Ысык-Көлүмдү көрдүм. Силерге окшогон кыздар менен баарлашып олтурам, – деп кайраттана түштү.

**131.** «Тууган жер» деген темада чакан дилбаян жазгыла.

## § 22. Көнүгүү, машыгуу

**132.** Окуп, которгула. Суроолорго жооп бергиле, мазмунун айтып бергиле. Тең байланыштагы сүйлөмдөрдү тапкыла, алар кандай жол менен байланышкан?

### ЫСЫК-КӨЛ



Ысык-Көл – жетимиштен ашык өзөндөрдүн куймасынан пайда болгон тоо көлү. Көлдүн айланасы асман тиреген бийик тоолор менен курчалган. Уламыш боюнча мурун көл жайгашкан жерде чоң кооз имараттары бар шаар болгон экен. Ал шаарды шаар башкаруучунун күнөөсүнөн улам суу каптап кеткен дешет. Көлдүн суусу тунук болгондуктан, көлдүн түбүнөн ошол шаардын урандылары азыр да көрүнүп турат деген божомолдор бар.

Көл кышкы аязда да тоңбойт. Ошондуктан аны эл Ысык-Көл деп аташкан. Көлдүн айланасы кооз, абасы таза, суусу адамга жагымдуу. Ошондуктан Ысык-Көлдүн айланасындагы курорттордун мааниси чоң. Анын курортторунда жана ар кандай эс алуу жайларында миңдеген адам эс алып, ден соолугун чыңдашат.

*«Кыргыз жергеси» энциклопедиясы*

**ашык** – свыше
**өзөндөрдүн куймасы** – приток рек
**асман тиреген** – до небес
**көлдүн түбү** – дно озера
**урандылар** – развалины

133. Диалогду улантып жазгыла. Суроо берүүгө үйрөнгүлө.

– Ысык-Көл Кыргызстандын эмнеси?
– Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети.
– Ысык-Көлгө канча өзөн куят?
– Ысык-Көлгө жетимиштен ашык өзөн куят.
– Ысык-Көлдүн айланасын эмне курчап турат?
– Көлдү асман тиреген бийик тоолор курчап турат.
– Мурун шаар болгонун кайдан билебиз?
– Уламыштарга караганда мурун шаар болгон экен.
– Кийин эмне болгон дешет?
– Кийин суу каптаган дешет.
– ... ?
– Аны көлдүн түбүндөгү шаардын урандыларынан деп божомолдошот.
– ... ?
– Көл тоңбойт.
– ... ?
– Ошондуктан Ысык-Көл деп аталып калган.

– ... ?

– Көлдүн суусу таза, абасы адамга жагымдуу.

– ... ?

– Көптөгөн курортторуна барып адамдар ден соолугун чыңдашат.

– ... ?

– Ошондуктан көлүбүздү сактайлы!

**134.** Кырдаал боюнча сүйлөшүүгө көнүккүлө.

Ош базарына кире бериш жерден шашып келе жатып, бир жаш жигит менен беттешип калдым.

– Ой, кечиресиз! Сизди байкабай эле...

– Эч нерсе эмес, мен да шашып жүргөм, Ысык-Көлгө эс алганы бара жаттым эле.

– Мен дагы, таанышып алалы.

– Сиздин атыңыз ким?

– Нурлан.

– Менин атым Адилет.

– Сиз мурда көлгө түштүңүз беле?

– Ооба, былтыр.

– Ысык-Көл кандай? Мен биринчи жолу бара жатам.

– Ысык-Көл – өтө кооз көл.

– Ооба, мен да угуп жүргөм, бекеринен берметке теңебесе керек.

– Чын эле, А. Осмоновдун ырларында Ысык-Көл жөнүндө жазганы көп ээ, отуздан ашуун.

– Ооба, мен акын болсом, көп ыр жазмакмын. Көлдү көздүн карегиндей сактоого чакырмакмын!

**135.** Төмөнкү текстти окуп, татаал сүйлөмдү ажыраткыла. Дептериңерге көчүрүп жазгыла.

Азыркы Ысык-Көл турган жер илгери калмак ханынын шаары экен делет да, бул жөнүндө ар түрлүү уламыштар айтылат. Өзүнүн шаарындагы элдер гана эмес, коңшу айылдагылар да жаман көрчү. Элге чексиз чыгым салып, күнөөсүздөрдү жазага тартчу экен. Элге жеңилдик бер, андай жазалаба, – деген экен эл...

**чексиз чыгым** – безграничный расход
**башыңды алам** – отрублю голову (сниму)

**136.** Көнүгүүнү кыргыз тилине которгула. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө айландыргыла.

Наша республика большая и красивая. В Кыргызстане много лесов, рек, озёр, полей. Они красивые. Нельзя их загрязнять. Нельзя ломать ветки в лесу и жечь костры. Нельзя бросать сор в озеро и реку. Природу нужно беречь.

Я отдыхала в санатории «Иссык-Куль». Мы ходили в горы, катались на пароходе, купались в озере. Я научилась плавать. И хорошо укрепила своё здоровье. Я хочу ещё поехать в этот санаторий.

*Үлгү:*

а) Биздин өлкө чоң жана кооз.

б) Кыргызстанда токойлор, өзөндөр, көлдөр жана талаалар көп.

в) Биздин өлкө чоң жана кооз, анда көп токойлор, өзөндөр, көлдөр жана талаалар бар.

**137.** А. Осмоновдун ырын көркөм окугула. Жаттагыла. Мазмунуна түшүнгүлө. Ырдын негизинде Ысык-Көлдү сүрөттөп аңгеме түзгүлө.

ЫСЫК-КӨЛ

Жаш белем...Тентек белем... Ысык-Көлүм...
Ойноткон толкунуна каз, өрдөгүн,
Жай күнү күн батарда карап турсаң,
Жуткандай жайлоо желин, сергийт көңүлүң.

## § 23. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм

| Татаал сүйлөмдүн бөлүктөрү төмөндөгүдөй байламталар аркылуу байланышат: | Простые предложения в составе сложных соединяются при помощи следующих союзов: |
|---|---|
| **1. Бириктирүүчү: жана, ары (да, менен).** | **Соединительные: *и, да (в значении и).*** |

*Мисалы:*

1. а) Асман ачык жана жылдыздар күндөгүдөн коюу. – Небо чистое, и на нем еще больше, чем всегда, звезд.

б) Ар бир элдин тилеги – эркиндик жана эркиндик үчүн

күрөш. – Мечта каждого народа – свобода и борьба за свободу.

2. а) Күн бүркөлдү да, жаан жаай баштады. – Стало пасмурно, и начался дождь.

б) Жаан басылды да, күн ачыла баштады. – Дождь перестал, и стало проясняться.

| | |
|---|---|
| **2. Каршылагыч:** ***бирок, анткени менен, ошенткени менен, ал эми, а, ошентсе да, антсе да*** **ж. б.** | **Противительные:** ***а, но, однако*** **и т. д.** |

*Мисалы:*

1. Ооба, бороон-чапкындуу кыш да болот, бирок жаз да келет. – Да, будет и вьюжная суровая зима, однако придет и весна.

2. Арстан катуу качырат, бирок жумшак алат. – Лев бросается молниеносно, но хватает мягко.

3. Барды жоготуп коюш оңой, ал эми жоктон бар кылыш кыйын. – Потерять все – легко, а получить что-нибудь из ничего – трудно.

| | |
|---|---|
| **3. Ажыраткыч:** ***же, же болбосо.*** | **Разделительные:** ***или, то ... то.*** |

*Мисалы:*

1. Быйыл окууга барам, же болбосо фирмада иштейм. – В этом году я поеду учиться, или же буду работать на фирме.

2. Жайлоодо бирде жамгыр куят, же кар жаайт, бир туруп күн нурун чачат. – На жайлоо то льёт дождь, то идет снег, то неожиданно светит солнце.

**138.** Төмөнкү текстти орусчага которуп, таблицанын негизинде эки тилде тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламталарды тапкыла.

| | |
|---|---|
| жана<br>да<br>менен | и |
| бирок<br>бирок да<br>бирок дагы | но |
| антсе да<br>ошентсе да<br>ошондо да | но всё-таки |

| | |
|---|---|
| ошондой болсо да<br>бирок ошондой<br>болсо да ж. б. | но всё же и т. д. |
| а<br>ал эми<br>болбосо | а то<br>а не то<br>не то |
| же<br>же болбосо<br>бирде-бирде | или<br>или же<br>то-то |

Бир топ күндөр өттү, бирок эки коңшу ортосундагы душмандык басылган жок.

*А. Пушкин, «Дубровский».*

Токойчу бир сөз сүйлөгөн жок, дыйкан да унчуккан жок.

*И. Тургенев, «Аңчынын аңгемелери».*

Кабинеттин эшиги ачылды да, босогодон Кутузов көрүндү.

*Л. Толстой, «Согуш жана тынчтык».*

Жол бошоду да, биз нары кеттик.

*М. Элебаев, «Узак жол».*

Үйдүн ичинде отуруп думугуп кеттим да, мен таза аба жутуу үчүн тышка чыктым.

*М. Лермонтов, «Бэла».*

Соня менен Наташа Курагиндикине чоң дасторконго чакырылып калды да, Марья Дмитриевна аларды ээрчитип барды.

*Л. Толстой, «Согуш жана тынчтык».*

Бурулча Жапар менен сүйлөшкүсү келди эле, бирок Жапар унчукпастан бөлмөсүнө кирип кетти. Ай Жерди айланып жүрөт, бирок Жер да Күндү айланып жүрөт. Бирде катуу шамал согуп турат, бирде күтүлбөгөн жерден бороон башталат.

**139.** Кырдаал боюнча сүйлөшүү.

– Бурана мунарасы кайда?
– Ал Токмок шаарынын түштүгүндө жайгашкан.
– Бул мунара кайсы кылымга таандык?

– Бул археологиялык эстелик орто кылымга таандык дешет.

– Сен мурда Буранада болдуң беле?

– Ооба, мен өзүм Бурана айылынанмын да.

– Анын айланасында эмнелер бар болду экен?

– Айланасында өзүнчө чептер бар.

– Мунара бийикпи?

– Анын сырткы дубалынын узундугу 15 чакырымдан ашык. Ал XI кылымда бышкан кыш менен төрт бурчтуу түптөлүп, 8 кырдуу цилиндр формасында тургузулган.



– Бурананын башына (чокусуна) кантип жетебиз?

– Жетиш бир топ кызыктуу. Ичинде буралып чыга турган тепкичи бар. Ушул тепкич менен бир күндө 5 маал мусулман дининдеги адамдар милдеттүү түрдө намазга жыгылуу үчүн чыгышчу экен.

– Ал мунара ушул убакытка чейин сакталып турабы?

– Ооба, ал оңдолуп, калыбына келтирилген. Анын бийиктиги 24 метр, түбүнүн диаметри 9 метр, ал эми төбөсү 6 метрге жакын.

– Ай иий, ал эбегейсиз зор эстелик турбайбы.

– Бир кезде бул жерде чоң шаар болгон экен. Анын аймагын казууда үч мавзолейдин калдыгы табылган. Андагы табылгалар азыр музейдин ичинде.

– Барып көрүш керек экен.

– Баралы, ал мурда Баласагын шаары деп аталчу экен.

– Баласагын деген ким болгон?..

**чептер** – крепости
**түптөлүү** – основание
**буралып чыга турган тепкич** – винтовая лестница
**калыбына келтирилген** – восстановлена
**казууда** – *здесь:* на раскопках

**140.** **Көркөм окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Мазмунун түшүнгүлө:**

Азаматты эки нерсе багыттайт –
Адал сөзү, ак эмгеги карытпайт.
Адам өлсө – сөзү калат артында,
Жакшы атагы унутулбайт калкында.
Түбөлүккө өлбөйм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишинди улай бер.

*Жусуп Баласагын*

**141.** Текстти окуп, которгула. Мазмунун айтып бергиле.

## УЛУУ СӨЗ ЗЕРГЕРИ – ЖУСУП БАЛАСАГЫН

Жусуп Баласагын (же баласагындык Жусуп) XI кылымда жашаган. Улуу акын, философ, илимпоз, адамдын жан-дүйнөсү менен коомдун турмушун айкалыштырган билерман, түрк сөзүнүн улуу устаты. Ал азыркы Кыргызстандын Чүй районунун аймагындагы Токмок шаарынын түштүк тарабындагы байыркы Баласагын шаарында туулган (1015–1018-жыл аралыгында).

Ал өзүнүн атын чыгарган даңктуу «Куттуу билим» («Кут даарытар билим») чыгармасын ыр түрүндө жазган. Жусуп ушул поэмасы менен даңктуу. 13 миң саптан турган бул чыгарма славян элдериндеги «Игордун кошууну жөнүндө сөз» сыяктуу эле зор мааниге ээ.

Жусуп Баласагын – кыргыз маданиятынын башаты жана анын тарыхынын ажырагыс бөлүгү.

**сөз зергери** – мастер (гений) слова
**айкалыштырган** – сочетал
**атын чыгарган** – прославил
**зор мааниге ээ** – имеет огромное значение

?

1. Жусуп Баласагын канчанчы кылымда жашаган?
2. Анын кандай эмгектери бар, өзү ким болгон?
3. Жусуп Баласагын кайда, качан туулган?
4. Баласагын кайсы чыгармасы менен даңктуу?
5. Ал чыгарма канча саптан турат, кандай мааниси бар?

**142.** Төмөнкү сөз айкаштарын пайдаланып, сүйлөм түзгүлө.

Токмок шаары, Бурана айылы, кылымга таандык, археологиялык эстелик, анын айланасы, өзүнчө чептер, бышкан кыш, төрт бурчтуу, цилиндр формасы, буралып чыгуучу, мусулман дини, Баласагын шаары, Бурана мунарасы.

**143.** Төмөнкү сөздөрдү которуп, татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Век, учёный, мастер слова, духовность, знаток, южная сторона, написан, огромное значение.

**144.** Табышмакты тапкыла.

Кайра-кайра кудуктан,
Кара кочкул суу жуткан.
Болбосо да тил-оозу,
Баскан изи унчуккан.

*(к...м .ч)*

## § 24. Текст менен иштөө

**145.** Төмөнкү тексттерди окугула, мазмунун түшүнгүлө. Эмне жөнүндө баяндалып жаткандыгын аныктап, тема койгула.

I

Ала-Арча – Аламүдүн районундагы суу, Чүй дайрасынын (река) сол куймасы (левый приток). Узундугу (длина) 78 чакырым.



Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталындагы (северная сторона) мөңгүлөрдөн (ледник) башталат. Жогорку агымы кууш капчыгай (узкое ущелье) аркылуу агат да, Кашка-Суу кошулган жерден (место соединения) Байтик өрөөнүнө (долина) чыгат. Суу бойлой арча, бадал, чычырканак өсөт. Ала-Арча суусу Чоң-Арык кыштагынан кийин Бишкек шаарын аралай түндүк тарапка агат.

II

Жазгы жана күзгү жамгырда сел жүрөт (потоп). Ал майда кирип (половодье), сентябрдын аягында тартылат (спадает). Сугатка пайдаланылгандыктан (для полива), Чүй дубанына жетпейт. Боюнда Кашка-Суу, Таш-Дөбө, Орто-Алыш, Чоң-Арык, Орто-Сай, Маевка кыштактары жайгашкан.

**146.** Жомок айтууга көнүккүлө.

Биз Ала-Арча капчыгайына экскурсияга келдик. Адилет айлананы карап: «Карагылачы, жомоктогудай жер экен», – деп сукданып, мугалимге карады. Мугалим жомогун баштады.

XX кылымдын башында Теңир-Тоонун этегинде Нарын суусунун боюнда «Эмгекчил» деген кичинекей кыштак болгон экен. Ал кыштакта Асан аттуу койчу жашаптыр. Жары Аниса экөө баласы Өмүрдүн өмүрүн тилеп, коюн кайтарып, оокат кылып жүрүшүптүр. Бир күнү Аниса чочуп ойгонуп: «Асан, мен бир кызык түш көрдүм», – дейт.

– Ал эмне түш?

– Коркпо. Түзүк эле болуш керек.

– Бол түшүңдү айта сал, коркутпай.

– Мен эки чакамды алып, Нарын суусунан суу алганы барыпмын. Суу менен кошо чакама үч балык түштү. Бирөө чоң, экинчиси бир башкача балык экен, оозунда жалтырак бирдеме бар, үчүнчүсү кызгылт көрүндү көзүмө. Билесиңби, түсү сен алып берген жалтырак жоолукка окшош. Экинчи балык туйлап, тынчы кетип жатты. Бир кезде эле ага тил бүтүп: «Энеке, мага бул чакаң тардык кылып жатат. Мени өзүнчө чоң чакага салчы», – деди.

– Аниса, сен сонун түш көргөн турбайсыңбы. Биз дагы бир эркек балалуу болот экенбиз. Балабыздын өмүрү узун болуп, төгөрөктүн төрт бурчуна таанымал болгон чоң киши болот го. Ал эми үчүнчүсү кыз болот тура. Ал кыз өзүңө окшош акылдуу болот экен.

– Тур үйдү жыйна. Мен тиги кара козуну союп, кудай жолун жасайлы.

Түштү жакшылыкка жоруп, коюн союп, элге тамак беришет.

«И анан эмне болду?» – деп чыдамы кетти балдардын. Бир аз жылдан кийин эркек балалуу болуп, атын Үсөн деп коюшуптур. Бала кичинесинен чыйрак чыгып, теңтуштарынан өзгөчөлөнө баштаптыр. Билесиңерби балдар, оозуна тиштеген жалтырак алтын медаль экен.

– Ошол чакага батпаган баланын иши менен тааныштырайынбы? – деп мугалими «Кто есть кто в Кыргызской науке» деген китепти көрсөттү. Жүргүлө эмки жомок жүрүш учурунда.

147. Кыргызча сүйлөөгө көнүккүлө.

– Кана балдар, бүгүнкү сабак саякатка чыгуу болду. Саякатка чыгуунун максаты эмне?

– Биз кыргыз жергеси менен тааныштык, эс алдык, тоого чыктык.

– Дагы эмне кылдык?

– Жомок уктук, кыргыздын эң бир чыгаан илимпоздору менен тааныштык.

– Алар кимдер экен?

– Ү. А. Асанов, А. Ч. Какеев, Ч. Т. Айтматов, Х. Карасаев, Жусуп Баласагын, Касым Тыныстанов ж. б.

– Эми балдар, окумуштуулар дүйнөсүнө саякатка чыгалы.

Шамалдай шайдоот басып шартылдаган,
Жайдары качан көрсөң жаркылдаган.
Ичине кир сактабас сонун адам
Дос түгүл, кастын көөнүн калтырбаган.

– Бул табышмактуу ыр саптарын ким табат?
– Бул илимпоз агай.
– Аты жөнүн ким айтат?
– Жомоктогу Үсөн агай го.
– Азаматсың, Сергей.
– Кантип билдиң?
– Ал балыктардан башкача эмес беле жомокто.

**148.** Төмөнкү ырды окугула мазмунун түшүнгүлө. Кимге тиешелүү экенин аныктагыла.

Шамалдай шайдоот басып шартылдаган,
Жайдары качан көрсөң жаркылдаган.
Ичине кир сактабас сонун адам
Дос түгүл, кастын көөнүн калтырбаган.

Чоң чечен чаң чыгарган тандайынан,
Чоң уста шакирт кетпес маңдайынан.
Дегеле илимби, адамдыкпы
Жарашат мактасаң да кандайынан.

Илимде даражанын бардыгы бар,
Билесиң кең пейилин бардыгыңар.
Даанышман, илимпоздор аз чыкканда
Кыргыздар бөксө болмок сандыгыңар.

Ушу азыр жигит бойдон солкулдаган,
Уландар басса жетпейт зоңкулдаган.
Үсөкем крейсердей жылып барат,
Илимде из калтырып толкундаган.
Үмүтү бийиктерге жетелеген,
Изденүү ичке жолун төтөлөгөн.
Кыргыздын химиясы жаатында
Чолпондой жылдыз болду көкөлөгөн.

Жүрүшөт: «Эр ортону – жетимиш», – деп,
«Илимде жетимиш жаш – жетилиш», – деп.
Ортосу кайсы болсо, ошол болсун
Тилейбиз кылым жашка жетиңиз деп.

*Үсөнбек Асаналиев*

**149.** Текстти окуп, которгула, мазмунун айтып бергиле. Сөз айкаштарын таап, жазгыла.

Илимдин баба дыйканы – Үсөн Асановичтин өмүр жолу, илимпоздук ишмердиги, жетекчилик тагдыры сыдыргыга салгандай шыдыр, ондой берди, ооматтуу болгондой сезилет. Калың элдин урмат-сыйы, атак-аброй анын алаканына өзү эле асмандан түшүп калгандай туюлат. Минтип ойлоого, балким, анын ар убак шардана-шайдоот жүргөн мүнөзү, терең акыл чабыты, кандан-бектен кайра тартпас кашкөйлүгү,

алдыга умтулуп, алысты мелжеген албан максаттуулугу негиз берсе керек.



Ал чынында эртеңки эл тагдыры үчүн тыным албай эмгектенип келет.

Бир кездеги борбордон окууга умтулган жаш улан бүгүнкү буурул чач академик.

Үсөн Асанович 1950-жылы Нарындагы Т. Сатылганов атындагы орто мектепти алтын медаль менен аяктаган. Андан соң Москвадагы Ленин ордендүү Д. И. Менделеев атындагы Химия-технологиялык институтта билим алып, кийин анын аспирантурасын да мыкты бүтүрүп, кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап келет. Жаш адистин илимий даярдыгынын мыктылыгына, жаңычыл, ишкер дымагына зор ишенич арткан Илимдер академиясынын жетекчилиги ага өзүнчө лабораторияны тапшырышат.

Бардык эле иште, өзгөчө илимде, иштин көзүн табуу, б. а. анын кандайдыр бир байкалбаган ички сырларын илип калуу, изилдөөнүн жаңыча өңүтүн ачуу зарылдыгын даана түшүнгөн жаш илимпоз ар бир химиялык кубулуштун тереңине үңүп кирип, сандаган лабораториялык изилдөө, сынак иштерин жүргүзөт. Акыры «саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» дегендей, ал суюктуктун ичинде электр учкунунун таасири аркылуу металлдан химиялык бирикмелерди, жаңы касиетке ээ заттарды бөлүп алуунун жаңы ыкмасын таап чыгат. Бул олуттуу илимий ачылыш тууралуу республикада гана эмес, союздук илимий чөйрөлөрдө, борбордук басма сөз беттеринде да кеңири кеп болуп, ал СССР Илимдер Академиясынын президиумунун, Физикалык химия институтунун Окумуштуулар кеңешинин жана академик Б. Р. Лазаренко, И. В. Танаев сыяктуу белгилүү окумуштуулардын бийик баасына арзыйт.

Үсөн Асанович бүгүн залкар илимпоз, дасыккан жетекчи гана эмес, ал өмүр шериги Тамара эже менен бирге уул кыздарынын урмат-сыйына бөлөнгөн очор-бачар, бакубат ырыс кешиктүү чоң үй-бүлөнүн да кадырман калкасы. Эч кимден жардамын аябаган ак жүрөк адам. Эмгегин элге арнаган баба дыйкан.

Кыскартылган сөздөрдү чечмелегиле. Орус тилинен кыргыз тилине которгула.

1. Зам. директор, Национальная аттестационная комиссия КР, Государственный советник КР 2 класса, химическая технология, энциклопедии «Известные люди XX века», «Кто есть в XXI веке».

2. Награды: орден Трудового Красного Знамени, Почётная Грамота ВС Кыргызсой ССР, медали «Данк», заслуженный изобретатель Кирг. ССР, заслуженный деятель науки КР, Лауреат Межд. премии «Руханият», премии им. Ж. Баласагына, И. Арабаева.

? Жогоркудай сыйлыктар менен кимдер сыйланган? Ал адамдарды кандай атоого болот? Алардын бири тууралуу төмөнкү теманын бирине аңгеме жазгыла.

«Өнөрү өрнөк адамдар», «Эл сыймыгы», «Эл тиреги», «Эл куту», «Илимдин баба дыйканы», «Залкар адам», «Белгилүү адам», «Унутулгус адамдар» ж. б.

## § 25. Текст менен иштөө

**150.** Төмөнкү суроолорго жооп берип көргүлө.

1. Билим деген эмне? Аны кандай түшүнөсүңөр?
2. Билим бизге кайдан келген?
3. Билим качан пайда болгон?
4. Билимдин жана илимдин кандай тармактары бар? Мисал келтиргиле.
5. Келечек билимдүүлөрдүкү дегенди кандай түшүнөсүңөр?
6. Илим жана билим тууралуу кандай макалдарды билесиңер?
7. Кыргыз элинин дүйнөгө таанылган чыгармасы кайсы?

**151.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Татаал сүйлөмдөргө көңүл бургула.

Билим – билүү деген сөздөн алынса керек. Азыркы күндө билимди бүткүл дүйнө эли баалайт. Илим, билим күчтүү өнүккөн жерде элдин турмушу жакшы болот, маданият гүлдөп өсөт.

Билимди жалпы адамзат коому топтогон. Байыркы заманда атасы, энеси балдарына турмуштан байкаганын, билгенин айтып жана көргөнүн үйрөтүшкөн. Атадан балага өтүп, адамдардын билими улам көбөйө берген. Андан кийин жазып

калтырышкан. Адегенде ташка, териге, кездемеге жазышкан, кийин кагазды ойлоп таап, китеп пайда болгон. Бара-бара адамдын ойлору, акылы, билими кагазга жазылып, китепте сакталган. Азыр билим, маалымат ар кандай заманбап электрондук маалымат сактагычтарда сактала баштады. Бирини-кин бири пайдаланып, улам билим өсүп келген. Билимдүү болуш үчүн талыкпай эмгектенүү керек, көп окуганга туура келет. Мектеп билим берип, жаштарга жол ачат.

Билимдин тармактары көп. Ар бир кесипке ээ болуу да терең билим алууга шыктандырат. Мисалы: мугалим, врач, инженер, архитектор, сот ж. б. өз кесибин сүйгөн адам терең билим алат. Билимдин жолу кенен, канча эмгектенсең, ошончо билимдүү болосуң.

**өнүккөн жерде** – там, где развито (что-либо)
**адамзат коому** – человеческое общество
**тармактары** – отрасли
**шыктандырат** – воодушевляет

**152.** Текстти окуп, түшүнгүлө.

## АКЫЛ-ОЙДУН АЗЫГЫ – ИЛИМ-БИЛИМ

### (Ум и мысль – источники науки и знания)

I. Мындан туура миң жыл илгери X кылымдын соңунда кыргыздар өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүнө жетишип, прогресске умтулганын айтууга болот. Дал ошол доордо кыргыз элинин дүйнөлүк маданий казынага кошкон зор салымы деп таанылган улуу «Манас» эпосу жаралды.

II. Дагы 300 жыл илгерилесек, 1682-жылы Оруссия тагына али жаш Петр I, болочоктогу Улуу Петр отурганын көрөбүз. Ал адегенде эле ишти эмнеден баштады? Билим көксөп Европага аттанды! Илим, билим аркылуу гана Улуу Петр улуу реформаларды жүзөгө ашырып, Орусияны көкөлөтүп, улуу державага айланта алды.

III. 1687-жылы Англияда Исаак Ньютон бүткүл дүйнөлүк тартылуу теориясын ачып, «Натуралык философиянын башаты» китебин чыгарат да, улуу жана кичүү окумуштуулардын бардыгына 200 жылдык азык таап берет.

IV. Адамга илим-билим да, искусство да зарыл. Ансыз адам жүрөгү же өпкөсү жоктой жашай албайт. Тигиниси

да, мунусу да зарыл *(Л. Н. Толстой)*. Акыл-оюң ашып-ташыса да, көкүрөгүң жарды болгонго умтулба *(Л.Фейербах)*. Акыл-ойдун азыгы – илим-билим, жан дүйнөнүн казынасы – маданият.

**зор салым** – огромный вклад
**умтулганын** – стремление
**илгерилесек** – возвратиться в прошлое
**болочоктогу** – в будущем
**жүзөгө ашырып** – претворил в жизнь
**тартылуу теориясын** – теория притяжения

1. Эмне үчүн Л. Н. Толстой илим-билимди өпкө, жүрөккө теңейт?
2. Ал эми Фейербах акыл-ойду, көкүрөктү эмнеге салыштырат?
3. Петр I адегенде эле ишти эмнеден баштады?
4. Кыргыз эли дүйнөлүк маданий казынага эмне кошту?
5. Исаак Ньютон илимге кандай салым (вклад) киргизген?

**153.** Окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Жаттап алгыла.

| | |
|---|---|
| Алтын менен күмүштүн<br>Ширөөсүнөн бүткөндөй. | Словно из сплава золота и<br>серебра он слит. |
| Асман менен жериндин<br>Тирөөсүнөн бүткөндөй. | Словно сделан он из опоры<br>земли и неба. |
| Айың менен күнүндүн<br>Бир өзүнөн бүткөндөй. | Словно он сотворен из солнца и луны. |
| Алды калың кара жер,<br>Жерлигинен түткөндөй. | Земля его держит, потому<br>что она Земля. |

**154.** Текстти окугула, орус тилине которгула. Суроолорго жооп берип, аларды дептериңерге жазгыла.

«Манас» эпосу – кыргыз элинин кайталангыс табылгасы, анын сыймыгы. 1995-жыл Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) тарабынан «Манас жылы» деп жарыяланган.

Демек, биз бүткүл дүйнө алдында чыныгы демократиялык өнүккөн алдыңкы мамлекет катары, «Манас» сыяктуу улуу маданий мурасы бар эл катары көрүнүү үчүн бул майрамды татыктуу өткөрдүк.

Бириккен Улуттар Уюму эмне үчүн «Манас» эпосунун миң жылдыгын майрамдоо жөнүндө чечим кабыл алды? Анткени «Манастын» түпкүрүндөгү идеялар бүгүн да актуалдуу. Манас башка элдерди тоноп, баскынчылык жүргүзбөстөн, тынчтыкты, туруктуулукту, бейпилдикти жана прогрессти



чындоо ниетинде өз элин жана коңшулаш калктарды баш коштуруп, көп аракеттерди жасаган.

Ошондуктан «Айкөл Манас» деп аталганы бекеринен эмес.

**кайталангыс табылгасы** – неповторимое богатство
**БУУ** – ООН
**өнүккөн** – развитый
**түпкүрүндөгү идеялар** – фундаментальные идеи
**бейпилдик** – спокойствие

1. «Манастын жылы» качан, кайсы уюм тарабынан кабыл алынган?
2. Бүткүл дүйнөлүк масштабда кандай майрам өткөрүлдү?
3. «Манастын» идеяларынын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу?
4. Манас кандай иш-аракеттерди жасаган?
5. Эмне үчүн «Айкөл Манас» деп аталган?
6. Жан-дүйнөнүн казынасы эмне?
7. «Манас» эпосунан үзүндү айтып бергиле.

**Билип алгыла.**

## ИЛИМ-БИЛИМ ЖАНА АНЫН БУЛАГЫ ЖӨНҮНДӨ

Кайнар булак соолбойт.
Тосмо курсан көл болбойт.
Акыл жаралбайт, төрөлөт.
Аны тапкан илимге сугарсаң

Деңиздей терeңдейт.
Дүйнөнүн чырагы – билим.
Чырак өчсө – үй караңгы.
Илим өчсө – эл караңгы.

Акыл кабыл албаса
Илим пайда бербейт.
Билимдүүлүк билгенде эмес,
Билгенин билбегенге берүүдө.
Билгениңди тымпыйып катпа,
Ал сенин жеке менчигиң эмес?

Илимдин эң улуусу – Адам өстүрүү.

*Т. Сыдыкбеков*

**155.** Тексттерди окуп, түшүнгүлө. Коңурбайды мүнөздөгөн сын атоочторду тапкыла. Орусча сын атоочторду кыргызча, кыргызчаларын орусча которуп жазгыла.

## КОҢУРБАЙ – КЫТАЙ ХАНЫ

Эр Коңурбай дегендин
Аскери арбын шайма-шай.
Отурган экен очоюп
Очогунун кашында,
Алтын таажы башында.
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалдары туу куйрук,
Сараптан тешип өткүдөй,
Көзү өгөгөн темирдей,
Мурунy бар капырдын,
Бузулган тоонун сеңирдей.
Түлөгөн жору каштанып,
Өгүздөй болгон чоң доңуз
Өрттөнгөн дөңгөч баштанып.
Мурду анын бородой,
Эки көздүн чуңкуру
Казып койгон ороодой,
Кирпигинин чылпагы
Мергендердин шородой.

## КОНУРБАЙ – ХАН И ПОЛКОВОДЕЦ КАРА-КЫТАЕВ

Конурбай – умный и хитрый враг Манаса. Наделен необычайной силой. Благодаря чудодейственной боевой одежде он неуязвим для любого оружия. Обладает тайной магических заклинаний. В личных состязаниях с Манасом он не один раз терпит позор поражения. И за это таит на него огромную злобу. Понимая, что не сможет одолеть Манаса в честном бою, он решает взять его хитростью и коварством. Незаметно подкравшись сзади, Конурбай смертельно ранит Манаса.

*Үлгү:*

Коңурбай шамдагай, акылдуу, куу ...

## § 26. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм (Сложноподчиненные предложения)

**Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири мааниси жагынан экинчисине багынып турса, *багыныңкы байланыштагы татаал* сүйлөм деп аталат.**

**Сложное предложение, в котором одно предложение подчинено другому, поясняет его, называется *сложноподчиненным* предложением.**

**В кыргызском и в русском языках связь между простыми предложениями осуществляется посредством подчинительных союзов:** анткени (*поэтому*), себеби (*потому что*), эмне үчүн (*почему*), кантип – ошентип (*так-как*), канча – ошончо (*насколько – настолько*), эгерде (*если*) и др.

**Кроме подчинительных союзов, в кыргызском языке простые предложения соединяются при помощи грамматических форм как *-ып, -п, -бай, -ганча, -дыктан, -са, -ган үчүн, -гандай, -ыш үчүн*** и др.

1. Жол тайгак болгондуктан, ат чабыш болгон жок. – Дорога была скользкая, поэтому не было скачек (подчинительный союз).

2. Токтогулду эл жакшы көрчү, анткени ал эл үчүн ырдаган (подчинительный союз).

3. Токтогул эл үчүн ырдагандыктан, аны эл жакшы көрчү (грамматическая форма). – Люди назвали Токтогула любимым акыном, потому что он пел свои песни для народа (подчинительный союз).

эмне үчүн?

Токтогулду эл жакшы көрчү,

анткени (анткени) ал эл үчүн ырдаган.

почему?

Токтогул эл үчүн ырдагандыктан (дыктан),

аны эл жакшы көрчү.

почему?

Люди назвали Токтогула любимым акыном,

(потому) потому что он пел свои песни для народа.

**156.** Сүйлөмдөрдү окугула. Суроолор аркылуу багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдү ажыраткыла.

Батма үйдөн чыкса, мамыда ээр токулган эки жылкы байланып туруптур.

Таня келгенден тартып, окуучулардын арасында наараазылык күчөдү. Лена үйдөн чыкканча, Майрамкан кобурап тигиндей узай берди. Төө-Ашууга карай бурула бергенибизде, Улар-Ашуунун белинен төрт киши чыкты (А. Т.).

качан?

Батма үйдөн чыкса (-са),

мамыда ээр токулган эки жылкы байланып туруптур.

**157.** Көп чекиттин ордуна маанисине карата сөздөрдү койгула. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү татаал сүйлөмдөргө айландыргыла.

| | |
|---|---|
| 1. Күн ... болду. Айнура көйнөкчөн келди. | 1. Күн ысык ..., Айнура көйнөкчөн келди. |
| 2. Батма ... чыкты. ... Ээр токулган эки жылкы байланып туруптур. | 2. Батма үйдөн ... , мамыда эки жылкы байланып туруптур. |
| 3. Таня кел ... . Окуучулардын арасында ... күчөдү. | 3. Таня ... тартып, окуучулардын арасында нааразычылык күчөдү. |
| 4. Лена ... чыкты. Майрамкан ... тигиндей узай берди. | 4. Лена үйдөн ..., Майрамкан кобурап тигиндей узай берди. |

Пайдаланылуучу сөздөр жана мүчөлөр:

*үйдөн, -ди, нааразычылык, ысык, мамыда, кобурап, чыкканча, келгенден, чыкса, болгондуктан.*

*Үлгү:*

1. Күн ысык болду. Айнура көйнөкчөн келди.

Күн ысык болгондуктан, Айнура көйнөкчөн келди.

**158.** Өзүңөр багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө бир нече сүйлөм жазгыла.

**159.** Текстти окугула, которгула. Тыныш белгилерин койгула. Багыныңкы татаал сүйлөмдөгү баш сүйлөмдүн астын сызгыла.

Вот наконец и Чуйская долина Там где сейчас стоит древняя башня Бурана когда-то находился большой караван-сарай Здесь уставшие люди и животные отдыхали и готовились к трудному переходу через горы Достигнув Иссык-Куля опытные проводники поворачивали караваны к Нарыну и Ат-Баши

*Үлгү:*

а) Там, где сейчас стоит древняя башня Бурана, когда-то находился большой караван-сарай.

б) Азыркы Бурана мунарасы турган жерде, бир убакта чоң кербен сарай болгон экен.

**160.** Сүрөт боюнча аңгемелешүү.

## КЫШ МЕЗГИЛИ

Бурганак кар жаап жаткан мезгил, балдар карды сагынгандай бурганакка карабай ойноп жатышат.



**161.** Сүрөткө карап «Кыш мезгили», «Калың кар», «Кыш», «Аппак кар» ж. б. темада чакан аңгеме жазгыла.

**162.** Ырды окуп, мазмунун түшүнгүлө. Жаттап алгыла.

### ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жаңы жылда жаңы көйнөк кийишет,
Күлкү төгүп, ачык-айрым жүрүшөт.
Бирин-бири колдон алып жетелеп,
Койну толгон кубанычты бөлүшөт.

Жаңы жылда жаңы өмүр алышат,
Бактысыздар бакыт жолун табышат.
Толкунданып тоодой бийик күч менен,
Арча сымал жапжаш болуп калышат.

Жаңы жылда бардык нерсе жаңырат,
Дайра өңдүү өмүр ташып агылат.
Мүрөк суусун ичип алып адамдар,
Түбөлүккө өчпөй турган болушат!

*Осмонжан Абдылдаев*

## § 27. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түзүлүшү (Структура сложноподчиненных предложений)

**Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм баш жана багыныңкы сүйлөмдөн турат.**

**Татаал сүйлөмдөгү ойдун негизин билдирген бөлүгү *баш* сүйлөм деп аталат.**

**Баш сүйлөмдүн ар түрдүү кырдаалын билдирген бөлүгү *багыныңкы* сүйлөм деп аталат.**

**Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен төмөнкүдөй тутумдашат:**

**Сложноподчиненное предложение состоит из главного и придаточного предложений.**

**Независимое, поясняемое предложение, которому подчинены другие предложения, входящие в состав сложноподчиненного, называется *главным*.**

**Предложение, подчиненное, зависящее от другого, поясняющее его, называется *придаточным*.**

**Придаточное предложение с главным соединяется:**

а) байламтасыз түрдө: *-ып, -бай, -а, -п, -гыча, -ганы, -дыктан* мүчөлөрү жана шарттуу *-са* мүчөсү аркылуу.

а) без союзов, но к сказуемому придаточного предложения присоединяются такие окончания, как *-ып, -бай, -а, -п, -гыча,* (как-только) *-дыктан* (потому что), *-са* (если).

*Мисалы:*

Тоо жеринде күн батты дегиче, иңирдин киргени ошол (А.Т.).

В горах, как только заходит солнце, сразу становится темно.

качан?

Тоо жеринде күн батты дегиче (-гыча),

иңирдин киргени ошол.

когда?

Как только заходит солнце,

в горах сразу становится темно.

б) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна: *-ган үчүн, -ган сыяктуу, -гандай, -гансып, -дан көрө, -ган сайын, -ыш үчүн, -са да, -оо (-уу) үчүн* ж.б. мүчөлөрдүн уланышы аркылуу.

б) К сказуемому придаточных предложений присоединяются такие суффиксы и союзные слова, как: *-ган үчүн (ввиду того что), -ган сыяктуу (подобно тому как), -гандай, -гансып (словно, как будто), -дан көрө (чем), -ган, -сайын (по мере того как), -ыш үчүн (для того чтобы), -са, -да (когда, если), -оо (-уу) үчүн (чтобы)* и др.

*Мисалы:*

Азамат чоң атасына барган сайын, жер-жемиштерди ала келчү.

Каждый раз, когда Азамат ходил к дедушке, он приносил фрукты и овощи.

качан?

Азамат чоң атасына барган сайын (-ган сайын),

жер-жемиштерди ала келчү.

когда?

Каждый раз, когда Азамат ходил к дедушке,

он приносил фрукты и овощи.

**а) Багындыргыч байламталар:**

**1) себеп байламта (*анткени, себеби, эмне үчүн, андыктан*).**

**а) Подчинительные союзы:**

**1) причинные союзы (*потому что, оттого что, почему, поэтому*).**

| | |
|---|---|
| анткени<br>себеби<br>эмне үчүн | потому что<br>из-за того что<br>оттого что<br>ввиду того что<br>ибо и т. д. |

Лиза сабакка жакшы даярдангандыгы үчүн, мугалим «беш» деген баа койду.

Так как Лиза хорошо приготовилась к уроку, учитель поставил ей пятерку.

эмне үчүн?

Лиза сабакка жакшы даярдангандыгы үчүн (-ганы үчүн),

мугалим «беш» деген баа койду.

почему?

Так как Лиза хорошо приготовилась к уроку,

учитель поставил ей пятерку.

**2) Салыштырма байламталар: *кандай, ошондой, канча, канчалык, ошончолук*** ж.б.

**2. Сравнительные союзы: *так-как, подобно тому как, точно, будто*** и др.

1. кандай – ошондой — как-так
   кантип – ошентип — как-так
2. -ган сыяктуу — подобно тому как
3. -гандай (-гендей, -гондой, -гөндөй) – словно, точно, будто
4. -гансып (-генсип, -гонсуп, -гөнсүп) – как будто и др.

Майрам болуп жаткан сыяктуу, туш-туштан музыка жаңырат.

Как будто шел праздник, со всех сторон звучала музыка.

эмне үчүн?

Майрам болуп жаткан сыяктуу,

туш-туштан музыка жаңырат.

как?

Как будто шел праздник,

со всех сторон звучала музыка.

Шарттуу: эгерде (эгер) + са — если, ежели, когда, коли, раз

эгерде (эгер) + ган — если бы, ежели бы, когда бы, коли бы

Кумурска кичинекей болсо да, кайраты тоо аңтарат.
Хотя мал муравей, но сила его гору свернет.

Кумурска кичинекей болсо да (-са да),

кайраты тоо антарат.

Хотя мал муравей (хотя), | но сила его гору свернет.

Жамгыр болбой, дан болбойт,
Тегирмен болбой, нан болбойт.

Если не будет дождя, не будет зерна.
Если не будет мельницы, не будет хлеба.

Жамгыр болбой (-са), | дан болбойт,

Тегирмен болбой (-са), | нан болбойт.

Если не будет дождя (если), | не будет зерна.

Если не будет мельницы (если), | не будет хлеба.

**163.** **Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү пайдаланып, суроолорго толук жооп бергиле. Кыргыз тилине которгула.**

| | |
|---|---|
| 1. Где ты живёшь? | Там, где банк «Толубай». |
| 2. Почему в школе было чисто и нарядно? | Потому что идет подготовка к празднику. |
| 3. Где расположена ваша школа? | Там, где горная река впадает в озеро. |
| 4. Когда улетают перелетные птицы? | Тогда, когда наступает осень. |
| 5. Что произойдет, если воду нагреть до 100 градусов. | Вода закипит. |
| 6. Где живет твой друг? | Там, где строится новый магазин. |

*Ү л г ү :*

*Я живу там, где банк «Толубай».*

*Менин жашаган жерим «Толубай» банкы турган жерде.*

**164.** **Окуп, которуп, мазмунуна түшүнгүлө. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.**

## ЖООЛУК ТАШТАМАЙ

Балдар канча болсо да, тегеректеп отурушат. Бир баланы чыгарып, курду эшип, колуна берет. Ал бала курду алып, отурган балдарды айлана чуркап, бирөөнүн артына курду таштайт. Эгерде ал бала билип калса, кур таштаган бала анын ордуна кайра келгенче уруп кубалай берет. Эгерде ал туйбаса, кур таштаган бала курду алып, аны кууп, ордуна келип олтурганча оюн улана берет.

*«Эл адабияты»*

**165.** **Текстти көркөм окугула. Тыныш белгилерине көңүл бургула.**

– Эмне үчүн жетим баланы урат, ыя? – чоң кишиден бетер кыз колундагы китепти жогору кармады. – Эмне үчүн байкуш баланы калып менен башка урат, чоң эне?

– Эмнеге унчукпайсың, чоң эне? – деди Динар бир-эки кадам алга карай басып. – Эмне үчүн ал акмактар жетим баланы аябайт.

– Кайсы акмактар, садага? Кимди ким уруптур?

– Кожоюн акмак... жетим баланы.

– Кайдагы кожоюн?

Динар ызаланып кетти:

– Кайдагы, кайдагы?! Мен кайдан билейин.

– Айтып жаткан сен билбесең, мен кайдан билем...

– Мен кайдан, мен кайдан... Жетимиштен аштым деп мактанасыз, кожоюнду билбейсиз.

– Ал кайсы кожоюн?

– Мен да билбейм, чоң эне. Кожоюн деген эмне?

– Кожоюн деп малай жумшаган кишини айтат...

– А... билдим, билдим. Өткүчү, өткүчү...

– Жанагы... балыкты куйругунан тазалабайсың деген өткүчү?!

– Тиги байкуш Ванькаены урган – ал...

*Т. Сыдыкбеков*

1. Бул кимдин чыгармасы? Окудуң беле?
2. Динара эмне үчүн ызаланды?

**166.** Көнүгүүнү которуп, көчүрүп жазгыла. Тыныш белгисин койгула. Талдагыла.

1. Павел жатып уктап калганда энеси төшөгүнөн туруп келди.

2. Султан сабагына келбесе да мугалимдин суроолоруна так жооп берди.

3. Аня жакшы окугандыктан Мактоо грамотасын алды.

4. Эгерде алар калса мен да калышым керек.

5. Биз кайда кааласак ошол жакка барабыз.

6. Окуучу тапшырманы жакшы аткаргандыктан мугалимдин алкоосуна татыктуу болду.

*Ү л г ү:*

Павел жатып уктап калганда, энеси төшөгүнөн туруп келди.

Когда Павел уснул, мать встала с постели и вышла.

**167.** Окугула, которгула. Мазмунун түшүнүп, тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

## ВАНЬКАНЫН ТАГДЫРЫ

...Теңсиз заман чоң ата менен неберени бөлүп, кичинекей Ванька чоочун адамдардын торуна түштү. Жарытылуу тамак ичпейт, эртеден кечке иш үстүндө, колу кичине бошосо,

кожоюн аны экинчи жумушка салат. Түн ичинде да уйку көрбөй, кожоюндун ыйлаак баласын терметет.

Айылын, чоң атасын эстейт. Ал жерде бардыгы башкача болчу. Курсагы тойбосо да, эч ким аны кагып-силкип кордочу эмес. Шордуу Ванька чоң атасына кат жазууга отурду: «Чоң ата, мен аябай кор болдум. Андан куткарчу жалгыз өзүңсүң. Кел мага, кел да алып кет», – деп жазып атасына жөнөтүп жиберди. Ал чоң атага тийбейт, себеби конверттин сыртында «Айылдагы чоң атама» деген гана дарек бар.

Ванька азап тартып кала берет, себеби ал жашаган замандагы бардык балдардын тагдыры ушундай эле.

**теңсиз заман** – несправедливое время
**торуна түштү** – попал в сеть, здесь: в руки
**жарытылуу тамак ичпейт** – недостаточно питается
**уйку көрбөй** – недосыпает
**кагып-силкип** – бранить, ругать
**азап тартып** – пострадав

**168.** Ырды жаттап алгыла.

## ЧОҢ АТАМ

Аппак чапан жамынып,
Аппак куудай сакалы.
Айлыбыз бүт чакырып,
Ардактайт чоң атамы.

Ак сөзүнөн кайтпаган,
Аксакал деп турушат,
Ак-караны тааныткан,
Акыл сөзүн угушат.

*К. Жунушов*

**169.** Чыгарманы ролдоштуруп, класс сахнасына алып чыккыла.

– Генерал Жигаловдун ити болсо керек! – деди топ ичинен кимдир бирөө.

– Генерал Жигаловдуку? Гм! Елдырин, менин пальтомду чеччи. Сени кантип капты ал? – деди Очумелов Хрюкинге карап.

– Сөөмөйгө күчүк кантип жетет? Бул кичине, сен лөкүйгөн чоң экенсиң.

– Тамаша кылыш үчүн бул иттин мурдуна тамеки тыккандыр, таксыр, анан бул акмак эмес да, колун каап алгандыр. Өзү терс аяк киши, таксыр!

– Калп айтасың, кыйшык ооз, – деди Хрюкин. Көп сөзүңдү кой!

– Жок, генералдыкы эмес бул, – деди кичи полицейский. Генералда мындай ит жок. Аныкы көбүнчө машке иттер...

– Сен муну даана билесиңби?

– Даана билем, таксыр ... .

– Мен өзүм да билем. Генералдын иттери кымбат баалуу асыл тукумдан, а бул эмне ит экенин шайтан билеби! Жүнү да начар, кейпи да жаман...

– Генералдыкы болуу керек! – деди бирөө.

– Гм!.. Менин пальтомду кийгизип койчу. Елдырин туулган. Желге урунуп калдым окшойт.

**каап алгандыр** – наверное, укусила
**терс аяк** – непутевый
**асыл тукум** – породистый
**желге урунуп** – простудиться

1. Бул кайсы аңгемеден үзүндү?
2. Эмне үчүн аңгеме «Хамелеон» деп аталган?
3. Эмнеликтен хамелеон деген кескелдирикке салыштырылып жатат?
4. Бүгүнкү күнү «хамелеондор» жоголдубу?
5. Биздин класста кошоматчылар барбы?

«Адам бардык жагынан сулуу болуш керек: келбет-жүзү да, кийим-кечеси да, ички дүйнөсү да, акыл-ою да».

«У человека должно быть все прекрасно: и лицо, и душа, и одежда, и мысли» деген сөздөрдүн автору ким?

«Кыскалык – таланттын боордошу».

«Краткость – сестра таланта».

## § 28. Кайталоо, бышыктоо

**170.** Текстти окуп, түшүнүп, кыргызча айтып бергиле.

### ЭЛ КУТУ, УЛУТ УҢГУСУ

Биз мектептен келаткан маалда Бишкек шаарынын Эркиндик бульварынан аппак чачтуу, олбурлуу, каалгый баскан жазуучуну көп жолуктурар элек. Анын жанында сөзсүз кошо жүргөндөр болор эле. Кээде жазуучунун борсулдап күлгөнүн угуп калчубуз. Бул залкар жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков экенин билип, суктана карачубуз.



Кыргыз эл жазуучусу Т. Сыдыкбеков 1912-жылы 14-майда (кулжа айында) Ысык-Көлдүн Түп районундагы Кең-Суу айылында туулган.

Т. Сыдыкбеков чыгармачылыгын өтө эрте, ыр жазуудан баштаган экен. Жазуучу көп жылдык чыгармачылык өмүрүндө адабий жанрдын бардык тармагында эмгектенген, кыргыз адабиятында эң алгачкы болуп роман жазып, улуттук сөз өнөрүн байыткан.

Т. Сыдыкбеков өз доорунун чебер сүрөткери катары XX кылымдагы кыргыздардын жаңы жашоо турмушунун өзгөрүүсүн, улуттук үрп-адатты, каада-салтты, жеке адамдардын кулк-мүнөзүн, ички дүйнөсүн жана коомдун турмушун көркөм сөз менен кеңири, терең баяндап бере алды. Айрыкча кыргыз аялзатынын оор тагдырын ачык көрсөткөн чыгармалары арбын.

Ал «Биздин замандын кишилери» деген мыкты романы үчүн кыргыз жазуучуларынын ичинен биринчи болуп СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон. Жазуучунун чыгармалары дүйнө элдеринин көп тилдерине которулган.

Балдар үчүн биринчилерден болуп «Тоо балдары» деген роман жазган.

Кыргыз элинин улуттук тили, маданияты жана рухий мурастары тууралуу патриот катары тартынбай ачык айтып чыкканы кимге болсун сабак болор. Кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу тарыхый роман жанрына кайрылып, белгилүү «Көк асаба» романын жараткан.

Т. Сыдыкбеков – Улуу «Манас» эпосунун генезисин тарыхый фактылар менен салыштырып, сөз айкаштарын иликтеген, олуттуу ой-пикирлерин айткан илимпоз.

Т. Сыдыкбеков кыргыз эл жазуучусу, Улуттук илимдер академиясынын академиги, СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон, Кыргыз Республикасынын эң жогорку өкмөттүк сыйлыгы «Ак Шумкар» ордени, баатыр наамы кошулду.

Улут уңгусу, элдин куту катары таанылган даркан жазуучунун көсөм сөзү жалпы элге, ошонун ичинде жаштарга атайылап арналып айтылгандай сезилет жана анын алга үндөгөн өчпөс чакырыгы болуп саналат.

По древнему обычаю наших предков, только самый почитаемый и уважаемый аксакал должен сказать напутствие и благословение народу. Знаменитый писатель Кыргызстана Тугельбай Сыдыкбеков был таким мудрецом.

Когда высокий и седой старец говорил слова благословления своему народу казалось, что это говорит почтенный мудрец Бакай из эпоса «Манас». Его мудрые слова всегда звучали как духовный призыв к будущему от имени предков, как напутствие молодому поколению.

Вначале творческого пути Тугельбая знали как поэта. Но потом он начинает пробовать свои силы в жанре прозы и становится писателем-романистом в кыргызской национальной литературе. Его знаменитый роман «Голубой стяг» («Көк асаба») является художественным осмыслением древней истории кыргызов. Роман «Дети гор» посвящен описанию жизни детей, родившихся у подножия гор.

Тугельбай Сыдыкбеков был редактором раздела «Семетей» эпоса «Манас», выпущенного в 60-х годах прошлого столетия сводного варианта народного эпоса. Он стал одним из активнейших борцов за возрождение этого бесценного достояния кыргызского народа.

Будучи академиком Академии наук Кыргызстана его всегда волновали проблемы сохранения, чистоты и развития родного языка. Среди кыргызских писателей он стал первым лауреатом Государственной премии СССР.

**эл куту** – счастье народа
**улут уңгусу** – корень нации

1. «Өмүр» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2. Түгөлбай Сыдыкбековдун өмүр жолундагы бүктөмдөр.
3. Т. Сыдыкбеков ким болгон?
4. Ал качан, кайда төрөлгөн?
5. Чыгармачылык жолун эмне жазуудан баштаган?
6. Кандай чыгармалары бар?
7. Эмне үчүн эл куту, улут уңгусу дейбиз?

**171.** Окугула. Түшүнүп, мазмунун айтып бергиле. Диалогду пайдаланып, сүйлөшкүлө.

Сабыр жээнине акырын айтты:

– Сага керек китептер бар. Бирок алар азыр ар бир республикада... Ойноо-тентек көздөрү жалтылдай түшкөн Динар таңданып сурады:

– Эмне, ал китептер бир эмеспи?
– Бир эмес... Ар бир элдин өз-өз тилинде...
– Эмне, алар ошончо эле эң көппү?
– Эң көп...
– Эмне, анын баарын канча убакта окуп чыгат, киши?
– Өмүр бою...
– А өмүрдө канча күн болот?

Сабыр аргасыздан күлдү. Суроосунун осол экенин байкай койгон Динар уялгансыды.

– ... Баса ... өмүр ар кандай э, таяке?
– Ооба, ар кандай. Адам ак эмгектенсе, анын өмүрү да ак, шаттуу. Силер үчүн эмгек – окуу! Илимдүү адам тилегине жетет.

Динар ашыга сурады:

– Илим жырткычтарды жок кылабы, таяке?
– Жок кылат! – деди Сабыр.

*Т. Сыдыкбеков*

**жээнине** – **племяннице**
**таңдан** – **удивляться, удивиться**
**шаттуу** – *радостный*

1. Билим, алуу үчүн эмне керек экен?
2. Силер канча тил билесиңер? Канча тилде окуп, түшүнөсүң? Баяндап бер.

**172.** Ырды окуп, түшүнүп, тилиңерди жатыктыргыла.

Мен ыр жазам
Мен ыр жазам,
Талбас калам колумда,
Мен ырдасам
Толкуп, ойлор соңунда.
Эч талыкпас
Эмгек кара жоргодой,
Тер кургатпа
Кызыл тилим безенгин.
Акын ага,
Ак тилектен курдаштар,
Бирге ашалык,
Бийик ашуу – кезеңин.
Аксак таңдай,
Мени чабал дебегин.

Ушул сапар жолу да!
Тапшырамын
Түбөлүккө аманат,
Бекем сакта,
Белегимди койнуңда!
Мен ыр жазам,
Сөздүн айтып тереңин.
Мен ырдасам
Талыбастан
Таза эмгекте тердеймин,
Акыл бала
Таңкы таза желдеймин,
Нак чалкысам,
Түбү терең көлдөймүн.

*Т. Сыдыкбеков*

**173.** Диалогду көркөм окугула. Мазмунун түшүнгүлө.

– Сырттан кубанычтуу Динар келди:

– Чоң эне, сүйүнчү!

– Болсун, тентегим, болсун!

– Мен кат жазган академик агай келмек болуптур. Силердин тоодо укмуш кен бар дептир!

– Э, көпөлөгүм. Ал академик билген экен. Силердин бул тоолордо укмуштар көп! Ал укмуштарды ача турган мына өзүбүзбүз!

*Т. Сыдыкбеков*

1. Динара эмне үчүн кубанганын силер билесиңерби?
2. Кыргыз тоолорунда кандай кендер бар?
3. «Кен» деген эмне?
4. Кендин кандай түрлөрүн билесиңер?

**174.** Окуп, которгула, мазмунун айтып бергиле. Кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

Кыргыз тоолорунда табигый байлыктар көп. Жер астында алтын, күмүш, жез, коргошун, темир, калай кендеринин жана көмүрдүн ири кору жатат. Бул кендерди геологдор таап, мекенге, элге беришет.

1949-жылдын жайлары. Түркүн гүлдөр жайнап, тоо арасы кулпунуп турган кез. Тектирде аппак чатырлар катар тигилген. Бийик тоонун бетинде иш кызып, тоо арасы шандуу. Бул жерде жаш геолог Адышев Мусанын отряды чалгындоо жумуштарын жүргүзүп жаткан. Ал кезде Муса Илимдер академиясынын кенже илимий кызматкери болчу.

*КСЭ*

**табигый байлыктар** – природные богатства
**тектир** – равнина в горах
**иш кызып** – кипела работа

*Үлгү:*

а) жатат ...
б) алтын, күмүш ...

**175.** Төмөнкү сегиз санды ирети менен алфавит тартибинде окусаңар, белгилүү жазуучунун аты чыгат. Аты чыккан жазуучунун баш тамгасынан алты сөз чыгаргыла, пайда болгон сөздөрдүн синонимин тапкыла.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 22 | 18 | 13 | | | – приплод |
| 22 | 1 | 13 | | | – ива |
| 22 | 24 | 19 | | | – слезать |
| 22 | 1 | 16 | 23 | 23 | – связать |
| 22 | 17 | 13 | 23 | 12 | – целиком |
| 22 | 24 | 14 | 18 | 11 | – парный |




**176.** Окугула. Табышмакты тапкыла.

Отуруп алып ичин ачам,
Баатырларга аралашам,
Аябаган кызыкка батам,
Аягына жеткенче шашам.

*(к...п)*

**Билип алгыла.**

Төө баласы – бото,
Түлкү баласы – бачики,
Бээ баласы – кулун,
Уй баласы – музоо,
Кой баласы – козу,
Аюу баласы – мамалак,
Суур баласы – чөңдөлөй,
Мышык баласы – мый,
Кашкулактын баласы – борсолдой,
Бөрү баласы – бөлтүрүк,
Ит баласы – күчүк,
Эчки баласы – улак.

*Т. Сыдыкбеков*

## § 29. Чейректик кайталоо

**Эстегиле.**

1. Татаал сүйлөм деген эмне?
2. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиңер?
3. Тең байланыштагы татаал сүйлөм деген эмне?
4. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн байланышуу жолдору.
5. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деген эмне?
6. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түзүлүшү:
   а) баш сүйлөм,
   б) багыныңкы сүйлөм.
7. Татаал сүйлөмдөрдүн грамматикалык белгилеринин өзгөчөлүгү.
8. Таандык мүчөлөрдү атагыла.

**177.** Окугула, которгула. Текстке тема койгула. Экинчи абзацтагы татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмгө айландырып жазгыла.

... Кышкы таңда токойдун ичи жымжырт болуп турат. Таңдын атышы да ошончолук кооз көрүнөт. Аппак тыбыттай болуп үлпүлдөгөн карда түлкүнүн изи дапдаана байкалат. Тигине, бутак кыймылдай түштү, түлкүнү көрө коюп, кашка чымчык учуп жөнөдү.

Жыгачтын баштарында тыйын чычкандар жүргөнүн, алардын кыймылынан улам бутактар термелип, кар күбүлүп түшүп жатканын көрүп, түлкү кулак түрө калат. Бул куу түлкүнүн токойдон көрбөгөнү, укпаганы жок. Ач карышкырлардын үрөй учуруп улуганы кышында капкайдан угулат. Аны укканда кыштактагы сак кулак иттер да үрө баштайт.

*И. Соколов-Никитов*

**жымжырт** – тишина
**таңдын атышын** – восход солнца
**аппак тыбыттай** – как белоснежный пух
**кулак түрө калат** – прислушивается
**үрөйдү учуруп** – очень напугав
**сак кулак** – здесь: чуткий

**178.** Текстти окугула, тыныш белгилерин койгула. Мазмунун кыргыз тилинде баяндап бергиле.

## ШЕЛКОВЫЙ ПУТЬ

Много веков назад торговые караваны из Европы в Китай двигались через Чуйскую долину Этот путь был более удобным и выгодным потому что был намного короче и безопаснее.

Когда Кавказские горы и седой Каспий оставались позади караваны верблюдов и мулов через Самарканд и Бухару направлялись к хребтам Теңир-Тоо. Чтобы защитить товары от грабителей по бокам каравана ехали вооруженные всадники Если встречался на пути колодец то запасались водой вдоволь Несмотря на то что беспощадно палило солнце и лицо обжигали горячие ветры караваны упорно двигались вперед.

Вот наконец и Чуйская долина Там где сейчас стоит древняя башня Бурана когда-то находился большой караван-сарай Достигнув Иссык-Куля опытные проводники поворачивали караваны к Нарыну и Ат-Баши Еще несколько дней пути – и за перевалом открывались ворота богатых китайских городов.

Из Китая европейские купцы привозили много разных товаров особенно шелка поэтому этот торговый путь назвали Шелковым.

**торговые караваны** – соода кербендери
**направились к хребтам** – тоо кыркаларын көздөй
**защитить товары** – товарларды коргоп калуу
**вооруженные всадники** – куралданган атчандар
**запаслись вдоволь водой** – сууну мол камдашкан
**беспощадно палило** – ачуу тийиши, аябастан куйкалоо
**обжигали** – күйгүзгөнүнө
**опытные проводники** – тажрыйбалуу жол көрсөткүчтөр
**торговый путь** – соода жолу

**179.** Текстти окуп, К. К. Юдахиндин жана Б. О. Орузбаеванын сөздүктөрүн пайдаланып которгула. Мазмунун айтып бергиле.

## БАРСКОН ШАРКЫРАТМАСЫ



Ысык-Көл өрөөнүндөгү кооз шаркыратма Барскон суусунун башында. Барскон өрөөнүнүн батыш капталынан агып түшкөн шаркыратма суунун ортонку агымындагы карбондун сланец тегинен түзүлгөн тик кашаттан кулап түшүп, диаметри 10–15 метрге чейин фонтан сымал чачырайт.

Айланасында карагай токою, чытырман бадалдар жана четин, тал, ит мурун, шилби, жапалак арча өсөт. Чоң шаркыратмадан 150 м ылдый бийиктиги 12 м келген кашатта экинчи шаркыратма пайда болгон. Барскон шаркыратмасы – туристтер эс алуучу жай.

Анда 1962-жылы дүйнөнүн тунгуч космонавты Ю. А. Гагарин болгон.

**180.** Көнүгүүнү окуп, сөз кайсы улуу жазуучу жөнүндө экендигин таап, ордуна койгула. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү татаал сүйлөмгө айландыргыла.

1. Каракол шаарындагы Чехов атындагы орус мектебинде окуган.

2. Ал билим алган.
3. Фрунзедеги Айыл чарба техникумун бүтүргөн.
4. Чыгармачылыгын ыр жазуудан баштаган.
5. Улуу жазуучу көп эмгектенген.
6. Ал эң жогорку сыйлыктарга ээ болгон.
7. Кыргыз Республикасынын сыйлыгы «Ак Шумкар» орденин алган.
8. Баатыр наам кошулган.
9. Кыргыз элинин эл куту болгон.
10. Сыймыгы болгон.

*Ү л г ү :*

Т. Сыдыкбеков Каракол шаарындагы А. Чехов атындагы орус мектебинде окуп, билим алган.

**181.** Төмөнкү сөз айкаштарын которуп, сүйлөм түзгүлө.

| | |
|---|---|
| ажайып көрүнүш | тик аскалуу |
| аска зоолор | коргул таштуу |
| бийик чокулар | коргоого алынган |
| ак мөңгүлөр | жаратылыш паркы |
| тар капчыгай | чоң дарыя |

**182.** Көп чекиттин ордун толуктагыла. Берилген сүйлөшүүнү маанисине карап, ролдорго бөлүп окугула.

1. Ысык-Көл өрөөнүндөгү кайсы кооз шаркыратманы билесиң?

… .

2. … ?

Диаметри он, он беш метрге чейин жетип, фонтан сымал чачырайт.

3. Шаркыратманын тегерек-четинде кандай өсүмдүктөр өсөт?

… .

4. … ?

Барскон шаркыратмасынан 150 м төмөн экинчи шаркыратма бар.

5. Барскон шаркыратмасында кимдер эс алышат?

… .

6. Шаркыратмада дүйнөнүн туңгуч космонавты Ю. А. Гагарин кайсы жылы болгон?

… .

## § 30. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү

1. Текшерүү иши (оозеки, жазуу).
2. Тест.
3. Чыгармачылык диктант, эркин, терме, сөздүк диктанттар.

### Текшерүү иши

**I.**

1. Өзүң жакшы көргөн мезгил жөнүндө аңгемелеп бер.
2. Билим жөнүндө бир нече макал жазып, аны чечмелеп бер.
3. Берилген сүйлөмдөн тең байланыштагы татаал сүйлөмдү аныкта.

**II.**

1. Өзүң жакшы көргөн улуттук оюндардын бирине аңгеме түз.
2. «Манас» эпосунан үзүндү айтып бер.
3. Берилген тексттен кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тап.

**III.**

1. Белгилүү жазуучулардын бири тууралуу аңгемелеп бер.
2. Билген жаңылмачыңды айтып бер.
3. Биринчи суроодогу аңгемеден сөз айкаштарын тап.

**IV.**

1. Кыргыздын белгилүү баатырларынын бири жөнүндө аңгемелеп бер (Шабдан баатыр, Балбай баатыр, Байтик баатыр, Жаманкара баатыр).
2. «Кыргыз жери» (сөзү Түмөнбай Байзаковдуку) деген ырды жатка айтып бер.
3. Өзүңдү сыпаттоочу сын атоочтор менен сүйлөм түз.

**V.**

1. Кыргыздардын дүйнөлүк биринчи курултайы жөнүндө аңгемелеп бер.
2. Каалаган ырыңды эстеп жаз.
3. Өзүң жазган аңгемеңден багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү аныкта.

**183.** Текстти окугула. Өзүңөрдүн сөзүңөр менен айтып берүүгө аракеттенгиле.

## КЫШ

Жыл төрт мезгилге бөлүнөт. Алар – жаз, жай, күз, кыш. Жылдын бул мезгилдери ар бири өзүнчө бир кооз. Мен кыш мезгилин жакшы көрөм. Кыш мезгили күз айларынан кийин келет. Кыштын биринчи белгиси: суук боло баштайт. Айылда тондурма айдалып, күздүк себилет. Жер эс алат, тынчтык өкүм сүрөт. Кар жаайт, айлана-чөйрө тазарат. Тоолор ак кар жамынат, көркүнө келет, калпагы жаңырган өңдөнө түшөт.

Акындар ыр жазып, жаңы ойго чөмүлөт. Жаш бөбөктөр сүйүнүп, чана, конькисин камдайт. Жан-жаныбарлар тынчтанат. Айлана тынчтыкка чөмүлөт. Мага кыш мезгили жагат.

**184.** Илим жана билим жөнүндө макалдарды бөлүп жазгыла.

1. Окуп билгениң али билим болбойт, ага акыл-ойдун булагын бур.
2. Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат.
3. Жыргалдын ана башы – ден соолук.
4. Аары да гүлдү тандап конот.
5. Ат жаманы кор болот, куш жаманы бир чымчыкка зар болот.
6. Көзү жамандын сөзү жаман.
7. Сөз уккандан түңүлбө, ал кызыккан адам билимге.
8. Акыл кабыл албаса, илим пайда бербейт.
9. Көө жугузба адамга, сөзүңдү жугуз!

**185.** Окугула, түшүнгүлө, айтып бергиле.

## АК ЧӨЛМӨК

Айлуу түндө балдар эки тарап болуп, бир жерди белгилеп, бир нерсе коёт (таш, чапан ж. б.). Андан бир тарап бир карыштай (10 см) жыгачты (ак чөлмөк) алып, ыргытып жиберет. Аны издеп таап алып, кайсы тарап болсо да, колунан тарттырбай алып келип таштаса, бир упай алган болуп эсептелет. Ошентип ойной беришет. Ким белгиленген жерге аз таштаса, ошол тарапты көп таштаганы эшек кылып

минет. Ак чөлмөктү ыргытып, ошого жеткенче айдап барат (минип барат).

**ак чөлмөк** – ночная (в лунные ночи) игра, состоящая в забрасывании и отыскивании мяча или палочки
**айлуу түндө** – в лунной ночи
**колунан тарттырбай** – не позволить забрать

**186.** Окуп, жаңылмачтарды жаттап, командага бөлүнүп айткыла.

Үзүлүп кетип үзөңгү,
Үсөн ооп түзөлдү.
Үсөн күчтүү болбосо,
Үзөңгүнү үзөбү.

*Б. Темиров*

Көп-көп
Көпөлөк,
Көп болуп
Көкөлөп,
Көргүн деп
Көңүлдү
Көтөрөт.
Көңүлдү
Көтөрүп,
Көк-кызыл
Көрсөтөт.
Көк чөп көп,
Көпкөк чөп.
Көк чөптөн
Көпөлөк көп.

*А. Осмонов*

**187.** Окуп, түшүнгөнүңөрдү орусча аңгемелеп бергиле.



Мен өлсөм барар жайды өзүм табам,
Жолума тандайлашкан уйкаш жабам.
Бейитке жатты десе ишенбегин,
Бел болуп мекениме туруп калам!

Таланттуу прозаик, акын, драматург Н. Байтемиров 1916-жылы Чүй боорундагы Кегети айылында туулган. Ал билимди өз айылындагы мектептен алган. Кийин Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтуна кирип окуган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында совхоздун башкаруучусу, андан соң журналисттик кесипте иштеген. Ал алгач ыр жазып баштаган. «Жомоктор» аттуу биринчи китеби, «Азамат» аттуу повести жарык көрдү. Анын «Сыр поэмасы», «Камкордук» повести, «Жылдызкан» рома-

ны, «Тандалмалар» ыр жыйнагы бар. Н. Байтемиров эмгеги үчүн ордендер жана медалдар менен сыйланган. 1996-жылдын 23-мартында белгилүү жазуучубуз жарык дүйнө менен коштошту. Жаркын элеси окурмандардын эсинен чыкпайт.

*«Кыргыз балдар адабияты»*

**жарык көрдү** – увидел свет
**жарык дүйнө менен коштошту** – скончался
**жаркын элеси** – светлый образ

**188.** Ырды окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Жаттап алгыла. Маанисин эки тилде чечмелегиле.

## ТАЛАНТ ДЕЛЕ



Талант деле күлүктүр,
Сүрөп турса дуулаган.
Талант деле дарактыр,
Бакпай койсо кууураган.

*Н. Байтемиров*



? Эки дарактарды салыштыргыла.
Эмне үчүн бири бүрдөп, бири кууурап турат?

! **Билип алгыла.**

Кыргыз журтунда элин, жерин, эл намысын коргогон баатырлар: Шабдан баатыр, Балбай баатыр, Жаманкара баатыр, Байтик баатыр ж. б. баатырлар болгон.

## БАЛБАЙ БААТЫР

Санжырачылардын бир бөлүгү Балбай баатырдын энесин (Ысык-Көлдө) жолборстун жүрөгүнө талгак болгон дешсе, экинчилери карышкырдын сырттаны көкжалдын жүрөгүнө талгак болгон экен деп ырасташат. Анан ага көкжалдын жүрөгүн таап келип беришкен.

Кийин Балбай баатыр согуштарга кирип, баатырлык көрсөтүп, эл көзүнө көрүнө баштаганда бир моюндугу байкалыптыр. Кандай шашылыш болсо да, кылчайып карай алчу эмес экен. Карышкырга окшоп, бир моюн болуп калыптыр.

Балбай баатыр кичинесинен уу жеп көнгөн экен. Уу коргошундун түбүн аарчып эле жеп жүрчү экен. Ошондуктан кийин колго түшкөндө(Верныйга, азыркы Алматыга алып барганда) орус колониячылары берген циандуу калийге ууланбай коюптур. 8 жолку берген ууну былк этпей көтөрүп, бирок уунун салдары өтүп, катуу ооруйт. Түрмөдөн чыгып барып, казак Дербишаалы дегендин үйүндө каза болот. Денесин жүктөп келүүгө мүмкүнчүлүк болбогондуктан, этин шылып таштап, сөөгүн алып келип, көл башына, азыркы күмбөзү турган жерге коюшкан.

**189.** Окугула. Түшүнгүлө. Каалаган ырыңарды жаттап алгыла.

## КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Тоого тоолор курамалап курашып,
Узун тартып, уламалап улашып,
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып, калың тартып заңкайып,
Алмаз сындуу көккө тийип миздери,
Арыстандын азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап,
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.

*А. Осмонов*

## КЫШ КЕЛДИ

Жылга менен коктулардан
Өрдөп келет боз туман.
Чыгып турган буу өңдөнүп,
Кышкы аяздын оозунан.
Футбол калып, азыр болсо
Коньки бутка байладык.
Жарышабыз муз үстүндө
Куштай сызып айланып.

*С. Эралиев*

**190.** Текстти окуп, бириңер кабарчы, бириңер чет элден келген мугалим болуп, уланткыла.

## ТИЛ – ДОСТУКТУН АЧКЫЧЫ

«Кыргыз туусунун» кабарчысы чет элден келген мугалим менен маектешти:

– Дирк, сиз бир жылдын ичинде эле кыргыз тилинде эркин сүйлөп калыпсыз. Сизге кимдер жардам берди? Кандай жол менен үйрөнүп жатасыз.

– Биринчиден, өзүмдүн аракетим. Кызыгып үйрөнүп жатам. Досторум жардам берди. Тил үйрөтүп жаткан мугалимим бар.

– Бир нече тил билет экенсиз. Тил үйрөнүү оңойбу?

– Тил үйрөнүүгө кызыгыш керек. Анан терең үйрөнсө болот.

– Өзүңүз тууралуу айтып бериңизчи.

– Макул. (Үй-бүлөсүнүн сүрөтүн көрсөтүп тааныштырды.)

– Бул – атам, бул – энем. Алар азыр Америкада жашашат. Атам азыр хирург болуп иштейт.

– Сиз Кыргызстанга кандайча келип калдыңыз?

– 1998-жылы атам экөөбүз бул жерге турист болуп келгенбиз. Жериңер бизге абдан жаккан, суктанганбыз.

– Кесибиңиз тилчиби?

– Мен биология факультетин бүтүргөм. Гуманитардык илим көбүрөөк жагат. ...

– Сиз кыргыз тилинде китеп окуй аласызбы?

– ... .

**191.** Көркөм окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Табышмактын жандырмагын тапкыла.

Өмүр-өмүр, өмүрдөн,
Жаккан оту көмүрдөн,
Асманга мойнун созгон,
Адамга демин кошкон,
Кызарып чогу чыккан,
Оозунан күлү чыккан.

*(М.ш)*

Жаркыраган кашка баш,
Жаралгандан ашка маш.

*(К...н)*

**192.** Татаал сүйлөмдүн түрлөрүн катыштырып аңгеме түзгүлө.

**193.** Текстти көркөм окугула, которгула. Которгонуңарды текшергиле. Айтып бергиле.

– Ура-а! Журавли!

Все трое прекрасно видели, что это были журавли, но кричали друг другу, как великую нежданную новость:

– Журавли! Журавли! Журавли!

Султанмурат вспомнил, что ранний прилет журавлей – хорошая примета.

Ранние журавли – хорошая примета! – крикнул он Анатаю, обернувшись в седле. – Урожай, урожай будет!

– Что, что? – не расслышал Анатай.

– Урожай, урожай будет!

Анатай, повернувшись в сторону Эркинбека, кричал ему, в свою очередь:

– Урожай! Урожай будет!

И тот отвечал им:

– Слышу, слышу! Урожай будет!

* * *

– Жаша-аа! Турналар!

Түшкө кирбес укмуш көргөнсүп, үчөө тең кыйкырды:

– Турналар! Турналар! Турналар!

Турналардын эрте келгени жаз менен жайга жакшы жышаан деген карыялардын сөзүн эстеди Султанмурат.

– Эрте келген турналар жакшы жышаан! – деп ээр үстүндө артына толгоно берип кыйкырды ал Анатайга. – Түшүм болот!

– Эмне, эмне? – деп Анатай жакшы укпай жатты.

– Түшүм! Түшүм мол болот!

Анатай артына толгонуп, Эркинбекке кыйкырды:

– Түшүм мол болот! Түшүм!

Эркинбек жооп кайтарды:

– Уктум, укту-ум! Түшүм мол болот!

*Ч. Айтматов*

?

1. Бул кайсы чыгармадан?
2. Автору ким?
3. Балдар эмне үчүн сүйүнүштү?

## КҮКҮК

Илгери-илгери азыркы биз билген Күкүктүн аты Акак экен. Ошол Акак-Күкүк күндөрүн биринде балдарын ээрчитип, бир жакка жол жүрүп калат.

– Кеч кире электе капчыгайдан үңкүр болсо да жай таап, түнөшүбүз керек, – деди да Акактын күйөөсү ылдамдап басып келе жатты.

Атасынын караанын көрүнбөй калганынан улам балдар тынчсыздана:

– Атабыз кайда? – деп сурай беришти.

– Ылдамыраак баскыла, атаңар бизге жай таап күтүп турат, – деп алаксытты Акак аларды.

Акак күйөөсүнө ана жетем, мына жетем менен баса берди. Бирок, күйөөсү Акактын үнү жетпес болуп узап кеткен эле. Ушундан улам чочулаган Акак балдарын да жоготуп албас үчүн алардын аттарын атап чакырып турду.

Балдарынын жообунан улам алардын адашпай келе жатканын билди.

Акыры туман тарап, таң аткандай болду. Ушул аралыкта арадан алты күн өтүп кеткенин Акак да, балдары да сезген жок. Акак айланасына көз жүгүрттү, ал күйөөсүн көрөм деген эле, бирок анын изин да көрө алган жок.

«Эки айры жолго түшүп, адашып кетсек керек», – деп ойлоду Акак.

Дал ушул учурда Акактын алдында Чукак пайда болду,

– Күйөөң кайда экенин мен билем, – деди Чукак.

– Андай болсо, барып таап кел.

– Адегенде балдарыңдын бирин берсең, таап келем, – деди Чукак.

Бул сөздү укканда Акактын ачуусу келип кыйкырды:

– Жогол, бул жерден! Мен баламды бере албайм!

Чукак кетип калды. Арадан бир нече күн өткөндөн кийин Чукак кайра келди. Акак баягы жерден күйөөсүн күтүп жаткан. Ал от жагып, балдарын үшүткөн жок. Бирок бышырып жегендей эч нерсе жок эле.

Муну көргөн Чукак айтты:

– Курал-жарагың да, күйөөң да жок болсо, эми балдарыңды кантип багасың? Ачтан өлтүргөнчө мага бер. Убактылуу болсо да мен багып турайын, – деди Чукак.

– Болуптур эми, барып балдардын атасын таап кел, – деди Акак макул болду да, Чукакка бир баласын берди.

Чукак бир нече күндөн кийин кайра келип:

– Издебеген жерим калбады, бирок сенин күйөөңдү тапканым жок. Дагы бир балаңды берсең, жерди жети айланып издеймин! – деди.

Акак макул болду. Айласы канча? «Балдарым ачтан өлбөй жашап турар», – деп ойлоду. Чукак болсо улам бир шылтоону айтып, кайта-кайта келе берип, Акактын эң акыркы баласын да алды. Чукак баласын алган сайын Акак: «Абайла, ойгонуп кетсе, ыйлайт», – деп эскертип турду.

Мына эми балдарынын баарын берип, асканын түбүндө жалгыз калды.

Бир нече күн күйөөсүн күттү. От жаккан жок. «Күйөөм эми таптакыр келбейт, – деди ал. – Эми мен жалгызмын. Чукак келип мени да туткун кылат».

Мына ушуну ойлоп турганда Чукак көзүнө көрүндү. Акак каттуу коркуп кетип, ордунан тура калганда канат бүтүп, Күкүккө айланып калды. Ушундан кийин ал өзүнчө уя салбайт, анткени «Чукак келип балдарымды алып кетет», – деп коркот экен. Чукактын алдамчылыгына алиге өкүнөт дейт.

## ҮМҮТ

Калың бактын чекесиндеги жалгыз бакта данек. Ал дүйнөгө келгени жылаңач. Эч кандай көркү жок. Эч ким ага көңүл бурбайт.

Бирок анын ичи толтура үмүт эле.

Ал топурагы жумшак, суусу мол, күнү ысык эң жагымдуу жерге барып, ошол жерден баа жеткис дарак болуп өсүүнү энсейт. Ооба. Анын ичи толтура максат, үмүт, каалоо. Бирок аны ошондой жерге ким алып барат?

Ким? Эч ким?

Учуп жүргөн канаттуулардын баары: карга, чымчык, тумшугу күчтүү канаттуулар да аны карабайт.

Баарынын издегени башка, алар эмне издешет, ким билет? Жылаңач данек көпкө ойлонду. Ал тажады. Ыйлагысы келди. Күн бүркөлүп, жаратылыш өз мыйзамын аткарып жатты. Күн жаап, тунук тамчылар тийип, асман ыйлайт.

Жер күлөт. Ый, күлкү аралаш.

Күтүүсүздөн данектин жүрөгүнө сезим пайда болду. Аны өзү да түшүнбөдү. Бирок дүйнөгө башкача карап калды. Ушул

күндөн баштап данектин сыртын эң жука көк кабык каптай баштады. Кабык күндөн-күнгө калыңдады. Данек демин ичине алып, желп эткен желге, тып эткен тамчыга, учуп жүргөн канаттууларга да ыраазы болду. Аларга таттуу сезим пайда болду. Күндөр өтө берди. Данектин сырты калыңдап, өңү өзгөрүүдө. Кабыгы кызара баштады.

Дүйнө кандай сонун... Жаркырап күн чыгат, агарып булуттар учуп жүрөт.

Дагы бир нече күн өттү. Данектин кызарган сырты ого бетер калың тартып, жумшак таттуу дан пайда болду. Данек корко баштады. Эми сабагым бошоп, ушул жерде каламбы?.. Коркуу, кубаныч аралаш. Ал бекер корккон экен.

Күтүүсүздөн шамал болду. Данекти учуруп, бир ажайып жерге таштады. Ал жерден өзү каалагандай чоң даракка айланды. Ак гүл ачып, мөмө байлап, таттуу даамдуу болуп, күзгү түшүмүн бере баштады.

Ошентип дарактын үмүтү орундалып: «Эрдик билекте эмес, жүрөктө экен» деген учкул сөз калган дешет.

«Үмүт үзүлбөйт», «Жаратылыш жарым ырыс», Ай катаалы-айда жаайт, Күн катаалы күндө жаайт».

**Чакыруу:**

1. Тема.
2. Окуя кайда болду?
3. Максаты.
4. Проблема.
5. Проблеманын чиелениши.
6. Проблеманын чечилиши.
7. Натыйжа.

**Ойлонуу:**

ҮМҮТ

бактагы окуя

данектин ичиндеги үмүт

жаратылыштын мыйзамы бузулган жок

данекке күтүүсүздөн пайда болгон сезим

данектин жаратылышка көз карашынын өзгөрүшү

үмүтүн үзбөстөн өз аракетин улантты

жаратылыштын мыйзамына баш ийди

үмүт эч качан үзүлбөстүгүнө өзү күбө болду

**Натыйжа** (окуучулар чыгарат).

## БЕЛЕК

Өткөн замандарда бир саякатчы адам жашаптыр. Анын үч кызы бар экен. Күндөрдүн биринде ал адам жер кыдырып, эл көрүп келүүгө жөнөмөк болду. Камылгасы бүткөндө кыздарын чакырып алды да:

– Кана киминерге эмне алып келейин, каалаганыңарды айткыла? – деди.

Эң улуу кызы:

– Мага кончуна алтын чөгөргөн оймолуу кызыл өтүк алып кел, – деди.

– Мага этеги бермет-каухар менен саймаланган көк шайы көйнөк алып кел, – деди ортончу кызы.

– Сага эмне алып келейин? – деп сурады атасы эң кичүү кызынан.

Кичүү кызы ойлонуп турду да:

– Атаке, мага белектин деле кереги жок. Аман-эсен кайтып келсеңиз болду. Эгер мага кандайдыр бир нерсе ала турган болсоңуз, анда жеген токочуңузга жабышкан күлдү жыйнай келиңиз. Башка эч нерсенин кереги жок, – деди.

Кенже кыздын сөзүн эжелери жактырышкан жок.

Ата-энеси күлүп тим болушту.

Ошентип кыздардын атасы сапарга жолго чыкты. Ат менен, араба менен жүрдү. Кемеге түшүп, дарыя-деңиздерден өттү. Ал кыздары айткан белектерди сатып алды да, үйүнө жөнөдү.

Арадан канча өткөнүн ким билсин, акыры ал үйүнө келди.

Улуу кызына кончуна алтын чөгөргөн оймолуу кызыл өтүктү берди.

Ортончу кызына этеги бермет-каухар менен саймаланган көк шайы көйнөктү энчиледи. Ал эми кичүү кызына болсо, өзү жеген нандын күлү салынган баштыкты берди да:

– Сенин суроонду орундаттым, кызым, бирок бул күлдү эмнеге жаратмакчы элең? Ушул да белек болобу? – деп сурады ал кызынан.

Кенже кызы үндөбөстөн жылмайып күлүп, эшикке чыкты да кара дөбөттү чакырып алып, ага баштыктын оозун ачып күлдү жыттатты эле ал бир чүчкүрүп алып качкан бойдон жөнөдү. Ошондо кенже кызы атасына карап:

– Эгерде сиз нандын күлүн түшүрбөй жесеңиз ооруп кал-

максыз, балким өлүп да калат болчусуз. Мынакей эми менин акылым менен сиз аман-эсен үйгө келдиңиз. Мунун өзү мен үчүн эң сонун белек,– деди.

Мына ушундан кийин ал адам кичүү кызын ого бетер жакшы көрүп, анын айткандарын орундатып жүрдү. (285 сөз).

## ДАРТКА ЧАЛЫНГАН КЫЗ

Илгери бийлиги, байлыгы менен, акыл-эси, амалы менен дүйнөнүн жарымын башкарып турган падыша болуптур. Ал билимдүү падышанын жандан жакшы көргөн жалгыз кызы болот. Ал кыз өзүнүн кырк нөкөр, курдаш кыздары менен сейилдеп жүрүп, күндүн ысыгында бир булакка туш келип, чаңкаган кыздар булактын муздак суусунан биринен-бири талаша суусундары канганча, кочуштап ичишет. Алардын катарында падышанын эрке кызы да шашып-бушуп, башкалар сыяктуу кочуштап суусунун кандырат. Эрке кыз суусунун кандырып, булактын башында турганда суунун чекесинен бир бака чулп этип, суга секирип түшөт. Муну кыздардын бардыгы көрүп, эрке кыз баш болгон бир тобу чочуп да кетет. Ошол учурда ары ойноок, ары ойсоке кыздардын бири:

– Иий, суу ичип жатканда баканы кошо жутуп алган жокпузбу?–деп тамаша айтат.

Көпчүлүгү:

– Койчу, ушунчалык чоң баканы кочуштагы суудан кантип эле көрбөй калалы, болбогон сөздү айтпачы,–деп маани беришпей кете беришет. Бирок, тамаша айтылган сөз падышанын кызынын көкүрөгүнө тык эте: «Кочуштап ичип жатканымда, мен баканы жутуп алган болушум керек»,– деген ой пайда болуп, акырындап ал күдүк ой ишенимге айланат.

Падышанын эрке кызы ошол күндөн тартып өз ишениминин айынан убайым жеп, сары ооруга чалдыгат. Күндөн күнгө абалы начарлап, тамак-аштан, оюн күлкүдөн калат. Падыша кызын айыктырууга бардык күчүн, байлыгын, бийлигин салат. Эчендеген табыптар, олуялар, дүйнөнүн бурчундагы белгилүүлөрдүн бардыгы келип, эчендеген айла-амалдарды, дары-дабаларды ичирип, оорууга эч айла таба алышпайт. Бул тамашаны айткан кыздын башы алынат. Бул иш-аракет

кыздын өз оюнан кайтуусуна себеп болбостон, тескерисинче, оорусун күчөтөт. Кыздын ал-ахвалы андан ары оорлошот. Падыша сүйүктүү кызы үчүн байлыгын да, бийлигин да, атүгүл керт башын да коюуга даяр болуп, кимде-ким кызымды оорудан айыктырса, ага бардыгын берип, өзү жер кезип кетүүгө даяр экенин жар салат. Айыктырууга, арга табууга аракеттенгендер көбөйөт, бирок айыктырууга болгон үмүт азайгандан азаят. Арга түгөнөт.

Күндөрдүн биринде «Падыша кызынын дартын мен билем, мен айыктырам», – деп бир адам эли ичинен суурулуп чыгат. Ал адам атагы алыска кеткен дарыгер да, табып же көзү ачык олуя да эмес, тек гана көптү билген, көптү көргөн, ар бир нерсенин терендигин тамырынан, себебин, жүйөөсүн баамдай билген, калк арасындагы карапайым, бирок акылман адам болуптур.

Айла кетип, арга табылбай, үмүтү үзүлүп-үзүлбөй турган падыша анча ишене бербесе да, кызын дарылоого уруксат берет. Акылман адам кызга келип, аны көргөндөн кийин: «Кызым, сен чын эле бака жутуп алыпсың»,– деп айтат. Бул сөздү уккан кыздын көзү ачылып, мурдагыдан да убайымга түшөт. Андай болушу мүмкүн эмес экендигин кан какшап далилдеп келгендердин ачуусу келип, алиги адамды өлтүрүп коюудан кайра тартпагыдай абалда болушат.

Белгисиз дарыгер сөзүн кайталап: «бака жутуп алганың чын, аны мен көрүп турам. Бирок анын өлүү-тирүүсүн билбей турам. Эртеңкиге чейин аны кантип чыгарып алуунун амалын ойлойлу»,– деп кетип калат. Кыз түнү менен ойлонуп, өзүнүн бака жутуп алганынын чын экенине дагы бекем ишенип, андан кантип кутулуунун айласын таппай, балким кечээ келген адам бир айласын табар деген үмүт менен таң атырат.

Эртеси кызга кайрадан жолуккан дарыгер: «Баканын бар экендиги чын. Дагы эле анын өлүү-тирүүсүн биле албай жатам. Аны билүү мен үчүн абдан маанилүү. Биз тирүү же өлүк экендигин билиш үчүн сиз бир карапа сүт ичүүгө тийишсиз. Эгерде бака тирүү болсо, сүттү тойгончо ичет да, кыймылдай баштайт. Ошондо анын тирүү экенин жана кайсы жерде турганын билем да, анан аны чыгаруунун жолун издейм»,– дейт. Өз ичинде бака бар экендигине биротоло ишенген кыз эч ойлонбостон туруп, сүт ичүүгө макул болот. Дарыгер бир

карапа сүт жана чара (табак) алып келүүгө буйрук берет. Чоң карапа сүт жана чара алынып келинип, кыз сүттөн иче баштайт. Сүт ичип жатканы менен кыздын эси-дарты ичинде: «Кайсы жеримден качан бака кыймылдайт»,– деп ойлоп, бир-эки жолу окшуп да жиберет. Эч нерсе болбойт. Дарыгер карападагы сүттү түгөтө ичүүнү талап кылат. Бүт айласы түгөнүп, бирок кандайдыр бир нерседен үмүт кылган кыз кыйналып жатып, сүттү бүт ичет. Кайрадан окшуп чарага куса баштайт. Мына ушул жерде күтпөгөн нерсе болот. Чарадагы кыздын кускан сүтүнүн ичинде сүткө тойгон баканын өлүгү да пайда болот. Аны кыз да карап тургандар да көрүшөт. Баканы көргөн дарыгер: «Эрке кыз, сен сүт менен кошо баканы да кусуп салбадыңбы! Болду сенин ичинде бака жок. Ал өлүп да калган турбайбы, оозуңа келгенче сен аны өлтүрүп да салыпсың деп»,–ашкере кубангандай, кыздын бака өлтүргөн эрдигине таң калгандай түр көрсөтөт. Кыз ага ишенет, өзүн баатыр сезет, ичиндеги баканы өлтүрүп, анан кусуп таштадың деген ишеним ээлеп, сакайып кетет.

**Тесттер:**

**1.** Кыргыз элинин билимсиздигин жоюу үчүн Чоң-Кеминге мектеп-медресе салдырган баатыр ким болгон?
1. Балбай баатыр 3. Шабдан баатыр
2. Жангарач баатыр 4. Байтик баатыр

**2.** Кыргыздардын эл аралык курултайы качан болду?
1. 1991-жылы 3. 1992-жылы
2. 1993-жылы 4. 1990-жылы

**3.** «Кыргыз бермети» деп аталган көлдүн аты.
1. Соң-Көл 3. Балкаш көлү
2. Ысык-Көл 4. Чатыр-Көл

**4.** Эл куту, улут үңгүсү деп аталган жазуучу ким?
1. Аалы Токомбаев 3. Түгөлбай Сыдыкбеков
2. Чыңгыз Айтматов 4. Насирдин Байтемиров

**5.** Шабдан баатырдын урпактарынан белгилүү акын кызыбыз ким?
1. М. Буларкиева 3. М. Абылкасымова
2. Г. Момунова 4. Н. Жетикашкаева

6. Ала-Тоону элестеткен баш кийимдин аты эмне?
   1. жоолук
   2. шапке
   3. тебетей
   4. калпак

7. Эжендин атасы сага ким болот?
   1. байке
   2. таеке
   3. ата
   4. ага

8. Сүтүнөн каймак алынбаган үй жаныбарынын аты эмне?
   1. эчки
   2. кой
   3. бээ
   4. топоз

9. Атандын чоң атасы сага ким болот?
   1. ата
   2. чоң ата
   3. баба
   4. буба

10. Берилген тамгаларды ирети менен чекиттердин ордуна жазып, үй канаттуусун тап. *(а, оо, ө, ү,)*
   1. к ... з
   2. к ... з
   3. к ... з
   4. к ... з

11. Чекиттин ордуна «а» тамгасын жазып, «быстро» деген сөздүн котормосун тап.
   1. б . к
   2. б . р
   3. б . т
   4. б . ш

12. Татаал жана жөнөкөй сүйлөмдөр бири-биринен эмнеси боюнча айырмаланышат?
   1. мааниси боюнча
   2. милдеттери боюнча
   3. грамматикалык түзүлүш өзгөчөлүктөрү боюнча
   4. татаал ойду билдириши боюнча

13. Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр кайсылар?
   1. каратма сөз, киринди сөз
   2. сырдык сөз, каратма сөз
   3. киринди сөз, модалдык сөз
   4. сырдык сөз, киринди сөз, каратма сөз

14. Байламталар сүйлөмдө кандай милдет аткарат?
   1. сөз менен сөздү гана байланыштырат
   2. кошумча маани берет
   3. сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштырат
   4. сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырат

**15.** Кайсы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?

1. Кечигип калганымды, карачы, кап.
2. Кечигип калганымды, карачы, кап!
3. Кечигип калганымды, карачы, кап:
4. Кечигип калганымды, карачы, кап?

**16.** Жөнөкөй сүйлөм кайсы?

1. Колу жок ойнойт.
2. Колунан көөр төгүлгөндөр.
3. Саат бештерде.
4. Келесиңби?

**17.** Тутумундагы түгөйлөрү маанилик жактан бирдей даражадагы сүйлөмдөр эмне деп аталат?

1. татаал сүйлөм
2. тең байланыштагы татаал сүйлөм
3. байламтасыз татаал сүйлөм
4. багыныңкы татаал сүйлөм

**18.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумунда канча түгөй болот?

1. эки
2. төрт
3. үч
4. үч же андан ашык

**19.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм кайсы?

1. Ышкырып куюн келди да, кайра ачылып кетти.
2. Жоо жинденет, ошентсе да элдин мизи мокободу.
3. Чоң-Төрдү булут каптады, аба ырайы бузула баштады.
4. Жол тайгак болгондуктан, Бектемир жай келатат.

**20.** Табышмак, макал, же накыл кеп текст боло алабы?

1. болбойт
2. экөө-үчөө бириксе, боло алат
3. өз сөзүбүз менен улантып жазсак, болуусу мүмкүн
4. болот

## § 31. Өтүлгөн материалдарды кайталоо, эске түшүрүү

! Эстегиле.

1. Татаал сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз?

2. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай жол менен байланышат?

3. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз?

4. Баш жана багыныңкы сүйлөм деп кандай сүйлөмдөрдү айтабыз?

5. Тең байланыштагы татаал сүйлөмгө мисал келтиргиле.

6. Байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм деп кандай сүйлөмдөрдү айтабыз?

7. Татаал сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилерин түшүндүргүлө.

**194.** Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан ылайык келүүчү байламтаны коюп, тең байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Схемага карап, тыныш белгилерин койгула.

1. Шаарды булут каптады..., аба ырайы бузула баштады. 2. Бүгүн эрте кызымдан кат алдым, ... менде тынчтык жок. 3. Сыдырым жел бир аз жортту ... шыбак башы термелди. 4. Сын пикирлер өз учурунда айтылды ... тарбия маселеси туура көтөрүлдү.

(ошол себептен, да, жана, да)

1. [ ] ..., [ ].
2. [ ], [ ].
3. [ ]..., [ ].
4. [ ]...[ ].

*Үлгү:*

Шаарды булут каптады да, аба ырайы бузула баштады.

**195.** Окуп түшүнгүлө. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү өз-өзүнчө ажыратып, жазып алгыла.

Көл кышында тоңбойт, айрым тайыз булундарында гана жука муздар пайда болот. Көл бетинин ортоңку бөлүгүндөгү температура жайкысын 24°Сунан кышкысын 4°Суна чейин өзгөрөт. Көл тунук келип, суусунун минералдашуусу өтө жогору (5,8 г/л).

Ысык-Көлдүн жээгинде көптөгөн курорттор, эс алуу жайлары ачылган.

Ысык-Көл курорт зонасындагы курорттор, санаторийлер кан айлануу, таяныч-кыймыл системаларынын, нерв жана дем алуу органдарынын ар кандай ооруларын дарылоого адистештирилген. Ошондой эле сөөк-муун ооруларын да ийгиликтүү дарылайт.

**196.** Текстти окуп, которуп, мазмунун айтып бергиле.

## КЫРГЫЗ-РОССИЯ (СЛАВЯН) УНИВЕРСИТЕТИ

Кыргыз-Россия (Славян) университетин уюштуруу идеясы 1992-жылы Кыргызстан менен Россиянын ортосунда достук, кызматташтык жана өз ара жардам берүү жөнүндөгү келишимди даярдоо учурунда жактырылган эле.

1992-жылдын 1-июнунда республиканын коомчулугунун өкүлдөрүнө болочок университеттин символикалык ачкычы тапшырылган.

1992-жылдын 28-сентябрында Бишкек шаарында Кыргыз-Россия (Славян) университетин уюштуруу жөнүндө жарлык (указ) чыккан.

1998-жылы студенттердин саны эл аралык мамилелер, гуманитардык, табигый-техникалык, экономикалык, укук жана медициналык факультеттеринде 2 миңге чейин жеткен. Ар кандай адистиктерди даярдоочу 25 кафедра иштеген. Аларда жогорку илимий жана педагогикалык кадрлар эмгектенишет. Көпчүлүгүнүн докторлук жана кандидаттык илимий даражалары жана профессорлук, доценттик наамдары бар.

Факультеттердин, кафедралардын алдында азыркы кездеги техника жана аспаптар менен жабдылган алтымыш окуу, илимий лабораториялар ачылган. Алардын арасында жардыруу физикасы, гидрометеорология, турмушта колдонулуучу электродинамика, геоинформатика ж. б. да бар.

**197.** Текстти окуп, тема койгула. Орус тилине которуп, татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. Анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандайча байланышта? Аларга сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Коңгуроо болуп, окуучулар класска кириишти, өз орундарына отурушту. Мугалим келгенде, алар орундарынан туруп саламдашышты. Мугалим тизмени чакырды. Сабакка келбей калган окуучуларды белгилеп койду. Андан кийин өткөн теманы кайталадык. Мен доскага чыктым да, тапшырманы жаздым. Суроолорго толук жооп бердим. Дагы эки-үч бала суралды, алар да толук жооп беришти. Мугалим жаңы теманы түшүндүрдү, а биз болсок аны көңүл коюп уктук.

**198.** Жаңылмачтарды окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Каалаганыңарды жаттап алгыла.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

1. Адырайсан адыраярыңа адырай,
Чадырайсаң чадыраярыңа чадырай.
Акырайсаң акыраярыңа акырай,
Маа демектен малдаш уруп бакырай,
Бакыргыдай не болду эле, капырай!

2. Адырандаган
Адыраңбайды,
Калпты көп айткан
Кадыраңбайды

Сен ардандыралбасаң,
Мен ардандыралмак белем?
Мен ардандыралбасам,
Сен ардандыралмак белен?

**199.** Көнүгүүнү окуп, татаал сүйлөмгө синтаксисттик талдоо жүргүзгүлө.

Шабдан өлөр-өлгөнгө чейин эч жамандыкты көрбөгөн, анын мартабасы өскөндөн өсө берген. Бир күндө миңден ашуун адам келсе, андан ошончо дүнүйө-байлык түшүп турган. Тескерисинче, алар Шабдандан дүнүйө-байлык да алып турушкан. Башкача айтканда, ага бири берүүгө шашса, бири алууга шашкан.

**өлөр-өлгөнчө** – до конца своей жизни
**эч жамандыкты көрбөгөн** – ничего плохого не видел
**мартаба** – счастье
**бири берүүгө шашса** – если одни спешили отдать
**бири алууга шашкан** – другие спешили брать

*Үлгү:*

Шабдан өлөр-өлгөнгө чейин эч жамандыкты көрбөгөн, анын мартабасы өскөндөн өсө берген.

## § 32. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү (Виды придаточных предложений)

**Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун ар түрдүү кырдаалын көрсөтөт.**

**Придаточные предложения указывают на разные виды обстоятельства главного предложения.**

*Мисалы:*

1. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы болгондуктан, үйлөр да көрүнбөйт. – Было так темно, что дома сливались с воздухом.

2. Зоолору күмүш кымкап кийгенсип, Алай тоолору асман мелжийт. – Горы Алая смотрят в небо, его скалы будто покрыты серебряной парчой.

3. Төө канчалык болсо, жүгү ошончолук болот *(посл.)*. – Каков верблюд, таков и вес его тюка.

4. Эгерде ошол учурда Жамийла үйдө болуп калса, ал катты дагы бир сыйра ичтен окумак. – Если в это время Джамиля была бы дома, она еще раз прочитала бы письмо.

**Багыныңкы сүйлөмдөр маанисине карата төмөндөгүдөй болуп бөлүнүшөт:**

**Различают следующие виды придаточных предложений:**

| | | |
|---|---|---|
| **1. Мезгил (времени):**<br>***качан? (когда?)***<br>***качанга чейин? (до каких пор?)***<br>***качантан бери? (с каких пор?)*** | -ган, -ар, + да<br>-ып, -ганча//<br>-гыча, -майынча<br>-са, бар; жок + да<br>-ган, -ар +<br>жандоочтор,<br>кызматчы сөздөр<br>этиш + эле | Ал келгенче, биз бардык, ишти бүтүрүп койдук.<br>(Пока он пришел, мы завершили всю работу.) |

| | | |
|---|---|---|
| **2. Орун (места):** ***кайда? каерде? кайдан? кайсы жакта? (где? откуда? куда?)*** | тутумунда: кайда, кайдан, кайсы жерде, ошондо, ошол жерде, ошол жерден -са байланышат -га + жер (баяндоочко ж. жөн. мүч. уланат) | Тартип кайда болсо, жеңиш да ошол жерде. (Где дисциплина, там и победа.) |
| **3. Максат (цели):** ***эмне үчүн? (зачем?) эмне максат менен? (с какой целью?) эмнеге? (для чего?)*** | деп (көмөкчү этиш) -ыш, -уу, -бас, -сын + үчүн (жандооч) -мак, макчы болуп (чакчыл этиш) | Шаарга эрте жетейин деп, мен бүгүн жолго чыктым. (Я сегодня раньше вышел, чтобы быстрее прийти в город.) |
| **4. Себеп (причины):** ***эмне үчүн? (почему) эмне себептүү? (по какой причине?)*** | -ган + дык + тан үчүн, себептүү, соң сайын, кийин -ып, -й -бы -ган + да билем, улам | Сен келбей, иш бүтпөй калды. (Так как ты не пришел, работа осталась не законченной.) |
| **5. Шарттуу (условные):** ***кандай шартта? (при каком условии?)*** | -са -ба + й -ган + да -ба + й + т + экен -са + эле -бар + бы, дыктан + бы -айын + чы | Жаз болбой, чөп көгөрбөйт. (Пока не наступит весна, не зазеленеют травы.) |
| **6. Карама-каршы (уступительные):** ***эмне болсо да? эмне болгон менен?*** | -са -са + да, + дагы + деле -ган + менен -бас + ч. жөн. мүч. -ып эле -сын | Мен көзүмдү жумган менен, өткөн күндөр көз алдыма тартылып турду. (Хотя я закрыла глаза, прошлое стояло передо мною.) |
| **7. Сыпат (образа действия):** ***кандай? (как?), кантип? (каким образом?)*** | -гансып -ып, -а -бас + ч. ж. мүч. -ба + -й -ган + -дай | Мен укпангансып, Нургүл катуу сүйлөп жатты. (Нургүл рассказывает громко, как будто мне не слышно.) |

| | | |
|---|---|---|
| **8. Салыштырма (сопоставительное):** ***салыштырылып көрсөтүлөт.*** | **кандай, ошондой<br>-са<br>-ган+дай<br>-са<br>-ганча,-гынча<br>-ган+сыңары,<br>сыяктуу, шекилдүү<br>ч. ж. көрө, бетер** | **Кар жаап тургандай, учкун жерге чачырайт.<br>(Искры падали на землю как снежинки, как-будто шел снег.)** |
| **9. Сан-өлчөм:** ***ордун, өлчөмүн көрсөтөт.*** | **Канча, ошончо, канчалык, ошончолук + -са, -ган + сайын** | **Канчалык көп аракеттенсеңер, англис тилин ошончолук жакшы үйрөнөсүңөр.<br>Насколько будете стараться, настолько хорошо научитесь говорить на английском языке.** |

**200.** Окугула. Көчүрүп жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Алик үйдөн чыкканда, аны менен бирге 2–3 киши бирге чыкты. Токтогул тигилген үйлөргө жөнөгөндө, эл ылдый көздөй бет алды. Ал бизден улуу адам болгондуктан, баарыбыз ал кишини сыйлайбыз.

**201.** Окугула. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү ажыраткыла. Аларга сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Ай көтөрүлгөн соң, анын шооласы үйдүн ичин жаркыратып жиберди. Асманды туман каптап, тоо-тоонун баштары бороондоп турган. Мен сырттан келсем, сен мектепке жөнөп кетипсиң. Күн уясына киргенден кийин, жылдыздар көрүндү. Жаан басылган үчүн, күндүн көзү көрүндү.

**202.** Текстти көторгула жана татаал сүйлөмдөрдү тапкыла.

## КЫШ

Аяз атанын ачуусу келип, айланага ак шейшебин жаап, кышты түшүрдү. Үлпүлдөгөн жаш кар бактардын бутактарын басты. Начар бутактарды качыратып сындырып, жаш бутактардын жанын кейитип, майыштырып ийди. Күздүн күүсүн чалып шылдырап аккан суулар тоңуп, тилден калып, көк жалтыр муз жамынды.

Кышкы ызгаар күчөп, кар учурган бороон айылды аңдыган ач бөрүдөй улуп-уңшуп, үйгө кирчүдөй эшикти тарткылайт. Көчөдөгү балдардын мурдун чымчып, кулагын чоюп тызылдатып, колдорун какшатты. Канаттуулар конорго жер, чокуганга жем таппай, үшүп үрпөйүшүп бакта отурушту.

**ачуусу келип** – разозлившись
**ак шейшебин жаап** – покрыв белой простыней
**чокуганга жем таппай** – не найдя корма

**203.** Текст боюнча суроо түзгүлө.

**204.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Аяз ата, ачуу, жаап, күздүн күүсүн, бөрүдөй, улуп-уңшуп, оозуна, канаттуулар, үрпөйүшүп.

**205.** Төмөнкү ырды окуп, мазмунун айтып бергиле. Жаттап алгыла.

### КЫШТЫН АЙТКАНДАРЫ

Ак куудай карым бар,
Сүйүшөт жаш балдар.
Белегим баарына
Лыжалар, чаналар.

Карым жаайт мапмайда,
Көп жааса, көп пайда.
Ойношот коёндор
Из салып ак карга.

Бак-дарак күмүштөн
Шурулар тагынат.
Суу тонуп муз болуп,
Чилдеге багынат.

Бардык иш чынында
Кышында токтолот.
Кар канча көп болсо,
Төл, түшүм көп болот.

*М. Жангазиев*

## § 33. Мезгил багыныңкы сүйлөм (Придаточные предложения времени)

**Кыргыз тилинде мезгил багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун мезгилин билдирет.**

***Качан? (когда?) качанга чейин? (до каких пор?) качантан бери? (с каких пор?)*** **деген суроолорго жооп берет.**

**В кыргызском языке придаточные предложения, указывающие на время действия главного предложения, называются** ***придаточными времени.***

**Отвечают на вопросы** ***когда? до каких пор? с каких пор?***

*Мисалы:*

1. Сен жардамдашкандан бери, мен жакшы түшүнүп калдым. – Когда ты начал помогать, я стал лучше понимать.

2. Турсун эшике чыкканда, (качан?) күн батып кеткен болчу.

3. Шаршен сүрөттү тартып жатканда, Эсенбек терезенин жанында отурду. – Когда Шаршен рисовал картину, Эсенбек сидел у окна.

**206.** Көнүгүүнү көчүрүп жазгыла, мезгил багыныңкы сүйлөмдүн ээ, баяндоочун тапкыла.

Ал чай ичкенден кийин, Алмаз үйүнө кетти. Алдар Көсөө келип караса, Чынарбай койду союп жатыптыр. Аюу ачуусу менен кыйкырганда, тоо башы титиреп, шагыл урайт экен. Ю. Гагарин ааламда учуп жүргөндө, анын даңкы бүткүл дүйнөгө тараган. Биз жайлоого барган кезде, агам да шаардан келди.

*Үлгү:*

Ал чай ичкенден кийин, Алмаз үйүнө кетти.

**207.** Орус тилинде берилген мезгил багыныңкы сүйлөмдөгү ар бир сөздү кыргыз тилине которуп, сүйлөм түзгүлө. Баш жана багыныңкы сүйлөмдү ажыраткыла.

Когда я выполнял домашнее задание, брат и сестра сидели тихо. Когда брат приехал из армии, все родственники и соседи пришли к нам. Когда прозвенит звонок, ученики сядут на свои места. Когда опустился занавес, все зааплодировали. Когда идешь по снегу, снег под ногами скрипит. Когда Алмаз закончит подготовительные курсы, он поступит в университет. Когда переходишь улицу, посмотри сначала налево, а потом направо.

*Үлгү:*

(Мен үй тапшырмасын аткарып жатканда), [иним менен карындашым тынч отурушту].

Когда я выполнял домашнее задание, брат и сестра сидели тихо.

**208.** Текстти кунт коюп окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## ТОКТОГУЛ ЖОЛГО ЧЫКТЫ

Токтогулдун ырлары бай-манаптарга жакпады. Алар акынга жалаа жаап, Сибирге айдатты. Токтогул сүргүндө жүрүп бир түнү качып, калың токойго жашынды.

Токойдун ичи жымжырт. Айлана көзгө сайса көрүнгүс капкараңгы. Түндүк менен түштүк, чыгыш менен батыш кайсы тарапта экени караңгыда белгисиз.

Акын таңдын атканын күтүп, сансыз санаага батып отура берди. Ал качуума жардамдашкан жолдошторум эмне болор экен деп ойлойт. Элиме эсен жетип, баштагыдай шаңшып ырдап, элдин муңун жазар бекенмин деп самайт.

Бир маалда таң сүрүп, жылдыздар тарай баштады. Коёндор бөкчөңдөп чытырман токойго кирди. Токтогул Сибирдин алыс жолун жөө артмакчы болуп, туулуп өскөн жери Кетмен-Төбөнү көздөй жолго чыкты.

**жакпады** – не понравился
**таңдын атканын күтүп** – дождавшись утра
**самайт** – мечтает

? **209.** Суроолорго жооп бергиле.

Токтогулдун ырлары бай-манаптарга жактыбы?

... .

Алар акынды кайда айдады?

... .

Акын качып чыгып, кайда жашынды?

... .

Токойдун ичи кандай сүрөттөлөт?

... .

Түндүк менен түштүктүн, чыгыш менен батыштын кайсы тарапта экени билиндиби?

... .

Акын эмне кылды?

... .

Ал эмнени ойлоду?

... .

Токтогул таң атканда эмне кылды?

... .

**210.** Ролдорго бөлүп окуп, сүйлөшүүгө үйрөнгүлө.

– Адилет, мен бүгүн радиодон көп күү уктум.
– Түшүндүңбү?
– Ооба, күүнүн аттарын жазып алдым. Катасын текшерчи.
– Жакшы болот. Эгер текшертпесен, катасы менен бирге түшүнмөксүң.

– Жок, кунт коюп укса, баарын эле түшүнөт экен. Өзгөчө «Сары барпы» деген күүчү, байкуш балдары чырылдап жардам сураса, зээнин кейийт, чыдаш кыйын.

– Кассетага жазганың барбы?

– Ооба, кассетага да жазып алдым. Угасыңбы?

– Чогуу угалы.

Балдар чогулуп угуп, талдашты.

– Карачы, чымчыктын чырылдаганын кадимкидей черткенин.

– Үч кыл комуз аркылуу кыргыздар жакшылыкты, жамандыкты угузган. Комузду кылдат чертпесе, түшүнүү кыйын деп атам айткан, – деди Адилет.

! **Билип алгыла.**

## КҮҮЛӨРДҮН АТЫ

«Күүнүн башы Камбаркан», «Санат күү», «Насыйкат», «Кер толгоо», «Миң кыял», «Шырдакбектин боз жорго», «Бегарстан», «Сары барпы», «Жаш кербез», «Кербез» ж. б.

? Сен комуз черткенди билесиңби? Комуз черткенди үйрөнгүң келеби?

**211.** Окуп, которуп, мазмунун айтып бергиле. Татаал багыныңкы сүйлөмдүн түрүн аныктагыла.

## КҮҮНҮН СЫРЫ

Токтогул Сатылганов сүргүндөн келгенде энеси Бурма эки көзүнөн ажырап, уулу Топчубай өлүп, аялы кетип калыптыр. Ал күнүгө бир убак тоо этегиндеги чынар теректин түбүнө барып, эс ала турган.

Өткөндөрдү эстеп, жаңы турмушка көз чаптырып, комузга салып күү чертчү. Бир күнү терекке боору сары чымчык келип уя салат.

Токтогулга үйүр болуп, колунан жем жей баштайт. Эртели-кеч сайрап, эрмек болот, беш жумуртка тууп, балапан чыгарат. Бир күнү Токтогул айылдан келе жатса, чымчык алдынан чыгып, чыр-чыр этип, чырылдап колуна конуп, «тез бас» дегендей белги берет. Токтогул шашып келсе, теректен чоң бир жылан сойлоп келе жатыптыр. Ал түшүнүп, жыланды кармап, жаагынан ажыратса, беш балапаны тумчугуп калыптыр. Аны көрүп, зээни кейип, Топчубайын эстеп, «күү» жаратат. Күүнүн атын «Сары барпы» атайт.

**212.** Өңдүн маанисин түшүнгүлө.

### САРЫ ТҮС

Эгин бышып жайкалып,
Алтын сымал түс берсе,
Жер сарыга бөлөнөт,
Бышыкчылык күз келсе.

Сары өзөн Чүй дегенден,
Кең дегенди туясың.
Сары барпы чымчыктын
Сайраганын угасың.

*Ы. Кадыров*

## § 34. Текст менен иштөө

**213.** Текстти окуп, которгула. Түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Багыныңкы сүйлөмдөрдү таап, дептериңерге жазып алгыла.

### КОМУЗ КАНДАЙЧА ПАЙДА БОЛГОН?

Илгери-илгери жер үстүндө бир хан болгон экен. Ал элин эзип, мөгдүрөтүп келгендиктен, эл аны кара мүртөз, зордукчул, канкор хан деп аташкан экен. Элдин каргышы, кайгы-муңу жеткенби, айтор, хан баласыз болуптур. Кудайга жалынып жатып карыганда жалгыз перзенттүү болгон имиш. Жалгыз перзенти чоңоюп, эр жеткен соң, зулум хан жигиттерди тандап берет. Хандын уулу кайда жүрбөсүн, аны баягы нөкөрлөр коштоп жүрөт.




Күндөрдүн биринде хандын уулу аңчылыкка кетет. Ой-тоону кыдырып, токойлорду аралап, эч нерсе жолукпай, камыш аралап келе жатса, алдынан күрүлдөп эне жолборс чыгат. Ал өзүнүн балдарын коргоп, алардын алдынан айбаттуу чыккан эле. Жолборстун күрүлдөгөн айбатынан жанындагы

нөкөрлөр качып жөнөшөт. Хандын уулу жебесин алганча болбой, жолборс аны чалып өтөт. Хандын уулунун өлгөнүн көрүп, жигиттердин үрөйү учат.

Күндөр өттү. Хан уулун күттү, бирок уулу кайрылып келбеди. Ошондо хан жар чакырып: «Кимде ким менин көзүм, мурасым, жалгызым жөнүндө жаман кабар алып келсе, коргошунду эритип, оозуна куям. Уулумду таап бергиле», – дейт.

Жарчылардын үнүн угуп, нөкөрлөрү эмне кылар айласын таппай, жер кезип кетишет. Тоо этегинде турган жалгыз алачыкта Аалы деген зергер жашоочу. Ал уста гана болбостон, акылман да болгон экен. Жигиттер Аалыга келип, болгон окуяны айтып берип, өлүмдөн куткаруусун өтүнүшөт. Аалы аларды тамактандырып, эс алуусун өтүнөт. Ал түн бою жыгачты жонуп, кандайдыр бир чөйчөк сыяктуу нерсе жасап, ага узун, ичке кылдарды тагат. Андан соң аны ойното баштаса, андан нечен сонун үндөр жаңырып чыга баштайт. Ал бирде ырдап, бирде ыйлап жатты. Аалы таң ата жигиттерди ойготуп, ханга келет. Хан аларды жаман кабар алып келгенин байкайт. Аалы ханга таазим этип, баягы куралда кол ойното баштады. Ал курал чымчыктардын сайраганын, суунун шылдырап агышын, ымыркайдын күлкүсүн сүйлөп берип жатты. Хандын жарпы жазыла магдырап жыргап укту.

Аңгыча баягы жайдары күлкүнү ырылдаган үн бузуп кетти да, ага удаа «апа» деп жардам сураган аянычтуу үн чыгып, заматта жок боло түштү. Хандын көңүлү айнып, айкырыкты салып, жалгыз мурасчысынан ажыраганына ишенбей, тилсиз жоону жок кылууга шашты. Жулунган нөкөрлөр заматта Аалынын колундагы куралды жулуп алып, эритилген коргошунду куя баштады. Бирок курал бирде ыйлап, бирде ырдап окуяны баяндап жатты. Бул курал Аалы зергер жасаган, атадан балага кылым улап жашап келе жаткан улуу комуз эле.

**элин эзип, мөгдүрөтүп** – *здесь:* беспощадно эксплуатировал народ
**элдин каргышы** – проклятие народа
**нөкөрлөр** – *здесь:* джигиты
**мурас** – наследие
**куткаруусун өтүнөт** – просит освободить от смерти
**жыгачты жонуп** – обстругивал дерево
**үнү бузулуп кетти** – *здесь:* прозвучал комуз по-другому
**кылым улап жашап келе жатат** – живет из века в век

**!** **Билип алгыла.**

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРЫ

1. Комуз – трехструнный щипковый музыкальный инструмент.

2. Керней – музыкальный инструмент в виде прямой большой медной трубы.

3. Чоор – дуда; пастушеская свирель; жалейка (из пустотелого стебля).

4. Жыгач ооз комуз.

5. Темир комуз – музыкальный инструмент, прикладываемый ко рту.

6. Добулбас – небольшой барабан с одним дном, обтянутый верблюжьей кожей.

7. Сурнай – зурна (духовой инструмент типа флейты).

8. Кыл кыяк – двухструнный смычковый музыкальный инструмент типа скрипки; дека обычно делается из верблюжьей кожи, не прикладывается к плечу, а ставится вертикально на пол, на землю.

*КСЭ*




1. Комуз. 2. Керней. 3. Жыгач ооз комуз. 4. Добулбас.
5. Темир комуз. 6. Чоор. 7. Сурнай. 8. Кыл кыяк.

**214.** Ырды жаттап алгыла.

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.
Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.

Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй,
Бул комуз көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөпжөнөкөй.

*А. Осмонов*

**215.** Окуп, түшүнгөнүңөрдү орус тилинде айтып бергиле. Тема койгула.

Комуз – элибиздин музыкалык аспаптарынын ичинен эң байыркысы. Анын үнү мукам, назик. Бул аспап өрүк, алмурут, жапайы жыгачтар: карагай, арча, талдардан жасалат. Ал эми кылдары болсо койдун ичегисинен кургатылып даярдалат. Комуз күүлөрүндө калкыбыздын бүткүл турмушу, элге, жерге болгон сүйүүсү, эрдиги, эмгекчилдиги, кубанычы, тунук махаббаты, кайгысы камтылган.

**мукам** – мелодично
**кайгы-капа** – печаль

**216.** Табышмактарды тапкыла.

Ичи ичинде,
Ичегиси тышында.

*(к...з)*

Узун сайда уй мөөрөйт,
Кыска сайда кыз мөөрөйт.

*(к....й, с....й)*

**217.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## КЫРГЫЗ МУЗЫКАСЫНЫН СЫЙМЫГЫ – АТАЙ ОГОМБАЕВ

Кыргыз элинин таланттуу обончусу жана комузчусу А. Огомбаев 1900-жылы Талас районундагы Көк-Кашат айлында туулган. Зээндүү бала төрт-беш жашынан эле комузга кызыгып, жетиге толгондо аны үйрөнөт.

12–13 жашында комузду кол ойнотуп черткен бала күүлөрү, обондору менен угуучулардын купулуна толот. 20 жашында өзү обон, күүлөрүн чыгара баштайт. Анын ата-

гы бүткүл Талас өрөөнүнө тарайт. 1935-жылы Атай Кыргыз мамлекеттик театрына келип, андан кийин филармонияда иштейт. Ал жерде комузчулар ансамблин уюштурат. Атай эмгегинин үзүрүн көрүп, Кыргыз ССРинин эл артиси деген наамга татыктуу болот.

Атайдын мукам ырлары: «Күйдүм чок», «Гүл», «Эсимде», «Ой, булбул», «Жаштар» угуучулардын купулуна толду. Атай «Ак Зыйнат», «Куралай», «Май чач» сыяктуу элдик ырларды жогорку чеберчиликте аткарчу. Ал «Маш ботой», «Саадат какты», «Ак тамак, Көк тамак», «Кыз кербез», «Маш Камбаркан», «Кара өзгөй» сыяктуу күүлөрдү жараткан.

Элине сиңирген эмгеги үчүн Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган. 1939-жылы дүйнөдөн кайткан.

! **Билип алгыла.**

## КЫРГЫЗДЫН БЕЛГИЛҮҮ КОМУЗЧУЛАРЫ

Атай Огомбаев, Карамолдо Орозов, Мураталы Күрөңкөев, Молдобасан Мусулманкулов, Токтогул Сатылганов, Ыбрай Туманов.

**218.** Ырды обону менен ырдагыла.

### КОМУЗЧУ

*Сөзү Темиркулдуку*
*Обону элдики*

Ой, комузчу, комузчу,
Чертип койчу комузду.
Элжиресин эт жүрөк,
Бийик чыгар добушту.

Ойго келбей убайым,
Оюнуңа тунайын,
Токтогулдун «Ботоюн»
Чертип койчу угайын.

Муратаалы чал тарткан,
«Сынган бугу», «Камбаркан».
Ушул сонун күүлөрдү
Уккан жандар таң калган.

Ниязаалы сайраткан,
Боз торгойдой айдаткан.
«Сары барпы» күүнү черт,
Тыңшасын булбул чарбактан.

Ак куу канат каккандай,
Дарыя жылып аккандай,
Элестетем бир туруп
Жаштар бирге баскандай.

## § 35. Орун багыныңкы сүйлөм
## (Придаточные предложения места)

**Баш сүйлөмдөгү ойдун ордун билдирсе, *орун багыныңкы* сүйлөм деп аталат.**

**Ал *кайда? каерде? кайдан? кайсы жакта?* деген суроолорго жооп берет.**

**Придаточные предложения, указывающие место, где происходит действие главного предложения, называют *придаточными места.***

**Отвечают на вопросы *где? куда? откуда?***

*Мисалы:*

Токтогул кайсы жерде болсо, ыр менен күлкү ошол жерде болот. – Где Токтогул, там и песня и смех.

**1. Шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү жана багыныңкыга кайда, каерде, кайдан, кайсы жерде, баш сүйлөмгө *ошол жерде, эгерде, ошол жерден* деген сөздөр кошулуп айтылат.**

**Придаточные места обычно относятся к обстоятельству места в главном предложении, выраженному наречиями *там, туда, оттуда* и др.**

*Мисалы:*

Адилет кайда иштесе, Айзада да ошол жерде врач болуп иштейт. – Где работает Адилет, там работает и Айзада врачом.

**219.** Жөнөкөй сүйлөмдөрдөн багыныңкы татаал сүйлөм түзүп, көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн маанисинде жана түзүлүшүндө кандай өзгөрүүлөр болгондугун аныктагыла.

1. Адилет иштеп жатат. Айзада да мугалим болуп иштейт.
2. Мен келдим. Сен да барасың.
3. Шамал болду. Жаан басылат.
4. Билим болот. Өнөр болот.

*Үлгү:*

Адилет иштеп жатат. Айзада мугалим болуп иштейт. Адилет кайда иштесе, Айзада да ошол жерде мугалим болуп иштейт.

**220.** 5 орун багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

**221.** Мезгил жана орун багыныңкы сүйлөмдүн 1) -а/-й, -майынча, -майын, -ганча, -ганы, -гыча; 2) -ган. 3) -са мүчөлөрүн сөздөргө улап, ар бирине сүйлөм түзгүлө.

**222.** Баш сүйлөмдү орун багыныңкы сүйлөмдөр менен толуктап, кыргыз тилине которгула. Айырмасын байкагыла.

1. Автобус остановился там, где ... / куда ... / откуда ...

2. Школьники поедут туда, где ... / куда ... / откуда ...

3. Самолет прилетел оттуда, где ... / куда ... / откуда ...

*Ү л г ү :*

Автобус остановился там, где была старая остановка. – Эски аялдама турган жерге, автобус келип токтоду.

**223.** Орун багыныңкы сүйлөмгө бир нече мисал жазгыла.

**224.** Текстти кыргызча, орусча окугула. Китепти жаап, орусчаны кыргызчага, кыргызчаны орусчага которгула. Котормоңорду китеп менен салыштыргыла, каталарын ондогула. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла.

Как теперь известно, Барс-бег происходил из древней правящей кыргызской династии, рано остался без отца, имел четырех братьев, был страстным почитателем боевой охоты. Род Барс-бега, как считалось, находился под особым



покровительством богини Умай-эне, его родственники носили редкий титул – Умай-бег. Не исключено, что кыргызский ажо (или его род), помимо светских, обладал и жреческими функциями по отношению к этой богине. В условиях сложной внешнеполитической обстановки, он скорее всего, обойдя старших братьев, выдвинулся на первое место в государстве кыргызов благодаря своим исключительным личным качествам.

Барс-бег стал во главе кыргызов, когда политическая ситуация в Центральной Азии резко изменилась.

Бизге белгилүү болгондой, Барс-бек байыртадан кыргыздарды башкарган байыркы династиядан чыккан, атасынан эрте айрылган, төрт бир тууганы болгон, ит агытып, аңчы-

лык кылганга аябай кызыккан. Барс-бек чыккан уруу Умай-эненин өзгөчө колдоосунда турат деп эсептелген. Анын туугандары Умай-бек деген сейрек титулду алып жүргөн. Кыргыз ажосунун (же анын уруусунун) Умай энеге байланыштуу диний ырым аткаруу жөрөлгөсү болгон. Тышкы саясий татаал кырдаалда, улуу агаларынан өзгөчөлөнүп, кыргыз мамлекетинде бийликке келиши үчүн Барс-бектин жеке сапаты чоң роль ойногон.

Борбордук Азиядагы өткөөл мезгилдеги саясий абалдын курчуп турган учурунда Барс-бек кыргыздардын бийлигинин башына келген.

**225.** Текстти окуп, мазмунун түшүнгүлө. Түшүнгөнүңөрдү орус тилинде аңгемелеп бергиле.

## УМАЙ ЭНЕ

Кыргыз мифтеринде Умай эне жөнүндө көркөм элестүү баян айтылып, эненин жана баланын коргоочусу, үйдүн кутун жаратуучусу делген. Умай эне апаны жана баланы оору-сыркоодон сактайт деген түшүнүктөн улам балдарды эмдегенде, дарылаганда «Менин колум эмес, Умай эненин колу» деген сөздөр айтылган. Үйгө бөбөктү жалгыз уктатып коюуга туура келгенде, «Умай энеге тапшырдым» деп камсыз болушкан. Жаш, ымыркай баланын бетин Умай эне жууйт деген ишеним болгондуктан, анын бетин күнүгө жууй бербейт. Кыргыз мифтеринде Умай эненин образы, баяны жөнүндө көркөм чыгармалар жаралган.

*К. Жусупов*

**кутун жаратуучу** – созидатель
**ымыркайдын бетин** – лицо младенца

**226.** Тамашаны окуп кой.

## БАЛА ДЕГЕН БАЛА

Габроволук бала токоч сатылуучу дүкөнгө кирип келип, сатуучу кыздан сурап калат:

– Эжекеси, токочтун ортосундагы тешиги канча турат!



– Тыйынга да турбайт,– дейт сатуучу кыз.

– Анда мага ортосундагы тешиги чоң токочтон бирди бере салыңыз.

11-86

! **Билип алгыла.**

### СИЛЕР КИМ БОЛОСУҢАР?

| *Уул бала* | *Кыз бала* |
|---|---|
| Ымыркай | Ымыркай |
| Балтыр бешик | Балтыр бешик |
| Бөбөк | Бөбөк |
| Ини | Синди, карындаш |
| Ата | Эне |
| Чоң ата ж. б. | Чоң эне ж. б. |

## § 36. Текст менен иштөө

**227.** Текстти окуп, которгула. Мазмунун айтып бергиле. Татаал сүйлөмдөргө көңүл бургула.

Дүйнөлүк тарыхта өз улутунун жүзүн чагылдырган акылман, каарман Маамытбек кызы Курманжан датка 1811-жылы азыркы Кара-Суу районундагы Мады кыштагында туулган. 1832-жылы Алайды башкарган Алымбек даткага турмушка чыккан. Аны менен 29 жыл жашап, беш балалуу болушкан. 1862-жылы козголоңчулар Алымбек датканы өлтүргөндөн кийин, Алайды башкарууну Курманжан өз колуна алган. Кийин ага датка деген наам берилген. Анын балдары Кокон хандыгына каршы күрөшкөн.



Курманжан датканын кадыр-баркы ушунчалык жогору болгондуктан, ал жөнүндө император Николай IIнин өзүнө айтышкан. Падыша ага атайын белек даярдаткан, белекти эң мыкты чеберлер жасаган. Падышанын атынан татыктуу белек – ичине империянын мамлекеттик гербинин сүрөтү тартылып, жакут жана розалар менен коолдолгон аялдардын алтын сааты болчу.

1907-жылдын 1-февралында «Алай канышасы» Курманжан датка 97 жашында каза болгон, сөөгү Оштогу Сулайман тоосунун этегине коюлган.

Кыргыз элинин улуу кызы Курманжан датканын элесине таазим этүү менен, Бишкек шаарында айкели тургузулду.

**козголоңчулар (козголоң – бунт)** – буntovщики
**башкарууну өз колуна алат** – управление берет в свои руки
**каршы күрөшкөн** – боролись против
**сөөгү** – тело, останки
**Сулайман тоосунун этегине коюлган** – похоронено у подножья Сулайман горы

1. Курманжан датка качан, кайда туулган?
2. Ал кайсы жерди башкарган?
3. Курманжан датка Алымбек датка менен канча жыл өмүр сүргөн?
4. Алайды башкарууну качан баштаган?
5. Курманжан датка деген наам качан берилген?
6. Анын балдары эмнеге каршы күрөшкөн?
7. Николай Шнин белеги кандай эле?
8. Датка качан, кайда каза болгон?

**Билип алгыла.**

## ӨМҮРҮ ӨРНӨК АЯЛЗАТ

Каныкей, Айчүрөк, Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Ак Мөөр, Курманжан датка, Уркуя Салиева, Нуркамал Жетикашкаева, Тенти Адышева, Майрамкан Абылкасымова, Марийам Буларкиева, Бакен Кыдыкеева, Бүбүсара Бейшеналиева, Таттыбүбү Турсунбаева, Күлүйпа Кондучалова, Даркүл Күйүкова, Зууракан Кайназарова, Керимбүбү Шопокова, Өлмөскан Атабекова, Сакин Бегматова, Бүбүйна Орузбаева, Роза Отунбаева ж. б.

**228.** Текстти окуп, которгула. Мазмунун айтып бергиле.

## ДАТКАНЫН ҮЧ ЭРДИГИ

Курманжан датканын улуулук касиетин Чыгыш элдери кандай жогору баалаcа, Европада да ошондой баалашкан.

1. Калктын канын суудай агызганга каршы болуп, жол издеген Курманжан датка орус империясынын жүргүзгөн саясаты менен келишпөөчүлүккө барган. Фергана, бүткүл Түркстан калктары үчүн прогрессивдүү жол катары Орусияга кошулууну туура көрүп, алар менен келишим түзүп, мөөрүн басат. Бул Курманжан датканын эл үчүн жасаган биринчи эрдиги эле.

2. Экинчи эрдиги – анын эркинин күчтүүлүгү. Ал өмүр шериги Алымбек датканын өлүмүнөн кийин көргөн «көкүрөк күчүгү» Камчыбек көз алдында жалган жалаа менен ак жеринен дарга асылганда да, көзүнө жаш алып, башын ийбеген.

3. Бүткүл Ферганада, анын ичинде кыргыз жергесинде да, өз алдынча мамлекет орноп, карапайым калктын өзү жер-суусуна ээ болушун каалап, ал үчүн өмүрү өткөнчө күрөшкөн. Бул эненин үчүнчү эрдиги эле. Демек ал өз артына өчпөс өрнөгүн калтырды. Курманжан датканын өрнөктүү өмүрү, коомдук жана мамлекеттик ишмердиги ачык асмандын алдында түнкү Чолпон жылдызындай дайыма жаркырап жанып тура берет!

*К. Жусупов*

**канын суудай агызганга каршы** – была против кровопролития
**мөөрүн басат** – ставить печать
**эркинин күчтүүлүгү** – сила воли
**өмүр шериги** – спутник жизни
**көкүрөк күчүгү** – младший сын
**Чолпон жылдыздай** – подобно утренней звезде
**жанып тура берет** – будет жить вечно

**229.** Ырды окугула. Мазмунун түшүнгүлө.

## КУРМАНЖАНДЫН КАЙРАТЫ

Оу! Курманжан, Курманжан,
Кылымдардын жаңырыгы.
Ак элечек, шайы көйнөк,
Кундуз жака, илбирс чепкен,
Бет алдына келген жанды
Тике багып карабаган.
Өмүр жолу жомок болгон
Эл башкарган ханышанын.

Кайратыңан кагылайын энеке,
Сен жаралгансың керекке.
Кайып болуп кетиптир го арбагың,
Ар бир жылда тирилгендей жаңырып,
Адамдардын арасына келмекке.

Кылган ишиң ошол доордун элеси,
Калып калды тарых менен жүрөктө.
Сүт акыңды кечип коюп балаңдан,
Ата журтун алып калган балаадан,
Сен болчусуң энекебай, айкөлүм,
Акылманы, журт энеси, туу тутам,
Кайратыңа башым ием бүгүн мен,
Ургаачынын сырттанысың, ханышам!

*Ч. Уңурова*

## § 37. Максат багыныңкы сүйлөм (Придаточные предложения цели)

**Кыргыз тилинде *максат багыныңкы сүйлөм* баш сүйлөмдөгү ойдун максатын билдирет. Ал эмне *максат менен? эмне үчүн? эмнеге?* деген суроолорго жооп берет.**

***Придаточные предложения цели* в кыргызском языке, как и в русском, указывают на цель того, о чем говорится в главном предложении, и отвечают на вопросы *зачем? с какой целью? для чего?***

*Мисалы :*

Адилет окууга барсын үчүн, энеси даярдык көрө баштады. Таалайбек окуудан кечикпесин деп, Айымжан эне эрте турган эле. Жеңиш биздики болсун үчүн, биз болгон мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгын жумшообуз керек.

**1. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөндөгүдөй формада түзүлөт: *-ып, -сын, -ыш, -уу, -са* мүчөлөрүнө үчүн деген жандооч айкашып келүү аркылуу.**

**Сказуемое придаточного предложения цели принимает следующие аффиксы: *-ып, -сын, -ыш, -уу, -са.***

**230.** Төмөнкү схема боюнча максат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун жана аны уюштуруучу формаларды тапкыла. Тыныш белгилерин койгула.

1. (-бас үчүн); 2. (-са үчүн); 3. (-уу үчүн); 4. (-ыш үчүн); 5. (-сын үчүн).

1. Сабактан эки алып калбас үчүн, Саша жакшы даярданып келди.

2. Англис тилин үйрөнүү үчүн Алмаз курска келди.

3. Бүтүрүүчүлөр сынакта (экзаменде) жакшы баа алыш үчүн тырышып окушту.

4. Атам акыркы кабарларды угуу үчүн телевизор койду.

5. Иним баласын билим алса деп жогорку окуу жайына өткөрдү.

6. Балдар футбол ойношсун үчүн мектептин жанына аянтча жасалды.

*Үлгү:*

1. (-бас үчүн – для того, чтобы)

**231.** Орус тилинде берилген максат багыныңкы сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула. Алардын ортосундагы айырмачылыкты көрсөткүлө.

1. Скажите Саше, чтобы он не пропускал уроки.

2. Посоветуйте Алмазу, чтобы он прочитал эту книгу.

3. Скажите дочке, чтобы она делала уроки.

4. Посоветуйте сестре, чтобы она говорила тихо.

5. Болот налил в вазу свежей воды, чтобы цветы не завяли.

6. Он принес воды, чтобы друг напился.

7. Учитель задал ученикам творческое задание, чтобы они научились фантазировать.

8. Чтобы рыбку съесть, надо в воду лезть.

*Үлгү:*

1. 1) [Скажите Саше], (чтобы он не пропускал уроки).
   2) [Сашага айтып коюңузчу], (ал сабак калтырбасын).
   3) (байламта) (мүчө)
   чтобы (-бас) ын

2. 1) Чтобы рыбку съесть, надо в воду лезть.
   2) Балык жеш үчүн, аны кармаш керек
   3) (байламта) (мүчө+жандооч)
   чтобы (-ш) үчүн.

**232.** Текстти окуп, которгула. Мазмунун түшүнгүлө. Айтып бергиле.

## ТАҢКЫ НУР

Кызыл күн асман менен сүзүп келе жатып, ай-ааламды ойготуш үчүн, өзүнүн алтын нурларын туш-тушка чачыратты.

Биринчи нур келип торгойго тийгенде, ал селт этип чочуп

кетти. Уясынан пар-р этип учуп чыкты да, улам жогору көтөрүлгөн сайын, өзүнүн ырын жаңыртып ырдай баштады: «Ай, таңкы аба, кандай сонун! Кандай керемет, эркиндик!».

Экинчи нур коёнго тийгенде, ал кулагын бир кагып алды да, көңүлдүү секирип, эртең мененки тамакка ширелүү чөп табыш үчүн, шүүдүрүмдүү шалбааны көздөй чуркады.

Үчүнчү нур балдар бөлмөсүндө уктап жаткан жалкоого тийгенде, ал көзүн ачты. Бирок ал экинчи жамбашына оодарылды да, ошо бойдон дагы терең уйкуга кетти.

**таңкы нур** – утренняя заря
**ай-аалам** – мир, вселенная
**ширелүү чөп** – сочная трава
**экинчи жамбашына** – на другой бок

**233.** Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып, мезгил, орун багыныңкы татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Каалга, каалоо, каамыт, каар (гнев, ярость), каарман, кабак (веко), кабар, кабат, кабык, кабырга, кагылыш, кадам, кадыр, казан, казуу, казы, каймак, кайнат, кайни, какыр (харкай, отхаркивай), калаа (город); жаа, жабыштыр, жаз, жагымдуу, жаза, жазык (вина), жайдак (без седла), жайыт, жалбыз (мята), жамак, жалкоо, жамал (лик, лицо), жаңжал (ссора), жаңыр (обновляйся), жан, жардамдаш, жаруу, жаркыра, жарыя, жатта, жашоо, жемсөө (зоб).

**234.** Сүйлөшүүгө көнүгүлү.

I

– Алло!
– Угуп жатам.
– Кечиресиз, Сыргакты чакырып коюңузчу.
– Ал үчүнчү кабатта 19-квартирада жашайт. Бир мүнөткө күтө туруңуз.
– Сиз угуп жатасызбы?
– Ооба, угуп жатам.
– Сыргак түштөнүп жатыптыр. Эмне деп коёюн.
– Андрей телефон чалды деп айтып коюңузчу.

II

– Алло, ким сүйлөп жатат?
– Бул сенсиңби, Андрей?

– Ооба, бул мен, саламатсыңбы, Сыргак? Мен сага бир саат мурун телефон чалгам.

– Ооба, мен билем, мага айтышты. Иштериң кандай, кандай жаңылыктар бар?

– Сен билесиңби, Сыргак? Кыргыз тилин окуп-үйрөнүү кыйын экен. Мен кээде сабакка түшүнбөй калып жатам. Мисалы, бүгүн мугалим этиштин өткөн чагын түшүндүрдү эле, мен түшүнбөй калдым, суранам, мага жардам берчи.

– Жакшы болот. Телефон менен түшүндүрүү кыйын. Мен сени саат 5те китепканадан күтөм. Макулдаштыкпы?

– Макул, Сыргак, чоң ыракмат.

– Көрүшкөнчө.

**235.** Татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмгө ажыраткыла. Тыныш белгилерине көңүл бургула. Курманжан датканын эрдиги жөнүндө эмне билесиңер?

Алайды башкарган Алымбек дүйнөдөн өткөндөн кийин, Алайды башкарууну Курманжан өз колуна алган.

Курманжан эл ичинде кадыр-баркка жетишип, элге таасири күчтүү болгондуктан, ага Бухара эмири «датка» деген наам берген.

Орусия менен Кокон хандыгынын ортосунда уруш болуп, бул хандык 1876-жылы Орусиянын карамагына өткөндө, Курманжан датка кыргыздардын эркиндиги үчүн күрөшөт. Курманжан датка 1907-жылы дүйнөдөн кайтып, сөөгү Оштогу Сулайман тоосунун этегине коюлган.

**236.** Төмөнкү сөздөрдүн жардамы менен датканын эрдиги жөнүндө сүйлөп бергиле.

дүйнөдөн өткөндөн кийин – после смерти
карамагына өткөн – перешел во владение
таян (-уу) – опирайся, опираться
баш ий (-үү) – подчинись, подчиниться
тагдыр – судьба
келишимге кол кой – заключи договор
ханыша – ханша, жена хана, правительница
датка – датка *(одно из высоких званий, присваиваемых в Кокандском и Бухарском ханствах; приравнивалось некоторыми дореволюционными исследователями к чину полковника; во время присоединения Кокандского ханства к России кыргызами Алайской долины управляла кыргызка Курманжан в звании «датка»).*

## § 38. Текст менен иштөө

**237.** Ырды жаттап алгыла.

### КЫРГЫЗДЫН АЛА-ТООСУ

Жайы-кышы кетпеген
Мөңгүсү бар, Ала-Тоо,
Асман менен тирешкен
Белгиси бар, Ала-Тоо.

Балдан ширин туптунук
Булагы бар, Ала-Тоо,
Тукабадай кулпунган
Тулаңы бар Ала-Тоо.

Ала-Тоонун арасын
Айбандары жойлогон,
Аюу, жолборс, сүлөөсүн,
Аралашып ойногон.

Алтын-күмүш эшилген
Кендери бар, Ала-Тоо,
Көздөгөнүн койбогон
Мергени бар, Ала-Тоо.

Душман жойлоп өтпөгөн
Чебиң сонун, Ала-Тоо,
Тулку бою темирдей
Элиң сонун, Ала-Тоо.

*Ж. Бөкөнбаев*

**238.** Текстти окуп, мазмунун айтып бергиле.

Болочок окумуштуу Ош облусунун Алай районундагы Гүлчө айлында 1915-жылы туулган. Ал мектепте окуп жүргөндө эле чоң энеси Курманжан датканын жүргөн жерлерин изилдегиси келген.

Тоого экскурсияга чыкканда таштарды жыйнап, Камчыбектин колго түшкөн жерлерин көрүп, алардын купуя сырын ачууну эңсөөчү. Бирок анын бул максаты дароо эле ишке аша койгон жок. Ал 1939-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, айылдык мектепте мугалим, директор болуп иштейт. Тилекке каршы, согуш башталып, Муса өз ыктыяры менен Мекенди коргоого аттанат. Андан аман-эсен келгенден кийин, билимин өркүндөтөт.

М. М. Адышев 45тен ашык илимий эмгектерди жана монографияларды жазган. Борбордук Теңир-Тоодо көп-көп кен байлыктардын бар экенин далилдеген. 1969-жылы геология-минерология илимдеринин доктору деген илимий даражага ээ болгон.

*КСЭ*

**купуя сыр** – сокровенная тайна
**ачууну эңсөөчү** – мечтал открыть
**билимин өркүндөтөт** – занимался самообразованием

**239.** Суроо бергенге үйрөнгүлө.

– ... ?

– Болочок окумуштуу Ош облусунун Алай районунда 1915-жылы туулган.

– ... ?

– Мектепте окуп жүргөндө эле, чоң энеси Курманжан датканын жүргөн жерлерин изилдегиси келген.

– ... ?

– Тоолордун, ата-бабаларынын жеринин сырын ачкысы келген.

– ... ?

– Билимин өркүндөткөндөн кийин.

– ... ?

– Айылдык мектепте мугалим, директор болуп иштейт.

– ... ?

– Өз ыктыяры менен Мекенди коргоого барган.

– ... ?

– Анын 45тен ашык илимий эмгектери жана монографиялары бар.

– ... ?

– Теңир-Тоодо көп кен байлыктар бар экенин далилдеп, илимдин доктору деген илимий даражага ээ болгон.

**240.** Суроолорго жооп бергиле.

– Ош шаарына бардың беле?

– ... .

– Ал кандай шаар?

– ... .

– Ош шаарында кандай окуу жайлар бар?

– ... .

– Ош шаарына канча жыл болду?

– ... .

– Өмүрү өрнөк аялзаттардан кимдерди билесиңер?

– ... .

– Курманжан датканын үч эрдигин билесиңерби?

– ... .

– Датканын неберелеринин аттарын атагыла?

– ... .

– М. Адышев ким болгон?

– ... .

! **Билип алгыла.**

## АЖЫДААР-ҮҢКҮР

Ажыдаар-Үңкүр – Ноокат районундагы Төө-Моюн тоосунун боорундагы үңкүр. Жалпы узундугу 110 метр, туурасы 20 метрге жетет, бийиктиги 3 метрдей. Үңкүрдүн эки оозу бар. Бир оозу кенен дого сымал келип, жар үстүндө жайгашкан, жолдон көрүнүп турат, экинчиси тоо капталында. Үңкүрдө Кызыл китепке катталган жарганаттар (тик кулак жана кош эрин жарганаттары) бар. Ажыдаар-Үңкүрдү мурда эл ыйык туткан, ал жөнүндө эл арасында көптөгөн уламыштар тараган.

*КСЭ*

**ажыдаар үңкүр** – пещера дракона
**дого сымал** – как дуга (часть упряжки)
**тоо капталында** – на склоне горы
**ыйык туткан** – свято хранили

## § 39. Бышыктоо

**241.** Төмөнкү накыл сөздөрдү окуп, мазмунуна түшүнгүлө.

1. Даана байлык – ден соолук.
2. Дарт келгенде, дарман кетет, дарт кеткенде, уйку келет.
3. Дарт эренди мүңкүрөтөт (үшкүртөт).
4. Дартты жөн койсо, жайылат.
5. Дат темирди жейт, дарт өмүрдү жейт.

**242.** Текстти окугула. Орус тилине которгула. Багыныңкы татаал сүйлөмдөрдүн баяндоочторун тапкыла. Суроо бергиле.

Ден соолук чың болуш үчүн күнүгө көнүгүү жасап, муздак сууга жуунуп, убараланбай койсо деле болот экен. Шиацу боюнча эмгектенген жапан адистери колдун ар бир манжасы өз алдынча кызмат аткара тургандыгын белгилешкен. Ар бир манжаны катары менен укалап, өзүңүздү көздөй акырындан тартып коюунун өзү ички органдарга оң таасир берет дешет:

Чыпалак жүрөктүн иштешин чыңдап, анын кагышы үчүн «жооп берет».

Аты жок боордун иштешин теске салат.

Ортон кан басымын төмөндөтүп, ичегилерге оң таасир берет.

Бармак баш мээнин иштешине, анын иштөө учурунун жакшы болушуна көмөк берет.

Сөөмөй ашказандын иштешине «жооп берет».

**чың** – крепкий (здоровье)

**катары менен укалоо, ушалоо** – массажировать по очереди

**243.** Силер жомок айтканды билесиңерби?

Аскар, Сергей, Мурат, Андрей – классташ.

– Аскар, «беш кол тең эмес» деген макалды түшүндүрүп берчи, – деди Сергей.

– Болуптур эмесе, чоң атаман уккан жомокту айтып берейин. Эмне үчүн «беш кол тең эмес» экенин чогуу түшүнөлү, – деп Аскар жомогун айта баштады.

Илгери-илгери беш бир тууган болгон экен. Эң улуусу Бармак, андан кийин инилери Сөөмөй, Ортон, Аты жок, Чыпалак деген беш бир тууган жашаптыр. Алардын ата-энеси эчак өлгөн экен. Күндөрдүн биринде курсактары ачып, эмне кыларын билишпей отурушканда, эң улуу агасы Бармак мындай дейт: «Инилерим, ууру кылсак кантет?»

Сөөмөй: «Ууру кылса, кылалы», – дейт.

Ортон: «Кудайды кантебиз?» – деп токтоло калат.

Аты жок анда: «Кудайды кантмек элек?» – десе, Чыпалак: «Сойсо соёлу да, сорпосуна тоёлу», – деген экен.

Мына ошентип, бир койду уурдап союп алышат. Күндөрдүн биринде койдун ээси издеп жүрүп, Бармакка жолугат.

– Бармак, кой көрдүңбү?

– Жок, көргөнүм жок.

– Сөөмөй, сен көрдүңбү?

– Жок.

Анда Ортон: «Коюндун өңү-түсү кандай эле?» – дегенде, чыдамы кеткен Чыпалак: «Биз коюнду сойгонбуз, сорпосуна тойгонбуз», – деген экен. Ошондуктан, «беш кол тең эмес» деген сөз айтылып калыптыр.

– Жомогуң абдан кызык экен, – деп классташтары ыраазы болушту.

?

1. Жомок жактыбы?

2. Дене мүчөлөрүнө тиешелүү дагы кандай жомок билесиңер, айтып бергиле.

3. Силерге бир туугандардын кимиси жакты?
4. Эмне үчүн беш кол тең эмес?

**244.** Кырдаал боюнча сүйлөшүүнү ролго бөлүп окугула.

## КОЛ ЧЕНДЕРИ

– Ушул беш манжаны бириктирип турган жер – алакан, деди Аскар классташтарына.

– Эли (эки эли, үч эли ж. б.), муштум, ууч, кочуш, чеңгел, сөөм, карыш, нукум,– деп кол чендерин атап көрсөтүп жатты.

– Кана, Сергей, кулагың менен көзүңдүн ортосу бир нукум, ченеп көрчү?

– Каш-кабактын ортосучу?

– Каш-кабактын ортосу төрт эли.

– Андрей, отурган партанды карыштап көрчү?

– Беш карыш экен.

– Бир карыш канча сантиметр?

– Бир карыш – он сантиметр.

– Узун кездемени кыргыздар кантип ченеген? – деп сурады Сергей.

– Узун кездемени кулач менен ченеген, – деди Аскар.

– И кызык тура, – деди классташтары.

**кол чендери** – определение длины, размеров руками
**ууч** – горсть
**кочуш** – 2 горсти
**чеңгел** – горсточка
**сөөм** – длина указательного пальца
**карыш** – расстояние между средним пальцем и большим
**кулагың менен көзүңдүн ортосу** – расстояние от глаз до ушей
**каш-кабак** – *здесь:* лоб

! **Билип алгыла.**

Алакан, сөөм, нукум, эли, карыш, кулач, муштум, ууч, кочуш, чеңгел, чымчым.

? **Суроо-жоопторду уланткыла.**

*Үлгү:*

1. Беш манжаны бириктирген эмне?
– ... .

– Алаканда канча бир бир тууган бар?
– Алаканда ... бир тууган бар.
– ... ?
– ... .

## § 40. Текст менен иштөө

**245.** Ырды окуп, мазмунуна түшүнгүлө.

### ВРАЧ ЖАНА МЕН

Жүрөк ооруйт…
Врач тыңшап дабышты,
Апкелдирип аппараттын жаңысын.
Ток аркылуу чубалжыган кагазга
Жазып алды кан тамырдын кагышын.

Мен унчукпай кайра кием кийимим,
Врач болсо карап жүрөк чийимин,
Өлчөп чыгат төмөн түшкөн сызыгын,
Өлчөп чыгат өркөчтөрдүн бийигин.

Эртесинде кайра тыңшап дабышын,
Жазып жатып аты татаал дарысын:
– Кайгырбагын, толкунданба, күлбө, – деп,
Айтып чыкты эреженин баарысын.

*Ж. Садыков*

**246.** Диологду окугула. Которгула, асты сызылган сөздөрдү эстеп калгыла.

I

– Алло, «Тез жардам» бекен?
– Ооба.
– Доктур чакырууга мүмкүнбү?
– Оорулуунун аты-жөнү, дареги кандай?
– 15 жашта, Асанбай кичи району, 10-үй, 1-квартира.
– Эмнеси ооруйт?
– Ичи ооруп, өтүп, кусуп жатат. Тез келиңиздер.
– Азыр чыгабыз.

II

– Эмнеңиз оорул жатат? Жакшылап түшүндүрүңүзчү, ичиңиз эмнеден бузулушу мүмкүн?

– Базардан коон алып келип жегенбиз. Ошондон бир аздан кийин эле ичим ооруп, кусуп, башым ооруп, жаман болуп жатам.

– Тамакка ууланган турбайсызбы. Ооруканага жаткырышыбыз керек. Ашказаныңызды жууп, дарылаш керек.

– Айтыңызчы, үйдө дарыланышка болобу?

– Болот, бирок ооруканада жакшыраак болот го. Канга дары тамызып куябыз. Айтыңызчы, дагы эмне жедиңиз эле?

– Эч нерсе.

– Ооруканага тезинен жеткирели. Эшикти ачып коюңузчу.

– Ырахмат.

**ашказанды жууш керек** – нужно промыть желудок

**тамызып дары куюу керек** – нужно сделать капельницу, вливание

**247.** Текстти окугула. Которгула. Түшүнгөнүңөрдү аңгемелеп бергиле.

## МИРСАИД МИРРАХИМОВ

Мирсаид Мирхамидович – Кыргызстандын элине эмгек сиңирген ишмер, медицина илимдеринин доктору, академик.

Ал – негизги илимий эмгектерин бийик тоолуу шартта адам организминин патологиясы жөнүндөгү маселелерге арнаган. Ал – бийик тоо кардиологиясына негиз салуучулардын бири. Асман тиреген тоолордун адамга пайдалуу жагын жана айрым бир терс таасирин, зыяндуу жагын изилдеген. Бийик тоо климатында бронх астмасы, аз кандуулук дарыдармексиз эле жакшы болорун байкаган. Анын кеңеши менен дарыланып, оорусунан айыккан адамдар республикада миңдеп саналат.

? **Суроолорго жооп бергиле.**

1. М. М. Миррахимов ким?
2. Ал медицинанын кайсы тармагында иштеген?
3. Медицинага кошкон салымдары кайсы?

**248.** Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын пайдаланып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Ден соолук, оору, илимий эмгектер, кеңеш, жүрөк, дене, бронх, аз кандуулук, дары-дармек.

**249.** «Биринчи байлык ден соолук» деген темада чакан аңгеме жазгыла.

! **Кызык экен, окуп кой.**

1. **Дарыгер:** Кадырман досум, эгер сиз ичкениңизди жана чеккениңизди таштасаңыз, 80 жашка чыгасыз.

**Оорулуу:** Ээ, доктор, кеч болуп калды.

**Дарыгер:** Эмне үчүн?

**Оорулуу:** Мен быйыл 83төмүн.

2. Көз боюнча белгилүү бир профессор студенттерге лекция окуп жатыптыр: «Көзүнүн курчунан ажыраган адам экиден көз айнек алып жүрүш керек: бирөө китеп окуганга, экинчиси алысты көргөнгө», – дейт ал. Анан эки чөнтөгүн сыйпалап: «Мисалы мен өзүм үч көз айнек алып жүрөм, үчүнчүсү берки экөөнү табууга керек».

3. Эки картаң врач маектешип отурушат:

– Менде бир оорулуу бар эле, бардык жагынан ал он эки жыл мурун өлүшү керек болчу. Бирок эмгиче тирүү.

– Ооба, андайлар болот. Эгер адам өтө жашагысы келсе, эч кандай медицина жардам бере албайт.

## § 41. Көнүгүү

**250.** Орус жана кыргыз тилинде окуп, тема койгула. Эки тилде жаттагыла.

Турмушту өжөр күч дешет,
Өжөр эмес, менимче
Андан жумшак нерсе жок,
Күчтүүсүнөн жеңилсе.

Турмушту орой кол дешет,
Орой эмес, менимче
Андан сылык нерсе жок.
Алдуусунан жеңилсе.

Турмушту саран деп жазат,
Саран эмес деп жүрөм.
Андан өткөн жоомарт жок,
Артылып турса өзүндөн.

Турмушту соргок күч дешет,
Сук айланган көзүнөн.
Андан сыпаа нерсе жок,
Чачылып жатса өзүндөн.

* * *

Жизнь, говорят, жестокая.
Нет, не упрямая она:
Мягче воска становится,
Если сильным побеждена.

Жизнь, говорят, жестокая.
Нет, не жестока она:
Шелка нежней становится,
Если сильным побеждена.

Жизнь называют скрягою.
Но щедрость ей не чужда:
Если ты не скупишься,
И она не скупится тогда.

Жизнь, говорят, прожорлива,
Волчьи глаза – с огнем!
Будь тверд – и она по-собачьи
Учтиво виляет хвостом.

*А. Осмонов*

**251.** Текстти окуп, которгула. Тексттен татаал сүйлөмдөрдү таап, сүйлөм мүчөлөрүнө ажыраткыла.

## КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН ТАҢ ЧОЛПОНУ



Акын Алыкул Осмоновдун поэзиясына суктанбаган, анын талантына таазим этпеген адам кыргыз арасында жоктур. Дүйнөлүк поэзиянын Байрон, Пушкин, Есенин, Лермонтов өңдүү балбылдаган жылдыздары сыяктуу, Алыкул дагы жарык дүйнөдө өтө аз жашады. Өмүр бою өзөгүн сыздаткан оору акыры алып тынды.

Пушкин орус элинин руханий жан-дүйнөсүн ачып берсе, Алыкул өзүнүн жалындуу ыр саптары аркылуу кыргыз элинин жан-дүйнөсүн ачып бере алды.

Орус элинин акыны Е. Евтушенко: «Эгерде мага бир гана адамды тирилте турган жомоктогудай күч берсе, мен Пушкинди тирилтет элем», – деп айткан экен.

Жалпы кыргыз поэзия сүйүүчүлөрүнө кыдыр даарып, бир гана акынды тирилтүүгө касиеттүү күч бүтсө, Алыкулду тирилтет эле. Анын жараткан алтын канат поэзиясы – анын экинчи өмүрү.

**таң Чолпону** – Утренняя звезда
**таазим** – поклонение
**жалындуу ыр-саптары** – душевные стихи
**кыдыр даарып** – сопутствуемый удачей, удачливый

**252.** Текстти окугула. Которгула. Тема койгула. Түшүнгөнүңөрдү кыргыз тилинде айтып берүүгө аракеттенгиле.

В июле 1937 года, во время поездки в Джеты-Огуз на кумысолечение, Алыкул впервые увидел великое озеро Иссык-Куль и навеки отдал ему свое сердце и вдохновение.

В эти дни, восхищаясь невиданной красотой озера, он посвятил ему стихотворения «Озеро перед рассветом», «Волшебная ночь», «Ночное путешествие», в которых выразил юношеский восторг перед первым знакомством. До конца своих дней поэт остался верен этой любви, суть которой выразил в словах:

«Озеро – это наша мать».

Поэт подолгу жил на Иссык-Куле, видел его в разное время, внимательно изучал, всматривался и в его волны, и в зеркальную гладь, говорил: «Иссык-Куль, пока ты жив, я не умру!»

Иссык-Куль, по признанию Алыкула, был самым задушевным другом в его жизни, ему в трудные годы он поверял свои сокровенные мысли, сердечные тайны, ему посвятил свои самые звонкие строки, рожденные искренней любовью и сыновней благодарностью.

Во вступлении к поэме «Дженишбек» каждая строка согрета теплым дыханием озера, сверкает бурной его волной, отражает чистоту и прозрачность бездонного голубого Иссык-Куля.

**253.** Ырды жаттагыла.

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырлуу мындай жолдош күткөн жокмун.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.
Турмушта канча курдаш күтсөм дагы,
Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун.

Иссык-Куль то притихнет, то грянет волной,
То взволнует меня, то обдаст тишиной.

Сколько в жизни своей ни имел я друзей,
Все же друга прямей не нашел под Луной.

Иссык-Куль то замрет, то ударит волной,
И обрушит на берег огонь молодой!
Сколько в жизни своей ни имел я друзей,
Все же друга верней не нашел под Луной.

1. Алыкул качан, канчанчы жылы Ысык-Көлдү биринчи көрдү эле? Ал өзүн кандай сезген?

2. Ысык-Көлдүн сулуулугуна суктанган тунгуч ырлары кайсы?

3. Өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин көлгө болгон сүйүүсүн кандай ыр саптары менен берген?

4. Акын эмне үчүн «Сен жашап турганда мен да жашайм, Ысык-Көл» деген?

5. Ысык-Көл эмне үчүн сырдашы, эң жакын жолдошу болуп калган?

**254.** «Жеңишбек» поэмасынын үзүндүсүн эки тилде окуп, көлдү элестетип, силер да аңгемелеп бергиле.

**255.** Ырды көркөм окугула. Автору ким? Ким которгон?

## КЫШКЫ КЕЧ

Чүмкөп бороон, көккө уюлгуйт,
Карлуу куюн карандай.
Кэээде долу андарча улуйт,
Ыйлайт кээде баладай.

Тозгон үйүм тамтык калбай,
Саманы учуп шуулдайт.
Түнгө калган жолоочудай,
Тереземди ургулайт.

Жарды «алачык» күңүрт бөлмө,
Канчалык бук көңүлсүз.
Кемпирим, сен терезеде
Неге олтурдуң бир үнсүз.

Же бороондон ызгаарды урган,
Досум менин эң жүдөп.
Ийигиндин зырлашынан
Кеттиңби же үргүлөп?

Кел ичели, урматтуу дос,
Шордуу жаштык кезге арнап.
Күйүт үчүн ичели дос!
Шок жүрөктү буга алдап.

## § 42. Себеп багыныңкы сүйлөм (Придаточные предложения причины)

***Себеп багыныңкы сүйлөм*** **баш сүйлөмдөгү ойдун себебин билдирет. Ал *эмне үчүн? эмне себептен? эмнеликтен?* деген суроолорго жооп берет.**

**Придаточные предложения, которые указывают на причину или обоснование того, о чем говорится в главном предложении, называются *придаточными предложениями причины.* Отвечают на вопросы *почему? по какой причине? отчего?***

*Мисалы :*

Эртең тоого барамын, анткени ал жерде кросс болот. – Завтра я пойду в горы, так как там состоится кросс.

**1. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөндөгүдөй формада болот:**

**Атоочтун *-ган* формасына *-дыктан* мүчөсү уланат.**

**Связь между предложениями осуществляется: путем добавления к сказуемому придаточного предложения аффикса *-ган* + *-дыктан.***

*Мисалы:*

Быйыл жаз эрте келгендиктен, жазгы талаа жумуштары да эрте башталды. – Так как в этом году весна наступила рано, раньше начались весенние полевые работы.

**2. *-ган, -ганы* формасындагы атоочтуктарга *кийин, үчүн, себептүү, соң* ж. б. жандоочтор айкалышып келет.**

**Путем добавления к сказуемому придаточного предложения с аффиксом *-ган* окончания исходного падежа (чыгыш жөндөмө) и последнего *кийин, үчүн, себептүү, соң.***

*Мисалы:*

Ал келбей калгандан кийин, мен барган жокмун. – Я не хотел туда, так как он не пришел.

**3. Этиштин терс *-ба* формасына чакчыл мүчө *-й* уланат.**

**С помощью отрицательной формы *-ба* и аффикса *-й.***

*Мисалы:*

Сен келбей, иш бүтпөй калды. – Так как ты не пришел, работа осталась незаконченной.

**256.** Көп чекиттин ордуна себеп багыныңкы сүйлөмдү уюштуруучу грамматикалык формаларды койгула **(-ган + -дыктан; -ган үчүн; -ган себептүү; анткени).**

1. Күн суук болгон..., биз жылуу кийинип чыктык. Аба ырайы бузул..., Алматыдан самолет учуп келген жок. 2. Мен кыскача гана сүйлөймүн, ... убактым аз. 3. Алмаз олимпиадада жең..., баалуу сыйлык алды. 4. Чогулуш аякта... ..., биз үйгө кеттик. Компьютер иштебейт, ... электр энергиясы жок. 5. Спорт аянты даяр бол... ..., окуучулар футбол ойношту.

**257.** Жогорку көнүгүүнү орус тилине которуп, байламталардын астын сызгыла.

*Үлгү:*

На улице было холодно, поэтому тепло оделись.

**258.** Орус тилинде берилген жөнөкөй сүйлөмдөрдү, **себеби** деген байламта аркылуу, кыргызча себеп багыныңкы сүйлөмгө айланткыла.

1. Дети сегодня не гуляют. Идет дождь.
2. В библиотеке все знают Сашу. Он часто приходит брать книги.
3. Мне надо пойти домой. Я забыл дома книгу.
4. Максим сегодня не был в школе. Он опоздал на 1-ый урок.
5. Антон всегда думает о Вере. Он любит ее.
6. Алмаз хочет отдохнуть. Он очень устал.
7. Мы не пойдем гулять. Сегодня плохая погода.

*Үлгү:*

(Балдар бүгүн сейилге чыгышпайт), (себеби жаан жаап жатат).

**259.** Текстти окуп чыгып, себеп багыныңкы сүйлөмдөргө тиешелүү суроолорду бергиле. Каалаган абзацка синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

Чолпон жылдызы (Венера) жердин табигый жандоочусу болгон Айдан кийинки Жерге жакын планета болгондуктан, Айга караганда Жерден жүз эсе ары турат. Бирок Марска караганда ал бир жарым эсе дээрлик жакын.

Чолпон болжол менен ар бир жарым жылда жерге 40 миллион чакырым жакындап келет.

Чолпон орточо 108 миллион чакырым алыстыкта Күндү айланып жүрөт. Ошондуктан ал Жерге караганда жарыкты Күндөн эки эсе көп алат.

Чолпондун диаметри болжол менен 12 100 чакырым, ал эми Жердин диаметри болсо 12 742 чакырым. Марстын диаметри Жердикинен эки эсе кичине – 6 776 чакырымга жакын.

Күн системасындагы Күндөн жана Айдан кийинки эң жарык планета Чолпон болуп саналат.

Жерге караганда Чолпон Күндү жай айланат. Чолпондун бир суткасы Жердин 117 суткасына барабар.

**260.** Төмөнкү ырларды көркөм окуп, мазмуну боюнча сүрөт тарткыла. Тартылган сүрөтүңөргө аңгеме түзгүлө. Аңгемеңерде себеп багыныңкы сүйлөм катышкандай болсун.

Белая береза
Под моим окном
Принакрылась снегом,
Точно серебром.

На пушистых ветках
Снежною каймой,
Распустились кисти
Белой бахромой.

И стоит береза
В сонной тишине,
И горят снежинки
В золотом огне.

А заря, лениво
Обходя кругом,
Осыпает ветки
Новым серебром.

*С. Есенин*

## АК КАЙЫҢ

Жарашыктуу жаштайың
Жадыраган жаз сайын,
Жаш күнүмдөн тең өскөн
Жакшынакай ак кайың.

Мен өзгөрдүм, сен көрдүң,
Мен да көрдүм өңгөнүң,
Жаштыгымды кайра бер,
Сурабайм андан бөлөгүн.

Тамашалуу жаштайың
Жадыраган жаз сайын,
Тай күнүмдөн тең өскөн
Татынакай ак кайың.

Бутагыңа коноюн,
Кыштын жолун тороюн.
Жаштыгыңды менден ал,
Аккан сууң болоюн.

*А. Осмонов*

## § 43. Көнүгүү, машыгуу

**261.** Көркөм окуп, уу, ки, кы тыбыштарынын туура айтылышына көңүл бургула.

Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк жал Манас баатырдын
Жүрүп калган жери бу.

**262.** Окугула, тексттен ө, ң, ү тыбыштары катышкан сөздөрдү жазып алгыла.

## БАКАЙ

Эпостогу маалыматтарга караганда Бакай – Манастын Бай аттуу агасынын баласы. Ал – Манаска чын жүрөгү менен берилген жандардын бири. Анын образы өтө тунук. Ал – баатырларга жол көрсөтүп, акыл айтып, кеңеш берип, ич ара келишпестиктерди, чыр-чатактарды өз учурунда басып туруучу даанышман адам. Манас өлгөндөн кийин ал Каныкейге таяныч, жаш Семетейдин устаты болот.

Капилеттен сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Акылы менен жайкаган,
Алты айлык болор азапты
Көз ачымда байкаган,
Адамзаттын туйгуну,
Олуяттын кулуну.

? Бакайдын ким экендигин айтып бергиле. Замандаштарыңардан Бакай сыяктуу инсан барбы?

**263.** Табышмактуу ырды окуп, жандырмагын тапкыла.

## СӨЗДҮК ЫР

Чайды таттуу кылган ... .
Убаданы бекемдеген ... .
Кабар жеткирген ... .
Адамдын канаты ... .
Кушту учурган ... .
Жазуучуну шыктандырган ... .

*(ант, талант, ат, канат, кат, кант.)*

**264.** Текстти окугула. Которгула. Себеп багыныңкы сүйлөмдөрдүн астын сызып, ага морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

## А. С. ПУШКИН



Орус элинин улуттук сыймыгы болгон гениалдуу акын А. С. Пушкинди азыр бүткүл дүйнөнүн элдери билишет. Анын поэзиясынын кереметтүү касиети болгондуктан, жылдар өткөн сайын даана билинип, акындын даңкы барган сайын кеңири тарап баратат.

Мунун өзү акындын поэзияга арнаган өмүрү текке кетпегендигин, ыры менен өзүнө эстелик тургузгандыгын далилдейт.

Мен өлбөйм
Жашайт жаным
Менин сырдуу лирикамда, –

деп билгичтик менен айтканы турмушка ашкандыгы улуу акындын поэзиясы элге кызмат кылгандыгында.

Болочок акын 1799-жылы 6-июнда Москвада туулган. А. С. Пушкиндин талантынан жаралган «Евгений Онегин», «Цыгандар», «Жез атчан», «Дубровский», «Таш конок» сыяктуу чыгармалары – кийинки муундарга мурас.

Акындын көптөгөн чыгармалары кыргыз тилине которулгандыктан, көп жолу басылып чыккан.

Бүгүнкү күндө улуу акындын чыгармаларын билбеген окурмандар жокко эсе. Анткени мектепке киргенден тартып улуу акындын чыгармалары менен таанышуу башталат. Улуу акын чыгармачылыгы гүлдөп турган учурунда 1837-жылы мезгилсиз дүйнөдөн кайтат.

**кереметтүү касиети** – чудодейственное свойство
**менин сырдуу лирикамда** – в моей таинственной лирике

**265.** Алмаз менен Сашанын диалогун кыргыз тилинде уланткыла.

**Саша:** Алмаз, что ты учишь?
**Алмаз:** Я учу даты.
**Саша:** Хочешь, я буду тебя спрашивать, а ты будешь отвечать?
**Алмаз:** С удовольствием.
**Саша:** Ну, когда родился Осмонов?
**Алмаз:** В тысяча девятьсот пятнадцатом году.
**Саша:** А когда умер?
**Алмаз:** В тысяча девятьсот пятидесятом.
**Саша:** А когда родился Пушкин?
**Алмаз:** В тысяча семьсот девяносто девятом году.
**Саша:** А когда умер?
**Алмаз:** В тысяча восемьсот тридцать седьмом году.
**Саша:** ... ?
**Алмаз:** ... .

**266.** Текстти окуп, которгула. Татаал сүйлөмдөргө көңүл бургула, алар кандай байланышып жатат? Суроолордун жардамы менен жомокту айтууга аракеттенгиле.

У кыргызского народа (элинде) есть старинная (байыркы, эски) легенда о двух богатырях (эки баатыр), которые были настолько могучи (алп), что доставали звезды с неба. Когда пришла зима и жестокий мороз (кычыраган кыш) стал угрожать (коркутуп) всему живому на земле, они стали бороться (күрөшкөн) между собой. И столько тепла пошло от них (деминен чыккан жылуулук), что оттаяли (тоңгон музду эритип) одежда людей и верблюжьи вьюки (төөлөрдүн жүгүндөгү), и конская сбруя (ат жабдыгындагы тоңгон музду), и ручьи побежали (агып), и зацвели (гүлдөдү) деревья вокруг.

**?**
1. Эки баатыр жөнүндө эмнелер баяндалат?
2. Алардын алптыгын эмнеден билүүгө болот?
3. Кандай коркунуч бар эле?
4. Алар эмне үчүн күрөштү?
5. Эмне үчүн алардын деминен жылуулук чыкты?
6. Бак-дарактар эмне болду?

## § 44. Шарттуу багыныңкы сүйлөм (Условные придаточные предложения)

***Шарттуу багыныңкы сүйлөм*** **баш сүйлөмдөгү ойдун шартын билдирет.**

**Ал** ***эмне болсо? кандай болгондо? эмне болбой?*** **деген суроолорго жооп берет.**

**Придаточные предложения, выражающие условия для совершения событий в главном, называются** ***условными придаточными предложениями,*** **они соединяются с главными при помощи условных союзов:** ***если, когда, если бы*** **и т. д.**

*Мисалы:*

Сен келбесең, мен ишти бүтүрө албайм. – Если ты не придешь, я не смогу закончить работу.

**Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөнкү формада болот:**

1. Шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү.
2. *-бай (-ба + -й):*

*Мисалы:*

1. Сен эрте келсең, биз киного барабыз. – Если придешь раньше, пойдем в кино 2. Сен келбей, мен ишти бүтүрө албайм. – Если ты не придешь, я не смогу закончить работу. 3. Эмне эксең, ошону оросуң. – Что посеешь – то и пожнешь.

**267.** Көп чекиттин ордуна шарттуу ыңгайдын мүчөсүн улап жазгыла. Багыныңкы татаал сүйлөмдүн түрүн аныктагыла.

1. Ким иште..., ал тиштейт.
2. Мээнетиң катуу бол..., үзүрү таттуу болот.
3. Эгер душман багынба..., аны жок кылуу керек.
4. Эмнени эк...н, ошону оро...ң.
5. Билимдүү бол...ң, жеңиш сеники.
6. Күн тий..., жер жылыйт.
7. Аба ырайы бузулба..., биз тоого чыгабыз.

**268.** Көнүгүүнү орус тилинен кыргыз тилине которгула. Байламталардын ортосундагы жалпылыкты жана айырмачылыкты көрсөткүлө.

1. Если завтра будет плохая погода, (мы будем купаться, мы не будем купаться).

2. Если сегодня будет жарко, (мы будем загорать, мы не будем загорать).

3. Если идет дождь, (дети гуляют, дети не гуляют).

4. Если Алмаз заболеет, (он придет в школу, он не придет в школу).

5. Если Саша забудет дневник, (учитель сможет поставить оценку, учитель не сможет поставить оценку).

*Үлгү:*

1. Эртең аба ырайы жаман болсо, биз суга түшө албайбыз.

**269.** Окугула. Мезгилдер жөнүндө түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн астын сызып, суроо бергиле.

Сентябрда окуу жылы башталат. Окуучулар, студенттер окууга келишет. Бакчалар көркүнө келип турган учур болот. Бактардын жалбырактары сары, кызыл түскө келмейинче, күз мезгили көркүнө келбегендей сезилет. Балдар жалбырактардан гүлдесте жасашат. Мындай көрктүү мезгил келмейинче, күздүн берекеси болбогондой. Алтын күз деп бекеринен айтылбаса керек.

Декабрь – кычыраган кыш мезгили. Жергебизде аппак кар. Күмүш сыяктанып жумшак кар бак-дарактарды жапмайынча, кыш көркүнө келбейт. Балдар коньки, лыжа тепсе, бөбөктөр кар киши жасап ойношот. Кыш өзүнчө бир керемет. Мен ар дайым кыш болушун каалайм.

Убакыт тез өтөт да, тез эле жаз келет.

Күн жылыса, кар эрийт. Келгин куштар келе баштайшат.

Бактарда бүчүр пайда болот. Талааларда биринчи байчечекейлер жайнайт. Дем алыш күнү окуучулар токойго эс алганы барышты. Гүл терип, жашыл чөпкө оонап, чер жазышты.

Эң сонун мезгил – жаз айы. Мен жаз бүтпөсө деп ойлойм.

Ошентип жай да келет.

Мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында жайкы каникул башталат. Биз эс алабыз. Ысык-Көлгө түшүп, күнгө күйүп, кечинде чогулуп, бири ырдаса, экинчиси комуз чертип, көңүл ачабыз. Кандай сонун, дайыма жай болсо деп тилеймин.

? **270.** Суроолорго жооп бергиле, тапшырмаларды аткаргыла.

1. Окуу жылы качан башталат?
2. Күз айын сүрөттөп бер. Эмне үчүн алтын күз дейбиз?
3. Кайсы айда кыш келет? Кышында жергебизге эмне көрк берет? Балдар эмнеге кубанышат? Балдар эмне менен ойношот? Кыш жөнүндө ыр билесиңби? Эмне үчүн аппак карды күмүшкө салыштырабыз?
4. Качан жаз келет? Жаз эмнеси менен жагымдуу? Келгин куштарга кандай камылга көрөсүңөр? Бактарда эмне пайда болот? Кайсы гүлдү тересиңер? Жаз айында кандай майрамдар бар? Жаз жөнүндө аңгеме куруп бер.
5. Жайкы каникул качан башталат? Кайда эс аласыңар? Жай эмнеси менен жагат? «Жайкы каникул» деген темада аңгеме айтып бергиле.

**271.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Кыш, кышында, кыш мезгили, жай, жайында, жай мезгили, күз, күзүндө, күз мезгили, түндүк, батыш, чыгыш, түштүк.

? Кыргыз жергесиндеги кайсы мезгил силерге жагат? Эмне үчүн? Жазуу жүзүндө жооп бергиле.

**272.** Жагдай боюнча диалог түзгүлө.

*Ү л г ү :*

– Аскар, сен кайда болдуң? Бир саат мурда сени мугалим сурады (издеди).

– Мен дүкөндө болдум. А сен билбейсиңби, эмне үчүн издегенин?

– Ал текшерүү иши жөнүндө айткысы келди. Эртең келет. Үчүнчү күнү (шаршембиде) силер саякатка барасыңар.

1) Бешинчи күнү (жума күнү) силерде чогулуш болот.
2) Түштөн кийин силерде машыгуу (репетиция) болот.
3) Эртең концерт болот.

## § 45. Текст менен иштөө

**273.** Ырларды окугула. Каалаган ырыңарды жаттап алгыла, ү, ө, ң тыбыштарынын айтылышына көңүл бургула.

### ЭНЕ

Жарык дүйнөгө келгенимде,
Жаныңды чаап кагылдың,
Көз ачып сени көргөнүмдө,
Өмүрүм тилеп сабылдың.

Эне деп алгач айтканымда,
Эт жүрөгүң эзилди.
Биринчи кадам басканымда,
Бир бакыт сага сезилди.

Кайсы бирин айтам, эне,
Бар кызматың көңүлдө.
Бешик ыры канга сиңген,
Үнүң жүрөк төрүндө.

*А. Кыдыров*

### АЛ – ЭНЕСИ БҮТҮН УШУ ЧҮЙҮМДҮН

Ал – энеси бүтүн ушу Чүйүмдүн,
Сурай калсаң Зуурακан ким экенин,
Бирөө сүйлөр гүлдөткөнүн Мекенин.
Кээси болсо чын дилинен сүрөттөр,
Аялдардын көч баштары экенин.
Нечендери божурашар эмгегин,
Бир далайы андан үзүр көргөнүн.
Кошуналар «ак үйүнүн куту» деп,
Жомок кылар бактыга бир келгенин.
Чыны менен чечсек сөздүн түйүнүн,
Ал – энеси бүтүн ушу Чүйүмдүн.

*С. Маймулов*

## БИЗДИН ҮЙДҮН БААТЫРЫ

Ойгонсом да чоң энем,
Ойлосом да чоң энем.
Чоң энемдин колунан
Түйдөк көрөм, жип көрөм.

Байпагымды тордогон,
Төшөгүмдү ондогон.
Үйдүн ичин шыпырып,
Бир кыпынын койбогон.

Сыйлаганым чоң энем,
Кыйбаганым чоң энем.
Жоктон барды тапкын деп,
Кыйнаганым чоң энем.

Чоң энемдин акылы
Чоң ишке жарап жатыры.
Көп иш келген колунан
Биздин үйдүн Баатыры!

*М. Жангазиев*

**274.** Текстти кунт коюп окугула. Которгула, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Каалаган үч сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

## ЭМГЕГИНЕН БААР ТАПКАН ЭНЕ

Ал өзүнүн бардык өмүрүн жерди иштетүүгө, колхозуна, Мекенине кызмат кылууга арнаган. Республикада биринчи болуп кызылча өстүрө баштаган жана техникалык бул баалуу өсүмдүктөн жогорку түшүм алуунун агротехникасын ийгиликтүү өздөштүргөн.



Өзүнө бекитилип берилген жердин ар бир гектарынан 800 центнерден кант кызылчасын жыйнап алган. 1947-жылы түшүмдүүлүктү гектарынан 971,5 центнерге жеткирген. Бул ийгилиги үчүн Зууракан Кайназаровага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган.

Техника менен жабдылышы артып, мамлекет минералдык жер семирткичтерди көп бере баштагандыктан, кант кызылчасын өстүрүүнүн технологиясы да өркүндөтүлдү. Өз талаасында илимдин жана техниканын жетишкендиктерин колдонуу менен, Зууракан рекорддук түшүм – ар бир гектардан орточо 1000–1100 центнерден кызылча алууга жетишкен.

Анын бул ийгилиги жогору бааланган, экинчи жолу «Орок жана Балка» алтын жылдыз медалын алган.

**жер иштетүү** – обработка земли
**баалуу өсүмдүк** – ценное растение
**өркүндөтүлдү** – усовершенствовалась

Төмөнкү суроолорго жазуу жүзүндө жооп бергиле.

1. З. Кайназарова өз өмүрүн эмнеге арнаган?
2. Ал эмне өстүргөн?
3. Жогорку түшүм алуу үчүн эмнени өздөштүргөн?
4. Зууракан Кайназарова ар бир гектардан канчадан кызылча алууга жетишкен?
5. Кайсы жылдары көп түшүм алууга жетишкен?
6. Кайсы ийгилиги үчүн кандай наам алган?
7. Ал кандай технологияны өркүндөттү?
8. Өз талаасында илим жана техниканын жетишкендигин пайдалана алдыбы?
9. Анын ийгилиги болдубу?
10. Ийгилик деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

**275.** Текстти окуп, мазмунун түшүнгүлө. Кандай татаал сүйлөмдөр бар экен байкагыла.

## УЛУУНУ СЫЙЛОО

Окуучулар мектептен кайтып келаткан эле. Алар кудуктан суу алганы турган чоң энени көрүшүп, кайрылып келишти. Кадыр эненин колундагы чаканы алып, суу сузуп чыкты. Жолдош менен Анар чакадагы сууну көтөрүп, эненин үйүн көздөй жөнөдү. Эне бөкчөңдөп жеткенче, балдар сууну үйүнө жеткирип коюшту. Эне балдардын колунан өөп, алкыш айтты.

**276.** Текстти кунт коюп окуп чыккыла, мазмунун айтып бергиле.

## БААТЫР ЭНЕ

Чек арачылардын короосунда музоолуу уй жаткан. Бир түнү жолборс бийик дубалдан секирип короого түшүп, музоону баса калды. Өлүм алдындагы музоонун мөөрөгөнү эненин жүрөгүн сыздатты. Уй жолборсту сүзгүлөп, мөөрөп жиберди. Үйдөгүлөр ойгонушуп, эшикке чыга мылтык атышты. Жолборс качууга аракет кылды. Уй анын артынан калбай сүзгүлөй берди. Уйдан шайы кеткен жолборс бул саам дубалдан секире албады. Аңгыча таң агарып, жолборстун караны көрүндү. Кишилер дарбазанын тешигинен мээлеп, жолборсту атты. Жырткыч чалкасынан кетти.

Мен бул аңгемени угуп, окуяны башынан өткөргөн уйду атайын барып көрдүм. Ал уйду ал жердегилер «Баатыр эне» деп аташат экен.

*М. Пржевальский*

**?** 1. Уй эмне үчүн «Баатыр эне» деп аталды?

2. «Баатыр» деген сөздү чечмелеп бергиле. Кайсы баатырларды билесиңер? Аңгемелеп бергиле.

**!** **Билип алгыла.**

## ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИРИНЧИ ОРДЕНДЕРИ ЖАНА МЕДАЛДАРЫ

Кыргыз Республикасынын Баатыры, Манас ордени, «Баатыр эне» ордени, «Эрдик», «Даңк», «Эне даңкы» медалдары.

Кыргыз Республикасынын биринчи Ак шумкар ордени менен Баатыр наамы кошулуп, эл куту, улут үнгүсү, кутман карысы – Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов, Тургунбай Садыков, биринчи кыргыз космонавты Салижан Шарипов сыйланышты.

## § 46. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм (Противительные придаточные предложения)

**Баш сүйлөмдө айтылуучу ойго каршы маанide колдонулган сүйлөмдөр карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр деп аталат.**

***Противительными придаточными*** **называются предложения, которые выражают противительные значения того, о чем говорится в главном предложении.**

*Мисалы:*

Эл уйкуга кирсе да, электр шамдары жаркырап күйүп турат.

**1. Шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү, кээде ага да, дагы, деле байламталары кошулуп айтылат.**

**Сказуемое уступительных придаточных предложений может выражаться глаголом в условном наклонении с аффиксом *-са* в сочетании с частицей *да,* что образует сплошную форму сказуемого *-са да*.**

**277.** Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөрдү баш жана багыныңкы сүйлөмгө ажыраткыла.

1. Кумурска өзү кичине болсо да, анын күчү тоо аңтарат.
2. Шамал катуу болсо да, ага үйдүн чатыры туруштук берди.
3. Ашың калса да, ишиң калбасын.

4. Кеч кирсе да, күндүн аптабы кайта элек.
5. Күндүн нуру болбосо, гүлдөр кайдан ачылсын.
6. Калк айтса, калп айтпайт.
7. Шашып барсак да, автобуска жетишпей калдык.

*Үлгү:*

(Кумурска өзү кичине болсо да,) [анын күчү тоо аңтарат].

**278.** Кашаанын ичиндеги карама-каршы багынынкы сүйлөмдүн баш сүйлөмүн кыргыз тилине которуп, аны кашаадан чыгарып жазгыла. Тыныш белгилерин койгула.

1. Ай жаркырап тийсе да (но в ущелье было темно). 2. Чоң атам 75 жашта болсо да (он чувствует себя здоровым и крепким). 3. Биз эшикти көпкө такылдатсак да (но нам никто не открыл). 4. Катуу шамал болсо да (но корыто не развалилось). 5. Көнүгүү абдан татаал болсо дагы (ученики выполнили его). 6. Ашууда калың кар жатса дагы (бульдозеры быстро расчистили дорогу). 7. Мен канчалык көзүмдү жумсам дагы (но не смог заснуть).

*Үлгү:*

Ай жаркырап тийсе да, капчыгайдын ичи капкараңгы эле.

**279.** Текстти окуп, татаал сүйлөмдөрдү өзүнчө, жөнөкөй сүйлөмдөрдү өзүнчө көчүрүп жазгыла. Ар бир сүйлөмдү өзүнчө которгула.

## ТООДО

Жайында тоодо болуу кандай сонун! Тоонун абасы таза жана салкын. Жашыл чөптөрү жайкалып турат. Шаркырап аккан суулары өзүнчө добуш салгансыйт. Тоонун суусу дайыма тунук жана муздак. Айланага кулак түрсөң, түрлүү куштардын жана чымчыктардын кубулжуган үнү угулат. Тоодо болуу өзүнчө бир ыракат. Биз жайкысын дайыма тоодо болобуз, көңүлдүү эс алабыз. Мындай эс алуу ден соолукка пайдалуу.

**280.** Диалогдорду ролго бөлүп окугула. Сүйлөшүүгө көнүккүлө.

### I

– Апа,– деди алыстан эле кыйкырып, мен бүгүн «беш» алдым.

– «Беш» алганыңдан айланайын каралдым,– деди эне жүрөгү элжирей.

Үйгө кирери менен дароо чечинип, китеп баштыгын ачууга шашылды. Күндөлүгүн алып чыгып бирде апасына, бирде атасына «бешин» көрсөтөт. Сүйүнүчүн батыра албайт.

– Мына, азаматсың! Бүгүн эсеп сабагынан беш алгандан кийин калгандарынан да беш ал,– деди атасы.

– Алат, атасы. Уулуң мындан ары да беш алат, – деди Аня уулуна берер тамагын дайындап жатып.

– Жакшы окусаң, эл алдында биздин жүзүбүз да жарык болот. Окуучулар да «биздин Саша» деп мактап турушат, – дейт кайрадан атасы.

Тамак ичип болгон соң, баягыдай эшикке ойноп келүү үчүн суранган жок Саша. Китеп баштыгын алып, эртеңки сабакка даярданууга олтурду.

Уулунун өзгөрүлө баштаганына жетине алышпай, ата-эне бири-бирине терең сүйүнүч менен карашат.

Аңгыча үйгө Сашанын классташ досу Алмаз келип калды.

– Саша менен бирге сабак даярдайын деп келдим эле, – деди Алмаз эшиктен кирери менен.

## II

– Келгениң жакшы айланайын. Кир, кире гой. Саша тигинде сабакка даярданып жатат,–деди Аня.

– Сабакка даярданып жатабы? – Алмаз таң калгандай сурады.

– Ооба, айланайын. Даярданып жатат.

– Экөөбүз бирге даярданалы деп макулдашпадык беле?

– Билбейм анысын. Мектептен келип, тамак ичти. Анан сабакка даярданууга олтурду.

– Каап, бир аз кечигип калган турбаймынбы.

– Өт, өтө гой. Азыр деле кеч эмес. Жаңыдан эле олтурду. Аня Алмазды ээрчитип, Саша сабакка даярданып жаткан бөлмөгө алып барды.

– Ыя, Саша, Алмаз досуң келиптир. Сабакка бирге даярданабыз дедиңер беле? – Аня апа алыстан эле үн катты.

– Ооба, апа, – деди апасы менен ээрчишип келаткан Алмазды көрө коюп.

**281.** Текстти окуп, мазмунун кайра айтып бергиле.

## БААРЫНАН КЫМБАТ ДОС

Сабактарынан тарашкан балдар дос жана достук жөнүндө сөз козгошуп, талашып-тартышып келе жатышты. Алардын ар кимиси өз оюн жактап, бирөө: «Менин досум эң жакшы.

Менден эч нерсени аябайт»,– десе, экинчиси: «Менин досум үй тапшырманы аткарбай калганымда, түшүндүрүп кеңеш бергендин ордуна, өзүнүкүн көчүртө коёт»,– деп чуулдашып жатышты.

Балдардын талашы күчөгөндөн күчөдү. Баятан бери алардын натыйжасыз талашына үн катпай келе жаткан Султан:

– Койгулачы, балдар, андай досторуңарды канчалык мактасаңар да, меникине жетпейт экен, – дегенде, балдар чуулдашканын коюп, бир аз токтой калышты.

– Менин досум баарыңардыкынан жакшы, акылдуу, билимдүү, эң кымбат. Андай досту ар ким эле таба бербейт.

– Айта берсең, ал ким, сага эмне берет?

– Ал менин эң кымбат досум – китеп. Ал мага акыл-эс, билим берет, эл үчүн иштөөнү, адамдарды урматтоону, Мекенди сүйүүнү үйрөтөт.

282. Ырды жаттап алгыла.

## КИТЕП

Мына бул алтын китеп!
Адамзат ушундан
ар кыл
акыл
күтөт.
Бул китепти окуган
канча,
акылман да тиктеп!
Китепти окуган
Арыштайт, озот,
Айга колун созот.
Анткени китеп –
Акылга акыл кошот!..
Китеп – мүлк,
оокат,
нан,
Китеп окубаган адам –
ал наадан.
Китеп – билим,
Билимиң менен баалан!..
Китеп – курал,
Ар адамга дайыма

Китеп керек
шаарга да,
айылга.
Бирок жолдош,
аны сыйла,
Бир барагын айырба!
Китепти окуган
турмушка канат,
Ошон үчүн алат.
Анткени китеп
эскини элестетет,
Кемчиликтен
кеп салат.
Китеп керек
балага да,
карыга,
Китеп
Жардам берет
баарыңа!
Ошондуктан,
Кыя өтпөстөн
алгыла!

*М. Алыбаев*

## § 47. Көнүгүү

**283.** Текстти диктор болуп окугула, түшүнгүлө. Кайсы майрам экендигин аныктагыла.

... Көктөм майрамы. Салтанаттын башталарына саналуу гана мүнөттөр калды. Аянтта музыка жаңырып, элдин маанайы көтөрүлдү. Жаштар көпкөк кийинишкен. Алар кыргыз элинин ак дилин, ак пейилин ай-ааламга даңазалаган бүгүнкү шаан-шөкөттү ого бетер көркүнө чыгарып жиберген сыяктанат. Карыга да, жашка да жарык маанай, кубаныч тартуулаган майрамга борбор шаардын окулдөрү келишкен. Көпчүлүгүнүн колдорунда жаздын, жаштыктын символу болгон гүлдесте.

Калкымдын пейли ток болсун,
Каргаша салган ааламга
Кан күйгөн согуш жок болсун.
Кут качпай пейли оңолсун!
Кор болбой балдар торолсун!

**284.** Окугула. Которгула. Мазмунуна түшүнүп, айтып бергиле. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүнө көңүл бургула.

### НООРУЗ

Байыркы чыгыш элдеринде, ошонун ичинде кыргыздарда 2000 жылдан ашуун убактан бери күн менен түндүн теңешкен күнүн жаңы жыл – Нооруз дешкен.

Нооруз – жаркыраган жаздын, жаштык жигердин, күжүрмөн эмгектин, жакшы тилек-үмүттүн, биримдүүлүктүн, кайрымдуулуктун, боорукердиктин, ыймандуулуктун, адилеттүүлүктүн, таттуу, даамдуу жайыл дасторкондун майрамы. Ал элибизде майрамдардын эң бир улуусу, эң бир салтанаттуусу болгон.

Нооруз чын куран (март) айынын 20сынан 21ине караган түнү өткөрүлгөн. Бул күндү мен кыргызмын дегендин баары кары-жашына карабай чыдамсыздык менен күтүшкөн. Алар жаңы кийимдерди даярдашкан. Карыялар, байбичелер ак, жаштар түстүү кездемеден кийимдерди, көйнөктөрдү тиктиришкен. Боз үйлөр тигилип, тал-теректер буталып, короо-жайлар тазаланып, ар бир үйдүн ичи кут түшкөндөй түргө келтирилген. Ал эми ар бир адам колунда болгон эң даамдуу, сыйлуу тамак-ашын Ноорузга арнаган. Жаңы жылга карата

даярдалган тамактардын ичинен өтө сыйлуусу, ширелүүсү сүмөлөк, чоң көжө болгон.

**285.** Суроолорго жазуу жүзүндө жооп бергиле.

1. Байыркы чыгыш элдери, ошонун ичинде кыргыздар, кайсыл күнду Нооруз дешкен?
2. Нооруз кандай майрам?
3. Нооруз майрамы качан өткөрүлөт?
4. Ал майрамга кыргыздар кандай камылга кылган? Эмне даярдашкан?
5. Карыялар, байбичелер, жаштар кандай кийимдерди кийишкен?
6. Үй ичинде эмне пайда болгон?
7. Ар бир адам эмне камдаган?
8. Эң сыйлуу тамактардын аттарын атагыла.
9. Кыргыздын кандай тамактары сыйлуу?

**286.** Окуп, билип алгыла. Жомок айтканга машыккыла.

## СҮМӨЛӨК



«Сүмөлөк» жомогу жокчулуктун кесепетинен келип чыккан. Илгери көп балалуу бир үй-бүлө болгон экен. Атасы балдарына тамак издеп кетет. Энеси балдары менен үйдө калат. Балдарынын курсагы ачып, энесинин тынчын алат.

Эне, курсагым ачты, – деп ыйлай беришет экен. Энеси айласы кетип, балдарын сооротуш үчүн казанга суу куюп, майда ташты салып, кайната баштайт. Улам бир баласы: «Курсагым ачты, курсагым ачты! Тамак жейм», – деп ыйлап жатты. Эне кургур: «Азыр тамак бышат», – деп казанга отту жага берет. Балдары чарчап уктап калат. Балдардын зарын угуп, кудайдын мээрими төгүлгөнбү, кайнаган таш тамак болуп калган дешет.

Ошондон бери «сүмөлөк» делип калган.

**жокчулуктун кесепетинен** – из-за нужды
**энесинин тынчын алат** – беспокоят мать
**эне кургур** – бедная мать
**казанга отту жага берет** – *здесь:* продолжает варить
**балдардын зарын угуп** – услышав мольбу детей
**кайнаган таш тамак болуп калган дешет** – сваренные камни из-за милосердия бога якобы стали едой «сүмөлөк»

**287.** Көнүгүүнү көчүрүп жазып, бир өнчөй аныктоочтордун астын сызгыла. Сөз айкаштарын которуп, сүйлөм түзгүлө.

Нооруз – жан-дүйнөнү тазартуунун жана жаңылануунун майрамы. Ал – жаркыраган жаздын, кужурмөн эмгектин, жакшы тилек-үмүттүн, биримдүүлүктүн, кайрымдуулуктун, ыймандуулуктун жана даамдуу жайыл досторкондун майрамы.

Жан-дүйнөнү тазартуу, жаркыраган жаз, кужурмөн эмгек, жакшы тилек-үмүт, кайрымдуу эл, ыймандуу жигит, ширелүү тамак, жайыл дасторкон.

## § 48. Кайталоо

**Эстегиле.**

1. Багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?

2. Мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочунун грамматикалык формалары кайсылар?

3. Орун багыныңкы сүйлөм деп эмнени айтабыз? Алар кандай суроолорго жооп берет?

4. Максат багыныңкы сүйлөмдө баш мүчөлөр кандайча байланышат?

5. Себеп багыныңкы сүйлөмдөрдүн грамматикалык белгилери?

6. -са мүчөсү гана аркылуу кайсы багыныңкы сүйлөм жасалат?

7. Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөрдү жасоочу мүчөлөр?

**288.** Төмөнкү схема боюнча татаал сүйлөм түзгүлө да, багыныңкы сүйлөмдүн түрүн аныктагыла.

1. (-са), [ ] 3. (-ба+й), [ ]
2. (ган+да), [ ] 4. (-са+деп), [ ]

*Үлгү:*

(Жаан басылбай), [биз жолго чыкпайбыз]. Эгер жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат. (Шарттуу багыныңкы сүйлөм).

**289.** Текстти окуп, татаал сүйлөмдү тапкыла.

Канадалык Александр Грем Билл өткөн кылымда телефонду ойлоп чыгарды. Бирок аны ишке ашырайын десе, каражатсыз. Жардам күтүп, ал Марк Твенге табылгасын түюндурду. Аны улуу жазуучу капарына албады.

Көрсө, кашкая күлгөн жаңылыкты акылман да ошол замат тааный албайт тура. Жыйырманчы кылым телефонсуз кулагы жоктой болорун баамдабаптыр Марк Твен.

*Т. Сыдыкбеков*

**290.** Төмөнкү схема боюнча максат багыныңкы сүйлөм түзгүлө. Аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. (-сын үчүн), [ ]
2. (-ым үчүн), [ ]
3. (-уу үчүн), [ ]
4. (-са деп), [ ]

*Үлгү:*

Кызылчанын түшүмү мол болсун үчүн, Зуурakan Кайназарова талбай эмгектенген.

*-бол* – уңгусу; этиштин *-сун* мүчөсүнө *үчүн* деген айкашып келди.

**291.** Окугула, **-са** мүчөсү аркылуу түзүлгөндөр мааниси жагынан багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин аныктагыла.

1. Жанында өлүм турса да,
Жалынтып кылыч сунса да,
Жабыгып жүрөк кансырап,
Ирмелбей көзү турса да,
Үмүткө тойбойт адамзат.

*А. Токомбаев*

2. Петр Кузьмич тирүү болсо, ал кишини Сабыр «мөмө тоюна» чакырмак.

3. Мен ыраазымын, эгер мунуң чын болсо.

4. Атадан жакшы туулса, элинин камын көрөт. Атадан жаман туулса, элинин малын түгөтөт.

5. Канча жаным кыйналса, кардыгып калбайт добушум.

6. Мугалим жаңы теманы түшүндүрүп бүткөндөн кийин, Алмаз суроо берди (-көн + -дөн кийин).

7. Биз үйгө келгенче, катуу шамал басылды (-генче).

**292.** -са, -ба+ -й мүчөлөрүн пайдаланып, мезгил жана шарттуу багыныңкы сүйлөмгө экиден мисал жазгыла. Аларды бири-бирине салыштырып, айырмачылыгын байкагыла.

*Үлгү:*

1. Жаман атты жакшы бакса, тулпар болот. Жаман кушту таптаса, шумкар болот. (*Шарттуу багыныңкы сүйлөм.*)

2. Жамгыр жаабай, дан болбойт, тегирмен болбой, нан болбойт. (*Шарттуу багыныңкы сүйлөм.*)

*качан?*

1. Меймандар олтурган убакта, Токтогул комузун колуна алды.

*качан?*

2. Сергей эшикке чыкканда, күн батып кеткен болчу.

**293.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улап же жандоочторду катыштырып, багыныңкы сүйлөм түзгүлө. Аларды дептериңерге жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Трактор иштебейт, ... (...) мотору бузулуп калды. Мотору бузулуп кал..., трактор иштебейт. Мотор бузулуп кал... себептүү, трактор иштебейт.

2. Эгерде ошол учурда Жамийла үйдө болуп кал..., ал катты дагы бир сыйра окумак. ...алар калыш..., менин да калышым керек. Жылуу сүйлө..., жылан ийинден чыгат.

3. Кумурска кичинекей бол... ..., кайраты тоо томкорот. Түнү бою жаан жаа... ..., күн чыкканда кичине булут да көрүнбөйт. Ал жанагы сөздү ук... ..., сыр алдырган жок.

**294.** Схема боюнча карама-каршы багыныңкы сүйлөм түзгүлө. Сүйлөмдөрдүн окшош белгилерин жана айырмачылыгын түшүнгүлө.

бол →
- со да, ... .
- со дагы, ... .
- со деле, ... .
- гону менен, ... .
- гон менен, ... .

**295.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимин тапкыла.

Адилет, дөөлөт, акылдуу, каниет, баатыр, убакыт, курбу, адам, өлкө, кубанды.

**296.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимин тапкыла.

Бар, ылдый, чоң, аз, ачкыч, өмүр, согуш, арык, өйдө, оңол.

## § 49. Текст менен иштөө

**297.** Окуучу менен мугалимдин ортосундагы кызматташтык мамиле кандай мааниде берилген.

### САША

Эртең менен Саша шашылып мектепке жөнөдү. Барса, коңгуроо болуп, балдар класска кирип калышкан экен. Саша класска кирери менен мугалим аркасынан кирди. Балдар орундарынан туруп саламдашып, кайра отурушту. Биринчи сабак кыргыз тили болчу.

– Кана, Саша, доскага келчи, – деди мугалим.

Саша илең-салаң болуп, доскага барды. Мугалимдин суроолоруна араң жооп берди.

– Оо, сен бүгүн мурдагыга караганда жакшы даярданыпсың, азыр сага чоң үч коём, – деди мугалим.

Анда Сашанын күлмүңдөгөн кабагы бүркөлүп:

– Эжей, эмкиде жакшылап окуп келем, бүгүн мага кичинекей «4» коюп койсоңуз, – деп жер караптыр.

**298.** Текстти көңүл коюп окугула. Мазмунун айтып бергиле. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү бар экенин байкагыла.

### АБЫШКА МЕНЕН НЕБЕРЕ

Абышканын карылыгы жетти. Көзүнөн шор агып, кулагы катуулай баштады. Кашыкты оозуна жеткирерде колу калтырап, тамакты төгүп алчу болду. Абышканын мунусу уулу менен келинине жакпады. Алар абышканы дасторконго бирге отургузбай, тамакты карапа аякка куюп, бөлөк берчү болду. Бир күнү карапа аяк абышканын колунан түшүп, сынып калды. Ага уулу менен келини аябай ачууланды. Анан тамакты жыгач аякка беришчү болду.

Бир күнү абышканын небереси жыгачтан бир нерсе жасап жатты. Баласынын эмне кылып жатканын апасы менен атасы сурап калды. Итаяк жасап жатканын, картайганда экөөнө тамакты ушуга куюп берерин айтты. Апасы менен

атасы кызарып, бири-бирине караштты. Ошол күндөн тартып абышкага шарт түзүштү.

*К. Д. Ушинский*

**карылыгы жетти** – очень постарел
**жыгач аякка** – в деревянную чашку
**итаяк** – чашка для собак
**кызарып** – покраснев
**бири-бирин карады** – посмотрели друг на друга
**шарт түзүштү** – создали условия

**?**

1. Абышканын карылыгы жеттиби?
2. Уулу менен келини карыган атасын кантип бакты?
3. Небере эмне жасады?
4. Ата-энесин баласы кантип уялтты?
5. Силер ата-энеңер карыганда кантип багасыңар?
6. Силердин ата-энеңердин карыган ата-энеси барбы? Аларга кандай шарт түзүшкөн?

**299.** Төмөнкү накыл сөздөрдүн мазмунун чечмелеп бер.

1. Алтымышка чыккан атаңды алыскы жолго жиберб.
2. Алма сабагынан алыс түшпөйт.
3. Ата намысын арсыз уулу кетирет.
4. Атам, энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун.
5. Атаң карыса, кул кылба, энең карыса, күң кылба.

**300.** Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

Кара аяк, жыгач аяк, итаяк, бири-бирине, шарт, картайганда, небереси.

**301.** Кызык экен, курап окуп көрөлү.

Биринчи тамгасын Элден ал,
Экинчи тамгасын сеНден ал,
Үчүнчү тамгасын мЕнден ал,
Ушулардан куралган
Эң бир ыйык пенде бар. *(Э..)*

Эки тамгасын АТтан ал,
Үчүнчүсүн кАттан ал,
Үч тамгалуу ушул сөз,
Кимиң болот, тактап ал.
*(А..)*

## § 50. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү

1. Текшерүү иши (оозеки, жазуу).
2. Тест.
3. Көрүү, эркин, текшерүү диктант, чыгармачылык диктант.

## Текшерүү иши (оозеки, жазуу)

### I

1. «Өмүрү өрнөк аялзат» деген темада аңгемелеп бер.

2. Эмгек жөнүндө бир нече макал жазып, маанисин чечмелеп бер.

3. Өзүң түзгөн аңгемеден орун багыныңкы сүйлөмдөрдү белгиле.

### II

1. «Карысы бар элдин ырысы бар» деген темада аңгеме түз (кайрымдуулук, боорукерлик идеясы менен байланыштыр).

2. Жаттаган ырларыңдын бирин эсиңе тутуп жаз.

3. «Эшик бек болгондуктан, биз кире албадык» деген татаал сүйлөмгө морфологиялык жана синтаксистик талдоо жүргүз.

### III

1. Кыргыз жана орус элдеринин сөз чеберлеринин өмүр баяндары жана чыгармачылык жолдору жөнүндө баяндап бер (А. Осмонов, А. С. Пушкин).

2. Орусча текстти кыргыз тилине котор.

3. А. С. Пушкиндин «Эстелик» деген ырын жатка айтып бер.

### IV

1. Кыргыз күүлөрүнөн бирөөнүн («Сары барпы», «Камбаркан», «Миң кыял» ж. б.) аталыш сырын баяндап бер.

2. Күлкүлүү окуялардын бирин кыргызча айтып бер.

3. Өзүң түзгөн аңгемеден максат багыныңкы сүйлөмдөрдү тап.

### V

1. «Биринчи байлык – ден соолук» деген темада аңгеме түз. (И. Ахунбаев, М. Миррахимов, М. Мамакеев).

2. Илим-билим жөнүндө бир нече макал айтып, анын биринин маанисин чечмелеп бер.

3. Схема боюнча сүйлөм түзүп, анын түрүн аныкта.

со да, ... .
бол — со дагы, ... .
гон менен, ... .

VI

1. «Алас-алас» (убереги нас от всех несчастий) деген сөз кыргыз элинин улуттук кайсы майрамынан экенин аныктап, ал жөнүндө айтып бер.

2. Кыргыз улутунун эң сыйлуу, ширелүү тамактары кайсылар?

3. Берилген багыныңкы сүйлөмдү толукта.

Кумурска кичинекей болсо, ...

**302.** Ырды окуп, тилинерди жатыктыргыла. Жаттап алгыла.

Көбүк чачып буркурап,
Буурасынын киргени.
Чапкан аттан кем эмес,
Таскак уруп желгени.
Тайтандаган жаныбар,
Тайлагынын эмгеги.
Өзү мынча чоң туруп,
Куйругунун келтеси.
Чөгөрүндө бүктөлгөн,
Өзү жатып эптенген.
Эбин таап батырса,
Канча болсо жүктөлгөн.
Кара кыяк, бетеге,
Канча жесе тойбогон.
Карды тоюп алганда,
Арыкчылык билбеген.
Ойсондогон жаныбар
От кемедей имерген.

*Молдо Кылыч*

**303.** Текстти окугула. Которуп, мазмунун айтып бергиле.

## ОШ ШААРЫ

Ош – Орто Азиядагы эң эски шаардын бири. Шаардын негизделген жылы так эмес. Уламыштар анын пайда болушун Александр Македонский, ал эмес Сулайман пайгамбар менен байланыштырышат. Археологиялык изилдөөлөр бул жерде эл биздин заманга чейин 1-мин жылдыкта отурукташкандыгын далилдеген. Ири шаар катары жазма даректерде 9–10-кылымдарда айтылат. Ош чоңдугу боюнча Ферганадагы 3-шаар болгон. Ал аркылуу Орто Азиядан Кытай менен Индияга соода жолу өткөн. Индияда Улуу Моголдор мамлекетин негиздөөчү Захиреддин Мухаммед Бабур (1483–1530) өзүнүн «Бабур-наме» деген эмгегинде Ошту жибекчиликтин жана кол өнөрчүлүктүн борбору катары баса көрсөткөн. 19-кылымдан тартып Ош шаары Кокон кандыгынын карамагында болуп, кол өнөрчүлүк менен диндин борбору катары таанылган. 1876-жылы Орусияга кошулуп, Фергана облусундагы Ош уездинин борбору болгон. Улуу Октябрь революциясына чейин

Ош шаары калкынын саны жана сооданын өнүгүшү боюнча алдыда турган. Анда орус, кашкар, ооган, инди товарлары сатылган. 1924-жылдан округдун, 1930-жылдан облустун борбору болгон. Азыр да экономикалык байланыштарын темир жол жана автожол тармактары аркылуу жүргүзөт. Ош шаарында көптөгөн окуу жайлары бар. Ош шаарынын 3000 жылдыгы 2000-жылы белгиленди.

*КСЭ*

**жазма даректер** – письменные источники
**соода жолу** – торговый путь

**304.** Мезгил багыныңкы сүйлөмгө көңүл бургула. Суроо берип, көчүрүп жазгыла.

1. Мен үйдөн келгенге чейин, сен күтүп тургун.
2. Ал сүйлөгөн убакта, менин жүрөгүм толкундап турду.
3. Ал жетекчилик кылгандан бери, ишибиз бир топ илгериледи.

**305.** Диалогду ролго бөлүшүп окугула.

– Өзүңүз Бишкектенби?

– Ооба. Азыр Бишкекте жашайм. Бирок туулуп-өскөн жерим – Ош.

– Ош кандай шаар?

– Ал байыркы шаар, облустун борбору.



– Ал кайда жайгашкан?

– Ал өлкөнүн түштүгүндө жайгашкан.

– Анда кандай жайлар бар?

– Шаардын ортосунда тоо бар.

– Чын элеби?

– Албетте.

– Ал бийикпи?

– Анча эмес.

– Тоо кандай аталат?

– Сулайман тоо деп.

– Эмне үчүн андай деп аталат?

– Сулайман пайгамбардын урматына. Алыстан караганда пайгамбар жаткандай көрүнөт.

– Кызык экен!

– Ош шаарын эки бөлүп дарыя агат.

– Дарыя? Тереңби?

– Жок, терең эмес, суусу шаркырап агат.

– Ал кайсы дарыя?

– Ак-Буура.

– Буурадай айбаттуубу?

– Сөзүңүздө калет жок. Биз Ак-Буура менен сыймыктанабыз.

**306.** Ырларды окуп, мазмунун түшүнгүлө. Курманжан Бишкекке кантип келди?

## КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН АРМАНЫ

Эл дегеним, элим кана күйгөнү?
Жер дегеним, жерге курган түрмөнү.
Тунук, таза кабыл алдың эле го,
Жексур ушул желмаяндай дүйнөнү.

Аппак десем, кара экенсиң жапырак,
Кайран дөөлөт кабак болуп чачылат.
Ат чабышта байге алган тулпарым
Казыгында ээсиз калды азынап.

Жашыл десем, тикен экен көктөмүм,
Өткүр мезгил ак өргөөмдү өрттөдүң.
Көкжал бөрү жеригендей карысын,
Сайсөөгүмө өттү турмуш өктөмүң.

Жетилсин деп жетеледим бөбөктү,
Тай-тайладым, тамтуң жүрүп бастың да.
Кайран датка ушул күндү көрөтпү,
Шар элең го хандык барда астында.

Кырсык басты кылым жылып келбеген,
Кыйласынан кымбат кыргыз эл деген,
Эмес белең, кутуң кетти журтум ай,
Жоокер элең жоого намыс бербеген.

*М. Абылкасымова*

## КУРМАНЖАН ДАТКА БИШКЕКТЕ



Келмек эле, Бишкекке Датка келди,
Эл сагынып, эл күткөн чакта келди.
Болочогу зор борбор шаарыбыздын
Борборуна жайгашкан бакка келди.

Ашып татаал нечен көп белди Датка,
Аңсап жүргөн шаарына келди Датка.
Турмак үчүн жакындан күндө көрүп
Күчтүү, түптүү, күрдөөлдүү элди Датка.

Көз алдында сансыз үй, дарак турат,
Кыргыз кырка тоолорун карап турат.

Элес-булас бүдөмүк тизмектешип,
Эски жылдар алыстап барат чубап.

Ал көп жылдар эл азап тарткан жылдар,
Адам каны жошулуп аккан жылдар.
Урпактары Датканын уу жутушуп,
Убайымга белчеден баткан жылдар.

Ал жылдарды алмашты душман жылдар,
Атын, ишин Датканын жуткан жылдар.
Азаттыкка кыргызым анык жетип,
Анан келди азыркы кутман жылдар.

Көз чаптырып жылдардын кербенине,
Көөнү тоюп жаңырган эл-жерине,
Эштенген кез даанышман Датка бүгүн
Эңсеп жүргөн заманы келгенине.

Жаркын нурун күн ага төгүп турат,
Жаңы жайлуу конушка көнүп турат.
Ала-Тоонун бүт баарын азат, эркин
Асыл Датка Бишкектен көрүп турат.

*С. Жусуев*

**307.** Окуп, которгула. Түшүнгөнүңөрдү кыргызча айтып бергиле.

## СЫНОВЬЯ

Две женщины брали воду из колодца (кудуктан). Подошла к ним третья (үчүнчүсү). И старенький старичок на камушек отдохнуть (эс алганы) присел (олтурду).

Вот говорит одна женщина другой (экинчисине): «Мой сыночек ловок да силён (менин балам күчтүү). Никто с ним не сладит» (тең келе албайт).

«А мой поёт (ырдайт), как соловей», – говорит другая (деди экинчиси).

А третья молчит (үчүнчүсү унчукпады). «Что же ты про своего сына не расскажешь?» – спрашивают (сурады) ее соседки (кошуналары). «Ничего (эч нерсе) в нем особенного нет», – отвечает им женщина («артыкчылыгы жок», – деп жооп берди).

Набрали (алышты) женщины полные ведра (толтура чака) и пошли. А старичок (карыя) – за ними (артынан). Вдруг

навстречу три мальчика выбегают (чуркап чыгышты). Один через голову кувыркается (оңкочук атат), колесом (тоголонот) ходит. Другой песню поет, соловьем заливается (булбулча сайрайт). А третий к матери подбежал (чуркап келди), взял (алды) у нее ведра тяжелые (оор) и понес их (көтөрүп жөнөдү).

Спрашивают женщины старичка: «Ну, что? Каковы наши сыновья?»

«А где же они? Я только одного сына вижу!» – ответил старичок.

**308.** «Мен энеме жардам берем» деген темада чакан дилбаян жазгыла.

**309.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин эки тилде тапкыла.

Чачып, чоң, бүктөлгөн, кара, ачка, тоюп, ачарчылык, өлүм, жалган, кубанычтуу.

**310.** Суроолорго кыргызча жооп берип, биринчи үч куплетин жаттап алгыла.

## ВСЕ ОТ МАТЕРИ

### Отрывок из стихотворения «Дом без матери»

Все – от матери,
Все, что в нас есть,
Что заложено в нас с колыбели:
Справедливость,
Достоинство,
Честь,
Верность долгу
И преданность цели.

И чем дольше живем, тем ясней
Сознаем мы, мужая в невзгодах,
Что нас всех сотворила природа
Плоть от плоти своих матерей.

Боль и радость познав на веку,
Мы поймем непременно однажды:
Что б там ни было в жизни,
Но каждый
Перед матерью в вечном долгу.

И вовек нам прощенья не знать,
Уваженья людского не видеть,
Коль бездушьем и черствостью мать
Хоть однажды посмеем обидеть.

Ну, а тот, кто себя лишь любя,
Мать обидою ранить посмеет,
Уподобится подлому змею,
Что безжалостно жалит себя.

Лучше б солнце не видеть ему,
Лучше б вовсе ему не родиться,
Чем над матерью в пьяном дыму
Или в злобе звериной глумиться!

Дом без матери – дом без дверей,
Дом без окон,
Без внешнего света.
Люди, внемлите слову поэта:
Берегите своих матерей!

Пусть цветущей садами земле
Дарит солнце веселые краски,
Пусть растут ваши дети в тепле
Материнской заботы и ласки!

*К. Маликов*

?

1. Какие человеческие качества поэт считает превыше всего?

2. Почему автор говорит: «...каждый перед матерью в вечном долгу»?

3. Как говорит поэт об ответственности каждого человека перед своей матерью?

4. Какие произведения других писателей о матери вы можете еще назвать?

5. Выучите наизусть первые три строфы стихотворения.

**311.** Ырды жаттап, эки тилде салыштыргыла.

## ГЕНИЙ РУССКОЙ СЛОВЕСНОСТИ

Слух обо мне пройдет по всей Руси великой,
И назовет меня всяк сущий в ней язык,
И внук славян, и финн, и ныне полудикой
Тунгус, киргизец и калмык.

*Из чернового варианта стихотворения*
*А. С. Пушкина «Памятник», 1836 г.*

## ЭСТЕЛИК

Мен өзүмө тургуздум бир эстеликти ой жеткис,
Эл каттаган байтак жолу дайым турар даңгырап,
Аны менен Александр буранасы тең келбес,
Бийик башы теңдеши жок заңгырап.

Мен бүт өлбөйм, жашайт жаным менин сырдуу лирамда,
Ал чирибейт, алда качан мурун карыйт турпагым.
Калса да эгер сыңар болуп жалгыз акын ааламда,
Жашай бермек бүгүнкүдөй арбагым.

Менин атым Россияга тарар кенен,
Бардык тилде мени сүйлөп, менин атым аташар,
Славян тукумдары жана финдер, азыр жапан
тунгус менен кыргыздар,
Кең талаада жерге сырдаш калмактар.

Көпкө мени эл унутпайт, кадыр кылып урматтап,
Анткени мен лирам менен мээр-шапкат ойготтум,
Ушул таш боор заманымда азаттыкты мен мактап,
Байкуштарга кайрыкердик козготтум.

О, Муза, сен аябаган терсаяк, корс болбогун,
Таажы тилеп, атак-даңкка кызыкпагын ээлигип.
Мактаганга кубанбагын, кордогондон коркпогун,
Наадан менен эрегишпе теригип.

*Которгон У. Абдукаимов*

**312.** Окуп, кыргыз тилинде айтып бергиле.

21 марта у кыргызстанцев светлый весенний праздник – Нооруз. Нооруз в переводе с персидского: но – новый, руз – день, т. е. день нового года. У кыргызов он иногда назывался днем весеннего равноденствия. Обряды, совершаемые предками при встрече нового года, уходят корнями еще в доисламский мир. В последний день старого и накануне встречи нового года кыргызы окуривали дымом арчи домашних животных, а также всех членов семьи.

При этом они приговаривали:

«Алас-алас, ар балээден калас» (убереги нас от всех несчастий).

Совершая этот ритуал, они надеялись, что Нооруз принесет в их дом счастье, благополучие, избавит от всех напастей,

от болезней. Все члены семьи готовили себе к празднику новую одежду, предпочитали яркие цвета: красный, белый, голубой. В новогоднюю ночь варилась каша из пшеницы, ячменя, пшена, кукурузы. Называлась она «чоң көжө».

Готовили также «сүмөлөк». Приготовленной пищей угощали соседей, при этом желали друг другу счастья, здоровья, благополучия, добропорядочности и честности.

С Нооруза кыргызы начинали новый год и ожидали всяческих удач в дальнейшей жизни.

**313.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## МЕНИН ЖАШООМ – КЛИНИКА



1959-жылы Фрунзе шаарында чоң сенсация катталды. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын биринчи президенти Иса Коноевич Ахунбаев Орто Азия жана Казакстан элдеринин тарыхында эң алгачкы болуп жүрөккө операция жасады. Анын жеңил колунан экинчи өмүр тапкан Шаршенбек аттуу жигит жылмайып көзүн ачканда, бул окуяны сак-сактап турган журналисттер өз гезиттерине «Мына ушул мүнөт, ушул көз ирмемден тартып Кыргызстандын хирургиясында мурда практика жүзүндө боло элек жаңы тилке ачылды!» – деп жазышты.

Хирург үчүн уникалдуу операцияга чейинки жол жеңил болгон жок. Кечээки кембагал малчынын уулу 1916-жылдагы азаптуу Үркүндө Кытайда бай уйгурга сатылган, китеп, калем дегенди он жети жашында гана билген. Максаттуу улан өмүр-соолук талашкан догдурлук кесипти Ташкен шаарына барып үйрөнүп, 1935-жылдан операция столун айланды. Таланттуу хирург Кудайдан бешенеге жазылган тагдырын баскыч-баскычка бөлүнгөн сыноолор менен мезгил тилкесинен өтүп тапты. Ал 50 жашында атактуу орус хирургу Александр Николаевич Бакулев башкарган Москвадагы Жүрөк-кан тамыр хирургиясы институтунун партасына өзүнөн көп кичүү хирургдардын тобу менен бирге отуруп, 51 жашында таң каларлык татаал операция жасады.

**?** 1. Ойлонгулачы, жаш курак окууга таасир этеби?
2. 50 жашта окуу үчүн эрк керекпи?

**314.** Эркин иштегиле.

«Мен – Исамын!.. Иштеген жерим да, жашаган турагым да, таалай көздөгөн өмүрүм да – клиника!» (*Иса Ахунбаев*).

Деги Иса Коноевичтин адамдык жана дабагерлик таржымалы аябагандай кызык. Чыңгыз Айтматовдун сөзү менен айтканда «улуттук маанидеги» бул зор инсандын кайталангыс феномени бир гана медицина – кесипкөйлүк ишмердик менен чектелип калбастан, ал өз чөлкөмүнө жарык-шооласын арбын тараткан Чолпон жылдыз таризде.

**315.** Текстти орусчага которгула. Кырдаалдык жагдай түзгүлө.

## АРГАСЫЗ ОПЕРАЦИЯ

Бир аздан соң кыштакка кирип барышса, чет жагында эл котолойт. Обочодо башын шылкыйтып айдоочу турат. Милициялар эч кимди жолотпой, өлчөп жүрүшөт. Авария... Костя четтеп өтмөкчү болгондо: «Токтот!» – деди доктор. Машинадан чыгып, жетип барышса, бир аял боздоп: «Жалгызымдан айрылдымбы, кудай! Жалгызды мага ыраа көрбөпсүң го, жараткан!» – деп жолдун четинде жаткан балага жулкунат. Доктор элди жарып өтүп, түз эле балага умтулду. Докторго чукулдаган милиционерге чөнтөгүнөн алып чыккан кызыл тыштуу күбөлүгүн карматты да, дароо баланын тамырын кармады. Тамыр үл-бүл... Бала кансыраган. Зор денелүү доктор асфальтка чөгөлөй калып, баланын көөдөнүнө кулагын тосту. Милиционер күбөлүктү окуй сала, жолдошуна шыбыш этти. Бир аздан соң эл ичин: «Бул Ахунбаев, Ахунбаев тура!» деген сөз аралады.

Доктор баланы этияттап кош колдоп көтөрүп: «Ооруукана кайда?» деди.

– Быякта, – эл дүргүп жарыла берип жол көрсөттү.

– Костя, машинаны тездет.

Доктор баланы алдына алып, алдыңкы орунга этият отурду. Милиционер мотоцикли менен алдыга түштү.

Доктор машинадагы баласына кайрылды: «Мээр, сенин каның туура келсе балага куябыз».

Кеч кирип, көз байланар маалда электр жарыгы өчүп калса болобу. Мээр менен жаракат алган бала операция столунда катар жатышкан. Татаал операцияга керектүү аппараттар жетишсиз. Токтоо, ыкчам кыймылдаган доктордун үнү веч-

киндүү чыкты: «Костяга айткыла, машинаны айдап, жарыгын терезеге түздөсүн».

Бөлмөгө жарык төгүлдү. Ажал менен өмүрдүн айкашы, баланын жанын талашмай. Операция аяктаганда коюу караңгылык кирип калган. Доктор врачтарга көрсөтмөлөрдү берип, сыртка чыкканда баланын ата-энеси, туугандары докторду курчап алып, ыраазычылык билдире алкап жатышты.

**316.** «Күлкү – ден соолуктун мүлкү». Текстти орус тилине которгула.

## ЖОЛ КАЙДА БАРАТ?

Эки жолдун айрылышынан Апендиге бир бейтааныш аял жолугуп:

– Бул жол кайда барат? – деп сурады.

– Мен эс тарткан бул жол ушул жерде эле жатат. Дегеле бир жакка барганын уга элекмин, – деп жооп берди Апенди.

### Тесттер

#### I

**1.** Кыргыз тилинде багыныңкы сүйлөмдүн канча түрү бар?

1. төрт
2. алты
3. тогуз
4. он бир

**2.** Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн аныкта?

*Мен машинаны кайрыганча, Адилет чуркап кетти.*

1. себеп
2. мезгил
3. шарттуу
4. орун

**3.** Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү?

*Эшик бек болгондуктан, биз кире албадык.*

1. мезгил
2. шарттуу
3. сыпат
4. себеп

**4.** Максат багыныңкы сүйлөмдү тап.

1. Ал келгенче, биз бардык ишти бүтүрүп койдук.
2. Тартип кайда болсо, жеңиш да ошол жерде.
3. Шаарга эрте жетейин деп, мен бүгүн жолго эрте чыктым.
4. Сен келбей, иш бүтпөй калды.

**5.** Шарттуу багыныңкы сүйлөмдү тап.

1. Таң атса да, чырактар өчкөн жок.
2. Ынтымак болбой, иш оңолбойт.
3. Түшүм мол болсун үчүн, семирткичтерди төктүк.
4. Автобус жүрбөй, кечигип калдык.

**6.** Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдү тап.

1. Адилет келсе, ишибиз бүтөт эле.
2. Адилет келсе дагы, ишибиз бүтпөйт эле.
3. Адилет келбей, ишибиз бүтпөйт.
4. Эл милдет артса, биз даярбыз.

**7.** Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү?

*Адам канчалык көп окуса, ал ошончолук көптү билет.*

1. шарттуу　　　3. себеп
2. мезгил　　　4. карама-каршы

**8.** Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү?

*Кош кубаныч жүрөгүн толкундаткандыктан, Айзада уктай албады.*

1. шарттуу　　　3. карама-каршы
2. мезгил　　　4. себеп

**9.** Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү?

*Эгер ал күнү Адилет келип кала турган болсо, Айзада үйдө болмок.*

1. мезгил　　　3. себеп
2. шарттуу　　　4. каршы

**10.** Көп маанилүү сөздөрдү тап.

1. терек　　　3. баш
2. жер　　　4. бүгүн

## II

**1.** Коомдук-саясий ишмер эне.

1. З. Кайназарова　　　3. Курманжан датка
2. Б. Бейшеналиева　　　4. М. Абылкасымова

**2.** Ким өмүр сакчысы болгон?

1. Т. Сыдыкбеков　　　3. И. Ахунбаев
2. Т. Садыков　　　4. А. Осмонов

3. Кыргыздын улуттук аспабы кайсы?

| | |
|---|---|
| 1. скрипка | 3. свирель |
| 2. чопо чоор | 4. баян |

4. «Ак Шумкар» орденине татыктуу болгон эл атасы.

| | |
|---|---|
| 1. К. К. Юдахин | 3. Т. Сыдыкбеков |
| 2. И. Арабаев | 4. К. Тыныстанов |

5. «Кышкы кеч» деген ырдын автору.

| | |
|---|---|
| 1. М. Ю. Лермонтов | 3. Ж. Бөкөнбаев |
| 2. А. Осмонов | 4. А. С. Пушкин |

6. Алыкул Осмонов качан туулган?

| | |
|---|---|
| 1. 1895 | 3. 1915 |
| 2. 1799 | 4. 1814 |

7. Майрам күн.

| | |
|---|---|
| 1. курман айт | 3. кыз куумай |
| 2. ала бакан | 4. эр эңиш |

8. Көктөмдөгү алгачкы гүл.

| | |
|---|---|
| 1. роза | 3. топчу гүл |
| 2. сыя гүл | 4. байчечекей |

9. Кыргыз тоосунун эң бийик жери.

| | |
|---|---|
| 1. бөксө | 3. ала |
| 2. мөңгү | 4. чоку |

10. Биздин туубуздун өңү.

| | |
|---|---|
| 1. ак | 3. кызыл |
| 2. көк | 4. сары |

## § 51. Өтүлгөндөрдү кайталоо

! **Эстегиле.**

1. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиңер?
2. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандай каражаттар аркылуу байланышат?
3. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандай болуп бөлүнөт?
4. Багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?

**317.** Ырды жаттап алгыла. Мазмунун түшүнгүлө, дагы кандай адамдарды «сокур» деп эсептейсиңер, айтып бергиле.

## СОКУР

Көрбөсө дагы көздөрү,
Көкүрөк билген заманды.
Сезсе эгер элдик абалды,
Сокур деш болбойт аларды.

Бир жүрсө дагы эл менен,
Турмушка чеңем бербеген,
Чыныгы сокур дал ошол,
Чындыкты көзү көрбөгөн.

*Р. Айталиев*

**көрбөсө дагы** – даже если не видит
**көкүрөк билген** – чувствовать сердцем
**сезсе эгер** – если почувствует
**элдик абалды** – состояние, положение народа
**чындыкты көзү көрбөгөн** – не видевший правды

**318.** Жогорку ырдын мазмунун пайдаланып, «дүлөй» деген сөздүн каймана маанисине ылайык мисалдар келтиргиле.

**319.** «Ашканада» деген диалогду окуп, андагы сөздөргө, сөз айкаштарына талдоо жүргүзгүлө. Кемтик сүйлөмдү тапкыла.

– Төртүнчү үстөлү кана?
– Тиги жагында.
– Сен аркы жагына отурасыңбы?
– Бул жагына эле отурайынчы.
– Самар, сен жогорку бурчуна жакын отургун.
– Макул.
– Кана, сен эмне тандадың?
– Окуп бүтө элекмин.
– Биринчисине эмне алабыз? Каймак кошкон борщ алсак.
– Сенчи!
– Мен тооктун сорпосун алсам дейм.
– Карачы, балык бар окшойт. Ошону албайсыңбы?
– Жок, мен бифштекс аламын.
– Ким шишкебек жейт? Бол, тез айткыла?
– Экиден алсак жетет. Артынан бир стакандан чай ичелик.

**320.** Спорт жөнүндө диалогду орус тилинде уланткыла.

**Алмаз:** Саша, сен спорттун кайсы түрүнө катышасың?
**Саша:** Мен суода сүзүүгө катышып жүрөм.
**Алмаз:** Саша, спорттун бул түрүнө көптөн бери катышасыңбы?

**Саша:** Катышканыма жарым жыл болду.

**Алмаз:** Саша, сууда сүзүү боюнча мелдеш кайда болот?

**321.** Диалогдорду ролго бөлүп окугула. Толук сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүнүн (ээ, баяндооч) астын сызгыла.

– Кайсы сабактан баштайлы, – деди Медер Сатарга.

– Географиядан же ботаникадан баштайлыбы?

– Эртең биринчи сабак кыргыз тил болот эмеспи. Ошондон баштабайлыбы?

– Эмесе эртеңки расписаниеге карап, ирети менен окуп чыгалы.

– Мейли, мага баары бир, эмнеден баштасак. Математикадан деле баштасак болот, – деди Медер күлүп.

– Сен бүгүн математикадан «беш» албадыңбы, ушул сабактан баштабайлыбы. «Темирди кызуусунда сок» деген кеп бар эмеспи.

– Кеп анда деле эмес. Кыргыз тилинен үйгө эмне тапшырма берди эле?

– Ат атоочтун жөндөлүшү.

– Кана эмесе, экөөбүз муну өз алдыбызча окуп чыгып, анан түшүнгөнүбүздү бири-бирибизге айтышалы?

Медер менен Сатар бир топ убакыттан кийин бири-бирине суроо бере башташты.

– Жактама ат атоочтун жөндөлүшүнө мисал келтирчи, – деди Медер Сатарга.

– «Кош, Кычан! Майтарылбас болот элен, эмгекке чымыр бышкан сенин денең».

– Жактама ат атооч кана бул жерде, мисалың туура болбой калды.

(Мисал келтирип, уланткыла.)

**322.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## КАДЫРЛУУ КОНОК

Колхозчулардын эң ардактуусу, эң кымбаттуу коногу Микола эле. Анын келгенине аз болсо да, өрнөктүктөр өз кишисиндей көрүшөт.

Мына эми колхозчулар Миколаны куттуктап жаткан кезде, Карабек карыя кол көтөрүп, сөз сурады:

– Микола балам,– деди Карабек,– биз сени өз балдарыбыздай көрүп калдык. Эми сен биздин колхоздо тура бер.

– Мен мында Кыргызстанга фронттош жолдошум Жапарга конокко келгенмин. Ал мени кучагын жайып жакшы тосуп алды. Балдарым мында экен.

*К. Баялинов*

**323.** Макалдарды окуп, алар кандай сүйлөмдөр экендигин ажыраткыла, өзүңөр кандай макал билесиңер, айтып бергиле.

1. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт.
2. Акыл – алтын, ой – күмүш.
3. Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен.
4. Акылдуудан коркпо, акмактан сак бол.
5. Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет.

**324.** Окуп, түшүнгөнүңөрдү кыргыз тилинде айтып бергиле.

## ГОРОД-ГЕРОЙ

Ленинград (Санкт-Петербург) – красивейший город мира. Он стоит на реке Неве.

Враги несколько раз пытались вступить в этот город, но не могли это сделать. В 1919 году на него наступали белогвардейцы. Ленинградцы отогнали их.

Немцы в 1941 году бросили на Ленинград свои лучшие силы. Они окружили его. Город подвергся обстрелу, бомбежке, разрушению. Жители пережили осаду, голод и холод, но свой город отстояли.

Ленинград заслужил звания города-героя.

**кирүүгө аракет кылып көрүштү** – пытались вступить
**куун чыгышты** – отогнали
**кыйроого дуушар болду** – подвергся разрушению
**курчоодо** – пережили осаду
**суукту, ачарчылыкты** – голод, холод

**325.** Ырды көркөм окугула да, мазмунун түшүнүп, кайсы окуя сүрөттөлгөндүгүн айтып бергиле. Автор эмне үчүн элинен кечирим сурап жатат?

## КЕЧИР, ЭЛИМ!

Кечир, элим, келген элем согушка
Сенин улуу атың менен мактанып.

Шарт үзүлүп эң акыркы дем алуу,
Ажал жетип көмүлбөдүм даңкталып.
Чаян дагы өзүн чагып өлтүрөт,
Бүркүт урат өзүн бийик аскага.
Мен да ушундай бүркүт элем, жалганбы,
Баш ийбеген, багынбаган башкага!
Кандай кылам? Пистолетим – курдашым,
Керек кезде соңку сөздөн баш тартты.
Колдоруму кишен салып душмандар,
Зордук деген, кордук деген жүктү артты.

*Муса Жалил*

! **Муса Жалил ким?**

**326.** Муундарды толуктап, сүйлөм түзгүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Күч\... | Ак ни\... | Ый\... |
| Боо\... | Эм\... | Ке\... |
| У\... | Эр\... | Таш\... |
| Сөз\... | Мээ\... | |

*Ү л г ү :*

Күчтүү.

Менин уулум эң күчтүү, ага эч ким тең келе албайт, – деди эне.

## § 52. Төл жана бөтөн сөз (Собственная и чужая речь)

**Бир нерсе жөнүндө баяндоо же кабар берүүдө өзүбүздүн сөзүбүздөн тышкары *бөтөн сөз* да колдонулат. Алар төмөндөгүдөй жолдор аркылуу берилет.**

**При высказывании какой-либо мысли может возникнуть необходимость передать не только свое собственное сообщение, но и речь, принадлежащую другому лицу.**

*Мисалы :*

Элде: «Калк айтса калп айтпайт», – деген макал бар. Элде... деген макал бар – айтуучунун сөзү – төл сөз, ал эми «Калк айтса, калп айтпайт» – башка бирөөнүн сөзү – бөтөн сөз.

*Например:*

В народе есть поговорка: «Если говорит народ, то он не соврет». В приведенном примере собственной речью является высказывание говорящего (элде... деген макал бар), а выска-

зывание («калк айтса калп айтпайт»), принадлежащее не самому говорящему, другому лицу – является чужой речью.

«Керектүү таштын оордугу жок», – дейт элдин макалында. «Нужный камень не тяжел», – говорится в народной пословице. «Керектүү таштын оордугу жок» – бөтөн сөз, «дейт элдин макалында» – төл сөз.

**327.** Берилген мисалдагы төл жана бөтөн сөздү аныктагыла, алардагы тыныш белгилерди койгула.

1. Алыкул Осмоновду окурмандар минтип аташат. Ал – Кыргыз поэзиясынын таң чолпону. 2. Карамзин Александр Сергеевич Пушкинди Бүркүт сыяктуу токтобой уч деп айткан экен. 3. Суу май бериңизчи деди Апенди сатуучуга. 4. Горький мындай деп айткан Балдар биздин болочок бактыбыз. 5. Жаман жолдош жоого алдырат жаман сөз доого калтырат деген макал бар. 6. Ф. Энгельс мындай деген Эмгек адамдын өзүн жаратты.

7. Адамды адам кылып баккан эмгек,
Алтынды сансыз кылып тапкан эмгек,
Түрлөнтүп түркүн-түркүн жердин бетин
Килемди, бачайыны жапкан эмгек –

деп бир акын айткан сымал, бардык байлыктын башаты – эмгек. 8. Касым чарчаңкы кыймыл менен нан туурап жатып Ал апа, жаңы буудайдын нанынан биринчи ооз тийгинин деди.

**328.** Көнүгүүнү окуп чыгып, төл жана бөтөн сөзгө тиешелүү тыныш белгилерин коюп чыккыла.

1. Беш кол тең эмес деген сөз айтылып калыптыр.

2. Биз койду сойгонбуз, сорпосуна тойгонбуз деген экен.

3. Азаматсың бүгүн эсеп сабагынан беш алгандан кийин калгандарынан да «беш» ал деди апасы.

4. Саша менен бирге сабак даярдайын деп келдим эле деди Алмаз.

5. Менин досум эң жакшы, менден эч нерсени аябайт деди биринчиси.

6. Менин досум үй тапшырманы аткарбай калганымда дароо көчүртөт деди экинчиси.

7. Койгулачы балдар досуңарды канчалык мактасаңар да меникине жетпейт деди үчүнчүсү.

**329.** Текстти көркөм окугула. Үзүндү кайсы автордун жомогунан? Төл жана бөтөн сөздү аныктагыла. Жомоктогу каармандардын синонимин тапкыла.

Кишиче сүйлөп жалынып,
Алтын балык кеп айтат:
«Коё бер мени, абышка,
Мен деңизге кетейин,
Кунум үчүн мен сага,
Тилегениң берейин».

Жиберип алтын балыкты,
Жумшактап ага сөз айтты:
«Алтын балык, барагой,
Берчү дүнүйөң албасмын,
Көк деңизде сайрандап,
Эркин ойноп жүрөгой».

Үйүнө ылдам чал кайтты,
Кемпирге укмуш кеп айтты:
«Бүгүн бир балык кармасам,
Жөн балыкка окшобойт,
Алтын экен карасам,
Сүйлөгөн бизче сөзү бар,
Коё бер суунга деп сурайт.
Коё бердим балыкты,
Суроого оозум барбады».

Кемпир чалды каргады:
«Алжыган акмак абышка,
Балыктан кун албапсың,
Биздики сынып калды эле,
Жок дегенде, оңбогур,
Бир тепши сурап албапсың!»

**330.** Текстти окугула, төл жана бөтөн сөздөрдү өзүнчө көчүрүп жазгыла да, схема аркылуу көрсөткүлө.

## АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫ

Апендинин колуна аялы акча жана бир кесе берип:

– Дүкөндөн суу май алып кел, – деп жумшайт. Апенди дүкөнгө келет да, сатуучуга акчасын берип:

– Суу май бериңиз, – дейт.

Сатуучу суу майды өлчөп, Апендинин кесесине куюп берет. Өлчөгөн идиштин түбүнө бир аз суу май артып калат. Анда сатуучу:

– Ай Апенди, арткан суу майды эмнеге куюп кетесиң?– дейт.

Апенди ойлоно калып:

– Бул жагында да орун бар, – деп кесени көмкөрө коёт. Кеседеги май төгүлөт. Кесенин түбүн сатуучунун алдына тосуп:

– Мына ушуга куюп бериңиз, – дейт.

Сатуучу мыйыгынан күлүп, арткан майды кесенин түбүнө куюп берет. Апенди лыпылдаган бойдон үйүнө барат. Аялы анын кесени көмкөрөсүнөн кармап алып, түбүнө бир аз суу май алып келгенин көрүп:

– Ой оңбогон Апенди, алып келгенин ушул элеби? – дейт. Анда Апенди:

– Жок, бул жагында да бар, – деп кесени ала салдырганда, бир аз суу майы да төгүлүп, же акчадан жок, же суу майдан жок, кур жалак калган экен.

**331.** Досуңарды же курбуңарды сүрөттөп бергиле. Аларды сүрөттөөдө төмөнкү сын атоочторду пайдалангыла.

о глазах:

| | | |
|---|---|---|
| жакшынакай | – | хороший, красивый |
| карагаттай | – | как смородина |
| жалтыраган | – | сверкающий |
| суук | – | холодный |
| сүйкүмдүү | – | приветливый |
| сүйкүмсүз | – | неприветливый |
| көк көз | – | голубоглазый |

о волосах:

| | | |
|---|---|---|
| кара (көмүрдөй кара) | – | черный (как уголь) |
| сары | – | русый |
| ак | – | седой |
| тармал | | кудрявый |
| кыска | | короткий |
| коюу | – | густой |
| суюк | – | редкий |
| боёлгон | | крашеный |
| узун | – | длинный |
| түз | – | прямой (непослушный) |

о бровях:

| | | |
|---|---|---|
| ичке | – | узкий |
| чийилген | – | подкрашенный |
| бириккен | – | сросшийся |

о лице:

| | | |
|---|---|---|
| чап жаак | – | узколицый |
| сүйрү | – | продолговатый |
| тегерек, тоголок | – | круглый |
| бырыш баскан | – | морщинистый |
| кара тору | – | темный |
| ак саргыл | – | светлый |

кызыл жүздүү — румяный
сепкилдүү — в веснушках
күнгө күйгөн — загорелый

**332.** Тамашаны окуп, ушул сыяктуу тамаша билсеңер айтып бергиле.

Бир күнү окумуштуу-химик жолдошуна кычкылтектин (кислород) ачылышы жөнүндө мындай деди:

– Кычкылтек XVII кылымда ачылган экен.

– Кызык, анда ага чейин жан-жаныбар эмне менен дем алышты экен, – деп таң калды жолдошу.

## § 53. Текст менен иштөө

**333.** Окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Жаттап алгыла.

### ЖЕЛСИЗ ТҮНДӨ ЖАРЫК АЙ

Желсиз түндө жарык ай,
Шооласы сууда дирилдеп.
Айылдын чети терең сай,
Ташыган дайра күрүлдөп.
Тоо жаңырып үн кошуп
Үргөн ит менен айдакка.
Келбедин дале жол тосуп,
Жолугууга оолакка.

Калың жыгач жалбырак,
Шыбырашып өз-өзү,
Көрүнбөй жердин турпагы,
Кулпунган жашыл жер жүзү.
Сөз айтылып бөгөлүп,
Түрсүлдөп кагып жүрөгү.
Турбады беле сүйүнүп,
Тамакка кирип ээги.

*Абай*

**334.** Окугула, которгула. Суроолорго жооп бергиле.

### УРУНТТУУ УЧУРЛАР

Ибрагим Кунанбай уулу 1845-жылы 10-августта туулган. Чоң энеси Зере менен апасы Улжан аны эркелетип жүрүп, Абай атыктырган.

1855-жылы «Ким экен деп келдим эле төө кууган?» деген туңгуч ырын жазган.

Ал өз айлындагы медреседе сабатын ачат. Семейдеги медреседе билим алат жана орус мектебинде бир аз окуйт.

1886-жылы Семейдин Илимий, статистикалык комитетине мүчөлүккө шайланат. 1889-жылы «Керимбайга», «Жаз» деген ырлары «Дала Валяты» гезитине жарыяланат. Пушкиндин «Евгений Онегининен» үзүндүлөрдү которот. Чыгармачылыгынын өтө мөмөлүү кезеги башталат.

1898-жылдан тартып эл башкарууга аралашат.

1905-жылы 25-ноябрда «Семипалатинский листок» гезитинде Абай жөнүндөгү азалуу кабар жарыяланат.

1909-жылы Петербургдан ырларынын алгачкы жыйнагы араб тамгасында басылат. Аны иниси Көкөтөй өз акчасына чыгарат.

**урунттуу учурлар** – важные даты

**чыгармачылыгынын жемиштүү кезеги** – плодотворный этап творчества

**эл башкарууга аралашат** – занимается управленческой деятельностью

**азалуу кабар** – весть о кончине

1. Ибрагим Кунанбай уулу качан туулган?
2. Эмне үчүн Абай аталып калган?
3. Туңгуч ырын качан жазган?
4. Ал кайдан сабатын ачат?
5. Кайсы комитетке мүчөлүккө шайланат?
6. Чыгармачылыгынын жемиштүү мезгили качан?
7. Котормочу катары кимдин чыгармаларын которгон?
8. 1905-жылы гезиттин бетине кандай кабар чыгат?
9. Алгачкы ырлар жыйнагы качан, кандай тамга менен басылган? Аны ким чыгарган?

**335.** Диалогду которуп, төл жана бөтөн сөздү аныктагыла.

Выслушав, государь-император сказал:

– Что пожаловать сей горной княжне? Может быть, пятьсот рублей?

– Деньги – не памятный подарок, – возразила императрица. К тому же княжна, хоть и старуха, все-таки женщина. Подарим ей лучше перстень.

– Перстень для них – слишком буднично. Нужен необычный дар...

Вручили «царице» императорский дар: золотые дамские часы с изображением государственного герба империи с цепочкой и брошью, украшенные бриллиантами и розами.

**336.** Төл сөзгө карата тике сөздү ойлоп таап, аларды көп чекиттин ордуна жазгыла.

1. Чоң энем мындай деди: ...
2. Хан каардanып суроо берди: ...
3. Бала кубанганынан кыйкырып жиберди: ...!

4. ... – деген макал бар.

5. ... – деп Мурат менден сурады.

6. Кыргыз элинин таланттуу жазуучусу Ч. Айтматов мындай деп жазган экен: ...

7. А. П. Чехов минтиптир: ...

**337.** Көнүгүүнү көчүрүп жазып, этиштик сөз айкаштарын аныктагыла.

Ысык-Ата курорту Ысык-Ата капчыгайында жайгашкан. Мындагы минералдуу суулардын дарылык касиети илгертен эле жергиликтүү элге белгилүү болгон. Алгачкы курулуштар 1891-жылы Орусиянын «Кызыл Крест» коому тарабынан курулган. Курортто нерв системасынын, кыймыл-таяныч органдарынын дарттарынан, бөйрөк ооруларынан жабыркагандар дарыланат.

*Үлгү:*

1. Ысык-Ата курорту Ысык-Ата капчыгайында жайгашкан.

капчыгайында жайгашуу (зат атооч+этиш)

**338.** Көнүгүүдөн зат атоочторду таап, дептериңерге жазгыла. Алар эмненин (адамдын, буюмдун ж. б.) атын билдиргенин, кайсы жакка таандык экенин айтып бергиле.

Айланайын, айланайын, кичинекей комузчум. Келчи, колунду берчи, – деп аны бооруна кысып-кысып, маңдайынан, колунан өөп жатты. Ал киши Карамолдонун өзү экен. Эртесинде эле гезитке «Кичинекей комузчу» деген бадырайган чоң тамгалар менен жазылган макала чыкты. Эне тилим – эне сүтүм, сүйгөнүм.

## § 54. Тике сөз жана кыйыр сөз (Прямая и косвенная речь)

**Бөтөн сөз сүйлөмдө эки жол менен берилет:**
**а) тике сөз түрүндө;**
**б) кыйыр сөз түрүндө.**

**Бөтөн сөз эч өзгөрүүсүз берилсе, *тике сөз* деп аталат.**

**Чужая речь в предложении передается двумя путями:**
**а) в форме прямой речи;**
**б) в форме косвенной речи.**

**Чужая речь, не подвергающаяся никакой структурной переработке, называется *прямой речью*.**

*Мисалы:*

Элде мындай сөз бар: «Жигитке жетимиш өнөр аз».

*Например:*

В народе говорят: «Джигиту и семидесяти ремесел мало».

**Бөтөн сөз өзгөрүлүп берилсе, кыйыр сөз деп аталат.**

**Чужая речь, подвергающаяся структурной переработке, называется *косвенной речью*.**

*Мисалы:*

Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кыларын айтышкан.

*Например:*

В народе говорят, что джигиту мало и семидесяти ремесел.

! Эстеп кал.

| | |
|---|---|
| төл сөз – собственная речь | бөтөн сөз – чужая речь |
| тике сөз – прямая речь | кыйыр сөз – косвенная речь |

**339.** Көнүгүүнү окуп, тике сөздү кыйыр сөзгө айландырып, дептериңерге жазып алгыла.

1. «Кана, Саша, доскага келгин», – деди мугалим.

2. «Бүгүн жакшы даярданыпсың, азыр сага чоң «4» коём», – деди мугалим.

3. Окуучу: «Агай, мага кичинекей эле «5» коюп койсоңуз», – деп жер карады.

4. «Менин уулум баарынан күчтүү», – деди биринчи эне.

5. «Менин уулум жөн эле булбулча сайрайт», – деди экинчи эне.

6. «И, атаке, биздин балдарыбыз кандай экен»,– деди энелер.

7. «Алар кайда, мен бир эле баланы көрдүм»,– деди карыя.

**340.** Окуп, түшүнгүлө. Төл жана бөтөн сөздөрдү ажыраткыла. Бөтөн сөздөрдү бөлүп көчүргүлө.

1. Гёте мындай дептир: «Байлыктан ажыроо – анча-мынча жоготуу, кайратын жоготуу – бардыгын жоготуу».

2. Атактуу Леонардо да Винчинин: «Пайдасыз жаткан темирди дат басат, акпаган сууну балыр басат, ал эми пайдаланбаган акылды маң басат», – деген акылман сөзү эл арасына кеңири маалым.

3. Элибизде: «Баатыр согушта, акыл ачуу келгенде, дос зарылдыкта сыналат», – деген нуска бар.

**341.** Интонацияны туура сактап, ролго бөлүп окугула. Төл жана бөтөн сөздүн тыныш белгилерине көңүл бургула.

– Сизге эмне болду, эжеке?–деп арабакеч бала сурап калды.

– Анчейин, иним, сен бул айылдын элин таанийсыңбы?

– Таануучу элем.

– Дүйшөн деген башта мугалим болуп жүрчү кишини билесиңби?

– Дүйшөн? Ал киши аскерге кетти жакында.

– Аялы, балдары барбы?

– Ооба. Бар. Үйү суунун тиги мандайында.

*Ч. Айтматов*

**342.** Диалогдон тике жана төл сөздү тапкыла.

– Бул эмне? – деди аңгыча кыз чыңкылдап.

– Ачкыч, – деди жигит.

– Бул папамдыкы, – деди кыз.

– Мен кирейин, – деди Зина.

*Ү л г ү :*

Бул эмне? (тике сөз) – деди аңгыча кыз чыңкылдап (төл сөз).

**343.** Жомокту ролго бөлүп окугула. Автордун, таранчынын жана мышыктын сөздөрүн дептериңерге айрым-айрым жазып алгыла.

## МЫШЫК ЭМНЕ ҮЧҮН ТОЙГОНДОН КИЙИН ЖУУНАТ?

*(Латыш жомогу)*

Күндөрдүн биринде таранчы учуп келип, дыйкандын короосуна конот да, чачылып жаткан дандарды терип жей баштайт. Дан терүүнүн кызыгына баткан таранчы айланчыктап секирип, конуп жүрө берет. Муну көрүп олтурган үй ээсинин мышыгы кичине ташка калкаланып андый баштайт. Оңтоюна келтирип, жакындап келгенде ыргып барып баса калат. Канатынан капшыра тиштеп туруп:

– Эми бир жакшылап тоё турган болдум, – дейт.

– Ой кокуй, бул эмне дегениңиз, мышык мырза! Чыны менен эле сиз мени жеп коёсузбу? – деп чырылдайт таранчы.

– Мен эмне сени көркүңө карап турмак белем? – деп мышык кырылдады да, таранчынын мойнун буроого ыңгайлады.

– Эй, мышык мырза, уялсаңызчы! Сыягы өзүңүз жуунганды унутуп баратасыз го. Үй ээси да, анын аялы да, дүй-

нөдөгү бүткүл адам аттуу эң алды менен жуунат. Андан кийин барып тамак жешет, – дейт таранчы чырылдап.

– Бул айтканыңдын жөнү бар экен го! – деп мышык жакшылап жуунуп, сүртүнүү үчүн алдыңкы бутун тумшугуна алпарды.

Ошол кезде таранчы көп ойлонуп турбай култ этип, канатын кагып, асманга учуп жөнөйт.

Мышык аябай ыза болот.

– Коё тур, балам, мындан ары алдай албассың! Мейли адамдар эмне кылса ошо кылсын. Мен өзүм мындан ары тамагымды жеп тойгон соң, андан кийин жуунам, – дейт ал.

Ошондон бери карай мышык тамак жегенден кийин жууна турган болуптур.

**344.** Юмордун мааниси эмнеде?

– Эмне алганы келдиң? – деп азык-түлүк дүкөнүнө кирген кичинекей баладан сатуучу сурап калат. Анда бала китебин карап мындай дейт:

– Эсептеңиз. Мага 15 франктык кумшекерден 10 фунт, 19 франктык кофеден 4 фунт, 75 франктык майдан 2 фунт керек.

– Эсептедим, – деп жооп берет дүкөнчү.

– Канча болду?

– Алты жүз токсон болду. Эми акчаңды төлө, балам, – дейт дүкөнчү.

– Эгерде сизге 1000 франктык акча берсем, канчасын кайтарып бересиз? – деп сурайт бала.

– 310 франк. Мен шашып жатам. Акчаңды тез төлө, – дейт дүкөнчү. Бала чыгып бара жатып мындай дейт:

– Мен буларды сатып алайын дегеним жок. Бул биздин эртеңкиге берилген тапшырма. Мен эсепке өтө начармын.

## § 55. Тике жана кыйыр сөздүн тыныш белгилери (Знаки препинания в предложениях с прямой и косвенной речью)

**1. Тике сөз автордун сөзүнөн мурда келсе, үтүр жана сызыкча (,–) коюлат да, тырмакчага алынып жазылат.**

*«Т», – ав.* «Билимден кубаттуу күч жок», – деген М. Горький.

*«Т?» – ав.* «Сабакка барбайсызбы?» – деди Асан.

*«Т!» – ав.* «Бах, кандай сонун!» – деп чоң атам кубанды.

**Прямая речь перед словами автора:**

*«П», – ав.* «Спасибо, что все это рассказали», – глухим голосом сказал Олег (*А. Фадеев*).

*«П?» – ав.* «Интересно, что будут читать мои правнуки?» – писал Л. Толстой.

*«П!» – ав.* «Ой, да тут глубоко!» – со смехом сказала она (*А. Фадеев*).

**2. Тике сөз автордун сөзүнөн кийин келсе кош чекит (:) коюлуп, баш тамга менен башталып жазылат.**

*Ав: «Т».* М. Горький мындай деген: «Жаш жазуучулар адабиятты, тарыхты жакшы билүүлөрү керек».

**Прямая речь после слов автора:**

*Ав: «П».* Тут Мишка говорит: «Не надо спорить. Сейчас я попробую» *(В. Драгунский).*

*Ав: «Т?»* Бугу эне баланы жанына чакырды: «Кимдин баласысың?»

*Ав: «Т!»* Бала маралга жалынды: «Мүйүздүү Бугу эне!»

*Ав: «П?»* Аленка говорит: «Спорим, не пойдем?»

*Ав: «П!»* Мишка кричит: «Здорово получается!»

**3. Автордун сөзү тике сөздүн ортосунда берилсе, тике сөз толугу менен («...») тырмакчага алынат да, эки жагынан тең үтүрлүү сызыкча менен ажыратылат.**

*«Т, – ав, – Т».* «Адамдын бардыгында эки түрдүү кемчилик болот, – дейт В. Белинский, – бирөө өзү менен кошо жаралса, экинчисин жугузуп алган».

*«Т? – ав, – Т!»* «Саламатсыңарбы, балдар? – деди мугалим, – Азаматсыңар!»

*«Т, – ав, – Т?»* «Кечиресиз, – деди жолоочу, – Славян мектебин кантип тапсам болот?»

**Прямая речь разрывается словами автора:**

*«П, – ав, – П?»* «Послушайте, товарищ Лопскин, – возмутился я, – вы где-нибудь учились?»

*«П, – ав, – П».* «Гуси летят, – с удовольствием говорит Ростовцев, – сейчас целый косяк видел».

*«П? – ав. – П!»* «Что вы говорите? – воскликнула Марья Гавриловна. – Как это странно!»

*«П! – ав. – П».* «Здравствуйте, товарищи! – крикнул он им. – Здорово».

**345.** Диалогду ролго бөлүп окугула. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

– Таалайлуу болгуң келбейби?
– Таалайлуу? Таалайлуу болгондо эки жандуу болобу?
– Жок.
– Анда мага таалай ушундай жазылган. Жашоонун өзү таалай.
– Кой артында жүрүп карып кеткендин эмнеси таалай?
– Бирөө эл менен кошо эмгектенет, бирөө мал багат. Экөө тең таалай.

*Н. Байтемиров*

**346.** Сүйлөмдөрдү окуп, тыныш белгилерин койгула. Которгула.

1. Бул жол кайда барат деп сурады мен эс тартка용ы бул жол ушул жерде эле жатат деди Апенди. 2. Как ты здесь спросил Орлов А. Пушкина встретясь с ним в Киеве. 3. Язык и до Киева доведет отвечал Пушкин Берегись берегись Пушкин чтобы не услали тебя за Дунай А может быть и за Прут (*П. Л. Яковлев*).

**347.** Омоним сөздөрдү которуп, мааниси боюнча сүйлөм түзүп, жазгыла.

| | |
|---|---|
| ат – ат – ат | жай – жай – жай |
| күн – күн | күл – күл |
| үй – үй | түш – түш – түш |
| бар – бар | өт – өт |
| кой – кой | тил – тил |

*Үлгү:*

(стреляй – имя – лошадь) (этиш – зат атооч – зат атооч). Кайрат коён **атып** алды. Анын **аты** – Нурмухамбет. Ал **ат** минип келди.

**348.** Ырды окуп, маанисин түшүнгүлө. Жөнөкөй жана татаал этиштерди көчүрүп жазгыла. Суроо бергиле.

## САКЧЫ

Ай жылып көктөн нур төгүп, көрк берип,
Бой керип дарак термелип,
Үн безеп сайрайт бабырган, атпай таң,
Түн ээси болгон өңдөнүп,

Автомат алып колуна, дайыма
Түн күзөп суунун боюнда.

Өлкөсүн жоокер күзөтөт, түн өтөт
Көп нерсе түшүп оюна,
Өбөктөп дарак термелет, сыр берет,
Өкүмүн чачып күн келет,
Өлкөнүн, чектин балбаны, ардагы,
Токойдо жалгыз бой керет.

*Р. Айталиев*

**сакчы** – *здесь:* пограничник
**ай жылып көктөн** – плывет по небу луна
**бой керип дарак термелет** – качаются высокие деревья
**үн безеп сайрайт** – поёт, не умолкая
**түн күзөп** – всю ночь напролет

**349.** Ырдын мазмунуна карата сүрөт тарткыла. Сүрөт боюнча жазуу жүзүндө аңгеме түзүп, тема койгула.

**350.** Макалдарды окугула да, маанисин түшүндүрүп бергиле.

Баатыр – орток, кут – жалгыз.

Баатырды жоону жеңгенден кийин макта, тамакты бойго сиңгенде макта.

Баатырдык билекте эмес, жүрөктө.

Адамды бузган, кайрымсыз кылган – бийлик менен байлык.

Сокку канчалык күчтүү болсо, душман ошончолук басынат.

Токой – тоонун көркү, эр – элдин көркү.

Тоонун түбү бек болор, баатырдын түбү эл болор.

Эл менен эрегишпе, баатыр (эр) менен жоолашпа.

Эр намысы – эл намысы.

Эрдин күчүн эл сынайт.

Эрдин күчү чептен бек.

## § 56. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү

1. Текшерүү иши (оозеки, жазуу).
2. Тест.
3. Текшерүү, көрүү, эркин, чыгармачылык диктанттарды жаздыруу.

## Текшерүү иши

### I

1. Эс алуучу жайлардын бири боюнча аңгеме түз.

2. Берилген текстти көркөм окуп, мазмунун айтып бер.

3. Тексттен этиштик сөз айкаштарын тап.

### II

1. Туулган жериң эмнеси менен барктуу жана баалуу? Аңгемелеп бер.

2. Берилген текстти көркөм оку.

3. Берилген сөздү катыштырып, тике жана кыйыр сөз түзгүлө.

### III

1. Боордош элдердин белгилүү жазуучуларынын бири жөнүндө аңгемелеп бер.

2. Жаттаган ырыңды эсиңе түшүрүп, жаз.

3. Берилген диалогдон төл жана бөтөн сөздү тап.

### IV

1. Достук жана кастык жөнүндө үчтөн кем эмес макал жазып, анын бирин чечмеле.

2. Мекен сакчысы жөнүндө ыр билесиңби? Жатка айтып бер.

3. Өзүң жараткан аңгемеден 2 сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүз.

### V

1. Кыргыз жергеси жөнүндө аңгеме жаз.

2. Берилген текстти котор (орус тилинен, кыргыз тилинен).

3. Мекенди коргоо жөнүндө бир нече макал жазып, чечмелеп бер.

## Тексттер

## МАКАЛДАР

1. Жанга күйгөн – жандай дос, жанга күйбөс – таңдай дос.

2. Дос сыртындан мактар, душман көзүңө мактар.

3. Досуңдун ашын касыңдай же.

4. Досуңа сырыңды айтпа, досуңдун досу бар.

5. Дос, доско жаныңды кош.

6. Адам жылан жазданып укташы мүмкүн, а бирок досунун арам оюн билген адам уктай албайт.

## ТАБЫШМАКТАР

1. Аалам аппак кийинет.

(к.ш)

2. Узун-узун уз келди,
Узун бойлуу кыз келди,
Жакалары жалтылдайт,
Бүткөн бою калтырайт.

(к.ш)

3. Аалам жашыл кийинет,
Элдин баары сүйүнөт.

(ж.з)

4. Коон, дарбыз желелеп,
Сары гүлдөр ачкан кез,
Сабиз, пияз баары өскөн
Кайсы убак ушул кез?

(ж.й)

5. Ыйласа жашы сел болуп акты,
Ак тонду алып, жашыл тон жапты.
Жашыл тонго көз жашы агып,
Түрдөнүп-түрдөп саймасын сайды,
Бул кандай сулуу, кана, ким тапты?

(ж.з)

6. Кар эриди, кар кетти,
Жердин бети көгөрдү,
Ким ойлоду, ким тапты?
Байчечекей төрөлдү.

(ж.з)

## КҮЛАЗЫК

Күлазык – байыркы кыргыздар жоокерчилик доорунда колдонгон азык. Сарамжалдуу бабаларыбыз алыскы казатка, же сапарга аттанганда, же ууга чыкканда берекелүү, ток тамакты дайыма жанга ала жүрүшкөн. Кыргыздар Ала-Тоо-

дон Алтайга, Саянга чейин айлап жол жүрөрдө узакка бузулбай турган, кубат кошор күлазыкты күн мурунтан камдашкан.

Кыргыздар күлазыктын ар түркүн жасалыш жолдорун билишкен. Бара турган жери ыраак болбосо, тай этин адегенде сөөгүнөн этин ажыратып алып, түнкүсүн жайып желдеткен, күндүзү алдына жалбыз төшөп, үстүнө чий жаап кургаткан. Кургаган этти жаргылчакка тартып, ага мээр чөп же талкан кошкон. Кээ бирлери кайберендин этинен майда туурап, майга кууруп, туздап, талканга аралаштырып жасашкан.

Эгерде жол ыраак болуп, сапары узакка созула турган болсо, күлазыкты көпкө чыдоочу уй этинен даярдашкан.

Илгеркилер күлазыкты жасаганда талканына бал, сары май да кошушкан.

Күлазыкты адатта баштыкка же ийленген тулуптарга салып, канжыгага байлашкан же чыгданга серүүн жерге сакташкан.

Жол жүрүп чарчаган же курсагы ачкан жоокер же жолоочу бир чымчым күлазыкты ысык сууга аралаштырып ичкенде, тоюп, суусуну канып, күч-кубат алган.

Кюльазык один из самых древнейших съестных припасов кочевников-кыргызов. В эпоху неспокойных для них времен, когда приходилось совершать военные походы, отправляться в дальный путь или на большую охоту, они всегда брали с собой питательную, сытную еду кюльазык.

Наши предки знали много способов приготовления разных съестных припасов. Одни готовили перед дальным переходом кюльазык из конины. Мясо отделяли от костей, раскладывали на ночь на листья мяты, чтобы проветрилось, а днем покрывали циновкой из чия. Так вялили мясо в течение нескольких дней. Затем высушенное мясо перемалывали на ручной мельнице – зернотерке и добавляли толокно или промолотые лекарственные травы.

Другие же мелко нарезали вяленое мясо, поджаривали, добавляли соль и потом смешивали с толокном. Для очень длительного хранения припасов еды брали говяжье мясо.

Прочая разновидность кюльазыка готовились без мясо. В толокно из прожаренных зерен пшеницы или других хлеб-

ных злаков добавляли мед и топленное масло, тщательно все перемешивая. Обычно этими припасами еды наполняли специальные мешочки из дубильной шкуры, снятой с теленка или с лапок какого-либо другого зверя. Мешочки с припасом прикрепляли к седлу. На временных стоянках эти мешочки хранили в прохладном, проветриваемом месте. Достоточно было щепоту кюльазыка растворить в кипяченой воде и выпить, чтобы утолить голод и жажду. Воинам эта пища придавала силу и бодрость.

## КУРУТ

Курут – кыргыздардын сүттөн жасалган байыркы күлазыктарына кире турган тамагы. Адегенде сүттү бышырып, жылуусунда уютку куюп, айран уютат. Айранды кездеме баштыкка куюп, бир нече күн суусун сарыктырып, сүзмө жасашат, жакшы сакталсын үчүн туздалат.

Мына ушинтип жасалган сүзмөнү кайнатып, колго тоголоктоп курут жасашат. Курут атайы середе, чийдин үстүндө же тактайга жайып кургатылат. Курут айрыкча үзүмчүлүк маалда пайдаланылат. Курутту сууга эзип, чалап кылып, сорпого ак серке жасап, көжөгө, жармага катыктап ичишет.

Курут алыс сапар жол жүргөндө тамак катары колдонулат жана чанкоону кандыруу үчүн соруп же чайнап жүрүүгө ыңгайлуу азык да болуп саналат.

Курут также относиться к древнейшим видам съестных припасов и готовиться впрок, ибо очень долго не портится.

Курут делают из айрана. Айран заквашивают так: в кипяченое и немного остуженное молоко вливается закваска, затем укутывается то наутро уже айран готов.

Затем айран вливается в мешочек из плотной ткани и подвешивают на гвоздь или специальное для этого приспособление на нескольких дней, чтобы стекала жидкость. Полученная густая кашеобразная масса называется сюзмё.

Сюзмё подсаливают по вкусу, варят и лепят из него небольшие шарики. Сушат их на плоских досках под небольшим навесом из циновки. Так получается курут.

Зимой, когда особенно ощущается нужда в молоке или айране, курут служит хорошим подспорьем. Размяв и растворив его в небольшом количестве воды, добавляют в

бульон и получают ак серке. Если растворить курут в большем количестве воды, то получается отличный тонизирующий напиток «чалап». Курут многие с удовольствием кушают, просто откусывая кусочками.

Курут очень удобное снадобье в пути и как пища, и как жаждоутоляющий напиток «чалап».

## АРКАН ТАРТМАЙ

Аркан тартмай – күч сынашуу максатында ойнолуучу жаштар оюну. Бул оюн илгертен чоң жыйындарда, аштойлордо ойнолгон. Азыр да ойнолот.

Аркан – койдун кылчык жүнүнө жылкынын жал-куйругунан, эчкинин, топоздун кылынан кошуп, үч эшим менен чыйратылып жасалган жоон жип.

(Өзүнөр улагыла).

## КАНЫКЕЙ

Кыргыз элинде байыртан бери аялзатты сыйлап-урматтап, ызаат мамиле жасап келген. Бул элдик оозеки чыгармачылыкта айкын-ачык айтылат. Аялзат жөнүндө эл арасында не бир сонун ырлар, поэмалар, дастандар, макал-ылакаптар жаралган.

Кыргыз аялзатынын асыл дүйнөсүнүн суктанарлык мээрими, сулуулугу, сын-сыпаты, асыл сапаттары жана акылмандыгы кыргыз элинин улуу эпосу «Манаста» өзгөчө сүрөттөлгөн.

Элине далай эрдигин арнаган, ак кийизге салып, хан көтөрүлгөн уулун каада-салт менен үйлөнтүп, тектүү жерден куда күтмөкчү болгон бай Жакып Самаркан, Ташкен, Бухараны кыдыра, акыры тажик журтундагы отуз шаардын ханы Атемирдин Санирабийга деген кызын жактырат.

Манас баатыр Санирабийгага үйлөнгөндөн кийин, жаңы келинге ыйгарылган кыргызча аты – Каныкей. Бул ысым «кан айымы, жубайы» деген мааниден улам келип чыкса керек.

«Манас» эпосундагы эң башкы кейипкердин бири да ушул Каныкей болуп эсептелет. Канайым бардык негизги окуяларга катышат. «Семетей» эпосунда да Каныкей – негизги каарман. Семетейдин ата ордуна атасы, насаатчысы, камкору жана карманар туусу, таянар тоосу.

Каныкей – эч жеринде кеми жок, он сегиз миң ааламга тутка болор, кыйынчылыкта майышпаган, ашкан акылман, айлакер, сулуу десе сулуу, эрлерден эч кем калбаган, жоо кийимин кийинип, жекеме-жеке сайышка түшкөн баатыр. Манас баатырдын алдында акырын сүйлөп, муңайган акыл кошчусу, атын таптаган саяпкери, ажалдан аман сактап калган сакчысы. Эрлерге күлазык, дары-дармек камдаган табышкер, баатырдын башына түшөр мүшкүлдү сезе билген көзү ачык олуязаада жан, ок өтпөгөн, найза тешпеген Аколпокту алты жылы тиккен, колунан көөрү төгүлгөн сарамжалдуу уз аял.

«Манас» эпосунда Каныкей мындайча сүрөттөлгөн эмеспи:

«Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси.
Каратору, керме каш,
Оймок ооз, бото көз,
Келишимдүү узун чач.
Кара сурдун сулуусу,
Аялзаттын нурдуусу.
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу.
Ак көрпө жайыл ургаачы,
Жүлүндөй түптүз бою бар,
Эркечтей мойну койкойгон,
Шекер сөздүү, нур көздүү,
Темиркан кызы Каныкей
Баатыр бейбак болуучу.
Барган жерге калайман
Салган бейбак болуучу».

С древних времен кыргызы с большим уважением и почтением относились к женщине. Благовоспитанность и великодушие всегда воспевались в устных народных сказаниях и эпосах. О женщине сложено много прекрасных песен и поэм, пословиц и поговорок.

Красота и обаяние, острый ум, мудрость женщины и благородные качества души, лучше всего описаны в эпосах «Манас», «Семетей» и «Сейтек». Это почтенная Каныкей – жена Манаса, загадочная Айчурек – жена Семетея, Аруукe – жена Алмамбета, Акеркеч – жена Кокчехана.

Главная героиня народного шедевра эпоса «Манас» – Каныкей, верная спутница богатыря Манаса. Ее привезли на кыргызскую землю из далекой страны. В ту пору хан Жакып, отец Манаса, решил найти сыну в жены достойную девушку из благородного рода. С этой целью он объездил много земель, посетил Самарканд, Ташкент, Бухару и только на таджикской земле ему пришлось по душе красавица Санирабийга – дочь правителя девяти городов Атемира.

Она младшая из 12 дочерей,
Всевышнего, верно, любимица.
Все прекрасно в ней: благородство души,
Томный блеск жгуче-черных очей,
Полумесяцем изогнуты брови,
Как наперсток милы ее губы,
Шея изящна, бела и тонка,
Величава осанка всегда,
Стройный стан у нее, она духом крепка,
Речь ее сладкозвучна, мудра.

После свадьбы молодую жену Манаса нарекли кыргызским именем Каныкей, что означает «нареченная хана».

Она слыла очень мудрой и смелой женщиной. Богом щедро одаренная красотой, проницательным умом, храбростью и ловкостью, она наделена и богатырскими качествами. Каныкей всегда поддерживала его советами, заботясь о нем. Имея дар провидения предстоящих событий, она оберегала Манаса от гибели. Участвовала в тренировке скакунов перед многотрудными походами и как знахарка лечила богатырей и воинов от всех недуг.

Славилась Каныкей еще и как мастерица, и непревзойденная искусница. За 6 лет она сплела из железных нитей воинские доспехи, чтобы ни один вражеский меч не смог поразить сердце ее супруга-батыра.

Мудрость и величие Каныкей было в том, что она с благовейностью и кротостью относилась к мужу, Манасу великодушному.

Сердцем предчувствуя неотвратимую беду, Каныкей до последнего момента отговоривала Манаса и его 40 витязей от Великого похода. Не сумев убедить, благословила их всех и проводила в поход:

Султан мой!
Пусть чоро твои до единого
Из похода вернутся с тобой,
Пусть небо дарует тебе
Над врагами скорейшее торжество.
Покинули вы детей,
Покинули жен своих,
Полумесяц подняв золотой.

Покончив с вражьей ордой,
Поскорее вернитесь домой.
Победный вам путь открыт,
Подарки несите домой.
«Подпирается палкой хромой»
Пословица древняя гласит.
Знаю слава вас ждет:
Что султан мой войско ведет,
Что походом султан идет.
Но не знаю я одного –
Куда, зачем, на кого...

Как и предчувствовала Каныкей, на Великом походе погибли почти все богатыри, скончался и тяжело раненый Манас. В их честь Каныкей построил гумбез Манаса.

После гибели Манаса Каныкей становится для сына Семетея наставницей, покровительницей, надеждой и символом духовного знамени.

Эпос «Манас» вошел в повседневную жизнь народа. Отныне самый красивый гумбез таласской земли стал святым местом для паломников. Со всех уголков страны приезжают люди, чтобы поклонится памяти предков и духу великодушного богатыря Манаса.

## ЦАРСКИЙ ДАР

Как-то осенью 1901 года в Царском Селе состоялась беседа. Участниками ее были сам государь Николай II, его супруга-царица и несколько важных придворных чинов.

Царю докладывали о делах в Средней Азии. Попутно была отмечена большая роль «Алайской царицы» Курманжан датки в пресечении мятежных настроений среди кочевников Алая. Вспомнили также утверждение генерал-лейтенанта Н. А. Королькова, исполнявшего дело туркменского генерал-губернатора, что во время пресловутого Андижанского восстания три года назад лишь благодаря Курманжан в Оше сохранялась спокойная обстановка и были предотвращены беспорядки в Оше и на Алае.

Выслушав, государь-император сделал глубокомысленное замечание:

– Инородческую аристократию следует поощрять. Но что пожаловать сей горной княжне? Может быть, пятьсот рублей? – Он выжидательно посмотрел на супругу.

– Деньги – не памятный подарок, – возразила императрица. – К тому же княжна, хоть и старуха, все-таки женщина. Подарим ей лучше перстень.

На том и остановились. Специальным решением от 1 декабря 1901 года Николай II пожаловал Курманжан ценный подарок.

По прошествии некоторого времени кто-то из приближенных, более знакомый с нравами Востока, подал другой совет:

– Перстень для них – слишком буднично. Нужен необычный дар. К совету прислушались. Были призваны лучшие мастера по части точной механики и ювелирного дела. В январе царский подарок со специальным фельдфебелем переслали туркестанскому генерал-губернатору, оттуда 29 января 1902 года – военному губернатору Ферганской области, а последний в сопровождении казачьей охраны направил его начальнику Ошского уезда с предписанием организовать торжественную церемонию вручения подарка Курманжан.

Ошский уездный начальник преисполнился сознанием собственной значимости. В сопровождении конной стражи он 15 февраля 1902 года отбыл в селение Мады, что в 13 верстах от города Ош. Здесь в окружении многочисленных родственников доживала свои дни 90-летняя Курманжан.

В присутствии всех должностных лиц кыргызской администрации Алая, почетных аксакалов, под восторженный гомон огромной толпы сам начальник с глубоким поклоном вручил «царице» императорский дар: золотые дамские часы с изображением государственного герба империи с цепочкой, украшенные бриллиантами и розами.

Курманжан-датка разрумянилась от волнения. Она беспрестанно вытирала руками слезящиеся глаза и чуть слышно благодарила «ак падыша» за высочайшее внимание.

*А. Газиев*

## ЫСЫК-АТА КУРОРТУ

Бул курорт Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталындагы Ысык-Ата капчыгайында деңиз деңгээлинен 1775 метр бийиктикте жайгашкан. Жергиликтүү эл аны «Арашан» деп аташат. Мындагы минералдуу суулардын дарылык касиети илгертен эле жергиликтүү элге белгилүү болгон. Суунун химиялык анализи алгачкы жолу 1880-жылы жүргүзүлгөн. Алгачкы курулуштар 1891-жылы Орусиянын «Кызыл Крест» коому тарабынан курулган. Курорт терең капчыгай ичинде жайгашкандыктан, атмосфера басымы төмөн, аба ырайында кескин өзгөрүүлөр болбойт. Курорттун табигый шарты кооз: суу жээгинде чычырканак, бөрү карагат, ит мурун ж. б. бадалдар, аска-зоокалуу тоо капталдарында суналып, шалбаасы жыш өскөн, кызыл-тазыл гүлдөрү, арча токою. Климаты – континенттик. Кышы жылуу, январдын ортосунда температурасы –6°С. Жайы салкын, июлдуку 16°С. Күзү кургакчыл, күнөстүү.

Курортто нерв системасы, кыймыл-таяныч органдары, гинекологиялык жана урологиялык оорулар менен жабыркагандар дарыланышат.

## КАЛП

Бир күнү айлыбыз ууга чыкты. Айлыбыз ууга чыккандан кийин мен да чыктым. Бир жерде калың карагай турган экен. Калың карагайды аралап бара жатсам, бир кашка чымын жаткан экен. Ушул чымындын колунда отун алуучу балтасы бар экен. Ошол жерде келберсип, эки бутун карагайга арта салып, башын бир карагайга жөлөй салып жаткан экен.

## АЛДАР МЕНЕН ШАЙТАН

Бир күнү Шайтан сурaптыр Алдардан:

– Сен эмнеден коркосуң?

– Май менен куруттан. Алар бар жерде туралбаймын.

– А сен эмнеден коркосуң? – деп сурайт Алдар Шайтандан.

– Мен бир гана оттон коркомун, – дейт ал.

Шайтан Алдарды коркутуп, өзүнөн бөлмөк болот да, май менен курутту Алдардын жанына үйүп салат. Түндүн бир тобу өткөн кезде Алдар ойгонот да, курут менен майды жеп коёт.

Анан Шайтан жаткан жерге айланта отун жыят да, от коюп жиберет. Шайтан тура калып качып жөнөйт. Ошентип Алдар Шайтанды алдап, бир тоюп алган экен.

## КАЛЫГУЛ ОЛУЯ

Калыгул Бай уулу бир эле учурда Токтогулдай ырчы, Толубайдай сынчы, Жээренче чечендей сөзмөр жана Нострадамустай олуялык касиетке ээ болгон. Ошол себептен калайык-калк «Калыгул али ымыркай кезинде Кыдыр алейкисалам өзү батасын берген экен», «Сүйлөгөндө эки ийнинде эки periштеси ойноп турчу экен» дешип, Калыгул олуяны адамдардан өзгөчөлөп, пайгамбардай бийик жана Кыдырдай ыйык тутуп келишкен.

Чынында эле ал бурганак учкан шамалды, буулугуп келген заманды күн мурунтан боолгоп айтып, ал тургай 100–150 жыл илгери эл тагдыры эмне болорун көрө билген көсөм болгон.

Анын анык далили катары кезегинде Чүйдөн кайтып бара жатып, азыркы Токмок шаары турган жерге келгенде жанындагы сапарлаштарына:

– Эл өсүп, жер толот,
Бул жер өзүнчө шаар болот.
Баш аягы ат чабым,
Өзбек, дунган отурган базар болот.
Капталдагы какыраган сайда
Элдин оозуна толгон жемиш болот.
Ар улуттан чогулган
Ынтымактуу эл болот, –

деп айланасына карап, олуялык менен айткан экен.

Калыгулдун акыл-насаат түрүндөгү санат сөздөрү элдин жүрөгүнө терең сиңип, элдик ырларга, учкул сөздөргө айланып кеткен. Айрыкча:

Жакшы чыккан азамат
Элин билет,
Окуп, карап, ойлонуп,
Илим билет.
Нечен түрлүү адамдын
Тилин билет.

Чыгып турган ал адам
Чынар болот.
Чымчык сайрап, чынарга булбул конот.
Түбү жоон тамырлуу терек болот,
Көлөкөсү көп жанга
Керек болот.
Ошол адам ойлонсон
Кимден чыгат?
Ушул турган калайык,
Элден чыгат, –

деген саптары кыргыз поэзиясынын алтын казынасына айланып калды.

Бай уулу Калыгул объединял в себе дар певца и акына как Токтогул, предсказателя как Толубай, оратора как Джээренче и провидца как Нострадамус. Вот почему в народе уже с давных пор бытует поверье, что он еще младенцем получил благословение самого пророка, а стоило ему поговорить – на его плечах тут же явились два ангела. И люди почитали Калыгула-провидца, словно пророка и мыслителя Кыдыр-аке.

Он и в самом деле предвидел перипетии истории, предсказывая события судьбы народной на полтора-две столетия вперед.

Как акын Калыгул создавал образцы произведений назидательного характера. Строки из его творений стали поистине крылатыми, широко бытуя в народе.

## БАТА БЕРҮҮ

Кыргыздар байыртадан ак батанын күчү өтө зор деп туюнушкан, анын кубаты эч нерсе менен эсептелбейт дешкен. Ошондуктан улуулардан бата албаган кыргыз баласы болбойт, ал бата, тилек менен өсүп чоңоёт. Адегенде ысым бергенде, бешикке салганда, тушоо кесилгенде, сүннөт тойдо, атка мингенде, алгач эрдик жасаганда улуулардын, көпчүлүктүн батасын алган. Байыртан берки бабаларыбыз улуулардын, акылман, каадалуу карылардын батасын алууга умтулушкан, алардын сынынан өтүп, эл ишенимин аткарууга аракеттенишкен. Бабалардын ак батасы кийинки урпактарга накыл, осуят, ант, мыйзам, чакырык сыяктуу болуп келген.

Ак бата адатта ыр же жамактаткан накыл сөз менен айтылган.

**Асан Кайгынын батасы**

Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Желең узарсын,
Жерген көбөйсүн.
Өрүшүң жайык болсун,
Өңүң кызыл болсун.
Кудайым мал берсин, баш берсин,
Узак өмүр жаш берсин.
Оомийин!

**Акын Жеңижоктун батасы**

Тогузу болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын.
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетеги болгун кыргыздын.
Учу болгун кылычтын,
Учкуну болгун жылдыздын.
Сабы болгун кылычтын,
Сазы болгун кыргыздын.
Оомийин!

- **саз** – лучший, хороший

## Тесттер

### I

1. Бөтөн сөздүн кандай түрлөрү бар?

   1. каратма сөз, сырдык сөз 3. тууранды сөз, тике се
   2. кириндн сөз, тууранды сөз 4. тике сөз, кыйыр сөз

2. Өзгөртүп берилген бөтөн сөз кандай аталат?

   1. кириндн сөз 3. каратма сөз
   2. сырдык сөз 4. кыйыр сөз

3. Эч өзгөрүүсүз берилген бөтөн сөздү кандай сөз дейбиз?

   1. сырдык сөз 3. каратма сөз
   2. тике сөз 4. кыйыр сөз

**4.** Бөтөн сөз деген эмне?

1. өз сөзүбүз
2. башка бирөөнүн сөзү
3. тырмакчага алынып жазылган сөз
4. жөнөкөй жазылган сөз

**5.** Эл макалында: «Билим алуу ийне менен кудук казганга салыштырылат» деген сүйлөмдө бөтөн сөз барбы?

1. жок
2. бар, эл макалында салыштырылат
3. бар, билим алуу ийне менен кудук казганга
4. бар, билим алуу ийне менен кудук казганга салыштырылат

**6.** Бөтөн сөз кандай жазылат?

1. дайыма (всегда) тырмакчага алынып жазылат
2. тырмакчага алынбай деле жазыла берет
3. диалог түрүндө жазылат
4. тырмакчага алынып, тырмакчага алынбай да жазылат

**7.** Бөтөн сөз кандай түрдө берилет?

1. тике сөз, төл сөз түрүндө
2. тике сөз, автордун сөзү түрүндө
3. тике сөз, кыйыр сөз түрүндө
4. кыйыр сөз түрүндө

**8.** Тике сөз деген эмне?

1. башка бирөөнүн сөзү өзгөртүлүп берилсе
2. автордун сөзү өзгөрүүсүз берилсе
3. айтуучунун сөзү эч өзгөрүүсүз берилсе
4. башка бирөөнүн сөзү эч өзгөрүүсүз берилсе

**9.** Кыйыр сөз деген эмне?

1. тике сөз өзгөрүүсүз берилсе
2. бөтөн сөз өзгөрүүсүз берилсе
3. башка бирөөнүн сөзү автор тарабынан өзгөртүлбөсө
4. төл сөз аркылуу берилсе

**10.** Орфографиялык сөздүктүн автору ким?

| | |
|---|---|
| 1. Х. Карасаев | 3. Ж. Шүкүров |
| 2. К. Юдахин | 4. Б. Орузбаева |

## II

**1.** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам качан кабыл алынган?

1. 1991-жылы 3. 1993-жылы
2. 1989-жылы 4. 1990-жылы

**2.** Улут болуунун негизги белгилеринин бири кайсы?

1. билим 3. конституция
2. тил 4. коом

**3.** Кыргыз тили теги боюнча кайсы тил тобуна кирет?

1. иран 3. казак
2. кавказ 4. түрк

**4.** Бул макалды толуктагыла:

Дос сыртындан ..., душман көзүнчө ... .

1. өзгөртөр 3. сыйлар
2. мактар 4. бышыктар

**5.** Бул макалдардын ичинен достук жөнүндөгүсү кайсы?

1. Элиң сынганы – белиң сынганы.
2. Адам эли менен, каз-өрдөк көлү менен.
3. Досуңа сырыңды айтпа, досуңдун досу бар.
4. Улууну укпаган узарбас.

**6.** Кыргыз улутунан чыккан «канике» ким?

1. Зууракан Кайназарова 3. Бүбүсара Бейшеналиева
2. Керимбүбү Шопокова 4. Курманжан датка

**7.** Казактын даңкын чыгарган жазуучу ким?

1. Ж. Садыков 3. Абай
2. Ч. Айтматов 4. Т. Сыдыкбеков

**8.** Өмүр сакчысы ким?

1. Т. Сатылганов 3. М. Адышев
2. К. Маликов 4. И. Ахунбаев

**9.** Мекен сакчысы ким?

1. жазуучу 3. чабан
2. жоокер 4. соодагер

**10.** Аюунун баласы кандай аталат?

1. чөндөлөй 3. мамалак
2. бөлтүрүк 4. бачики

# КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮК
# КЫРГЫЗСКО-РУССКИЙ СЛОВАРЬ

**адабий чыгармачылык шыгы** – литературное призвание
**адамзат коому** – человеческое общество
**ажыдаар үңкүр** – пещера дракона
**азалуу кабар** – весть о кончине
**азап тартып** – пострадав
**ай-аалам** – мир, вселенная
**ай жылып көктөн** – плывет по небу луна
**айкалыштырган** – сочетал
**айлуу түндө** – в лунной ночи
**ак алтындуу аймак** – край «белого золота»
**ак чөлмөк** – ночная (в лунные ночи) игра, состоящая в забрасывании и отыскивании мяча или палочки
**ак шейшебин жаап** – покрыв белой простыней
**алакандай** – величиной с ладонь
**алардын түсү** – их цвета
**ал ушул аралыкта (жакын эле жерде) болушу керек (ыктымал)** – она должна быть где-то недалеко
**аппак тыбыттай** – как белоснежный пух
**аргын** – аргын (название племени)
**арча бешик** – колыбель из арчи
**асманда (көктө) кенедей да булут жок** – на небе ни облачка
**асман тиреген** – до небес
**асыл тукум** – породистый
**атанын дөөлөтү** – богатство, достояние отца
**атылып кеткен** – был расстрелян
**атын чыгарган** – прославил
**ачууну эңсөөчү** – мечтал открыть
**ачуусу келип** – разозлившись
**ачуу тийүү, аябастан куйкалоо** – беспощадно палило
**ашказанды жууш керек** – нужно промыть желудок
**ашык** – свыше
**баалуу өсүмдүк** – ценное растение
**Баба дыйкан** – Баба дыйкан (покровитель плодородия)
**балдардын зарын угуп** – услышав мольбу детей
**баш багып** – заглянув
**башкарууну өз колуна алат** – управление берет в свои руки
**башынды алам** – отрублю (сниму) голову
**бейпилдик** – спокойствие
**береке** – добро, богатство
**билимин өркүндөтөт** – занимался самообразованием
**билим майрамы** – праздник знаний

**бири-бирин карады** – посмотрели друг на друга
**бири алууга шашкан** – другие спешили брать
**бири берүүгө шашса** – если одни спешили отдать
**бой керип дарак термелет** – качаются высокие деревья
**болочоктогу** – в будущем
**буралып чыга турган тепкич** – винтовая лестница
**БУУ** – ООН
**дого сымал** – как дуга (часть упряжки)
**достук мамиле** – дружеское отношение
**дүйнөлүк соода** – мировая торговля
**жазма даректер** – письменные источники
**жай мааниси** – значение случившегося
**жакпады** – не понравился
**жакырланды** – обнищал
**жалындуу ыр саптары** – душевные стихи
**жанып тура берет** – будет жить вечно
**жаркын элеси** – светлый образ
**жарык дүйнө менен коштошту** – скончался
**жарык көрдү** – увидел свет
**жарытылуу тамак ичпейт** – недостаточно питается
**желге урунуп** – простудиться
**жеп туруптур** – съедал
**жергебиздин** – нашей земли
**жер иштетүү** – обработка земли
**жетүүчү күн** – день, когда все успеваешь
**жокчулуктун кесепетинен** – из-за нужды
**жолго аттанат** – отправляется в дорогу
**жолоткон эмес** – не допускал
**журт** – народ
**жүзөгө ашырып** – претворил в жизнь
**жүктөлгөн** – навьюченный
**жүрөк оорусу** – заболевание сердца
**жыгач аякка** – в деревянную чашку
**жыгачты жонуп** – обстругивал дерево
**жылдыз сыңары** – подобно звездам
**жымжырт** – тишина
**жээнине** – племяннице
**зор мааниге ээ** – имеет огромное значение
**зор салым** – огромный вклад
**илгерилесек** – идти вперёд
**итаяк** – чашка для собак
**иш кызып** – кипела работа
**каап алгандыр** – наверное, укусила

**кагып-силкип** – бранить, ругать
**казанга отту жага берет** – *здесь:* продолжает варить
**казууда** – *здесь:* на раскопках
**кайгы-капа** – печаль
**кайнаган таш тамак болуп калган дешет** – сваренные камни из-за милосердия бога якобы стали едой «сүмөлөк»
**кайталангыс табылгасы** – неповторимое богатство
**калп** – небылица, ложь
**калыбына келтирилген** – восстановлена
**кан басымы** – кровяное давление
**канын суудай агызганга каршы** – была против кровопролития
**каршы күрөшкөн** – боролись против
**карылыгы жетти** – очень постарел
**карыш** – расстояние между средним пальцем и большим
**катары менен укалоо, ушалоо** – массажировать по очереди
**каш-кабак** – *здесь:* лоб
**кереметтүү касиети** – чудодейственное свойство
**кирүүгө аракет кылып көрүштү** – пытались вступить
**козголоң** – бунт
**козголоңчулар** – бунтовщики
**колдун кириндей жоголот** – уйдет (исчезнет)
**колунан тарттырбай** – не позволить забрать
**кол чендери** – определение длины, размеров руками
**кочуш** – 2 горсти
**көбүрөөк берилип** – с особым вдохновением
**көздөгөнү сезилет** – чувствуется наблюдательность, проницательность
**көкүрөк билген** – чувствовать сердцем
**көкүрөк күчүгү** – младший сын
**көлдүн түбү** – дно озера
**көмөктөшүү** – помогать
**көңүлдөн чыккан** – (исходящее) от души
**көрбөсө дагы** – даже если не видит
**көтөрүлүш** – восстание
**кулагың менен көзүңдүн ортосу** – расстояние от глаз до ушей
**кулак түрө калат** – прислушивается
**купуя сыр** – сокровенная тайна
**куралданган атчандар** – вооружённые всадники
**курчоодо** – в осаде
**куткаруусун өтүнөт** – просит освободить от смерти
**кутун жаратуучу** – созидатель
**кууп чыгышты** – отогнали
**күйгүзгөнүнө** – обжигали

**күч жумшап** – напряжение всех сил
**Кыдыр ата** – Кыдыр ата (покровитель успеха, удачи)
**кыдыр даарып** – сопутствуемый удачей, удачливый
**кызарып** –покраснев
**кызылды түнөтүп** – оставить пшеницу на ночь
**кыйроого дуушар болду** – подвергся разрушению
**кылым улап жашап келе жатат** – живет из века в век
**мартаба** – счастье
**мектеп-медресе салдырган** – построил школу-медресе
**менин сырдуу лирикамда** – в моей таинственной лирике
**мөөрүн басат** – ставить печать
**мукам** – мелодично
**мурас** – наследие
**нөкөрлөр** – *здесь:* джигиты
**оозмо-ооз сүйлөшүп** – лично побеседовав
**өзөндөрдүн куймалары** – приток реки
**өз жүгүн артуу** – своя позиция, ноша
**өлөр-өлгөнчө** – до конца своей жизни
**өмүр шериги** – спутник жизни
**өмүрүнүн аягына чейин** – до конца жизни
**өнүккөн** – развитый
**өнүккөн жерде** – там, где развито (что-либо)
**өркүндөтүлдү** – усовершенствовалось
**саз** – лучший, хороший
**сак кулак** – *здесь:* чуткий
**сакчы** – *здесь:* пограничник
**самайт** – мечтает
**сарамжалдуулук менен** – бережно
**сезсе эгер** – если почувствует
**сергитүүчү** – тонизирующий
**соода жолу** – торговый путь
**соода кербендери** – торговые караваны
**сөөгү** – тело, останки
**сөөм** – длина указательного пальца
**сөз зергери** – мастер (гений) слова
**Сулайман тоосунун этегине коюлган** – похоронено у подножья Сулайман горы
**суукту, ачарчылыкты** — холод, голод
**сууну мол камдашкан** – запаслись вдоволь водой
**таазим** – поклонение
**табигый байлыктар** – природные богатства
**тазартты** – освежил
**тажрыйбалуу жол көрсөткүчтөр** – опытные проводники

**тактыга отуруу** – коронование, восхождение на престол
**тамызып дары куюу керек** – нужно сделать капельницу, вливание
**тармактары** – отрасли
**тартылуу теориясы** – теория притяжения
**тартыш боло баштады** – стало не хватать
**таңдан** – удивляться, удивиться
**таңдын атканын күтүп** – дождавшись утра
**таңдын атышын** – восход солнца
**таңкы нур** – утренняя заря
**таң Чолпону** – утренняя звезда, Венера
**тектир** – равнина в горах
**терсаяк** – непутевый
**теңсиз заман** – несправедливое время
**товарларды коргоп калуу** – защитить товары
**тоо капталында** – на склоне горы
**тоо кыркаларын көздөй багыт алышты** – направились к хребтам
**торуна түштү** – попал в сеть, *здесь:* в руки
**төгөрөктүн төрт бурчунан** – со всех сторон света
**туңгуч** – первый
**түгөнбөс байлык** – нескончаемое богатство
**түн күзөп** – всю ночь напролет
**түпкүрүндөгү идеялар** – фундаментальные идеи
**түптөлүү** – основание
**тыгыз** – тесно
**уйку көрбөй** – недосыпает
**улук** – повелитель, правитель
**улут уңгусу** – корень нации
**умтулганын** – стремление
**урандылар** – развалины
**уругу** – его семена
**урунттуу учурлар** – важные даты
**ууч** – горсть
**үзүрлүү** – плодотворно
**үйүлгөн кызылды** –горка пшеницы
**үн безеп сайрайт** – поёт, не умолкая
**үнү бузулуп кетти** – *здесь:* прозвучал комуз по-другому
**үрөйдү учуруп** – очень напугав
**үрккөн эл** – бежавший народ
**философиялык тереңдик** – философская глубина
**чачылып кеткен** – разбросанный
**чексиз чыгым** – безграничный расход
**чептер** – крепости

**чечке береке!** – хорошего умолота!
**чеңгел** – горсточка
**чокуганга жем таппай** – не найдя корма
**Чолпон жылдыздай** – подобно утренней звезде, Венере
**чыгармачылыгынын жемиштүү кезеги** – плодотворный этап творчества
**чыйралтуу** – бодрить
**чындыкты көзү көрбөгөн** – не видевший правды
**чың** – крепкий (здоровье)
**шарт түзүштү** – создали условия
**шаттуу** – радостный
**шилекейдин чачырандысы** – капельки слюны
**ширелүү чөп** – сочная трава
**шыктандырат** – воодушевляет
**ыйык туткан** – свято хранили
**ымыркайдын бетин** – лицо младенца
**ырым-жырым** – ритуал
**экинчи жамбашына** – на другой бок
**эл башкарууга аралашат** – занимается управленческой деятельностью
**элдик абалды** – состояние, положение народа
**элдин каргышы** – проклятие народа
**элин эзип, мөгдүрөтүп** – *здесь:* беспощадно эксплуатировал народ
**эл куту** – счастье народа
**эне кургур** – бедная мать
**энесинин тынчын алышат** – беспокоят мать
**энчисин** – *здесь:* в наследство
**эпидемия гриппа** – сасык тумоонун эпидемиясы
**эркинин күчтүүлүгү** – сила воли
**эч жамандыкты көрбөгөн** – ничего плохого не видел
**эң эрте ойгонгон** – проявилось рано
**ээрге минүү** – сесть в седло

## МАЗМУНУ

«Манас» сабагы......................................................3
§ 1. Сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү (Классификация предложений по цели высказывания).......11
§ 2. Жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөр (Повествовательные, вопросительные, восклицательные, побудительные предложения)...........................................13
§ 3. Сөз айкашындагы жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдору (Связь слов в словосочетании и в предложении). Сүйлөмдө сөздөрдүн байланышы (Связь слов в предложении)...............................17
§ 4. Бир жана эки тутумдуу сүйлөмдөр (Односоставные и двусоставные предложения)..............22
§ 5. Көнүгүү......................................................25
§ 6. Атама сүйлөм (Назывные предложения)..............28
§ 7. Көнүгүү. Текст менен иштөө...............................33
§ 8. Жактуу сүйлөм (Личные предложения)..................35
§ 9. Жаксыз сүйлөм (Безличные предложения)...............39
§ 10. Көнүгүү......................................................42
§ 11. Толук жана кемтик сүйлөм (Полные и неполные предложения)...........................47
§ 12. Текст менен иштөө..........................................51
§ 13. Көнүгүү, машыгуу.............................................54
§ 14. Бышыктоо.......................................................57
§ 15. Кайталоо........................................................60
§ 16. Тексттер тобу...................................................67
§ 17. Өтүлгөндөрдү кайталоо.......................................71
§ 18. Татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк. Анын түзүлүшү, грамматикалык белгилери (Общие сведения о сложном предложении. Его структура, грамматические обозначения)...................................................76
§ 19. Көнүгүү.........................................................80

§20. Тең байланыштагы татаал сүйлөм
(Сложносочиненное предложение)....................................83
§21. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм....................87
§22. Көнүгүү, машыгуу................................................91
§23. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм....................94
§24. Текст менен иштөө..............................................99
§25. Текст менен иштөө..............................................104
§26. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм
(Сложноподчиненные предложения).................................109
§ 27. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түзүлүшү
(Структура сложноподчиненных предложений).......................112
§ 28. Кайталоо, бышыктоо............................................119
§ 29. Чейректик кайталоо............................................124
§ 30. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү.........................128
§ 31. Өтүлгөн материалдарды кайталоо, эске түшүрүү..................144
§ 32. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү
(Виды придаточных предложений)...................................147
§ 33. Мезгил багыныңкы сүйлөм
(Придаточные предложения времени)................................150
§ 34. Текст менен иштөө.............................................154
§ 35. Орун багыныңкы сүйлөм
(Придаточные предложения места)..................................159
§ 36. Текст менен иштөө.............................................162
§ 37. Максат багыныңкы сүйлөм
(Придаточные предложения цели)...................................165
§ 38. Текст менен иштөө.............................................169
§ 39. Бышыктоо......................................................171
§ 40. Текст менен иштөө.............................................174
§ 41. Көнүгүү.......................................................176
§ 42. Себеп багыныңкы сүйлөм
(Придаточные предложения причины)................................180
§ 43. Көнүгүү, машыгуу..............................................182
§ 44. Шарттуу багыныңкы сүйлөм
(Условные придаточные предложения)...............................185
§ 45. Текст менен иштөө.............................................188
§ 46. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм
(Противительные придаточные предложения).........................191

§ 47. Көнүгүү..............
§ 48. Кайталоо..............
§ 49. Текст менен иштөө..............
§ 50. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү..................201
§ 51. Өтүлгөндөрдү кайталоо..................215
§ 52. Төл жана бөтөн сөз (Собственная и чужая речь).........219
§ 53. Текст менен иштөө..................223
§ 54. Тике сөз жана кыйыр сөз (Прямая и косвенная речь).225
§ 55. Тике жана кыйыр сөздүн тыныш белгилери
(Знаки препинания в предложениях с прямой
и косвенной речью)..................228
§ 56. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү..................231
КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮК
КЫРГЫЗСКО-РУССКИЙ СЛОВАРЬ..................247

Учебное издание

Абылаева Нурия, Сарылбекова Зууракан

**КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК**

Учебник для 10 класса русской школы

Дополненное и переработанное третье издание

Окуу куралы

Абылаева Нурия, Сарылбекова Зууракан

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин
10-классы үчүн окуу китеби

Ондолуп, толукталып, үчүнчү басылышы

Редактору *С. Төлөгөнова*
Сүрөт редактору *Б. Бөлөкбаев*
Техн. редактору *В. Крутякова*
Корректору *Кенжеш кызы Жылдыз*
Компьютердик калыпка салган *Ж. Керимбаева*

ИБ № 5511

Басууга 25.02.12 кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы $60 \times 90^1/_{16}$. «Мектеп» ариби.
Көлөмү 16,0 физ. басма табак. Нускасы 23 000. Зак № 86.

«Инсанат» басма борбору
720001, Бишкек ш., Ж. Бөкөнбаев көчөсү, 99.

---

«Учкун» ААКда басылды
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү, 24.